В. А. СУХОМЛИНСКИЙ

# Мугалимге жүз насаат



г. Фрунзе
ФППК
1987-ого
11- март

В. А. СУХОМЛИНСКИЙ

# МУГАЛИМГЕ ЖҮЗ НАСААТ

Экинчи басылышы

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1987

74.200
С 91

Которгон *Дүйшө Айтмамбетов*

**Сухомлинский В. А.**

С 91 Мугалимге жүз насаат /Котор. Дүйшө Айтмамбетов. — 2-бас. — Ф.: Мектеп, 1987. — 256 бет.

Белгилүү советтик педагог, СССР педагогика илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү, Социалисттик Эмгектин Баатыры В. А. Сухомлинский бул эмгегинде окуу-тарбия жумуштарын уюштуруу мазмунунун, формасынын, методунун ар түрдүү маселелери боюнча, окуучулардын өздөрүн өздөрү тарбиялоо, аларда коммунисттик идеяларды калыптандыруу, граждандык милдетти тарбиялоо, социалисттик гуманизм жана башка маселелер боюнча мугалимдерге кеңеш берет.

С $\frac{4303000000-153}{М 452(17)-87}$ 135.87 ББК 74.200

© Издательство «Радяньска школа», 1979, «Сто советов учителю».

© «Мектеп» басмасы, 1983. Кыргызча которулду.

## БАШ СӨЗ ОРДУНА

Бул китептин жазылышына Павлыш орто мектебинде иштеген жылдары жаш мугалимдер менен болгон жүздөгөн жолугушуу жана маектер, алардан алган миңдеген каттар түрткү берди.

Мен ондогон кесиптеги кызматкерлерди билем, бирок мугалимчелик кыраакы, чаалыкпас, чыгармачылык ойго баш-оту менен кирген адамдар жок — мен муну бөркүмдөй көрөм. Алыскы кабарда айылындагы жаш мугалим кызды эч убакта унутпаймын. Университетти бүтөөрү менен англис тилин окутуп баштаган жылы ал көп кыйынчылыкка дуушар болду. Чыгармачылык эмгекке кадам шилтер күндү чыдамсыздана күтүп, окуучулар менен баарлашуу кубанычын самаган кызга мугалимдик ишке ынтызарлыгы жоктой, колунан келбеген нерсеге талпынгандай көрүнгөн. Бир нече катында аны беймаза кылган ынтызарлык деген эмне? Анын өзүндө бар экендигин кантип аныктоого болот? Канткенде ишиңди биротоло сүйүп кетесиң деген суроолор ачык-айкын көрүнүп турду. Менин жоопторум аны канааттандырбаптыр, ошондуктан өзүн түйшөлткөн ойлордун башын көзмө-көз сүйлөшүп чечип алуу үчүн келген экен. «Мен жүздөгөн мектептерде болом, миңдеген мугалимдер менен кездешем,— дейт жаш мугалим,— бирок балдар менен иштөөгө ынтызарлыгым барбы же жокпу, мен ушуну билгим келет». Ар бир маданияттуу, билимдүү адам чыгармачылык ышкы менен иштеген эмгек ырахатына, турмуштун маңыздуу болушуна умтулат. Жаш муундарды тарбиялоонун асыл ишинде өз жөндөмдүүлүгүн канткенде ачууга, бул эң кызыктуу, эң татаал, эң гумандуу кесиптин биринен өз ордуңду канткенде таба аласың деген суроо — терең толкундатуучу маселе, ал жүздөгөн каттарда жана аңгемелешүүлөрдө кайталанат, орто мектепти жаңы эле бүтүргөн он жети жаштагы кыз да, педагогика институтунун бүтүрүүчүсү да, ийгиликтин алгачкы кубанычын жана кемчиликтин алгачкы кермек даамын сызган педагог да ага жооп табууга аракеттенет. Мугалимге өзүмдүн практикалык жүз кеңешимди берүүнү мен мына ушу маселеден баштайм.

# I БӨЛҮМ

## 1. Мугалимдин эмгекке ынтызарлыгы деген эмне? Ал кантип калыптанат

Квалификациялуу, максаттуу, пландуу жана системалуу ар кандай эмгек сыяктуу эле, адамды тарбиялоо иши да өзгөчө бир кесип, адистик болуп саналат. Бирок ал эч бир башка иш менен салыштырылбай турган өзгөчө кесип. Ал бир катар касиети, сапаты менен айырмаланып турат.

а) Биз турмуштагы өтө татаал, баа жеткис, өтө кымбат нерсе — адам менен иш алып барабыз. Анын өмүрү, ден соолугу, акыл-эси, мүнөзү, эрки, граждандык жана интеллектуалдык турпаты, турмуштагы орду жана ролу, анын бактысы бизге, биздин иш билгилигибизге, устаттыгыбызга, чеберчилигибизге, зиректигибизге байланыштуу.

б) Педагогикалык эмгектин түпкү натыйжасын бүгүн эмес, эртең да эмес, узак убакыттан кийин көрүүгө болот. Сиздердин жасаганыңар, айтканыңар, баланы ынандыра алганыңар кээде беш, он жылдан кийин билинет.

в) Балага көп адамдар жана турмуштук көрүнүштөр таасир этет, ага энеси, атасы, мектептеги курбулары, «көчөдөгү чөйрөсү» силердин көз жаздымыңарда калган капилеттен жолугуп окуган китептери жана көргөн кинофильмдери, өспүрүмдүн жан дүйнөсүн ээлеп алган адам менен кездешүү жана башкалар таасир көрсөтөт. Балага оң жана терс таасир тийиши мүмкүн. Адамдын бүткүл өмүрүнө унутулгус так салган оор, жанды жабыркаткан абал өкүм сүргөн үй-бүлөлөр да болот. Мектептин ыйык иши, биз менен сиздердин маанилүү милдетибиз, кымбаттуу кесиптешим,— бул адам үчүн күрөшүү, терс таасирлерди жеңүү жана жакшыларын кеңири жайылтуу болуп саналат. Ал үчүн мугалимдин медери окуучунун керт башына ачык-айкын, жугумдуу да, жагымдуу да таасир этиши зарыл. «Адамдын табияты ушунчалык бай, күчтүү жана ийкемдүү болгондуктан,— деп жазган Д. И. Писарев,— ал өзүнүн тазалыгын жана сулуулугун курчап турган эң ыплас шарттарда да сактап кала алат»[1]. Эгерде баланын билгич, чебер,

акылман тарбиячысы болсо гана анын адамдык табияты толук бойдон ачылат.

г) Биздин эмгектин объектиси — калыптанып келаткан инсандын рухий турмушунун эң назик чөйрөлөрү: акыл-эси, сезими, эрки, ишеними, өзүн-өзү аңдап билүүсү болуп саналат. Ал чөйрөлөргө ошол эле акыл-эс, аң-сезим, эрк, ишеним, өзүн-өзү аңдап билүү аркылуу гана таасир этүүгө болот. Окуучунун рухий дүйнөсүнө таасир көрсөтүүчү маанилүү куралыбыз — мугалимдин сөзү, айлана-чөйрө менен искусствонун кооздугу, адамдык мамиледеги ышкы отуна ширелген сезимдер ачык-айкын көрүнүүчү жагдайларды түзүү болуп саналат.

д) Педагогдун чыгармачылыгынын маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири — бул анын эмгегинин объектиси улам өзгөрүлүп, дайыма жаңырып турган, кечээгиден бүгүн башкача бала экендигинде. Биздин эмгек — адамды калыптандыруу, ошондуктан ал бизге эч нерсеге салыштырбай турган, өзгөчө жоопкерчиликти жүктөйт.

Педагогдук эмгектин бөтөнчөлүгү мына ушундай. Ага болгон ынтаа эмнеде, ал үчүн кандай объективдүү белгилер зарыл, бул шыкты кантип сиңирип, бекемдеп өнүктүрүп жана жакшыртуубуз керек?

Адамдар менен баарлашуу ал жашоонун жыргалы, маңызы да ошондо деп билет. Ал ар кимдин айныбас рухий керектөөсү. Бирок бул керектөө ар түрдүү кырдаалга байланыштуу, бирөөлөрүндө өтө аз өнүккөн, башкаларында болсо бөлөк белгилеринен басымдуулук кылган мүнөз белгиси болуп эсептелет. «Табиятында» жалгыздыкты жакшы көргөн же чакан достору менен гана ымалалашууга умтулушкан түнт, өзү менен өзү болуп унчукпаган адамдар да бар (табияттын албетте, буга эч тиешеси жок — тарбия, айрыкча кенже курактагы тарбия чечүүчү мааниге ээ). Эгерде чоң коллектив менен баарлашууңуз сиздин башыңызды оорутуп жиберсе, эгерде бир топ жолдошторуңуз менен иштөөгө караганда өз алдыңызча же эки-үч досуңуз менен иштөө жакса, анда мугалимдик эмгекти кесип кылып тандап албаңыз.

Мугалимдик кесип — бул адам таануу илими, адамдын татаал жан дүйнөсүнө тынымсыз үңүп кирүү. Такай адамдагы жаңы нерсени ачуу, жаңы нерсеге таңдануу, адамдын калыптаныш процессин көрүп туруу,— бул эң сонун касиет, ал педагогикалык эмгекке ынтызарлыкты арттырган, азыктандырган көрөңгөнүн бири. Бул көрөңгө тестиер жана өспүрүм кезде үй-бүлөдө да, мектепте да топтолоруна мен ишенем. Ал улуулардын — баланы адамдарды сүйүү-

гө, кадырлоого тарбиялашкан атанын, эненин, мугалимдин камкордугу менен топтолот.

Сизде мугалим болууну эңсөө пайда болду деп коёлу. Өзүңүздү текшерип, сынап көрүңүз. Сиз тогузунчу же онунчу класста окуйсуз, сизди отряддын пионер вожатыйы же октябряттар тобунун тарбиячысы кылып дайындоону комсомол комитетинен сураңыз. Мына алдыңызда кырк бала отурат — адеп караганда алар сизге бири-бирине сырткы түрү боюнча да окшоштой көрүнөт, бирок үчүнчү, төртүнчү, бешинчи күндөрдө, токойго, талаага бир топ жүрүш жасагандан кийин ар бир бала кайталангыс жана өзүнчө бир дүйнө экендигине ишенесиз. Эгерде бул дүйнө сиздин алдыңызда ачылса, эгерде сиз ар бир баланын жеке өзгөчөлүгүн сезе алсаңыз, эгерде ар бир баланын кубанычы менен кайгысы сиздин жүрөгүңүздү тызылдатып, ойлонтсо, тынчсыздантса, ага кам көрсөңүз, анда мугалимдик асыл эмгекти өзүңүзгө тартынбастан кесип кылып тандап ала бериңиз, сиз андан чыгармачылык ырахат таба аласыз. Анткени биздин иштеги чыгармачылык (мен буга дагы токтолом) — бул баарыдан мурда адамды билүү, таануу, адамдын көп кырдуулугуна жана түгөнбөс сырына таңдануу болуп саналат.

Эгерде кырк бала сизге бирдей сур болуп көрүнсө, эгерде сиз алардын жүздөрүн жана аттарын кыйналып эстесеңиз, эгерде ар бир баланын көзү сизге жеке, кайталангыс нерсени билдире албаса, эгерде баланын бактын түпкүрүнөн угулган шаңкылдаган үнүнөн сиз анын ким экендигин — ким кыйкырганын жана эмне үчүн кыйкырганын бир жумадан кийин да, бир ай өткөн соң да биле албасаңыз, анда жети өлчөп бир кес дегендей, ойлоп көрүңүз да мугалим боло аласызбы, жокпу андан кийин гана чечиңиз. Анткени бардык балдарга *таптакыр бирдей колдонулуучу* бир да педагогикалык закон ченемдүүлүк, бир да чындык жок. Анткени практикалык педагогика — бул чеберчилик даражасына жеткирилген, ошону менен бирге өнөр деңгээлине көтөрүлгөн билимдер жана ыктар болуп эсептелет. Анткени адамды тарбиялоо — бул баарынан мурда анын көкүрөгүндөгүсүн билүү, анын жеке дүйнөсүн көрүү жана сезүү дегендикке жатат.

«Эгерде менин колумда бийлик болсо, мен адамды оноого болбойт деп айткандардын тилин кесип салар элем»[2], — улуу ойчул Абай Кунанбаевдин бул сөздөрү менин дилимдин тереңинен орун алды, ал сөздөр педагогикалык ынтызарлык жөнүндө ойлогонумда, жаш мугалим менен анын кубаныч жана кайгысы, ийгилиги жана кемчилиги жөнүн-

дө сүйлөшүүгө туура келген кезде менин көз алдымда дайыма алоолонгон ариптер сыңары жанып турат. Эгерде сиз өмүрүңүздү мугалимдик асыл эмгекке арнагыңыз келсе, биздин дилибизде адамга, андагы жакшы башталышка чексиз ишеним жашоого тийиш. Ал кандайдыр бир абстракттуу адамга эмес — мындайлар жаратылышта болбойт — биздин социалисттик коомдо өсүп жаткан советтик балага ишеним.

Педагогикалык ынтызарлыктын башкы негизи — бул ар бир баланы ийгиликтүү тарбиялоо мүмкүнчүлүгүнө терең ишенүү. Оңолбой турган балдар, өспүрүмдөр, уландар, кыздар бар экендигине мен ишенбеймин. Биздин алдыбызда тирүү жан турбайбы, ага дүнүйө эми гана ачылып келатат. Аны эч ким басынтып, майып кылып, кичинекей адамдагы мээримдүү, адамдык жакшы нерсени солутуп койбогондой кылып иш жүргүзүү биздин эркибизде. Ошондуктан ким-де-ким өмүрүн адамды тарбиялоого арноону чечсе, балдардын жоругуна чыдамдуу болууга тийиш. Эгерде ал жоруктарга ыклас коюп жана ой жүгүртүп көрсөк, эгерде аларды акыл-эс менен гана эмес, жүрөк менен да таанып-билсек,— алар ачууланууга, кыжырланууга, жазалоого арзыбай турган анчейин бир иш болуп чыга келет. Мени жалпы чыдамдуулукка, абстракттуу чыдамдуулукка үгүттөп, мугалимдерди «мойнунан байлагандай» чыдамдуулукка чакырып жаткандай түшүнбөгүлө. Кеп таптакыр башка жөнүндө: улуу адамдардын — эненин, атанын, мугалимдин балалык жоруктарга шыкак берген байкоос себептерди түшүнүүдөгү жана сезүүдөгү акыл-эстүү жөндөмү жөнүндө болуп жатат. Бул балалык жоруктун дал өзү экендигин түшүнүшүбүз жана сезишибиз керек. Баланы өзүбүз менен катар коюуга, чоң адамдарга коюлуучу талапты ага жүктөөгө болбойт, бирок анын балдар коллективиндеги кылык-жоругунун жана мамилесинин татаалдыгын түшүнө отуруп, өзүбүз бала менен бала болуп, баланын деңгээлине түшүп кетүүгө тийиш эмеспиз.

Эгерде ар бир балалык тентектик кыжырыңызды келтирип, жүрөгүңүздү мыжыса, эгерде сизге мына эми балдар чектен чыгып кеткендей, аларга чукулунан, кандайдыр бир «өтө шашылыш» чара колдонуу керектей болуп көрүнсө — анда сиз мугалим болгуңуз келеби-жокпу, жети өлчөп көрүңүз. Эгерде балдар менен такай кагылыша берсеңиз, анда тарбиячы болбой эле коюңуз. Сиз баарыдан мурун балдар менен иштеп жатканыңызды түшүнүп, кагылышты баса билгениңиз — бул педагогикалык ынтызарлыктан азыктанган терең тамырдан, бала такай өзгөрүлүп

туруучу жан экендигин түшүнүүдөн жана сезүүдөн өсүп чыгат.

Менимче, педагогдук ышкы ансыз жаралбай турган дагы бир белги бар. Мен бул белгини жүрөк менен акыл-эстин шайкештиги деп айтар элем. Педагог менен врачтын кесибинен башка боорукерликти ушунчалык талап кылган кесип жок чыгаар. Сиздин тарбиялануучуларыңыз кырктан да көп болушу мүмкүн. Эгерде сиз жогорку класстарда сабак берсеңиз, анда жүз, жүз элүү тарбиялануучуңуз болот. Алардын ар бирине жүрөгүңүздүн бир бөлүгүн берип, ар биринин кубанычы жана кайгысы үчүн жүрөгүңүздөн орун табууга тийишсиз. Боорукер адам жөнүндө чын ыкластан тынчсыздануу — бул педагогикалык ынтызарлыктын кан-жаны. Мугалим тоң, кайдыгер болууга тийиш эмес. Мисирейме эстүүлүк жана ашкере ийне-жибине чейин салмактоо, ар кандай эрежелерден четке чыгып кетүүдөн коркуу балдарда мугалимге карата сак, ишенбестик мамилелин пайда болушуна алып келет. Ашкере акылга сала берген мугалимди балдар сүймөк турсун, жүрөгүндөгүсүн эч убакта ага ачып бербейт.

Кайсы гана кырдаалда болбосун жүрөктүн алгачкы буйругун аткаргыла — ал ар дайым мээримдүүрөөк болот. Бирок ошол эле мугалим өзүнүн жүрөк отун эстүүлүк менен тизгиндеп, эмоциялык эргүүгө берилип кетпөөгө тийиш. Бул силердин окуучуларыңар жаңылыш, алаңгазар, бир сөз менен айтканда, туура эмес жоругуна байланыштуу чечим кабыл аларда өтө маанилүү.

Педагогдун чеберчилиги жана устаттыгы боорукерликти акылмандуулук менен айкалыштыра билүүдө көрүнөт.

Кээде чечим кабыл алууну кечеңдетип, удургуган сезимдин «басаңдашын» күтө турууБуз зарыл. Окуучу менен анын жоругу жөнүндө аңгемелешүү керек болгон сайын анын жан дүйнөсүн дүрбөткөн татаал, карама-каршы нерселер билинсе, анда мен бул аңгемелешүүнү дайыма бир нече күнгө калтырып коём. Силердин сөзүңөрдүн эмоционалдуулугу, тарбиялануучуларыңардын акыл-эсине жана жүрөгүнө кайрылууңар мындан таасирдүүрөөк болоруна мен сиздерди ишендире аламын, менин урматтуу кесиптештерим, анткени мындай учурларда сезимиңерге силердин ой жүгүртүүңөрдүн акылмандуулугу кошулуп ого бетер ажарына чыга түшөт.

Мындай учурларда силердин ой-пикириңер, силердин сөздөрүңөр тарбиялануучуларыңардын жүрөгүнүн түпкүрүнө жетет, анткени алар силердин жүрөгүңөрдүн шыбырын сезип, ага каныккан болот. Окуучу менен, өзгөчө өс-

пүрүм менен сырдашууга өзүңдү *даярдай* билүү, ар бир мугалим өзү үчүн түзүүгө тийиш болгон педагогикалык каражаттардын өнөрканасында өтө маанилүү. Бул ыкты өзүңөрдө тарбиялап, түзүп, жетилтип, жакшыртып, абдан ийкемдүү жана жеткиликтүү кылуу керек.

Бул ыкты тарбиялоо менен, баланын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, аны эмнелер кызыктырарын, дүйнөнү ал кандай кабылдарын, айланасындагы адамдар ага кандай көрүнөрү туурасында ой жүгүртүүбүз зарыл.

Кымбаттуу кесиптешим, нагыз тарбиячы болуш үчүн чыныгы боорукерликтин бул мектебинен өтүүбүз керек — узак убакыт ичинде тарбияланууучуңуз эмнеге кызыгарын, эмне жөнүндө ойлонорун, эмнеге кубанып, эмнеге тынчсызданарын *жүрөк менен аңдап билүүгө* тийишсиз. Бул биздин педагогикалык иштеги эң кылдат нерселердин бири. Эгерде сиз ага көшөрө жетсеңиз, анык устат болосуз.

## 2. Мугалимдин ден соолугу жана жан дүйнөсүнүн молдугу жөнүндө, эмгек ыракаты туурасында бир-эки ооз сөз

Педагогду пенсияга узатууга арналган бир салтанаттуу кече эсимде. Мени бул кечеге чакырган мугалим анчалык деле улгайып кетпеген, 20 жашынан иштей баштап, пенсияга кетип жаткан күнү 45ке гана толгон аял эле. Эмне үчүн Анастасия Григорьевна пенсияга кетип жатат? деп баары таңданышты. Мугалим бир күн да ашык иштегиси келбегендиги да таңгаларлык эле, анткени ал кызматта иштегенине туптуура 25 жыл толгон күнү кетти. Анастасия Григорьевна анда али жаш педагогдорго, бизге айткан коштошуу сөзүндө бардык таңгалуубузду өзү таратты. «Сүйүктүү достор,— деп айтты ал,— мектептеги иш менин сүйгөн ишим болбогондуктан кетип жатамын. Мен бул ишке канааттана албадым, анын ыракатын татпадым. Бул менин турмушумдагы балаа, бактысыздык. Ар бир күн сабактын тезирээк бүтүшүн, уу-чуудан кутулууну, тезирээк эле ээн калууну күтүүнүн күнү болду. Ден соолугу гүлдөп турган 45 жаштагы аял эмгектенүүдөн эртелеп кетип жатканы кандай деп сиздер таң калбаңыздар. Жок, менде ден соолук гүлдөп турган жери жок. Ал бузулду. Ал эмгек ыракатын сезбегенден бузулду. Жүрөгүм абдан оорулуу. Жаштар, менин силерге айтарым: өзүңөрдү текшерип көргүлө,— эгерде эмгек ыракат тартуулабаса мектептен кеткиле, турмуштагы ордуңарды аныктап, сүйгөн ишиңерди тапкыла. Ансыз эмгектенген жылдарыңар силер үчүн азап болот».

бир жарга жашынып алып, бизге угуза ау-улап жатты. Мындай алганда, бала муну кара ниет менен биздин сейилибиздин ыркын кетиргиси келип жаткандай көрүнүшү мүмкүн. Бирок мен ичимде баланын ниетин суутууга болбойт деп ойлоп койдум. Юрко — кичинекей бала, экинчи класстын окуучусу, анда ушунчалык кара ниет болушу мүмкүн эмес. Мен кыжырланбай, ачууланбай, жин келтирбей туруп, анын жоругуна карата эң кызыктуу оюн курайын деп чечтим. Балдар, кана эмесе, дым чыгарбай, Юркодон жашынып калалы. Биз аны эмес, ал бизди издейт. Аяк алдындагы чөптөр шуудурабас үчүн акырындык менен токойдогу мен билген бир үңкүргө жылып кирдик да, жашынып калдык. Балдар сыйнатын таңдана карап жатышты. Юрко бир нече жолу ау-улап кыйкырып, анан үнчукпай калды. Мына эми ал башка жерде: заргалдактын сайраганын туурап, биз мурда чогулган аянтчага жакындап келди. Мына ал дагы ау-улады эле, анын үнүнөн мен эми коркуунун жышаанасын сездим. Азыр ал аянтчага келди. Эми ау-лап кыйкырбай, чымчыктын үнүн туурабай: «Силер кайдасыңар? Үнүңөрдү чыгаргыла!» — деп бизди жанталаша чакырып жатты.

Сезимдин дүүлүгүшүн токтотууга убара болгуча, ошол дүүлүгүүнү, чымыркануунү башка нерсеге жумшагыдай, токтоткуч пружинаны бекем кармап тургудай иш тапкыла. Жагымсыз, кыжырлантуучу нерсени күлкүгө айландырсаңар, силер коллективдин ой-сезимин толук ээлеп аласыңар.

Удургуу менен кыжырданууну токтотуп, токтомо пружинаны бошоңдотуунун экинчи каражаты — бул юмор. Эгерде сиз тамашөкөй болсоңуз, анда көпкө жин келтирүүчү кыжаалат учурду чар учкандай таратып жибере аласыз. Кабагы ачык, кейибеген, асанкайгы тартпаган мугалимди балдар сүйүшөт жана кадырлашат, анткени алар тамашакөй калк болот. Алар ар бир кылык-жоруктан, ар бир турмуштук көрүнүштөн күлкүнүн жышаанын көрө билишет. Кемчилдикти кексиз шылдыңдап, жакшыны кубана коштой билүү — мыкты мугалимдин жана мыкты окуучу коллективинин маанилүү белгиси.

Мугалим тамашөкөй болбосо, ортого тоскоол туруп калат: мугалим балдарды түшүнбөйт, балдар мугалимди түшүнбөйт. Балдар сени түшүнбөй жатканына шек санасаң, кыжырың келет, ал эми бул кыжырлануу — андан мугалим көп учурда жол таап чыга албай калган абалдын өзү. Мектеп турмушун ыдыратып, окуучулар коллективин ууландырган чыр-чатактын көбү мына ушул өз ара түшүн-

бөстүктөн келип чыгарына ишенип коюңуз, кымбаттуу кесиптешим.

Педагогдун эмгегинин өзгөчөлүгү — чымырканган акыл эмгегин кезеги менен тынч, жайбаракат ишке алмашып туруу болуп эсептелет. Педагогдун жүрөгү менен нервинин чыңалышын, нервдик жана рухий күчтөрдүн коромжу болушун бир топко чейин токтотуу зарыл экендигине көп жылдык практика бекем ишендирди. Бул күчтөрдү улам толуктап туруу керек. Мындай толуктоонун милдеттүү шарты — эс алуу убактысын сарамжал пайдалануу болуп саналат. Жакшы эс алуу, өзгөчө жай жана кышындагы эс алуу нерв системасынын жөндөгүч жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт жана чыңдайт, токтоолукту, салмактуулукту, удургуган сезимди акыл-эске баш ийдирүү өнөкөтүн иштеп чыгууга кызмат кылат. Мектепте 30—40 жана андан көп жыл иштешкен тажрыйбалуу бир топ мугалим токтоолукка, өзүн-өзү кармай билүүгө жаратылышта көп болуу тарбиялагандыгын айтышат. Анткени анда кара күч ой жүгүртүү, байкоолор менен айкалышып турат.

Ошентсе да күнүмдүк иште нерв күчтөрүн сарамжал жумшай билүүбүз керек, анткени ал жүрөктүн жана көңүлдүн таза болушуна чоң өбөлгө түзөт.

### 3. Күнүмдүк иште нервди кантип жабыркатпай коюуга болот?

Биздин эмгек балдар дүйнөсүндө өтөрүн бир минута да унутууга болбойт. Ал болсо эч нерсе менен салыштырылбай турган дүйнө. Бул дүйнөнү билүүбүз керек,— бирок бул да аздык кылат. Балдар дүйнөсүнө сүңгүп кирип, алардай жашай билишибиз зарыл, керек болсо ар бир мугалимде балалык жалыны жаркырап, ал эч убакта өчпөй турушу ажеп.

Балалыктын дүйнөсү деген эмне? Мен бул жерде мугалимге айрым гана практикалык кеңештерди берем да, балалыктын бардык өзгөчөлүктөрүнө илимий-психологиялык аныктама берүү милдетин албайм. Балалык — бул баарыдан мурда курчап турган дүйнөнү эмоциялуу аңдап билүү деп айтар элем. Балалыктын дүйнөсү — бул биринчи кезекте бала айлана-чөйрөдөн көргөнүн, өз колу менен жасаганын жүрөгү менен таанып-билүүсү. Жүрөктүн жарк эткен жандуу өмүрү, сезимдер менен эмоциянын эргүүсү — биздин педагогикалык эмгектин объектиси, биз иштеше турган чөйрө катары көрүнгөн балалык мына ушулар.

Баланын жүрөгүнүн турмушу бизге саат сайын канчет

берип же алымсындырбай, кубаныч же өкүнүч, кайгы же сүйүнүч тартуулап, баш катырып же таңдантып, мээримге бөлөп же ачуулантып турат. Балдар дүйнөсүнөн келип жаткан чоң сезим толкунунда жагымдуу жана жагымсыз, кубандыруучу жана өкүндүрүүчү үн ыргактары бар. Ушул эриш-аркак үндөн жагымдуусун ажырата билүү — педагогикалык эмгектеги жан дүйнөнүн байлыгынын, кубаныч менен ийгиликтин маанилүү шарты болуп саналат. Эгерде балдар менен баарлашуу мугалимге өкүнүч, ачуулануу, кыжырлануудан башка эч нерсе алып келбесе, жагымсыз нерселер анын көңүлүнө зил болуп гана топтолуп калбастан, алар ички органдардын жумушун да бузат. Балдар дүйнөсүн анын татаал эмоциялуу шайкештиги менен көрө жана сезе албаган мугалимдерде ыйкы-тыйкылык көп байкалат, алардын өтө жагымсызы жана көп учурда коркунучтуусу нерв системасынын жабыркашы болуп эсептелет.

«Күнүнө мен үч эле сабак берем,— деп жазат Тамбов областынан Лидия Н. — Бирок үйгө аябай чарчап, алсырап келем; сабактарга даярданууга же окууга гана эмес, ойлонууга да дарманым келбейт. Бул эмнеликтен? Мектепте иштеген сааттарда катуу тартылган кылдай үзүлгөнү араң жүрөм. Балдардын тентектиги териме батырбайт. Ар бир бала мага жамандык гана кылууну ойлогондой болуп сезилет. Сабакта Федя Ваняны капталга укуганын, ал эми Ваня болсо Федяга жооп кылып аны сызгыч менен башка как эткизе чапканын көрөм... Мунун бардыгын башка мугалимдер майда нерсе деп айтышат, ал эми мен буларга камырабай карай албайм: денем дүр деп, жүрөгүм көөдөндө тыбырап, колу-бутум селее түшөт. Сабырдуу болгум келип окуучуга эскертем, бирок үнүм калтырап кетет, муну балдар байкашат да, мени шылдыңдап, жаңы бир шойкон ойлоп жатышкандай көрүнөт. Мен эмне кылышым керек?»

Бул эки анжылыктын себеби — балдардын дүйнөсүн түшүнбөгөндүк. Жалпы алганда бул дүйнө эң сонун, кымбаттуу кесиптешим, эгерде сиз аны билсеңиз, эгерде ал дүйнөдө өзүңүздү суудагы балыктай сезе алсаңыз, ал сизге терс нерселерге караганда жакшы жана жагымдуу көңүл жайын көбүрөөк тартуулайт. Мына ошондуктан балалык деп аталган музыканын жаркын, шаттуу кайрыктарын жүрөгүңүз менен уга, түшүнө, сезе билиңиз. Балалыктын музыкасын угуучу, керектөөчү гана эмес, анын жаратуучусу — композитору да болуңуз. Балалыктын музыкасында жаркын, шаңдуу кайрыктарды түзсөңүз ден соолугуңуз, рухий күчүңүз, жүрөгүңүздүн абалы ошого жараша болот. Балалыктын музыкасын жазып жаткан роялыңыз жана но-

талык дептериңиз, ыргактарды башкарып жаткан дирижёрлук таякчаңыз — бул өтө жөнөкөй, ошол эле учурда өтө татаал *оптимизм* деген нерсе. Балдардын, өспүрүмдөрдүн, уландардын жана кыздардын арасында кара ниеттер жок экендигин — эгерде мындайлар кээде болсо да миңден бири, он миң адамдан бири болорун — аларды жамандык жаратарын, ал эми жакшылык, адамкерчилик ошол эле сыйкырдуу кыл кыяк жана сыйкырдуу дирижёрлук таякча — оптимизм айыктырарын эсиңерден чыгарбагыла.

Балада педагогдон ырайымсыздыкты талап кылуучу эч нерсе жок. Эгерде баланын жан дүйнөсүндө жаман жорук пайда болсо, ал жамандык баарынан мурда жакшылык менен сүрүп чыгарылат. Бул — жамандыкка каршы турбоого үндөө эмес, тек гана балдар дүйнөсүнө акыйкат көз караш. Балдардан кашая күмөн санагандарды, талаптарды жана тыюу салууларды ыгы жок колдонгондорду жек көрөм. Муну менен шалакылыкка жана «эркин тарбияга» үндөп жатканым жок, балдарга мээрим төгүү, эркелетүү, сүйүү — бул абстракттуу мээрим, эркелетүү сүйүү эмес, ал адамга ишеним сиңген, адамкерчиликке, акыйкатка жуурулган сезимдер — бул бардык сонун нерсени адамга бекемдеп калууга, анын идеалы кылууга жөндөмдүү, кубаттуу күч. Туура тарбияланган бала ээнбаш, жатып ичер, арам тамак, абийирсиз, калпычы жана бузулган жан болуп каларына ишенбейм.

Келечекке ишеним менен кароо, адамга ишенүү — тарбиячынын жана тарбиялануучунун чыгармачылык кубатынын, нерв күчтөрүнүн, ден соолугунун түгөнбөс булагы. Жан дүйнөңөрдө адамга ишенбөөчүлүктүн, шек саноочулуктун үрөнүнүн өсүп чыгышына жол бербегиле. Адегенде адамга ишенбөө канчалык кичине болсо да, ал өсүп отуруп,— мында дененин жана жан дүйнөнүн тазалыгы жөнүндө сөз болуп жаткан соң — арты карасанатайлыктын коркунучтуу шишигине айланып кетет деп айтар элем. Карасанатайлык — жан дүйнөнүн коркунучтуу душманы, ал жүрөккө да, нервге да таасир этет. Бул душман педагогдун көзүн тунартат да, ал адамдагы жакшы нерсени көрбөй калат. Карасанатайлык — бул жазгыргыч көз айнек, ал жакшы нерсени өтө майда көрсөтүп барып, көрүнгүс кылып таштайт да, жамандыкты чоңойтуп отуруп, кейпин суук көрүнүшкө жеткирип, адамкерчиликтин назик белгилерин чүмбөттөп таштайт. Педагогдун ден соолугунун бузулушу, менин жаш досум, адамга ишенүүгө, илгери үмүткө эч бир жакындыгы жок ниеттер жана жоруктар менен карасанатайлыкты азыктандырып, анын өсүп-өнүгүп кети-

шине мүмкүнчүлүк бербеген жерден башталат. Карасанатайлык — ызырынуунун энеси, ал эми ызырынуу, көркөмдөп айтканда, жүрөктүн эң сезгич жерин дайыма сайып, жанды жабыркатуучу, нервдерди начарлатуучу учтуу шиш.

Кымындай эле табалоодон оттой качыңыз. Анын бетин ары кылсын, бирок, окуучуну жемелеп, кычыгына тийдиңиз дейли: анын күндөлүгүнө сиз тентектигин жаздыңыз да, сенин атаң менин жазуумду окуйт, анан ал сага көргүлүктүн баарын көрсөтөт деп өзүңүзчө кудуңдап койдуңуз. Баланын жылдызы өчкөн көзүнө дит бактыңыз да, бейкапар кала бердиңиз. Сиздеги чоң балээ мына ушундан башталганын, кымбаттуу досум, түшүнүп коюңуз, сиздин жүрөгүңүздүн тереңинде табалоо орун алат. Ал башталышында көңүл оорутпас, мажес жандык болуп көрүнгөнү менен, иш жүзүндө уулуу жыланга окшош. Табалоо өз кезегинде чыдамсыздыкты туудурат, табалагыч жүрөк дүлөй жана тилсиз болуп, баланын жан дүйнөсүнүн назик доошун эшитпей калат, табалагыч жүрөк адаттагы балалык тентектик жөнүндө сөз болуп жатса да, андан балээни жана жамандыкты көрүп туруп алат. Балалык шоктукка, тентектикке чыдабастык — мугалимди балдарга сүйкүмсүз, наалыма, такыба, жек көрүндү күзөтчү кылып көрсөтөт. Ошондуктан балдар майда-барат кыйкымдары үчүн анын жинине тийип, тымызын шакабага алышат. Эгерде мындай абал башталса — педагог саат сайын ачуусун тыйып отурууга туура келгени үчүн жүрөгү улам түтөй берет. Сиз мындан чоң бактысыздыктай коркуңуз, досум. Эгерде мындан кутула албасаңыз, анда сиз чыртыйма, кыжырлуу, кейикчел жан болуп каласыз, эмгек сиз үчүн азапка айланат, сизде жүз жара жана жүз кемчилик пайда болот.

Боорукерлик, мээримдүүлүк — балдар коллективинде өкүм сүргөн маанай, педагог менен балдардын өз ара мамилелеринин башкы сапаты мына ушулар болууга тийиш. Боорукердик — бул кандай сонун сөз, ошону менен бирге ал кандай терең, татаал, көп кырдуу адамдык мамиле. Эгерде ал эки тараптан тең болсо, анда адам адамга өзүнүн жан дүйнөсүн аңтарып берет.

Мугалим менен балдардын өз ара боорукердиги — бул, жүрөктөрдү байланыштырган назик жип экенин мен миң жолу айткамын, аны өлгөнгө чейин ырастай берем,— бул биздин педагогикалык ишибизде өтө маанилүү экени эсиңерде болсун — ошол жип аркылуу адам адамды сөз айттырбай эле түшүнөт, башка адамдын жан дүйнөсүнүн назик кыймылдарын сезет. Эгерде мен балдарга боорукер болсом жана аларда боорукерликти тарбияласам, алар ме-

нин жүрөгүмдү жана нервимди аяп, көңүлүм жай албай, сүйлөөгө да кыйын болуп турганда мени түшүнүшкөнүнө мектептеги көп жылдык ишим мени бекем ишендирди. Менин табым өтө начар болуп турганын байкаса, балдар акырын сүйлөшөт; чуулдашпайт, сабакта да, танапис убагында да мазамды албоого тырышышат. Жүрөктөрдү өз ара сезишүү, адамдын жан дүйнөсүндө эмне жаткандыгын окуй билүү — биздин деп соолуктун түгөнбөс булагы, кымбаттуу кесиптешим. Биз бул жерде мектеп турмушунун таптакыр өзгөчө чөйрөсүнө киребиз, бул шарт туурасында өтө эле аз айтышат, бирок ал туурасында көбүрөөк жана акылдуулук менен сүйлөшүүбүз керек. Бул жерде сөз эмоциялуу тарбиянын маанилүү жагы катары боорукердиктин маңызы жөнүндө бара жатат.

## 4. Боорукер болуңуз!

Бул кеңеш жалпы эле педагогикалык маданияттын алиппесине жана тарбия маданиятынын эмоция жагына өзгөчө тиешелүү. Боорукер болуу — бул, балага өзүңдүн уулуңа жасагандай мамиле кылуу дегенге жатат. Бала сабагы начар, артта калат; классташтары сабакты өздөштүрүп жаткандай окуу балага кыйын; бала же өспүрүм бейбаштык кылып койду — мунун баары балээ, балээ, балакет... Бул балээге сиздин уулуңуз кабылса кантер элеңиз? Мектептен чыгаруу, жүрүш-туруш баасын төмөндөтүү өңдүү чечимдерди сунуш кыла албайт элеңиз. Албетте, акылдуу ата, акылдуу эне ооба, бул жаза зарыл деп айтар эле, бирок баарыдан мурда жүрөгүңүз уулду куткарып калуунун өтө зарыл жолун — жазалоо менен бир адамды сактап кала албайсың да деген ойду астыртан айтып коймок. Жүрөгүңүз уулуңуздун жан дүйнөсүндө моралдык тазалыкты жана сулуулукту жарата турган, аны накта адам кыла турган бирдемени табууну талап кылмак. Жүрөктүн мына ушул каалоосу — боорукердик. Педагогдун боорукердиги — баарыдан мурда баланын жаман болуп калышына жол бербөөнү, аны жаңылыш кадамдардан сактап калууну билүүдөн көрүнөт. Жакшылыкты атача, энече каалоо — бул баланын жүрөгүнө жамандыкты келтирбей, жамандыктан баланын жүрөгүн калкалап калуу болуп саналат. Эгерде сиздин жүрөгүңүздө ар бир бала жөнүндө ушундай камкордук болсо, эгерде ар бир бала сиз үчүн журналдагы тизме же номер эмес, жандуу адам же инсан, кайталангыс адамдык дүйнө болуп көрүнсө, анда кокус бала кырсыкка кабылса, эмне кылуу керектигин жүрөгүңүз

Омского государственного

туюнтарына ишенип коюңуз. Бул жүрөктүн буйругу боорукерликтин иш-аракетте көрүнүшү.

Боорукер болуңуз деп айтуу жеңил. Бирок боорукерликти тарбиялаш керек. Бул жан сезими өз ара мамиледе, башкача айтканда, педагог окуучуга, окуучу педагогго жакшылык каалаганда гана тарбияланат. Бул мектеп турмушунун өтө назик гармониясы. Өз ара боорукер болуу чоң эмоциялык маданияттын чөйрөсүндө гана тарбияланылат. Дүйнөнү жүрөгү менен таанууга, бир тууган, жакын гана адам эмес, турмуш жолунда кездешкен ар бир мекендештин абалын жүрөгү менен сезүүгө балдарды үйрөтүүнү мен ар дайым эң маанилүү тарбиялык милдеттердин бири деп эсептейм. Кездешкен адамдын көңүлү чөгүп, капаланып турганын кичинекей балдардын сезе билишине үйрөтүү — бул педагогикалык эң бир кылдат билгичтиктин бири. Бул билгичтикти мугалим өзүндө кандайча тарбиялаш керектиги, балдарда эмоциялык маданиятты кандайча тарбиялоого болору жана бул маданияттуулукту өз ара боорукердиктин уюткусу кылып алууга боло турганы жөнүндө өз тажрыйбаман бөлүшкүм келет.

Жаз күнү мектептин жанындагы кызылча талаасында колхозчу аялдар иштеп жатышат. Күн сайын эртең менен кызарган күн уясынан чыгары менен аялдар биринин артынан бири талаага жөнөшөт. Менин биринчи класстагыларым да ушул убакта мектеп багына келишет. Биз күндүн чыгышын өзүбүздүн Кооз Булуңда — көк асман алдындагы жашыл класста тособуз. Бул — жүзүмдүн жыш жалбырактары куйкалаган күндүн ысыгынан бизди калкалаган чоң жашыл алачык. Колхозчу аялдар биздин жаныбыздан эки-үч метр алыстыкта өтүшөт. Биз алардын жүзүндөгү сызыктарды, көздөрүн көрөбүз, өзүбүздүн демибизди ичибизге алып тынч отурсак, алардын дем алганын да угабыз. Алар бизди көрбөйт. Аялдардын көзүн карагыла, алардын ар биринин көңүлүндө эмне бар — куунакпы же капалуубу, ушуларды сезүүгө жана түшүнүүгө үйрөнгүлө,— деп үйрөтөм балдарга. Биз күн сайын ошол эле кыздарды жана аялдарды көрөбүз. Көк көз, жоон өрүлгөн сары чачтуу, кичине эки баланын энеси болгон жаш аялдын улам бир ырды ырдап жумушка бара жаткандыгы бизге көндүм болуп калды. Ал көбүнчө дөбөчөгө токтоп, көгүлтүр асманды карайт да, торгойдун безеленген үнүн тыңшап, күлүмсүрөп коёт. «Ал турмушка кубанып жатат, демек, бактылуу»,— деп айтам мен балдарга. Адамдын бактылуу жүзүн көргөндө биз да кубанабыз. Экинчи аял бир таман жолго бурулуп, күн сайын бир нече топ талаа гүлүн үзүп алат, анын

көздөрүнөн биз кубанычтуу бир жаркын ойду окуйбуз. Эки кыз акырын шалбаада сызылып агып жаткан булакка келишет, анан күзгүгө карагансып, чачтарын оңдошот, сулуулугуна суктанышат — балдар, карагылачы, алардын көздөрүндө кубанычтуу кыял бар. А тигил кара көз аял гана талаа гүлдөрүн үзүп алып, дүмүрчөккө келип отурду да, гүлчөмбар токуп кирди, албетте, мындай гүлчөмбарды кичинекей кыздарга гана токушат; кымбаттуу балдар, анын көздөрүн карагылачы, силер андан энелик мээримди сезесиңер. Мына эми, балдар, көңүл коюп карагыла, ак чач аял келатат! Анын көздөрүн карагылачы, кандай муңдуу, кайгылуу. Анын көз карашында канчалык кайгы-муң, сарсанаа турат. Мына ал токтоду, күндү, жашыл бакка курчалган кыштакты карап үшкүрүнүп алды. Көрдүңөрбү, талааны аралаган чыйыр менен эмес, кыштактын борборуна баруучу жолдо келе жатат. Жол боюндагы гүлдөрдү үзүп алды, аларды бул жерде фашисттер менен согушта курман болгон жоокерлердин эстелигине коёт. Мүрзөгө гүлдөрдү коюп, карагылачы, ыйлап жатат.

Балдар, силердин алдыңардагы дүйнөдөгү адамзаттын оор кайгысы — эненин улуу кайгысы. Мына, ал дагы да биздин Кооз Булуңдун жанынан өтүп келе жатат — кунт коюп карагыла, анын көздөрүнө дагы бир жолу көз чаптыргыла.

Балдар демин ичине кысып отурушат. Бир дагы жалбырак, бир тал чөп да кыймылдабайт — айлананын баары тынч. Алдыбызда эненин кайгылуу көзү. Ал жоокерлердин эстелигин дагы бир кылчайып карап, оор үшкүрөт...

Эненин согушта уулу өлгөнүн балдар айттырбай эле түшүндү. Эненин чоң кайгысы: эки уулу жана күйөөсү курман болгону тууралуу балдарга айтып берем.

Андан соң адамды жүрөк менен таануунун улам жаңы сабактары биринин артынан бири өтөт. Биз талаага бет алабыз, кыштактарды туташтырган жолдордун боюнда отурабыз, ар бир убакыт сайын жаныбыздан кез-кезде адамдар өтүшөт.

Адамдын жүзүн жана көзүн көрүп, балдар анын ички дүйнөсүн билишет. Биринде — тиричиликтин кубанычы, экинчисинде — кымбат бир нерсеге толкунданган кыял, үчүнчүсүндө — жөн гана чарчагандык жана кандайдыр кайдыгерлик — жо-ок, бул адамдын да көңүлү анча жайында эмес...; төртүнчүсүндө — бушаймандык, мүмкүн бул тиричиликтин майда-барат убарачылыгы чыгар, а балким, чоң бир нерсеге тынчсызданып жаткандыр. Ал эми мына бул чоң атада кантсе да бир кайгы бар. Балдар этиеттик

менен сактана караштты. Адамдын көзүндөгү мындай кайгыны мындан мурда эч убакта көрүшкөн эмес. «Ал жапа чегип турат... Анда абдан чоң кайгы бар... Ага жардам керек болуп жүрбөсүн сураш керек...» — дешет балдар.

Алар абышкага келишти да: «Сизге кандай жардам берели?» — деп сурашты. Чоң ата менин кичинекей Зинамдын ак чачын колу менен мээримдүү сылап, оор үшкүрүп, мындай дейт: «Мага эч нерсе менен жардам бере албайсыңар, кымбаттуу балдарым... менин аялым ооруканада азыр эле каза болду... машина издеп бара жатам... Кырк жети жылы бирге жашадык... Эч нерсе менен жардам бере албайсыңар. Ошентсе да мен жеңилдей түштүм, силер жакшы адам экенсиңер...»

Эмоциянын маданияты ушундайча тарбияланат. Ал педагогдон адептүү мамилени, көңүл бурууну, ойлонуп иш кылууну, ар бир баланын ички дүйнөсүн терең билүүнү талап кылган өтө кылдат, узакка созулуучу процесс.

Жүрөгү менен башка адамды сезе билген бала боорукер болот. Ошондой эле мугалимдин боорукердигин баланын туюшу да өтө маанилүү: аны ал сезет, жакшылыгына жакшылык менен жооп кайтарат, тарбия ишиндеги бул кырдаалдын маанилүүлүгү баа жеткис. Баланын жан дүйнөсү эркелетүү менен, жүрөк мээрими менен тарбиялоого даярдалышы керек. «Эмне кылам? Бала жакшы айтканды түшүнбөйт... Мен аны мындай да, тигиндей эркелетем, а тиги таш боор, боор оорусаң боорго тебет»,— деп ыйлактаган мугалимдерди балким уккандырсыз (а мүмкүн андайды сиз да айткандырсыз). Тилекке каршы, мындайлар бар, бул текеберчиликтин эмоциясынын тарбияланбаганы — ымыркай кезинен адамды жүрөгү менен аңдай билүүнү үйрөнбөй калгандыгында.

Эгер сиз тарбиялануучуңузду адамды жүрөгү менен сезүүгө үйрөтсөңүз, сиздин боорукерлигиңиз ажайып нерсени жаратууга жөндөмдүү болот. Мугалимдин боорукердиги эмнеге багытталууга тийиш? Баарынан мурда баланын акыл эмгегине. Акыл эмгегине жакшылык каалоо — демек, бул баланын бардык күчтүү жана начар жактарын түшүнүү, анын зиректигин сезүү дегендикке жатат. Тарбиялоонун кубаттуу каражаты катары сиздин боорукерлигиңиз тарбиялануучуңуз жакшы болгусу келгенге чейин, андагы өз беделинин баарын сезип, дайыма өсүп турганга чейин таасир көрсөтө алат. Педагогикалык иште кубулуштар менен фактылардын ортосунда эң тыкыс байланыштар жашаарын көргөнбүз: баланын сабакка жетишүүсү анын дараметин чагылдырат; баланын дарамети рухий турмушу-

нун молдугуна жана педагогдун ден соолугуна таасир этет. Эгерде окуучу жакшы болууга умтулса, билимди көп алууну кааласа — бул сиздин эмгек ыракатыңыздын жарымы.

Баланын өз беделин сезиш анын окуудагы жетишкендиктерине, ал эми окуудагы жетишкендиктери — педагогдун жакшы тилегине, албетте, анан педагогдун боорукердигин кабыл алууга баланын жан дүйнөсү канчалык даярдалгандыгына байланыштуу. Баланын окуудагы ийгилиги, өзүнүн беделин сезе билиши — бул сиздин чыгармачылык эмгектин оту, урматтуу кесиптешим. Бул от күйүп турган кезде сиз өзүңүздүн рухий турмушуңуздун молдугун, чыгармачылык ыракатты сезе аласыз.

Бирок да, баланын окуусунда дайыма ийгилик болушуна кантип жетишүүгө болот деген суроо кайрадан туулат. Өз беделин сезүүнү анда кантип тарбиялаш керек? Жакшы болууну каалоонун бул рухий зор кубатына аны кантип шыктандырууга болот? Кыскача сөздөр менен билдирүүгө боло турган төмөнкү кеңешке өтөмүн:

### 5. Абстракттуу окуучу жок жана ал болбой турганы эсиңиздерде болсун

Эмне үчүн I класста эле сабакка жетишпегендер, артта калуучулар көбүрөөк пайда болот, ал эми II жана III класстарда кээде түңүлткөн окуучуларды кездештирүүгө болот да, аларга мугалим эмне үчүн кол шилтеп коёт? Анткени мектептик турмуштагы маанилүү нерседе акыл эмгегинде балдарга жекече мамиле кылуу жок.

Жаңы гана окуучу болушкан бардык жети жашар балдарды бир түрдүү эле кол эмгегин жасоого, суу алып келүүгө мажбурлаган учурду элестетип көрөлү. Бири беш чака суу алып келип эле эси ооп калды, ал эми экинчиси жыйырманы алып келе алат. Алсыз баланы жыйырма чака алып келүүгө мажбурлап көрүңүз — бул анын күчүн мертинтет, ал эртеси эч нерсе кыла албайт, ал түгүл ооруканага жатып калышы ыктымал. Мына ошондой эле, акыл эмгеги үчүн зарыл болуучу балалык күчтөр да бирдей эмес. Бири тез кабыл алат, ой жүгүртөт, эсине түшүрөт, эсинде көпкө жана бекем сактайт; экинчисинде болсо акыл эмгеги такыр башкача өтөт: материал эң жай кабыл алынат, билимди эсинде көпкө жана бекем сактай албайт. А бирок кийин кээде дал мына ушул окуучу адегенде жакшы окуган окуучуга караганда окууда, интеллектуалдык өсүүдө көбүрөөк ийгиликтерге жетишкен учурлар да болот. Окуу

менен тарбиянын бардык закон ченемдүүлүктөрүн жөнү жок тaңуулай бере турган абстракттуу окуучу жок. Бардык окуучуларга *окууда ийгиликтерге* бирдей жеткирүүчү өбөлгө болбойт. *Окуудагы ийгилик* деген түшүнүктүн өзү өзүнчө бир салыштырмалуу нерсе: биринде ийгиликтеринин көрсөткүчү «беш», экинчисинде «үч» деген баа да чоң ийгилик болуп эсептелет. Дал ушул кезде ар бир окуучу эмнеге жөндөмдүү, анын акыл жөндөмүн мындан ары кантип өнүктүрүү керек экендигин туура аныктай билүү — бул педагогдук акылмандыктын өтө маанилүү өбөлгөсү.

Ар бир окуучунун татыктуулугунун сакталышы жана тарбияланышы — анын окуудагы жеке ийгиликтерин мугалимдин кандайча карагандыгына байланыштуу. Баладан колунан келбегенди талап кылуу жарабайт. Ар кандай предмет боюнча ар кандай программа — бул билимдердин мерчемдүү деңгээли, чөйрөсү, бирок ал жандуу бала эмес. Билимдердин бул деңгээлине, бул чөйрөсүнө ар түрдүү балдар ар башкача келишет. Балдардын бири биринчи класста эле маселени өз бетинче окуп чыгара алат; башкасы болсо аны окуунун экинчи жылынын аягында, ал түгүл үчүнчү жылында араң аткарышат. Кандай жол менен, кандай кечеңдөөлөр жана кыйынчылыктар менен бала программада каралган деңгээлге жете аларын, ар бир окуучунун акыл эмгегинде программаны канткенде ишке ачыкайкын ашыра аларын аныктай билишибиз керек.

Окутуунун жана тарбиялоонун чеберчилиги менен устаттыгы — ар бир баланын күчүн жана мүмкүнчүлүгүн ачып, ага акыл эмгегиндеги ийгиликтин ыракатын таттырууда турат. Демек, бул — окууда ар бир окуучуга жекече кароо — аны акыл эмгегинин мазмунунда да (тапшырмалардын мүнөзүнө да), убактыны пайдаланууда да колдонуу керек. Тажрыйбалуу педагог бир окуучуга сабакта эки, үч ал түгүл төрт маселе берсе, ал эми башкасына бирди гана тапшырат. Бири абдан татаалыраак, башкасы жеңилирээк маселени алышат. Бири тил боюнча чыгармачылык жазуу жумушун аткарат, маселен, сочинение жазат, дагы бири адабий чыгарманын текстинин үстүндө иштейт.

Мындай ыкманы колдонууда бардык окуучулар алдыга жылышат — бирлери тез, экинчилери — жайыраак. Алган баасынан бала өзүнүн эмгегин, чымыркана иштешин көрөт; ага окуу моралдык канает берип, ачылыш ырахатын тартуулайт. Мугалим менен окуучунун өз ара жакшылыгы мында өз ара ишеним менен айкалышат. Окуучу мугалимден кексе текшерүүчүнү, ал эми баадан кедергиликти көрбөйт. Ал мугалимге: мына мунум туура болбой калып-

тыр, ал эми бул колуман келбеди,— деп ачык эле айтат. Анын уяты сезет, ошондуктан ал бирөөдөн көчүрүп же шпаргалка пайдаланбайт, ал өзүнүн беделин бекемдегиси келет.

Окуудагы ийгилик — бул, көркөмдөп айтканда, жакшы болгусу келүүнүн оту күйүп турган жүрөктүн толтосуна алып баруучу чыйыр жол. Бул чыйыр жолду жана отту сактагыла.

Менин математик И. Г. Ткаченко деген сонун мугалим досум бар (Кровоград областынын Богданов орто мектебинен). Ал сабакка даярданганы жөнүндө мындай дейт: «Мен ар бир окуучу эмне кылары жөнүндө алдын ала ойлоп коём. Бардыгы ийгиликтүү бүтүрөр жумушту тандап алам. Эгерде окуучу билимге ээ болууга кичине да кадам шилтебесе, анда бул ал үчүн текке кеткен сабак. Натыйжасыз эмгек — бул окуучуну да, мугалимди да аңдып турган абдан коркунучтуу нерсе».

Павлыш орто мектебинин математика мугалимдери А. Г. Арищенконун жана М. А. Лысактын сабактарын карап көрүңүздөр. Маселелерди чыгарууда (ал эми маселелерди чыгаруу убакыттын 90 процентин алат) алардын классы бир нече топко бөлүнө түшөт. Биринчи топто — эч кандай жардамсыз эле ар кандай маселени жеңил чыгарган, даярдыгы абдан түзүк балдар, бул топто дагы бир-эки окуучу бар, алар маселени жазбай эле оозеки чыгара алышат: маселенин шартын мугалим окуп бүтөрү менен окуучу колун көтөрөт; бул топ үчүн мугалим программадан тышкары маселелерди тандайт: бул окуучуларга алы жете турган, бирок да жеңил эмес, чымыркануууну талап кылуучу жумуш берилет; кээде окуучу өз бетинче чыгара албай турган, бирок мугалимдин кичине жөлөк-таягы керек маселени берген жакшы.

Экинчи топ — бул тырышчаак, аракети күч окуучулар, алар тапшырманы аябай тырышып, изденүү, кыйынчылыктарды жеңүү менен аткарышат. Бул окуучулар жөнүндө мугалим мындай деп айтат: буга алар эмгекчилдиги, өжөрлүгү менен жетишет; анткени алар — тырышчаак жана көшөргөндөр.

Үчүнчү топтогулар орточо маселени эч кимдин жардамысыз чыгара алышкан, бирок татаалдарын кээде жөндөй алышпаган балдар. Алар иштеп жатканда жардам көрсөтүү педагогикалык чоң устаттыкты талап кылат.

Төртүнчү топтун окуучулары маселеге жай ой жүгүртүшөт жана аны кашаң чыгарышат. Экинчи жана үчүнчү топтун окуучуларына караганда алар сабак убактысында

эки, үч эсе аз иштешет, бирок да аларды эч убакта шаштырууга болбойт.

Бешинчи топтогу окуучулар орточо маселени чыгарууга да алы жетпейт; мугалим алар үчүн атайын маселелерди тандап алат, анткени аны менен кичине болсо да ийгиликке жетүүнү көздөйт. Бул мындай окуучулардын сезими өспөй, сенек болуп калды дегендик эмес: ийгилик ырахатын таттыруучу акыл эмгеги дайыма жөндөмдүүлүктү өстүрүүчү натыйжа берет.

Өзүнүн ар бир тарбиялануучусун ийгиликке жеткирген педагогдун сабактарындагы окуучулардын акыл эмгегине көз жүгүртүп көрүңүз. Жогоруда сөз болгондой, бул жерде өз ара боорукердик, интеллектуалдык эргүү өкүм сүрүп турат. Ар бири максатка өздөрүнүн жеке күч-аракети менен жетишүүгө умтулат. Сиз балдардын көзүнөн кабак чыта ойлонуп отурганын же кубанычтуу отту (туура жол табылды!), ойго баткандыкты (маселени чыгарууга кайсы жагынан киришсем?) көрөсүз. Педагогдун мындай шартта иштеши — чоң ыракат. Мындай сабакта мугалимдин эмгеги канчалык кыйын болбосун, төрт-беш саатты катар өтүүгө чамасын жеткирүүчү өзүнчө бир эс ала аларына ишенип коюңуз, кымбаттуу кесиптешим.

Мен бир топ жыл V—VII класстарда математикадан сабак бердим. Бул сабактардын адабият жана тарых менен алмашып турушу мен үчүн чыныгы эс алуу болгонуна ишенип коюңуз. Сабактарда ар бир окуучу жеке ийгиликтин кубанычын сезсе, анда мугалимдин кыжыры келбейт, беймаза болбойт: мугалим жамандык болот деп түк ойлобойт, кылар иши жок кайсактаган шок балдар дагы бир шойкон чыгарабы деп акмалап отурбайт — алардын күч-кубаты мындай сабактарда керектүү нукка багытталат. Эгерде тентектерди жана шокторду мугалим алы жетерлик акыл эмгегине чеге алса, алар аябай тырышып иштер эле! Чымыркаyып отуруп ишке ыклас коёт да, таанылгыс болуп өзгөрөт: алар бүт дити менен ишти мүмкүн болушунча жакшы аткарууга тырышат.

Бала сабакта тентектик кылат, башка иштер менен алагды болот деп даттанган мугалимдерди мен өлгөндөй жек көрөм. Эгерде сиздер ар бир окуучуну ишке чегерүүнү жакшылап ойлонгон болсоңуздар, мындай болушу мүмкүн эмес, кымбаттуу жолдоштор!

Минута сайын көз алдыбызда болуп жаткан «ашкере окуядан» же «айыпсыз тентектиктен» (этибарга албай турган, бирок алар көп болсо иштөөгө да, жөн жашоого да мүмкүндүк бербейт) улам нерв менен жүрөктү эзбей, жа-

быркатпай турган эмгекке кантип жетишүүгө болот деген курч суроого биз мында анча-мынча тийип өттүк.

### 6. Суткада 24 гана саат болсо, убакытты кайдан алабыз?

Бул сөздөрдү мен Красноярск шаарындагы мугалимдин катынан алдым... Ооба *убакыт жок* — бул педагогдук иштин балээси. Ал мектеп иштерине гана эмес, педагогдун үй-бүлөлүк турмушуна да запкы берип жатат. Педагог — башкалардай эле адам, ага да үй-бүлөсү үчүн, өз балдарын тарбиялоо үчүн убакыт керек. Мугалимдердин узак отпускасы болгонуна карабастан, чолосу жок деген пикирден улам орто мектептин көптөгөн бүтүрүүчүлөрү педагогикалык жогорку окуу жайына кирүүдөн коркушкандыгы жөнүндө мен кашкайган чындыкты билем.

Менде дагы бир кызык маалымат бар: балдары жогорку окуу жайларына киришкен 500 мугалимге: «Сиздин балдарыңыз кайсы окуу жайында, кайсы факультетте окушат?» — деген суроо берилген. 14 киши гана: «Педагогикалык институтта же университетте окуйт, мугалим болууга даярданып жатат»,— деп жооп берген. Мындан кийин: «Эмне үчүн мугалим болгусу келген жок?» — деген суроого 486 киши: «Анткени ал биздин эмгек канчалык кыйын экенин көрүп турат. Бир минута да бош убактыбыз жок»,— деп жооп беришкен.

Мугалимде деги бош убактысы калгыдай иштөөгө болобу деген кычыткы суроо коюлган учурлар да болот. Чынында эле мына мындай абал түзүлдү: мектепте ар күнү 3—4 саат иштеп, тил, математика мугалими күнүгө кеминде беш-алты саат сабакка даярданышы, дептер текшериши керек, анын үстүнө күнүгө класстан тышкаркы жумушка 2 сааттай кармалат.

Убакыт маселесин кантип чечүүгө болот? Бул окуучунун акыл-эсинин өсүшү мектепте болуп жаткандардын баарына байланыштуу дегендей эле чоң проблемалардын бири.

Эң башкысы — педагогдук эмгектин стилинде, мүнөзүндө. Мектепте отуз үч жыл иштеген бир тарыхчы «Жаш совет адамынын моралдык идеалы» деген темада ачык сабак өткөрдү. Райондук семинардын угуучулары, райондук эл агартуу бөлүмүнүн инспектору катышты. Сабак эң сонун өттү. Сабактын жүрүшүндө ойлорун жазып, андан кийин сын-пикирлерин айтмакчы болушкан мугалимдер жана инспектор өздөрүнүн блокноттору жөнүндө унутуп да коюшту. Алар демин ичине кысып олтурушуп, мектеп балдары сыяктуу берилип угушту.

Сабактан кийин кошуна мектептин мугалимдеринин бири: «Сиз чын эле тарбиялануучуларыңызга жан дүйнөңүздү бүт үрөйт экенсиз. Сиздин ар бир сөзүңүз кыт куйгандай идеялык дүрмөт берди. Айтыңызчы, сиз бул сабакка канча убакыт даярдандыңыз? Кантсе да, бир эле саат эместир?»

«Бул сабакка мен өмүр бою даярдандым,— деп жооп берди мугалим. — Деги эле ар бир сабакка мен өмүр бою даярданып келгем. Ал эми лабораториялык даярдык сыяктанган бул темага он беш минута гана даярдандым». Бул жооп педагогикалык устаттыктын сырларынын бирине жарык шооласын ачат. Бул тарых мугалими сыяктуу педагогдордон мен өзүмдүн районумдан эле жыйырмачактысын билемин. Алар бош убактысынын жоктугуна датташпайт. Алардын ар бири ар сабагына өмүр бою даярдандым деп айтар эле.

Бул эмне деген даярдык? Бул — окуу. Күн сайын, өмүр бою китеп менен достошуу. Тынымсыз шылдыраган булактын акыл-ойдун өзөнүн толтурушу. Окуу — эртеңки сабак үчүн эмес, күнүмдүк керектөөдөн, билимге чаңкоодон улам болуп отурат. Эгерде сабакка даярданганда окуу китебине желкеңиз жар бербей, көбүрөөк бош убакыт болушун кааласаңыз анда илимий адабиятты окуңуз. Сиз окутуп жаткан илимдин негизи — окуу китебиңиз сиз үчүн алиппе болушу керек. Сиз балдарга берип жаткан илимий таанып-билүү негиздерине караганда окуу китеби сиздин билимиңиздин тамчысы гана болууга тийиш. Ошондо гана сабактарга даярданууга бир нече саат жумшабайсыз.

Мыкты мугалимдердин педагогикалык устаттыгынын өркүндөшү дайыма окуу аркылуу алар билим деңизин үзгүлтүксүз толуктап турганы менен шартталган. Эгерде педагогикалык иштин алгачкы жылдарында мугалим ээ болгон билим балдарга берүүчү билимдин минимумунун 10:1 не тете болсо, педагогикалык стажысы 15—20 жылга жеткенде бул катыш 20:1, 30:1, 50:1 менен алмашылат — мунун баары окуу аркылуу жетишилет. Окуу китеп жыл өткөн сайын педагогдун билим деңизинин улам кичине тамчысы боло берет. Бул жерде кеп мугалимдин теориялык билиминин өсүш санында гана эмес. Сан бара-бара сапатка өтөт: жарык агымы канчалык чоң болсо, окуу китеби кичинекей шооладай көрүнөт да, сабакта материалды баяндоодо (аңгеме, лекция) көңүлдү буруу сыяктуу педагогикалык устаттыктын пайдубалын түзгөн адистик сапат ошончолук даана көрүнөт. Мугалим, маселен, тригонометриялык функцияларды түшүндүрүп жатат дейли, бирок

анын ою функцияда эмес, окуучуларда: ал ар бир окуучу кандай иштеп жатканын, айрымдары кабыл алуунун, ой жүгүртүүнүн, эске тутуунун кандай кыйынчылыктарына дуушар болуп турганын байкоого алат. Ал үйрөтүп гана тим болбостон, окуунун жүрүшүндө акыл жагынан тарбиялайт.

Мугалимдин убакыт маселеси педагогикалык иш процессинин башка бир катар элементи жана жагы менен тыгыз байланыштуу. Бул — өзөндү толуктоочу булак сыяктанган педагогикалык эмгектин жана чыгармачылыктын убактысы. Бул булактар дайыма жандуу шылдырап турушуна кантип жетишүү керек — бул жөнүндө бир топ кеңеш бергим келет.

## 7. Мугалимдин убактысы жана окутуу этаптарынын өз ара көз карандылыгы

Бул кеңеш көбүнчө башталгыч класстын мугалимдерине арналат. Урматтуу башталгыч мектептин мугалими, сиздердин кандай иштеп жатканыңыздарга орто жана жогорку класстардын мугалимдеринин убактысы көз каранды. Эгерде орто мектептин экинчи (IV—VIII класстар) жана үчүнчү (IX—X класстар) концентрагындагы окуу процессине көңүл бөлсөк, мугалимдин убактысын аёосуз соруп жаткан — бул «артта калгандарды» жан-алы калбай сүрөй берүү: мугалим жаңы материалды баяндап бүткүчө болбой эле, айрым окуучулар аны өздөштүрбөгөндүгү билинип чыга келет; ошондо мугалим билим берүүнү андан ары улантууну ойломок тургай алиги окуучулардын артта калышын кантип жоюу жөнүндө баш катырат (кээде дээрлик бүт класс ошондой окуучулардан болуп, баары менен кошумча сабак өткөрүүгө аргасыз болот). Бул мугалимдин мектепте да, үйдө да убактысынын көбүн өлтүрөт.

Көптөгөн окуучулардын артта калуусун жоюу убаракерчилиги көндүм иш болуп, ошондон улам окутуу процесси оордоп жатат. Эмне үчүн ушундай болуп жатат?

Башталгыч класстардын мугалимине кеңеш бергим келет.

Кымбаттуу кесиптеш, орто жана жогорку класстардын бардык мугалимдеринин убакыт бюджети сиздин ишке байланыша тургандыгын, окутуу жана тарбиялоодо чыгармачылык ышкыны сиз ойготоруңузду унутпаңыз. Башталгыч мектептин алдында турган маанилүү көп милдеттердин ичинде балдарды окууга үйрөтүү биринчи орунда

турат. Сиз негизги кам көрөр нерсе — балдардын башындагы теориялык билимдин көлөмү менен практикалык машыгуулардын ортосунда туура катнашты түзүү болуп эсептелет.

Орто жана жогорку класстарда артта калуучулук — бул негизинен окууну, билимге ээ болууну билбегендиктин кесепети экени эсиңизде болсун. Сиз, албетте, балдардын жалпы өсүшү жогорку деңгээлде болушуна кам көрүүгө тийишсиз, бирок да... баланы баарынан мурда жакшы *окууга* жана *жазууга* үйрөтүңүз. Ылдам, түшүнө жана көрктүү окумайын, окуганын кабылдамайын тез жана катасыз жаза билмейин, орто жана жогорку класстарда жакшы окуу, болгондо да мугалим артта калгандарды дайыма «сүйрөп» жүрбөгүдөй окуу жөнүндө сөз болууга тийиш эмес. Башталгыч класстарда бардык балдарды окуп жатып ой жүгүртүүгө жана ой жүгүртүп окуй билүүгө үйрөтүңүз. Окуй билүү үн чыгарып окууга караганда көз жана сезим менен кабыл алуу тез болгудай деңгээлге жеткирилүүгө тийиш. Мындай озуу канчалык көбүрөөк болсо, ал окуунун ийгиликтүү болушунда жана жалпы эле акыл-эстин өнүгүшүндө зор мааниге ээ. Орто жана жогорку класстарда ийгиликтүү окуу баарынан мурда түшүнүп окууга — окуп жатып ойлонууга, ойлонуп жатып окууга байланыштуу экенине мен миң мертебе ишенем. Ошондуктан башталгыч класстардын мугалими бул ык ар бир окуучуда кандай өнүгүп жаткандыгын көңүл коюп байкоого тийиш. Окуучунун зиректиги жакшы окуй билүүгө жараша болорун отуз жылдык тажрыйбада ишендим. Бир көргөндө жөнөкөйдөй сезилген ылдам окуунун ыгына ээ боло албагандарга караганда, окуп жатып ойлой билген окуучу ар кандай ишти тезирээк жана ийгиликтүү аткара алат. Анын акыл эмгегинде карандай жаттап алуу деген жок. Окууну жана ойлонууну бир мезгилде айкалыштыра албаган окуучуга караганда, анын окуу же башка китепти окушу таптакыр башка. Окуп чыгып, ал предметти бүтүндөй жана анын составдык бөлүктөрүн, андагы өз ара көз карандылыкты жана өз ара шартташтыкты көз алдына келтире алат.

Окуп жатып ойлой жана ойлоп жатып окуй билген окуучуда артта калуу деген болбойт, ал эми окуучулар артта калбаса, анда мугалимдин иши жеңил. Эгерде окуу окуучу үчүн билим дүйнөсүнө жол ачып турса, анда көп убакытты талап кылган кошумча сабактарды өткөрүү зарылдыгы жок экенин практика далилдеди. Айрым окуучулар менен жекече аңгеме өткөрүүгө мугалимде мүмкүнчүлүк пайда

болот, бирок бул аңгеме узакка созулган сабак эмес, билимге өз бетинче кантип ээ болуу жана жетишпегендикти жана артта калуучулукту кантип болтурбай коюу жөнүндөгү көрсөтмөлөр, кеңештер болуп саналат.

Эгерде окуучу эмнеден артта калганын, кандай жардамга муктаж экенин билбесе, аны менен жекече аңгемени мугалим дайындайт. Орто жана жогорку класстарда жакшы окуу — кенже класстарда окуучу канчалык тез жана түшүнүп жазууга үйрөтүлгөнүнө жана бул ык андан ары кандай өнүгүп жатканына байланыштуу. Окуу менен катар жазуу — бул анын жардамы менен бала билимге ээ боло турган өзүнчө бир курал. Бул куралдын кандай абалда экенине жараша ийгиликке жетүүгө жана убакытты сарамжалдуу жумшоого болот. Башталгыч класстардын мугалимине мындайча кеңеш беремин: IV классты бүткөн кезде баланын ылдам, шыдыр жазышына жетишүү максатын койгула, мына ушундай шартта гана ал жакшы окуйт, дайыма артта калууну четтетүү зарылчылыгы болбой калат. Окуучу ойлонуп отуруп жазууга, тамга, муун жана сөздөрдү жазуу аны ойдон алагды кылбагандай болушуна тырышуу керек. Алдыңарга мындай ачык-айкын максатты койгула: сиз окуучуларга бир нерселерди айтып жатасыз, алар угуп, айтканыңыз боюнча ой жүгүртүү менен, *өзүнүн* оюн кыскача жазат. Буга балдарды III класста эле үйрөтүү керек. Эгерде сиз бул максатка жетише алсаңыз, окуучуларыбыз эч убакта артта калбашына, сабакка жетишпөөчүлөрдүн болбосуна ишендиремин. Билимди казууну билип алган соң, алар орто жана жогорку класстын мугалимдеринин убактысын жана ден соолугун сактоого аракеттенишет.

## 8. Окуучунун эсинде билимдердин сакталып калышы жөнүндө

Мектептеги отуз жылдык иш мага бир маанилүү сырды — өзүнчө бир педагогикалык закон ченемдүүлүктү ачты: орто жана жогорку класстардагы артта калуучулук, сабакка жетишпегендик көбүнесе башталгыч класстарда окуучулар билимдин пайдубалы болуп эсептелген жөнөкөй чындыктарды өмүр бою эсине бекем сактап калбагандан улам болуп жатат. Элестетип көрүңүзчү: келишкен имараттын пайдубалы борпоң цементтен тургузулган дейли, анын ылайы кармабай сыйгаланып түшүп, таштары кыноосунан ажырап турат. Адамдар чала жумушту күнүгө оңдошот да, имарат качан кулап түшөр экен деген коркунуч

алдында жашашат. IV—X класстарда көптөгөн тилчи жана математик мугалим мына ушул абалда: алар имарат куруп жатышат, ал эми пайдубалы урап турат.

Башталгыч мектептин мугалимдери! Сиздердин маанилүү милдетиңер билимдин пайдубалын бекем куруу. Ушунчалык бекем болсун, сиздерден кийин иштеген мугалимдер пайдубал жөнүндө кабатыр болбогудай болсун. Сиз жумушка I класстан баштап киришесиз. Колуңузга IV класстын тил жана математика боюнча, ошондой эле V класстын математика боюнча программасын алыңыз. Окуу китебинен тарых, табият таануу, география боюнча материалдарды жана IV класс үчүн бул предметтердин программасын алыңыз. Мунун баарын бири-бири менен салыштырып, теңештирип чыгыңыз. IV класста, анан V класста жакшы окуу үчүн III класстын окуучусу эмнени билүү керектигин ойлоп көрүңүз.

Баарынан мурда элементардык сабаттуулукка көңүл буруңуздар. Тилде 2—2,5 миң орфограмма бар, алар билимдин, сабаттуулуктун дубалы. Эгерде бала башталгыч мектепте бул орфограммаларды эсинде бекем тутуп калса, ал сабаттуу адам болорун тажрыйба көрсөттү. Бирок иш жеке гана мында эмес. Башталгыч мектептен алган сабат — орто жана жогорку класстарда билимге ээ болуунун куралы болуп саналат.

Башталгыч класстарда балдарды окуткан кезде маанилүү орфограммалардын тизмеси ар дайым кол алдымда болор эле. Бул — элементардык сабаттуулуктун өзүнчө программасы. Эки жарым миң орфограмманы мен ар бир жумушчу күнүнө үч сөздөн туура келгендей кылып бөлдүм. Балдар аларды дептерине жазып алышып, эстерине түйүшөт. Бул жумушка ар күнү бир нече минута кетет. Эске тутуу балалык жылдарда өтө назик, курч келет, эгерде аны билгичтик менен башкара билсе жана ага ашыра жүк артпаса, ал сиздин биринчи жардамчыңыз болуп калат. Биринчи жылдары окуучу эсине тутуп калган нерсе эч убакта унутулбайт. «Эсти башкара билүү техникасынын» маңызы мында. Жумушчу күндүн башталышында (биринчи сабактын алдында) мен *бүгүнкү күндүн үч* сөзүн, мисалы: *талаа, жылуулук, шуудуроо* деген сөздөрдү доскага жазып коём. Балдар класска кирери менен бул сөздөрдү үч жылдан бери жүргүзүп келаткан орфографиялык сөздүгүнө жазып алышат. Бул сөздөрдүн тегерегинде ойлонушуп, жанына уңгулаш бир нече сөз жазып коюшат. Бул жумуштун баары үч-төрт минутага созулат. Окуучулар бара-бара буга көнүгүшөт.

Жумуш андан ары өзүн-өзү тарбиялоонун, өзүн-өзү текшерип көрүүнүн ачык-айкын элементи көрүнгөн оюн мүнөзүнө өтөт. «Үйгө бараткан жолдо,— дейм балдарга,— биз бүгүн кандай үч сөздү жазганыбызды, алар кандайча жазыларын эстегиле. Бул сөздөрдүн жазылышын эсиңерге кайтадан түшүрүп көргүлө. Эртең менен ойгоноруңар менен бул сөздөрдүн жазылышын эстеп, ошол эсиңерде калышы боюнча дептериңерге жазгыла» (бул жерде сөздүк дептердин экинчи калың нускасы жөнүндө сөз болуп жатат). Эгерде ал оюн I класстан эле башталса, эгерде мугалим бул иштин ийгилигине ишенсе, эгерде ал балдарды сүйсө, эгерде окуучулар иштеп жаткан нерселер анын өмүрүндө тажатып жиберген учур болбосо, анда бул оюнга кызыкпай турган бир да окуучу болбойт.

Эчак эске түшүрүлгөн, системалуу түрдө кайталанылган, колдонулган орфограммалар боюнча ар түрдүү көнүгүүлөр окууларда, сабак сайын жүргүзүлөт. Менимче элементардык сөз маданиятынын өзүнчө бир дубалы болуп эсептелген төрт жүз стилистикалык түрмөктү эске тутуу өтө маанилүү көнүгүүлөрдүн бири боло алат. Башталгыч класстарда окуган жылдары балдар сүйлөөнүн күндөлүк практикасынын ар түрдүү таасири аркасында типтүү каталарды жиберишкен стилистикалык түрмөктөрдү эстеп калышат.

Окуу процессинде оюн элементи эң чоң мааниге ээ боло тургандыгын дагы бир жолу баса белгилейм. Менде «жомоктук», башкача айтканда, балдар жомокторунда көп кайталануучу алты жүз сөз бар. Башталгыч мектепте окуунун төрт жылы ичинде биз балдар менен ондогон жомокту *сүрөткө тартабыз,* алардын алдына балдар ошол алты жүз сөз кирген сүйлөмдөрдү жазышат. Бул — орфографиялык минимумду бекемдөөнүн эң ийгиликтүү формаларынын бири болуп эсептелет.

Башталгыч класстардагы окуу жылдарында математикадан көп кайталанган амалдар математикалык жалпылоо сыяктуу эсте калат, ушунчалык көндүм болуп калгандыктан, аларга кайрылган кезде ойлонуп отуруунун таптаза кереги жок болот. Бул көбөйтүү таблицасы гана эмес, миң сандын чегинде кошууларда, алуу-кемитүүлөрдө, бөлүүдө, көбөйтүүдө көп колдонулган иштерге да мүнөздүү. Бул дагы да абдан типтүү өлчөөлөр жана чоңдук көлөмгө айлануулар. Мен муну орто жана жогорку класстарда окуучунун акыл-эси бир түрдүү иштер менен алагды болбой, акыл-күчү мүмкүн болушунча чыгармачылык эмгекке көбүрөөк зарпталышы керектигинен улам айтып отурам.

Бардык иш, албетте, материалды акыл-эс менен өздөштүрүүгө негизделет, бирок да бардыгын эле түшүндүрүүгө болбой тургандыгын эсепке алуубуз керек. Мен эркин жана мажбурланган көңүл буруу менен эске сактоонун өз ара айкалышына умтулам.

## 9. «Окутуунун эки программасы», окуучунун ой жүгүртүүсүнүн өсүшү

Мугалимге убакыттын жетишпегендиги баарынан мурда балдардын кыйналып окушунан келип чыгат. Мен көп жылдар бою окуучунун эмгегин кантип жеңилдетүүгө болорун ойлодум. Билимдин пайдубалы катары бул проблема практикалык ыкмалар менен жаңы гана башталат. Билимди эске түшүрүп жана сактап калуу — бул ошол проблеманын уландысы. *Билимдин мазмунун талдоо менен, окуучулар андан эмнелерди эсине түйүп жана бекем сактап калууга тийиш экендигин* так бөлүп бергиле деп ар бир мугалимге кеңеш айтар элем. Мугалим программадагы билимдин «түйүндөрүн» туура аныктай билиши өтө маанилүү, анткени ой жүгүртүүнүн, зиректиктин өнүгүшү, билимди пайдалана билүүнүн ыгы мына ошолордун бекемдигине байланыштуу. Бул «түйүндөр» — предметтин өзгөчөлүгүн чагылдыруучу маанилүү корутундулар жана жалпылоолор, формулалар, эрежелер, закондор жана закон ченемдүүлүктөр. Тажрыйбалуу педагогдордун окуучулары эсине бекем сактап калуу үчүн материал жазып алуучу атайын дептер алып жүрүшөт.

Эстеп калууга тийиш болгон материал канчалык татаал болсо, эсте сактоого зарыл болгон жалпылоолор, корутундулар, эрежелер канчалык көп болсо, окуу процессинин «интеллектуалдык фону» ошончолук орчундуу болууга тийиш. Башкача айтканда, формула, эреже, корутунду жана башка жалпылоолорду эсте бекем сактап калыш үчүн окуучу эсте тутуп калууга тийиш болбогон көп материалды окушу, ойлоп көрүшү керек. Китепти окуу — окуу иши менен тыгыз байланышта болууга тийиш. Эгерде ал эсте сакталып калуучу жалпылоолор үчүн негиз болуучу фактыларга, көрүнүштөргө, предметтерге терендеп кирүү болуп саналса, анда мындай окуу эсте тутуп калууга жардам берет. Бул окууну окуп үйрөнүү үчүн, материалды эсте сактап калуу үчүн зарыл *интеллектуалдык фонду* түзүү деп атоого болот. Окуучу материалга кызыккандыктан гана билүүнү, ойлонууну, маани берип түшүнүүнү каалагандыктан гана көбүрөөк окуса, сөзсүз окуп үйрөнүүгө жана эсин-

де сактап калууга тийиш материалды көңүлүндө кармап калуу ошончолук жеңил болот.

Мына ушул эң маанилүү закон ченемдүүлүктү эске алып, өзүмдүн практикалык ишимде окутуунун *эки программасын* ар дайым бел тутам: мунун бири — окуп үйрөнүүгө жана эсте сактап калууга милдеттүү материал, экинчиси — класстан тышкаркы окуу, ошондой эле маалыматтардын башка булактары.

Физика — бул эсте тутуп, сактап калууга өтө кыйын предметтердин бири, өзгөчө VI—VIII класстарда. Окутуунун бул этабында программа көп сандаган түшүнүктөрдү камтыйт. Мен бул предметти алты жыл бою окуттум, ар бир жаңы өздөштүрүлүп жаткан түшүнүккө класстан тышкаркы окуу шайкеш келишине умтулдум. Учурда үйрөнүлүп жаткан түшүнүк канчалык татаал болсо, бала окуп жаткан китептер ошончолук кызыктуу болуш керек. Электр тогунун закондорун окутууда мен класстан тышкары жекече окуу үчүн атайын китепканача түздүм. Ал материянын эң ар түрдүү электр касиети тууралуу айтылган жаратылыш кубулуштары жөнүндөгү 55 китептен турат.

Мен балдардын ой жүгүртүүсүнүн жанданып, күч алышына жетиштим. Алар эмне? Кандай? Эмне үчүн? — деген суроолорду мага жаадырышты. Берилген бардык суроолордун ичинде болжолу 80% и *эмне үчүн?* деген сөздөр менен башталды. Балдар көп нерселерди түшүнүшкөн жок. Курчап турган дүйнөдө алар үчүн түшүнүксүз нерсе канчалык көп болсо, билүүгө ынтызарлык ошончолук айкын көрүндү, билимди кабылдагыч касиети ошончолук курч билинди. Мен аларга айтып бергендин бардыгын «ооздон чыга электе» илип алып жатышты. Электр тогу эркин электрондордун агымы экени жөнүндө алгачкы илимий түшүнүк берүү мезгили келгенде, өспүрүмдөр дал ушул физикалык татаал кубулуш жөнүндө көп сандаган суроолорду берди. Аларга берилген жооптор китеп окугандан, ошондой эле мурда билишкен башка маалыматтардан улам алардын көз алдында түзүлүп калган дүйнөнүн көрүнүшүнүн бир ээн жерин толуктап кыналган кыштар катары сезилди.

Үч жылы мен жогорку класстарда биологияны окуттум. Бул курс түшүнүүгө абдан оор, эске тутуп жана сактап калуу андан да кыйыныраак болгон теориялык көп түшүнүктөргө жык толгон. Окуучулар качан *турмуш, жандуу зат, тукум куучулук, заттардын алмашышы, организм* жана башка илимий түшүнүктөрдү биринчи жолу үйрөнүп жатканда, мен алар үчүн илимий жана илимий-популярдуу журналдардан, китептерден, китепчелерден атайын мате-

риал тандап алчумун. «Окутуунун экинчи программасы» алар менен таанышууну илимдин татаал бир катар суроолоруна кызыгууну, демек, жаңы китептерге да кызыгууну туудурган китепчелерди, китептерди, макалаларды окууну өз кучагына алат. Биологияны окуп жатышкан улан-кыздар курчап турган жаратылыштын, асыресе, заттардын алмашышынын өтө ар түрдүү формалары сыяктуу кубулуштарына аябай кызыгышты. Суроолор канчалык көп болгон сайын тарбиялануучуларымдын билими ошончолук терең боло баштады. Аларда «4төн» төмөн бааланган бир да жооп болбоду.

Бардык мугалимге программалык материал эске тутулуп, жат болуп, сакталып калсын үчүн интеллектуалдык фон түзгүлө деп кеңеш берем. Окуучу ой жүгүрткөн кезде гана бекем өздөштүрө алат. Азыр окулуп жаткан же жакында окулууга тийиш болгон материалды канткенде ой жүгүртүүнүн, талдоонун, байкоонун предмети кылуу керектигин ойлонуңуз.

## 10. «Жугумсуз» окуучулар менен иштөө жөнүндө

Биздин педагогикалык чыгармачылыгыбызда «жугумсуз» (окуу жукпай турган) окуучулар менен иш алып баруу — «катуу жаңгактардын» бири экендигине макул болбогондор мугалимдердин ичинен чыкпайт го. Бул жерде, окуучулардын негизги массасына караганда, материалга ой жүгүртүп, эсинде сактап калуу үчүн үч-беш эсе көп убакыт талап кылгандар, окугандарын экинчи күнү эле унутуучулар, унутуп калбас үчүн материалды окуп бүткөндөн үч-төрт айдан кийин эмес, эки-үч жумадан кийин кайталагандар жөнүндө сөз болуп жатат.

Жогоруда сөз болгон «экинчи программа» ушул балдар үчүн өтө маанилүү роль ойной тургандыгына отуз жылдан ашык педагогикалык эмгегим ишендирди. Бул балдарды окуп үйрөнүүгө милдеттүү материал менен гана чектөө — өзгөчө зыяндуу, ал жаттап алуу адатына көндүрүп, башын маң кылат. Мен бул окуучулардын акыл эмгегин жеңилдетүүнүн көп каражатын санап көрдүм да, абдан натыйжалуусу көп китеп окуу болуп саналат деген жыйынтыкка келдим. Ооба, бул балдар колдон келишинче көп окушу керек. III—IV жана V—VIII класстар менен иштеп, түшүнүктөрдүн, жалпылоолордун, илимий мүнөздөмөлөрдүн маанилерин абдан айкын, кызыктуу ачып берүүчү китептерди жана макалаларды тандап алып, ар бир «жугумсуз» баланын окуп чыгышына дайыма кам көрдүм.

Бул балдарда курчап турган дүйнөдөгү заттар жана кубулуштар жөнүндө суроолор көбүрөөк болуп, алар менен мага кайрылууга тийиш — бул аларды зиректикке тарбиялоонун эң маанилүү шарты.

«Жугумсуз» бала китеп окуганда, курчап турган дүйнө менен кездешкенде анын көз алдында улам бир нерселер ачылыш керек, аны таң калтырып турушу керек. Бул талапты мен «жугумсуз» балдар менен тарбиялык иш алып барганда дайыма колдондум, бардык мугалимдерге да ушуну кеңеш кылар элем. Булчуңдардын боштугун дене тарбиялык көнүгүүлөр айыктырган сыяктуу баш мээнин нерв клеткаларынын ылдыраңкылыгын, шалаакылыгын, начардыгын таңдандыруу, суктандыруу менен айыктырууга болот. Көз алдында таң калтырган, суктандырган бир нерсе көрүнгөндө, баланын башына эмне ойлор келип жатканын айтуу кыйын. Бирок, жүздөгөн байкоолор: таңдануу, айраң калуу учурунда мээни ойготкон, жандана иштөөгө аны аргасыз кылган кандайдыр бир кубаттуу күч аракетке келет деген жыйынтыкка такады.

Кичинекей Федяны мен эч убакта унутпаймын. Мен аны беш жылы — үчүнчүдөн бешинчи класска чейин окуттум. Арифметикалык маселелер жана көбөйтүүнүн таблицасы ал үчүн тозоктун оту эле. Баланын маселенин шартын эстөөгө жетише албай, маселедеги буюмдар, заттар, кубулуштар жөнүндөгү түшүнүктөр сезимине токтобой жаткандыгына көзүм жетти: оюнда кийинкиге өтүүгө аракет кылар замат мурункусун унутуп коёт. Федяга окшош балдар анчалык көп болбосо да, башка класстарда да анча-мынча бар болучу. Бул балдар үчүн атайын маселе жыйнагын түздүм. Анда негизинен элдик педагогикадан алынган эки жүзгө жакын маселелер бар эле. Бул маселелердин ар бири — кызыктуу аңгеме. Анын көпчүлүгү арифметикалык амалдарды талап кылбайт; мындай маселени чыгаруу — баарыдан мурда ой жүгүртүү, ойлоо дегендикке жатат. Мен төмөндө *«Унутчаактар жана ынтаасыздар үчүн маселе жыйнагымдан»* экини келтирем.

1. Жайкы аптаптан чарчашкан үч койчу дем алуу үчүн дарактын түбүнө жатышып, уктап калышты. Койчунун шок жардамчысы эмендин кара ширеси менен уктап жаткандардын чекесин майлап койду. Ойгонушкандан кийин үчөө тең күлө башташты. Бирок ар бири берки экөө бири-бирине күлүп жаткандай ойлоду. Аңгыча бир койчу күлкүсүн токтотту — ал өзүнүн чекеси да майланганын сезди. Ал кантип ойлоп тапты?

2. Илгери Украинанын кең талаасында Чынчылдар жа-

на Калпычылар деген коңшу айылдар болуптур. Чынчылдардын эли ар качан чындыкты, ал эми Калпычылардын эли ар дайым калп айтышчу экен. Эгерде силердин бириңер кокустан ошол байыркы айылдардын бирине туш келсеңер, биринчи эле кездешкен адамга бир суроо берүү менен кайсы айылга келгениңерди билмексиңер. Ошондо кандай суроо берер элеңер?

Биз элден мурда жөн гана канаттуулар жана айбанаттар, курт-кумурскалар менен өсүмдүктөр жөнүндөгү кызыктуу чакан аңгеме өңдүү маселелерди окудук. Көптө барып Федя бул аңгемелер маселе экенин түшүндү. Алардын эң жөнөкөйлөрүнүн биринин үстүнөн бала ой жүгүрттү да, аны менин жардамым менен чыгарды. Ал маселени оңой чыгарганына аябай таң калды. «Демек, бул маселелердин ар бирин чыгарууга болот тура? — деп сурады Федя. Ал күнү бою маселе жыйнагынан ажыраган жок. Ар бир маселени чыгарган сайын ал чоң жеңишке жеткендей сезди өзүн. Чыгарылган маселени бул максат үчүн атайын түзгөн чоң дептерге көчүрүп жазып, тексттин катарына маселени — канаттуулардын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн сүрөтүн тартты.

Федяга мен атайын китепканача түзүп бердим. Анда жүзгө жакын китеп бар эле, аны ал 3төн 7-класска чейин окуду. Андан кийин эки жүзгө жакын китептен турган дагы бир китепканача түзүлдү, аны менен Федядан башка дагы үч окуучу эки жыл бою пайдаланышты. Кээ бир китептердин сабакта окугандардын мазмунуна түздөн-түз байланышы болсо, башкаларынын сабакка тике байланышы жок эле, бирок аларды окууну мен акыл-эсти тарбиялоонун өзүнчө бир машыгуусу катары карадым.

Федянын сабакка жетишүүсү класста башкаларга теңелди: ал башка окуучулар чыгарган маселелерди чыгара ала турган болду. Алтынчы класста күтүлбөгөн жерден бала физикага кызыга баштады. Федя жаш конструкторлор ийриминин активисттеринин бири болуп калды. Чыгармачылык эмгек баланы канчалык кызыктырган сайын ал көбүрөөк окучу болду. Окууда кыйналган учуру дагы эле бар эле, өзгөчө тарых, адабият сабактарынан. Мындай ар бир кыйынчылык китеп окуу менен жеңилдетилип турду.

VII классты бүткөндөн кийин Федя техникумга кирип, жогорку квалификациялуу жакшы адис — станокторду жөнгө салуу боюнча уста болуп калды.

Мен эч качан, бир жолу да бул жана бул өңдүү башка окуучулар менен да сабактарда өздөштүрүлбөгөн материалды жаттатууну максат кылып койгон кошумча окуу-

ларды өткөргөнүм жок. Мен баланы окууга жана ой жүгүртүүгө үйрөттүм. Китеп окуу ойду жандантып, ойготуп турду.

Балага окуу канчалык жукпаса, ал окууда жеңе алгыс кыйынчылыктарга көбүрөөк дуушар болсо, ал ошончолук көбүрөөк окууга тийиш экендиги эсиңерде болсун. Окуу аны ой жүгүртүүгө үйрөтөт, ойлонуу — акыл-эстин күчүн козгоочу өбөлгө болуп калат. Китеп жана ал козгогон жандуу ой-пикир эң күчтүү каражаттар болуп эсептелет, алар акыл-эсти мокотуучу чоң кедерги болгон жаттап алуунун жолун торойт. Окуучу канчалык көп ойлонгон сайын, курчап турган дүйнөдөн түшүнүксүз нерселерди көбүрөөк көргөн сайын, билим алууга ал ошончолук кабылдагыч болуп калат, ошондо сизге, мугалимге, иштөө мына ошончолук жеңил болот.

## 11. Билим — бул максат да, каражат да

Балдар окууда кездешкен кыйынчылыктардын бир себеби — бул билим алуу алар үчүн көп учурда кыймылдаткыс жүк болуп кала бергендигинде, «запас» катары чогулуп, «ишке салынбаганында», колдонулбай калып жаткандыгында (баарынан мурда жаңы билимге ээ болуу максаты үчүн) экендигине мен миң мертебе ишендим. Окуу-тарбия практикасында көп мугалимдер үчүн *билүү* деген түшүнүк коюлган суроолорго жооп берүүгө жароо дегендикке жатат. Мындай көз караш мугалимдерди окуучулардын акыл эмгегин жана жөндөмдүүлүгүн бир жактуу баалоого түртөт: билимди ким эсине сактап, мугалим сурар замат айтып берсе, ал жөндөмдүү жана билген окуучу деп эсептелет. Бул иш жүзүндө эмнеге алып барат? Бул, билимди окуучунун рухий турмушунан, анын интеллектуалдык кызыкчылыгынан окчундатууга алып барат. Билимге ээ болуу окуучулар үчүн оор, тажатма ишке айланат да, андан тезирээк кутулууну көздөшөт.

Баарынан мурда *билим, билүү* деген түшүнүктөрдүн маңызына болгон көз карашыбызды өзгөртүшүбүз керек. Билүү — бул билимди колдоно билүү дегендикке жатат. Рухий турмуштун фактору болуп, акыл-ойду ээлегенди, кызыгууну туудурганды гана билим дешке болот. Билимдин активдүүлүгү, турмушка байымдуулугу — бул анын дайыма өнүгүшүнүн, тереңдешинин чечүүчү шарты болуп эсептелет. Билим өнүккөндө жана тереңдегенде гана жашай алат. Окуучу канчалык көп билимге ээ болсо, ага окуу ошончолук жеңил деген закон ченемдүүлүк билимдин өнү-

гүү шартында гана ишке ашат. Тилекке каршы, иш жүзүндө көп учурда тескери болуп чыгат: жыл өткөн сайын окуучунун окушу кыйындагандан кыйындай берет.

Бул чындыктардан практикалык кандай кеңеш келип чыгат?

Окуучунун билими көздөгөн акыркы максат эмес, каражат болушуна, ал кыймылсыз, жансыз жүккө айланбай, окуучунун акыл эмгегинде, коллективдин рухий турмушунда, окуучулардын өз ара мамилелеринде, ансыз толук баалуу интеллектуалдык, адептүүлүк, эмоциялык, эстетикалык өнүгүштү көз алдыга келтирүүгө болбой турган рухий байлыктардын жандуу жана үзгүлтүксүз процессинде жашашына умтулгула.

Ал үчүн иш жүзүндө эмнени жасоо жана кантип жасоо керек?

Башталгыч класстарда, окууга алгач кадам койгондо эле билимдин абдан маанилүү элементи — *сөз,* тагыраак айтканда, мектепке киргенге чейин таптакыр белгисиз, жаңы жактары менен баланын көз алдына тартылган, сөз менен туюндурулган чыныгы дүйнө болуп саналат. Менин көз карашымда, бала билимдин тепкичи боюнча алгачкы, эң чоң кадамын дүйнөнү сөз аркылуу таануу менен шилтейт. Сөз баланын аң-сезиминде жашап, тынчын алышы, аны билимге ээ кылган курал болушу кандай маанилүү. Эгер билим жансыз, кыймылсыз жүккө айланышын каалабасаңыз, анда сөздү чыгармачылыктын эң башкы куралдарынын бири кыла билиңиз.

Окутуунун жана тарбиялоонун мындай багытталышы тажрыйбалуу мугалимдердин практикалык ишинде төмөндөгүчө көрүнөт: окуучулардын акыл эмгегинде биринчи орунда жаттап алуу эмес, башкалардын ой-пикирин эске тутуу эмес, окуучунун өзүнүн чыгармачыл жан катары ой жүгүртүшү, сөздүн жардамы менен курчап турган дүйнөнүн предметтерин, заттарын, кубулуштарын таанып-билүүсү, ушуга байланыштуу сөздүн өзүнүн эң назик кошумча маанилерин таанып-билүү туруу керек.

Биз балдар менен күзгү бакка келдик. Күз башындагы ачык жана жылуу күн, мээримдүү нурлар жерди жана кыймылсыз турушкан дарактарды, ар түрдүү түстө күрүнгөн алманын, алчанын шактарын жылытат. Мен балдарга алтын күз жөнүндө, жаратылыштагы бардык жандуу нерселер: дарактар, жерге түшүп калган уруктар, бизде кыштаган канаттуулар, курт-кумурскалар узак жана суук кышка кантип даярданып жатканы жөнүндө айтып берем. Балдар сөздөр менен сөз айкалыштарынын мааниге бай эке-

нин сезип, маашырланып жатканына көзүм жетип, мен алар эмнелерди көрүп жана туюп турганын айтып берүүнү өтүндүм. Көз алдымда жаратылыш жөнүндө эң укмуштай назик жана жаркын ой-пикирлер чууруйт: «Көгүлтүр асманда ак куулардын желеси акырындан жок болуп кетти...», «Тоңкулдак жыгачтын кабыгын чокуласа, андан шыңгырап үн чыгат...», «Жол жээгинде жалгыз ак гүл гүлдөп турат...», «Каракунас уясында туруп алып кайдадыр алыс жакты карайт...», «Гүлү сеңселген кооз чөпкө көпөлөк келип конуп, күнгө жылынып жатат...». Балдар менин сөзүмдү кайталашпай, өз сөздөрүн айтышат. Ою жанданып, байыйт, бала ойлоно билүүгө көнүгөт, ал эч нерсе менен салыштырып болбой турган ой жүгүртүү, таанып-билүү ыракатын, кубанычын сезет. Ал өзүн ойчул катары сезет.

Бала мугалимдин сөзүнө кайдыгер, кош көңүл болгондугун сиз байкап же башка мугалимден уктуңуз беле? Сиз ага кызыктуу бир нерсе айтып берип жатасыз, ал болсо көзүн жалдыратып, сөзүңүз жүрөгүнө жетпей турат. Сиздин тынчсызданар жөнүңүз бар: бул кенебестик, сөзгө байымсыздык — окутуудагы чоң кырсык; эгерде бул кырсык тамырын тереңдетип жиберсе, киши билим алуудан оолактай баштайт.

Бул кырсык эмнеден келип чыгат, анын тамыры кайда жатат?

Эгерде чыгармачылыктын каражаты катары сөз баланын көңүлүнө муюбаса, эгерде ал башкалардын оюн жаттап, өзү жаратып, аларды сөз менен туюндурбаса, анда ал сөзгө кайдыгер, кенебес, байымсыз болуп калат. Кенебестиктен корккула, баланын көз нурунун өчүшүнөн корккула! Аны сөзгө активдүү, кумарлануу менен мамиле кылууга үйрөткүлө!

## 12. Билим казуу жөнүндө

Окуучулардын акыл эмгегинин активдүүлүгү жөнүндө көп эле айтышат. Ал эми активдүүлүк ар башка болушу мүмкүн. Окуп алганды же мугалим айтып бергенди жаттап алып, окуучу шар жооп берет — бул да активдүүлүк, бирок ал акыл жөндөмдүүлүгүнүн өсүшүнө түрткү болору күмөн. Педагог окуучунун оюнун активдүүлүгүнө, билимди колдонуу аркылуу аны өстүрүүгө умтулуу керек.

Мурдагы билимдин жардамы менен *билим казууга* жетишкидей кылып окутуш керек — дидактиктин устаттыгы, менимче, мына ушунда. Мугалимдердин сабагына кирүү жана ага талдоо жүргүзүү менен мен окуучулардын акыл

эмгегинин дал ушул белгиси боюнча мугалимдердин педагогикалык устаттыгы жөнүндө жыйынтык чыгарам.

Окуу ойлоонун — билимге ээ болуунун иши болуп калышына кантип жетишүүгө болот? Бул жерде эмне абдан маанилүүрөөк?

Билим казуу — бул чындыкты ачуу, суроого жооп берүү дегендикке жатат. Окуучуларыңыздын алдына суроо туулушу үчүн алар түшүнүксүз нерсени көрүшүнө, туюшуна, сезишине жетишүү керек. Буга жетише алсаңыз — ал ийгиликтин жарымы.

Бирок буга оңой эле жетишүүгө болбойт. Сабакка даярдануу учурунда суроо туудуруучу чырмалышкан себеп-натыйжалуу, бирок адегенде байкалбаган түйүндүү материалдарды таап алуу керек. Анткени суроолор бир нерсени билүүгө кызыктырат.

Мына менин алдымда «Фотосинтез» сабагынын материалы турат. Өсүмдүктүн жашыл жалбырагында кандай кубулуштар болорун окуучуларга айтып беришим керек. Мунун баарын илимий жактан жетик, теориялык жана дидактикалык ырааттуулук менен баяндоого болот эле, бирок окуучулардын акыл эмгегин жандандырууга жетишүү милдети орундалбай калат. Себеп-натыйжа байланыштарынын чиркелишкен түйүндөрү кайда? — деп мен материалдын тегерегинде терең ойлоном. Мында эң башкы түйүн — органикалык эмес заттын органикалык затка айланышы. Бир укмуш сырдуу көрүнүш: өсүмдүк кыртыштан жана абадан органикалык эмес заттарды алып, аларды өзүнүн татаал организминде органикалык заттарга айландырат. Органикалык заттын түзүлүшүнүн бул процесси эмнени билдирет? Күн нурунда минералдык семирткичтердин жансыз затын ширелүү жумшак помидорго, жыты аңкыган кызыл гүлгө айландыруучу акылга сыйбас бул татаал лабораторияда — өсүмдүк организминде эмнелер болуп жатат?

Мен бул суроо окуучуларды ойлонткудай, баары менин көз алдымда болуп жатса, мен ал жөнүндө мурда ойлобопмун дегендей толкундатууга *алып келгидей* айтып берем.

Окуучуларды суроо берүүгө кантип тартууга болот?

Бул үчүн эмнени айтууну, ал эми эмнени аягына чыгара айтпай коюуну билүү зарыл. Аягына чыга айтпай коюу — окуучулардын ой жүгүртүшүнө «жем» таштайт. Бул жерде бардык учурга ылайык келе турган эч бир ык жок. Бардыгы конкреттүү материалдын мазмунуна жана окуучунун мурдагы билимине байланыштуу. Ошол эле бир материал боюнча бир класста бир нерсени аягына чыга-

ра айтпай коюу керек болсо, экинчи бир класста андай эмес.

Мына ошентип, окуучунун алдында суроо пайда болду.

Андан ары мен суроого жооп берүү үчүн окуучулар биология сабагында, эмгек процессинде жана китеп окуганда ээ болушкан билиминин бардык запастарынан зарыл билимди алууга умтулам. Суроого жооп берүү үчүн мурдагы билимин ишке тартуу билим казуу болуп саналат. Бул жерде окуучуларды биринин артынан бирин чакырып, ар кандай жооптордон жалпы жооп алуу үчүн ким эмне сүйлөп жаткандыгын угуп отуруунун кереги жок. Ишке мындай мамиле кылганда сыртынан активдүүлүк бар сыяктанып көрүнөт, бирок ар бир окуучунун чыныгы ой жүгүртүүчүлүк активдүүлүгү боло бербейт: бирлери эсине түшүрүп жооп беришет, башкалары болсо угуп гана отурушат. А мен баарынын ой жүгүртүшүн, акылын ары-бери экчеп көрүшүн каалайм. Мына ошондуктан көп учурда мындай да болот: окуучуларды суроонун жообуна жакындатуу менен, айрым жеке («кичинекей») суроолорго жооп берүүгө чакырбастан, материалды өзүм түшүндүрүп кирем.

Окуучулар билимге ойлонуу менен ээ болсун үчүн мугалим *алардын билим деңгээлин жакшы билиши* керек. Бир окуучу окулган материалды эсинде эң жакшы сактаса, башкасы кайсы бирин унутуп коёт. Бул жерде мен акыл эмгегинин мына мындай жетекчиси болуум керек: ар бир окуучу менин айткандарымды угуп, бирок өз жолу менен баруута, билим сандыгында сакталгандардан өзүнө бирдеме алуусун көздөймүн, ал эми ал сандыктын кээ бир жери бош болсо, эгерде кимдир бирөөндө ой жүгүртүүнүн жиби үзүлүп кетсе, ал боштукту кошумча түшүндүрүү менен толуктап, ой жүгүртүүсүн улашым керек. Бирок бул дагы чоң кылдаттыкты жана устаттыкты талап кылат. Күчтүү окуучу мурда окулгандардан кандайдыр бир жаңылык таап алсын үчүн кайталап түшүндүрүүнүн башкача формаларын издейм. Билимде бош жана үзүлгөн жерлер жок болсо, мен кыскача гана түшүндүрүп өтөм. Мында курулай активдүүлүк жок, окуучулар унчугушпайт, суроолорго жооп беришпейт, бири-бирин толукташпайт, бирок мында — билимге ээ болгондук бар. Билимди ушундайча казуу формасын мен окуучу өз акыл-оюна сүңгүп кириши, өзүнүн билим кенчин аңтарып көрүшү деп атар элем.

## 13. Окуучуларды фактылардан абстракттуу чындыктарга кантип алып барыш керек

Сизге, албетте, мына мындай көрүнүш менен кездешүүгө туура келсе керек: окуучу эрежени, законду, формуланы, корутундуну жакшы жаттап алган, бирок ошо билгенин пайдалана билбейт, жаттап алгандарынын маанисине түшүнбөгөн учур да болот. Мындай кесепет өзгөчө грамматиканы, арифметиканы, алгебраны, геометрияны, физиканы, химияны, башкача айтканда, мазмуну жалпылоо системасынан турган предметтерди окуп үйрөнүүдө сезилет, ал эми алар боюнча алган билим баарынан мурда ал жалпылоолорду практикалык иште колдонуу ыгын билүүдөн көрүнөт.

Адатта мындай учурда окуучу түшүнбөй эле жаттап алыптыр деп айтышат. Бирок ал эмне үчүн жаттап алды? Бул жаттап алуу кесепетин кантип болтурбай коюш керек?

Эсте сактоо (жаттап алуу) түшүнүүгө негизделүүгө тийиш. Окуучулардын көп сандаган фактыларды, предметтерди, көрүнүштөрдү ой жүгүртүү аркылуу түшүнүшүнө жетишүү керек. Али түшүнүлбөгөн нерселерди эске тутууга жол бербегиле. Факты нерсе, кубулуштарга ой жүгүртүүдөн абстракттуу чындыкты (эреже, формула, закон, корутунду) терең түшүнгөнгө чейинки аралыкта билимге ээ болгондукту билдирген практикалык жумуш жатат.

Тажрыйбалуу мугалимдер балдарды фактыларга, предметтерге, көрүнүштөргө терең ой жүгүртүү процессинде эске сактап калгыдай окутат. Мына, окуучуларга орус тилинде ажыратуу белгисин туура жазуу эрежеси деген суроо коюлду. Көп сандаган фактыларды — ажыратуу белгилери көп кездешкен сөздөрдү талдоо, ал сөздөрдүн жазылышын түшүндүрүү аркылуу эрежени эске тутуп калууга жана аны пайдалана билүүгө үйрөтөт. А чынында эреже улам жаңы фактыларда улам-улам ойго түшүп турат. Окуучулар акырындап жалпыланган чындыкты окуп үйрөнүп жатканына көзү жетет. Бул чындыктын көп сөздөргө колдонулушун эреже катары түшүнүшөт. Ал көп ирет ойго түшүп тургандыктан эсте калат.

Тажрыйбалуу мугалимде эреже, корутунду атайын жаттатпаса деле эсте сакталып калат, анткени фактыларга маани берип түшүнүү — ошол эле убакта жалпылоону бара-бара эске тутуу болуп калат. Ой жүгүртүп түшүнүү менен жаттоонун биримдиги канчалык ачык-айкын болсо, билим ошончолук жугуп, окуучу билимин практикада ошончолук көбүрөөк пайдалана алат. Практикалык ишинде би-

лимин пайдалана билиши окуучу билимди эсинде кандайча сактап калганына байланыштуу. Эгерде фактыларды, кубулуштарды терең ой жүгүртүүсүз, талдоосуз карандай жаттап алган болсо, окуучу аны колдоно билбейт.

Бул — педагогикалык процесстин эң маанилүү закон ченемдүүлүгү. Эгерде окуучу башталгыч мектепте эле фактыларга, кубулуштарга ой жүгүртүү процессинде абстракттуу чындыктарга акылы жетсе, анда ал өз ара байланышкан бир катар нерселерди, предметтерди, фактыларды, жагдайларды, көрүнүштөрдү, окуяларды оюна камтый биле турган акыл эмгегинин өтө маанилүү белгисине ээ боло тургандыгы, башкача айтканда, ал себеп-натыйжалуу, функциялуу, убакыт арасындагы байланыштардын үстүнөн *ой жүгүртө* ала тургандыгы тууралында мен көп жылдык тажрыйбадан улам ишендим. Арифметикалык маселелердин шартынын үстүндө (өзгөчө IV—V класстарда) ойлоно билүү абстракттуу жалпылоолорду бала канчалык түшүнөрүнө байланыштуу экенине мени көп сандаган фактылар ишендирди. Жетишерлик фактыларга маани бербей эле абстракттуу жалпылоолорду жаттап алышкан окуучулар маселелердин үстүнөн ой жүгүртө билишпейт, өлчөмдөрдүн көз карандылыгын оюна камтый алышпайт. Ал эми тескерисинче, окуучунун акыл эмгегинде абстракттуу чындыкты эске сактоо фактыга ою менен тереңдөөгө негизделсе, эгерде ал *жаттап албай, эсине сактаса,* анда ал арифметикалык маселеден, цифралардан кандайбир комбинациясыз эмес, өлчөмдөрдүн өз ара көз карандылыгын көрө билет. Маселенин шартын окуп ага ой жүгүртүү менен, ал адегенде сандарга көңүл бөлбөстөн, ачык-айкын арифметикалык амалсыз эле маселени жалпы жонунан чыгарат.

Окуучулардын арифметика боюнча (андан кийин алгебра боюнча) артта калуусу — бул акыл эмгегиндеги кыйындык менен байкалуучу кемчиликтердин натыйжасы экендигине мен көп сандаган фактылардан, балдардын тагдырларынан улам ишендим. Предметтер аралык байланыш жөнүндө эң эле көп айтылууда. Башка предметтердин материалы менен айкалуучу түйүндү өзүнүн предметинен издөө керектиги ар бир мугалимге маалим. Бирок предметтер аралык байланыш ушу менен гана чектелбейт. Абдан терең байланыш — материалдын өзүнүн мазмунуна караганда акыл эмгегинин мүнөзүндө көбүрөөк экенине мен терең ишенем. Окуучулар илимий негиздерге таянып жүргүзгөн акыл эмгеги — математика балдарга тарыхты өздөштүрүү үчүн жардам берүүгө, ал эми тарых матема-

тикалык жөндөмдүн өсүшүнө түрткү берүүгө алып келет.

Башталгыч класстар менен тил, адабият мугалимдеринин көпчүлүгү окуучулар грамматикалык эрежелерди түшүнүү менен өздөштүрүшү үчүн күрөшүп жатышкандыгы белгилүү. Окуучулардын кыйла бөлүгүнүн сабатсыздыгы — мектеп үчүн чоң кырсык. Мен мындай фактыны билем: орус тили боюнча материалды биринчи жолу окуп үйрөнүүдө окуучу раз-, без-, рас-, бес- деген сөз алды мүчөлөрдүн жазылыш эрежелерин бекем өздөштүрө албады. Бул эреже боюнча да көп ката кетирди. Артта калууну жоюуга аракеттенип, мугалим окуучуга эрежеге ылайык улам жаңы көнүгүүлөрдү берип турду. Адегенде эрежени жакшылап кайтала, андан кийин көнүгүүнү орундат деп үйрөттү ал. Бул иш кантсе да оң жыйынтыкка алып келүүгө тийиш эле. Бирок мындай болуп чыккан жок: X класстын окуучусу каталарды жиберип, сочинение экзамениnde *«разцветает», «расбежался»* деп жазды.

Себеби эмнеде? Таңгаларлык бул көрүнүштүн себеби кайда? Көп жылдык тажрыйбадан улам билимди колдоно билүүнүн (же билбөөнүн) жана билимге ээ болуу процессинде фактыларга маани берүүнүн ортосундагы өз ара көз карандылык грамматиканы окуп үйрөнүү учурунда ачык көрүнөт деген жыйынтыкка келдим. Мында абстракттуу чындык жалпылоо (грамматикалык эреже) менен *биринчи жолу таанышуу* чечүүчү мааниге ээ. Материалды биринчи жолу окуп үйрөнүүдө окуучу көп ката жибербөөсүнө жана ошол эле убакта ал эрежени жаттап, аны туура талдап айтышына жетишүү — анчалык жөнөкөй милдеттерден эмес.

Мына ошондуктан материалды алгач үйрөнүү тууралуу атайын сөз айтуубуз керек.

## 14. Материалды алгачкы жолу үйрөнүү

Окуучунун артта калуусунун, сабакка жетишпөөсүнүн негизги себептеринин бири — материалды алгачкы жолу жетишээрлик окуп үйрөнбөгөндүк.

Материалды алгачкы жолу окуп үйрөнүү деп айтканда мен эмнени көңүлгө алып отурам, деги бул терминдин жөнү барбы? Менимче жөнү бар. Билим дайыма өнүгүп турат эмеспи, материалды окуп үйрөнүү да көп убакытка созулат, билимди колдонуунун ар бир фактысы ошол эле убакта алардын өнүгүшү да, тереңдеши да болуп эсептелет. Ал эми алгач окуп үйрөнүү — бул билбегендиктен билимге, фактылардын, кубулуштардын, сапаттардын, белгилердин

маңызын түшүнүүгө биринчи жолу шилтенген чоң кадам болуп эсептелет.

Кыскартылган көбөйтүүнүн формулаларын, мисалы, окуучулар көп сабакта колдонушат. Биринчи сабакта окуп үйрөнүлгөн материалдын формуласын окуучу канчалык терең ойлоп түшүнгөндүгүнө эң көп нерселер: баарынан мурда жаңы билимге ээ болуунун каражаты болууга дайыма даяр туруу, башкача айтканда, ал жаңы, кийинки түшүнүктөрдү, чындыктарды биринчи жолу окуп үйрөнүүгө байланыштуу экенине мени тажрыйба ишендирди. Бул дагы маанилүү закон ченемдүүлүктөрдүн бири: окуучунун аң-сезиминде түшүнүксүздүктөр, бүдөмүк, үстүртөн элестөөлөр канчалык аз болсо, анын ийнинде артта калуунун жүгү канчалык аз болсо, анын акыл-ою жаңы материалды алгач окуп үйрөнүүгө ошончолук көбүрөөк даяр да, сабактарда акыл эмгеги ошончолук натыйжалуу болот.

Материалды алгачкы үйрөнүүнүн сабагы мына бул мааниде өзгөчө болууга тийиш: бул жерде *өзгөчө ачык-айкындык* зарыл, бул жерде окуучунун өз бетинче жүргүзгөн акыл эмгегинин натыйжалуулугу *өзгөчө* мааниге ээ болот. Материалды алгач үйрөнүүдө *ар бир окуучунун* акыл эмгегинин натыйжасын көрүүгө тырышкыла. Материалды алгач үйрөнүүдө, «жугумсуз» окуучулардын — жай ойлогондордун, кеч түшүнгөндөрдүн, материалдын маңызын ойлоп түшүнүү үчүн кыйла көп факты жана убакыт талап кылгандардын (көп учурда алар түшүнүш үчүн окуучулардын негизги массасына берилген фактылардан башкасы берилиш керек) өз алдынча жумушун көрүү өтө маанилүү.

Тажрыйбалуу мугалимдер материалды алгачкы жолу үйрөнүүгө арналган сабакта окуучу ишти өз алдынча кандай орундатып жаткандыгын көрүүгө дайым умтулат. Мындай сабакта өз бетинче иштөө жумушу сөзсүз болууга тийиш, анткени анын жүрүшүндө фактылар ойлонуп түшүнүлөт жана жалпылоочу чындыкка «тиши өтө» баштайт (бул жерде сөз табият сабактары, ошондой эле грамматика жөнүндө болуп жатат).

Ойлоп түшүнүүдө билимди колдоно билүүнүн элементи болгону өтө маанилүү. Мына ушул жерде «жугумсуз» окуучулар менен иш жүргүзүлүүгө тийиш: «алардын ар бирине келип, ар бириндеги кыйынчылыкты көрүүгө тийишпиз, ар бирине арналган гана тапшырманы берүүбүз зарыл. Кээде сабакта тигил же бул окуучуга өз-өзүнчө үй тапшырма берүү зарылчылыгы байкалат; адатта тажрыйбалуу мугалим аны ушул жерде, сабакта берет. Сабакка жетишпеген окуучунун акыл эмгегинин натыйжалуулугу баа-

рынан мурда материалды *алгач сабактын дал өзүндө* окуп үйрөнүү учурунда ал канчалык системалуу, такай иштегендигине байланыштуу: окуучулардын жакшы жообун гана угууга, доскадан көчүрүп алууга жол бербөө керек; өз алдынча ойлонууга жана далалаттанууга аны сөзсүз, чыдамкайлык, сыпаалык менен мажбурлап, ар бир сабакта акыл эмгегинде кичине болсо да ийгиликке жетиштирүү зарыл.

Грамматиканы окуткан кезде мен материалды алгачкы жолу үйрөнүү сабагында жана ушул эле сабактан кийин окуучу жазуу боюнча көнүгүүлөрүндө ката жибербөөсүнө дайыма жетишчүмүн. Мүмкүн бул акылга сыйбагандай туюлар, бирок бул чындык: окуучу сабакта бир да ката жибербесе, ал сабаттуу болот. Ал эгерде класста ката жиберилбесе, алар үйдө иштеген көнүгүүлөрүндө да болбойт (же өтө аз болот). Тилчинин жумушунун негизги кыйынчылыктарынын бири — окуучулар сабактагы жазуу иштеринде ката жиберишет; мугалимдин катасы — каталардын болбошуна жетишүүнү алдына максат кылып койбогонунда.

Иш жүзүндө кантип катасыз жазууга жетишүүгө жана муну менен илимдин бекем негизин түзүүгө болот? Бул көп нерсеге, а балким баарынан мурда окуучунун шыдыр окушуна байланыштуу. Сабаттуу, катасыз жазуу үчүн окуучу шар окуй билиш керек. Сабактын түзүлүшүнө, андагы жумуш методдоруна жана ыкмаларына байланыша турган да башка көз карандылыктар бар. Грамматика сабагына даярданып жатканда окуучу кандай, кайсы сөздөн ката жибериши мүмкүн экендигин жана аны ким жибере тургандыгын алдын ала көрө билүүгө умтулдум. Алдын ала түшүндүрүлбөгөн бир да «шектүү» сөз калтырылбады.

Материалды алгач үйрөнүүдө окуучу факты, көрүнүш, закон ченемдүүлүктөрдү үстүртөн ойлоп түшүнүүгө, мисалы, грамматикалык эрежени алгач үйрөнүүдө ката жиберишине, математикалык закон ченемдүүлүктү алгач үйрөнүүдө мисалды туура эмес орундатууга, маселени туура эмес чыгарууга жана башкаларга жол бербөөгө кеңеш кылам.

### 15. Жаңы материалды ойлоп түшүнүү — сабактын бир этабы

Сыягы ар бир мугалим мындай көрүнүшкө кабылган болуу керек: кечээ сабакта эрежени (аныктаманы, закон-

ду, формуланы) баары эң жакшы түшүнүшкөн, жакшы жооп беришкен, мисалдарды келтиришкен; ал эми бүгүн караса, класстын жарымынан көбү окугандарын кандайдыр бүдөмүк элестетишет, ал эми кайсы бири материалды эчак унутуп койгон. Көрсө, үй тапшырмасын орундатып жатып, көп окуучу орчундуу кыйынчылыкка кабылышкан. Класста болсо бул кыйынчылыктар байкалган эмес.

*Түшүнүү* — бул али *билгенге* жатпайт, түшүнүү али билим эмес. Билим бекем болуш үчүн *ойлоп түшүнүү зарыл.*

Ошондой түшүнүү деген эмне? Окуучу кабылдаган нерсенин үстүндө ой жүгүртөт, материалды ал канчалык туура түшүнгөндүгүн текшерет, ээ болгон билимин турмушта колдонууга аракет кылып көрөт.

Мисал келтирейин. Геометрия сабагында окуучулар тригонометриялык функциялар жөнүндө биринчи түшүнүк алышат. Мугалим эки функционалдык көз карандылыкка — синус менен косинуска аныктама берет. Материал кыйын деле эмес, баары түз эле түшүнүктүүдөй көрүнөт. Бирок бул түшүнүү али бекем өздөштүргөндүккө жатпайт. Түшүндүрүүдө кийин жаңысына ой жүгүртүп көрүү үчүн убакыт берилет. Окуучулар жумушчу дептерлерин ачышат да, тик бурчтуу үч бурчтукту сызышат, мугалим түшүндүргөндүн баарын жазып алышат, синустун жана косинустун аныктамаларын кайталашат, өздөрүнүн мисалдарында функционалдык көз карандылыктарды көрсөтүшөт. Бул жерде билимдерди кайталоо алардын биринчи жолу, элементардык колдонушу менен айкалышат. Ошондо өзүн-өзү текшерүүдө көп окуучулар түшүндүрүү жолун айта албаганы, аны кайталап бере албаганы билинет. Түшүндүрүүдө бул же тигил жерин унутуп койгондугуна көзү жетип, окуучу окуу китептерине жардамга кайрылат, бирок аптерден мурда ал баарын өзү эсине түшүрүүгө тырышат.

Жаңы материалды атайын ойлоп түшүндүрүү этабы эң «начар», сабакка жетишпеген окуучулар үчүн өзгөчө зарыл. Тажрыйбалуу педагогдор материалдын себеп-натыйжалуу байланыштарынын, башкача айтканда, билимдердин негизи болуп саналган түйүндүү жерлерине сабакка жетишпеген окуучулардын өзгөчө көңүл бурушуна чоң маани беришет. Сабакка жетишпеген окуучулардын билиминин бекем эместигинин булагы — фактылардын, кубулуштардын, чындыктардын, закон ченемдүүлүктөрдүн бири-бири менен айкалышын — себеп-натыйжалуу, функциялуу убакыт, аралык жана башка байланыштарды пайда кылып жаткан «түйүндөрдү» алар көрө билишпей, түшү-

нүшпөй жаткандыгында экендигине көп жылдык тажрыйба ишендирди.

Сабакка жетишпеген окуучулардын көңүлүн мына ушул «түйүндөргө» буруууга тийишпиз.

Окуучуларга чакчыл түрмөк түшүндүрүлүп жатты дейли. Бул учурда кыйынчылык менен баамдалуучу «түйүн» — мында чакчыл башкы баяндоочто — этиште экинчи даражадагы баяндооч катары кызмат кылгандыгында. Ой жүгүртүп түшүнүү үчүн окуучуларга убакыт берип, сабакка жетишпегендердин көңүлүн буга бурамын: чакчыл түрмөктүү сүйлөм түзүп, анда бир эле нерсе аткаруучу эки аракет көрсөтүлүүгө тийиш, бирок бир аракет негизгиси, башкысы, ал эми экинчиси — көз каранды, экинчи катарда болуу керек. Окуучу чыныгы аракеттердин үстүндө ой жүгүртүп, сүйлөмдөрдү түзөт.

Сабакта үйрөнүлгөн материал канчалык накта теориялык мазмунда болсо да, аны жакшы өздөштүрүү үчүн практикалык жумуш берүү мүмкүнчүлүгү ар дайым табылат. Тарых жана адабият сабактарында жаңыны ой жүгүртүп түшүнүү — жаңы эле түшүндүрүлгөн материалдагы себеп-натыйжаларды, маанилик байланыштарды издөө менен коштолуп турат. Мисалы, мугалим Россиядагы дыйкандардын 1861-жылы крепосттук көз карандылыктан бошогону жөнүндө айтып берди дейли. Бул жаңы материалды (5—7 минутада) ойлонуп түшүнүү үчүн суроолор берилет: эгерде падыша өкмөтү дыйкандарды бошотпогон болсо, Россиянын айыл чарбасы кандай жол менен өнүгөт эле? 1861-жылга чейин Россиянын айыл чарбасындагы жана өнөр жайындагы капитализмдин өнүгүшүнүн ортосунда өз ара кандай байланыш бар эле жана бул байланыш дыйкандар бошотулгандан кийин кандай билинди? Россияда капитализмдин өнүгүшүнө 1861-жылдан кийин эмнелер тоскоолдук болуп кала берди? Ал түгүл 1861-жылкы реформадан кийин да Россиянын айыл чарбасында феодалдык калдыктардын жашап калышынын себеби кайсылар? Чоң кагазга жазылган бул суроолор түшүндүрүүдөн кийин эле доскага илинип коюлат. Ушундан тарта сабактын абдан иштиктүү, кызыктуу этаптарынын бири башталарына бекем ишенем. Окуучулар мурда окулган бөлүмдөрдүн материалын эстерине түшүрүшөт, окуу китебин үңүлүп карашат (айтмакчы, окуу китеби гуманитардык предметтердин сабагында баарынан мурда жаңыны ойлоп түшүнүү үчүн керек). Менин көз карашымда, окуу процессинде эң керектүү, эң пайдалуу нерсе — мурда окулган материал *баарын катары менен окуусуз* кайталанат. Мындай кайта-

лоо абдан натыйжалуу, анткени ал маңызы боюнча — ой жүгүртүү.

Ошентип, ар бир сабакта жаңыны өздөштүрүүгө мүмкүн болушунча көбүрөөк убакыт бөлүүдөн коркпоңуз. Бул убакыт өзүн жүз ирет актайт. Билимге ой жүгүртүп түшүнүү убагындагы акыл эмгеги канчалык натыйжалуу болсо, окуучу үй тапшырмасын орундатууга ошончолук аз убакыт жумшайт, кийинки сабакта үй тапшырмасын текшерүүгө аз убакыт кетет, кийинки жаңы материалды түшүндүрүүгө ошончолук көп убакыт калат. Бул көз карандылыктын маанисин түшүнсөңүз: жаңы материалды окуп үйрөнүүгө убакыт жетпейт, анткени ал убакыт үй тапшырмасын текшерүүгө кетет, ал эми үй тапшырмасын текшерүү көп убакытты талап кылат, анткени материал жетишерлик түрдө жакшы үйрөнүлбөгөн деген арга кетирген абалдан кутуласыз.

## 16. Үй тапшырмаларын текшерүүнү кантип натыйжалуу акыл эмгеги кылууга болот

Үй тапшырмаларын текшерүүдөгү жөнсүз жагдай мени бир топ жылдар бою тынчсыздандырды, анткени көп учурларда убакыттын көбү текке кетчү. Анан ар бирибизге маалим көрүнүш болот: чакырылган окуучу жооп бере баштаганда эле баары өз иши менен алагды, таза болбосо чакырылуучу окуучу гана жообун камдап турат. Тапшырманы текшерип жаткан кезде берилген суроолорду бардык окуучулардын ойлошуна, бүт класстын аткарган жумушун текшерип чыгуу мүмкүнчүлүгүнө кантип жетишүүгө болот деген ой мага тынчтык бербеди.

Жардамга жумушчу дептер келди. Геометрия сабагы, үй жумушун текшерүүгө класс даяр. Бүт класска мугалим мындайча тапшырма берет: тегерек аянттын формуласын чыгаргыла, тегерек аянтка маселе түзгүлө жана аны чыгаргыла, үч бурчтуктун теңдигинин белгилерин кыскача түзгүлө. Бардык окуучулар тапшырманы жумушчу дептерине жазышат. Бул жерде дептер досканын ролун аткарат да, доскага азырынча эч ким чакырылбайт. Мугалим ар бир окуучу чыгарып жаткан формуланы канчалык терең түшүнгөндүгүнө ишенгиси келсе, анда ал окуучудан эмне үчүн ушундайча чыгарып жатканын түшүндүрүүнү өтүнөт. Бул учурда окуучуну доскага чакыруунун зарылчылыгы деле жок. Ар бири доскага чакырылгандай болуп иштеп жатат. Мугалим каалаган убагында тапшырманы орундатуунун бул же тигил этабында — бүткүл

класстын же окуучулардын бир бөлүгүнүн ишин токтотуп коё алат.

Жумуштун бул формасынын артыкчылыгы — баарыдан мурда окуучулардын билимин алардын бардык билгендерин кайталап айтып берүүсүз эле текшерүүгө болгонунда. Мугалим окуучулардын билими жөнүндө кыскача кабардар болот. Мында ар бири таптакыр өз алдынча иштешет. Бул жерде дагы эки кырдаал маанилүү: биринчиден, билимди текшерүү — аны активдүү колдонуу дегендик болуп саналат; экинчиден, жетишпеген окуучулардын ишин көңүл коюп байкоого, алардын күчүн жана чамасын эсепке алууга мугалимге мүмкүнчүлүк берет.

Биздин мектепте III—X класстарда үй тапшырмаларын текшерүү убактысында бардык окуучулар жумушчу дептерлерин пайдаланышат. Биз эми тапшырмаларды ушундайча текшерүүгө көнүп алдык. Мындай текшерүү ойдун кыска, үнөмдүү берилишине үйрөтүү менен жаттап алуудан сактай тургандыгын тажрыйба көрсөттү. Жаттап алууга умтулушкандар эч убакта суроого кыска, так жооп бере албайт, эң башкысын айта билбейт. Билимди ушундайча текшеришибиз окуучуларды окуп, жаттап баратып ойлонууга үйрөтөт.

Эгерде жалпылоолор (эреже, формула, закон, корутундулар) боюнча билимди жаңы фактылар боюнча жалпылоолорду жаңы ой жүгүртүү менен текшерсе, анда билимди текшерүү убактысында акыл эмгегинин натыйжалуулугу бир кыйла өсөт. Бизде, башталгыч класстарда, адатта сабактын башталышында билимдерин текшерүү үчүн атайын убакыт бөлүнбөйт. Билимдерди текшерүү алардын тереңдеши, өсүшү, колдонулушу менен айкалышып кетет. Мисалы, мугалим сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүн, ээ менен баяндоочтун, баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн ортосундагы грамматикалык байланыштарды аныктоону окуучулар кандай өздөштүргөндүгүн текшерүү керек дейли. Окуучулар жумушчу дептерин ачышат. Мугалим 6 сүйлөм түзгүлө, атооч жана башка бардык жөндөмөлөрдө *жол* деген сөз тургудай болсун, баш жана айкындооч мүчөлөрдүн ортосундагы грамматикалык байланыштарды аныктагыла деген тапшырма берет. Тапшырманы эң тез аткаргандар үчүн дагы бир иш сунуш кылынат: бир, эки, үч өңчөй баяндооч катыштырып үч сүйлөм түзгүлө. Бул жумушту орундатууда окуучулар билимин колдоно билишет жана аларды тереңирээк ойлонуп түшүнүшөт.

Билимди текшерүүнүн бирден-бир максаты — окуучуга баа коюу гана болбосун. Билимди баалоо башка максат-

тар менен, баарынан мурда билимди жаңылап ойлоп түшүнүү, өстүрүү, тереңдетүү менен мүмкүн болушунча көбүрөөк айкалышкандай болсун. Ар бир жоопту, ар бир жазуу ишин баалоо менен ыгы жок чектен чыгып кетпегиле, бул терс натыйжаларга алып келет. Эмне үчүн мындай — атайын түшүндүрүү ажеп.

## 17. Баалар салмактуу болууга тийиш

Билимдин бааланышын педагогикалык процесстен кандайдыр бир обочолонгон нерсе катары кароого жол берилүүгө тийиш эмес. Мугалим менен баланын ортосундагы мамиле өз ара ишенимге жана ак ниеттүүлүккө негизделгенде гана баа активдүү акыл эмгегине түрткү болот. Чынчынына келгенде баа — бул тарбиялоонун эң бир кылдат куралдарынын бири. Мугалим койгон баага окуучу жасаган мамиле боюнча ал мугалимге кандай карай тургандыгын, ага канчалык ишенип, кадырлай тургандыгын жаңылбай айтса болот. Билимди баалоо боюнча бир нече кеңеш бергим келет.

Биринчиден, баалар аз коюлсун, бирок ар бири салмактуу, маанилүү болсун. Менин өзүмдүн көп жылдык педагогикалык турмушумда орто мектептин окуу планынын дээрлик бардык предметтерин (черчениеден башкасы) окутууга туура келди. Окуучунун бир сабактагы жообуна (мейли, эки, үч жана андан да көп суроолорго болсун) мен эч убакта баа койгонум жок. Баа окуучунун мерчемдүү бир мезгилдеги эмгегин, башкача айтканда, эмгектин бир нече түрүн — анын суроого жообун да (мүмкүн бир нече жообун), жолдошунун жообун толуктоону да, жазуу жумушун да (анчалык чоң эмес), класстан тышкаркы окууну да, практикалык мүнөздөгү жумушту баалоону ичине алат. Мерчемдүү мезгилге чейин мен окуучунун билимин текшеремин, муну ал да сезет. Убакыт жеткенде: «Мына эми мен сага баа коёмун»,— деп айтамын. Билимин текшерип билүүнүн кийинки мезгили башталат, көз жаздымымда эч нерсе калбасын окуучу билет. Окурмандардын биринде: «Бардыгын эсиңе тутуп тура аласыңбы?» — деген суроо туулушу мүмкүн. Балким, окуучунуң акыл эмгегине тиешелүү бардык нерселерди эсинде сактап калууда кээ бирлер кыйналышы мүмкүн, бирок бул мага ар дайым эң маанилүү нерсе болуп көрүнчү. Көңүлгө татырлык нерселерди унутуп коюп, окутуу менен тарбиялоого жана тарбиялоо менен окутууга болобу?

Экинчиден, эгерде окуучу тигил же бул шарттын, жаг-

дайдын айынан билбей калса, мен эч убакта жаман койгонум жок. Бала үчүн келечеги жоктугун сезүүдөн, эч нерсеге жөндөмсүзмүн деп ойлоодон өткөн кордук жок. Кайгы тартуу, кыжырлануу окуучунун бүткүл акыл эмгегине так салып, анын мээсин селейтип таштайт. Келечекке ишеним менен кароо гана ойдун өзөнүнө куйган жандуу булак болуп саналат. Көңүлсүздүк, ындыны өчкөндүк ойду жандандырган мээни сенейтип, эмгекке акыл-эстүү мамиле кылууну туудурбайт да, тескерисинче, алар аны матап салат. Мен дайыма окуучу өз күчүнө ишенишине далалат кылдым. Эгерде окуучу билгиси келсе, бирок ага жетише албаса, кичине болсо да алга кадам шилтеши үчүн ага жардам берүү керек, бул кадам ойдун эмоциялык дүрмөтүнүн — аңдап билүү кубанычынын башаты болуп калат.

Эч убакта жаман баа коюуга ашыкпаңыз. Ийгиликтин кубанычы — бул таасирлентүүчү кубаттуу күч, баланын жакшы болууну каалашы ушуга байланыштуу экени эсиңизде болсун. Баланын бул ички күчү эч убакта начарлап кетпесин үчүн камкордук көрүңүз. Эгерде ал жок болсо, педагогикалык эч кандай айла-амал жардам бере албайт.

Үчүнчүдөн, окуучулардын билими бүдөмүк экенин, үйрөнүп жатышкан нерсе жана кубулуштар жөнүндө түшүнүгү тайкы экенин билсеңиз таптакыр эле баа койбоңуз. Ар бир класста менин окуучум бар, жан дүйнөсүн кылдат изилдеген окуучум бар, сурагандарымды ал түшүнгөнүн же түшүнбөгөнүн көздөрүнөн көрүп турам. Эгерде бул окуучунун көздөрү жооп берүүгө даяр эместигин билдирип турса, мен ага такыр эле баа койбойм — элден мурда окуучунун билишине жетишим керек.

Төртүнчүдөн, мугалим баяндаганды же китептен окуп алынганды дал өзүндөй кайталап айтып берүүнү талап кылуучу суроолордон качуу керек. Педагогикалык процессте эң кызыктуу бир нерсе бар — мен аны билимдин трансформацияланышы (өлчөмүн өзгөртүп, айландырып туруучу) деп атаар элем. Бул жерде сөз билимге улам ою менен тереңдеп кирүү жөнүндө болуп жатат: анын натыйжасында окуучу мурда окуп үйрөнгөндөрүнө кайрылып, ар бир жолу фактылардан, кубулуштардан, закон ченемдүүлүктөрдөн кандайдыр бир жаңы нерсени көрөт, фактылардын, кубулуштардын, закон ченемдүүлүктөрдүн кандайдыр бир жаңы жактарын, белгилерин, өзгөчөлүктөрүн карап чыгат, талдайт. Билимдин трансформацияланышы кайталоонун негизине салыныш керек. Бул жөнүндө өзүнчө кеңеш бергим келет.

## 18. Окуунун энеси өгөй эне болбоо керек

Кайталоо — окуунун энеси деп ырастайт элдик педагогика. Бирок мээрман эне заардуу өгөй эне болуп калган учурлар кездешет. Бул жумалап, айлап жасагандарды, мисалы, он, жыйырма, андан да көп сабактарда окуп үйрөнүлгөн материалды окуучу бир же бир нече күн ичинде өздөштүрүүгө аргасыз болгон кезде келип чыгат. Фактылардын жана корутундулардын массасы окуучунун ийинин ныгыра басат да, башындагынын баары аралашып калат. Бир предмет боюнча материалды кайталоо менен бирге башка предметтерди да окуу керек эмеспи! Акыл эмгеги нормалдуу болбой окуучунун күчү мертинет.

Кайталоону педагогикалык жактан кантип туура уюштурууга болот? Баарыдан мурда предметтин жана конкреттүү материалдын өзгөчөлүгүн эсепке алууну кеңеш кылам. Айталы, IX класста физика боюнча бир нече параграфты жана тарых боюнча бир нече параграфты кайталоо бирдей эмес.

Физика, алгебра, геометрия, химия өңдүү предметтер боюнча эреже, закон, формула, корутундуну кайталап келүүгө берүү менен, тажрыйбалуу мугалимдер практикалык тапшырма үчүн көнүгүү, маселе, сүрөт, схема жана башкаларды алат. Бул учурда мугалим практикалык бир тапшырманы орундатуу үчүн эки же андан көп жалпылоону билүү керектигине өзгөчө кам көрөт. Мына ушул мүнөздөгү жумушту орундатууда билимдин трансформацияланышынын акыл жактан өсүшү үчүн эң маанилүү процесси жүрөт — жалпыланган чындык алардын өз ара байланыштарында жана көз карандылыктарында кайрадан ойлонулуп чыгат. Окуучу фактыларга, предметтерге, кубулуштарга жаңыча, ага мурда белгисиз болгон жагынан карайт. Мисалы, математика мугалими кайталоо үчүн бир нече маселе берет, аларды чыгаруу менен, окуучу оюнда геометриялык фигуралардын көлөмүн, тригонометриялык функцияларды кайталайт. Эгерде теориялык бир жалпылоо башкасы менен жалгашса, байланышса, «чиеленишсе» билимдердин трансформацияланышында кандайдыр бир чукул өзгөрүш келип чыга тургандыгына — бул эки чындык терең ойлонуу менен түшүнүлүп, окуучу мурда билбегендерди теориялык жалпылоолордон көрө ала тургандыгына, биринин дааналыгы башкасын андан даана кыла тургандыгына көп жылдык тажрыйба ишендирет.

Алгебра, геометрия, физика предметтери боюнча биздин мектептин мыкты мугалимдери практикалык ишинде

*комплекстүү* деп атаган кайталоого кайрылууга кеңеш берем. Ал көп түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы, ар бир окуучуга геометриялык фигуранын моделин жасоо тапшырылат да, анын жардамы менен бир катар маанилүү формулаларды кайталашат. Же болбосо, мугалимдин тапшыруусу боюнча окуучулар бир нече теоремаларды көрсөтүүгө мүмкүн болгон геометриялык фигуралардын схематикалык түзүлүшүн жасашат.

Гуманитардык предметтер, мисалы, тарых, адабият боюнча кайталоо башкача мүнөздө. 7—8 сабакта окулган материалды кайталоо — 40—50 бетти окуу дегендикке жатат. Бул жерде, албетте, материалды окуп үйрөнүү процессинде коюлган талаптагыдай кайталоого болбойт. Мындай көлөмү чоң материалды кайталоодо башкасын даана билип, экинчи катардагыларына көңүл бурбагыдай окуу керек. Эгерде окуучулар кайталоо деп баарын катары менен окуп чыгышса, ашыкча жүк келип чыгат, эң башкысы — материалдын негизги идеясы окуучулардын көз жаздымында калып, алардын тарбиялык таасири төмөндөйт.

Балдарды материалды *ажырата окууга* — майда-баратына көңүл бурбай, эң башкысын үзүлө кароого үйрөтүүбүз керек. Тарых, адабият боюнча темаларды, бөлүмдөрдү кайталоого өзүнчө сабак арнаңыз да, бардыгын катары менен окубай кандайча кайталоого болорун көрсөтүңүз. Сабакта (андан соң үйдө) материалды кайталоо менен «чиеленишкен» билим чөйрөсү канчалык көп болсо, аны өздөштүрүү ушунчалык терең болот.

Өзүңүздүн тарбиялануучуңузду, өзгөчө жогорку класстын окуучуларын экинчи катардагыдан кайып өтүп, көңүлдү башкысына топтоого үйрөткүлө. Бул ык — көз караштын негиздерин түзүүнүн бири.

Кайталоонун дагы бир түрү бар. Математиканы, физиканы, химияны, биологияны окутуу менен, ар дайым бир маанилүү талапты бек туттум: ар бир сабак боюнча жумушчу дептеринин четинен атайын бөлүп коюлган актай тилкечеге эсинде ар дайым сактоого тийиш болгон сөздөрдү кызыл карандаш менен жазып коюшат. Бул эреже, формула, закон жана башка корутундуларды окуучу жумушчу дептеринен карап кайталайт (математика жана физика боюнча — жумасына бир, химиядан — эки, биологиядан — үч жолу).

## 19. Дептер текшергенди кантебиз?

«Дептер текшерүү бош убакыттын баарын жейт». Бул сөз бир мугалимдин катынан келтирилди. Анын алдына миңдеген педагог кол коёр эле. Текшерүүгө тийиш болгон бир таңгак дептерди көргөндө кайсы мугалимдин болсо да жүрөгү зырп этет, себеби — ага көп сааттык эмгек кете тургандыктан эмес, ал бир түрдүү, чыгармачылыксыз эмгек болгондуктан жинди келтирет.

Мугалимдердин жана агартуу кызматкерлеринин оюдептер текшерүү убактысын мүмкүн болушунча кыскартууга багытталган, бирок мындан «эч майнап чыкпай жатат». Эмне үчүн? Анткени окуучулардын дептеринде ката көп. Дептер текшерүү проблемасы — жүздөгөн шарттарга, өбөлгөлөргө байланышкан проблеманын бири. Бул жерде «мына мындай кылгыла» деген кандайдыр бир кеңештин берилиши мүмкүн эмес, эгерде бүткүл мектептин, бүткүл педагогикалык коллективдин ишинде белгилүү шарттар сакталган болсо, дептер текшерүүгө адаттагыга караганда болжол менен убакыттын үч эсе аз жумшалышы мүмкүн.

Мектепте баарынан мурда *сүйлөөнүн жогорку маданияты* болууга, сөзгө өтө сергек сезим өкүм сүрүүгө тийиш. Туура эмес айтылган же жазылган сөз мугалимге гана эмес, окуучуларга да музыканын тилин абдан билген адам үчүн уйкалышпаган нота сыяктуу жат угулушу тийиш.

Башталгыч класстын мугалимдерине: *балдарды сөздүн эмоциялуу жагын сергек сезүүгө тарбиялагыла! Окуучу үчүн сөз музыкадай угулушуна жетишкиле!* — деген кеңеш берер элем. Көркөмдөп айтканда, окуучу сөздүн музыкалуу болууга, анын туура, таза, кооз болушун баалоого тийиш. Балдарды жаратылышка алып баргыла, гүлдөрдүн, добуштардын, кыймылдардын өтө назик жактарын дааналап көрсөткүлө, адамдын эмгегин алардын алдына чыгармачылык катары ачып бергиле, ушунун баары сөзүндө, кебинде чагылышкандай болсун.

Бизде *таң, кеч, чөл, талаа, өзөн, шырылдайт, жылтылдайт, күркүрөйт...* деген өңдүү сөздөргө атайын сабактар арналат. Ар бир сөз боюнча биз балдар менен чыгарма түзөбүз. Сөз баланын жан дүйнөсүнө терең кирет, ал эң бир назик сезимдерди сөз менен билдирүүнү, курчап турган дүйнөдөн алган таасирин аны менен бере билүүнү үйрөнөт. Бул жеңил нерсе эмес, ал түгүл, балким, мектептеги эң татаал илим. Бул илим негизи башталгыч мектепте бе-

рилет. Ал жерде толбогон бөксөнү кийин эч убакта толтура албайсың.

Өзүңөрдүн тарбиялануучуңарды китептен жана ойлоодон аракетке, аракеттен ойлонууга жана сөзгө алып баргыла. Окуучунун аракети өзүнүн ойлоосуна айланышы керек, ал эми ойлоосу сөзгө өтүүгө тийиш. Бул иш жүзүндө: окуучунун ой-пикиринин, ой жүгүртүүсүнүн предмети мүмкүн болушунча анын өзүнүн аракети болсун деген эле кеп. Сиздин тарбиялануучуңуз өз колу менен эмне жасаганын, эмне байкаганын айтып бергидей, талкуулагыдай, баяндагандай болсун. Бул сөздөр ал өзү жасаган, көргөн, байкаган, ойлогон нерселер менен байланышпаган болсо, анда окуучу сөзүнөн чаташат. Окуучу аңгемелеп, баяндап бергидей тапшырма берип, алар мурда болгон билимин колдонууну талап кылгыдай, демек сөз — чыгармачылыктын каражаты болгудай болсун.

Эмне үчүн окуучулар катаны көп жиберишет, эмне үчүн сабатсыз жазышат? Менимче бул билүү ыгы менен билимдин айкалышпагандыгынын кесепети. Предметтердин басымдуу көпчүлүгүнөн асыресе грамматика, адабияттык окуу, математика өңдүү предметтерди окуп үйрөнүүдөн алган билимден билүү ыгы артта калып жатат. Билимди «тейлөөгө» тийиш болгон билүү ыгынын начарлыгынан улам билим күч жеткис оор жүк болуп жатат.

Дептер текшерүүнү жеңилдетүү окутуунун бир катар негизги маселелерине байланыштуу, ошондой болсо да аны жеңилдетүүнүн айрым өбөлгөлөрү бар. Бул үчүн, биринчиден, ар бир грамматика сабагында грамматикалык каталардын жиберилиши мүмкүн болгон сөздөрдү жазып алып, эсте сактап калуу үчүн убакыттын бөлүнүшү тийиш; экинчиден, бул каталарды жибербөө үчүн үй тапшырмаларын орундатууга кылдат, терең ойлонулган даярдык керек; үчүнчүдөн, тажрыйбалуу тил, адабият, математика, физика мугалими дептер текшерүү боюнча өз усулу болот, тажрыйба көрсөткөндөй, эң эле иштиктүүсү кезеги менен тандап текшерүү болуп саналат: мугалим кезеги менен бир топ окуучунун дептерин текшерип турат. Баарыныкын жалпы текшерүү контролдук иштерде гана болот.

### 20. Предметти үйрөнүүдө окуучулардын активдүү ишинин мазмуну

Окуучулар менен иштер алдында тажрыйбалуу мугалим өзүнүн тарбиялануучуларынын активдүү ишинин мазмунун предметтин окутулушунун бүткүл мезгилине (баш-

талгыч мектепте — окуунун бардык циклине) чегерет. Максат — турмушта, эмгекте зарыл билгичтикке гана эмес предметти окуп үйрөнүү системасында, баарынан мурда акыл жагынан тарбиялоо, ойлоосун жана сүйлөөсүн өстүрүүдө да активдүү ишмердигине жетишүү. Окуучунун активдүү ишинин мүнөзүнө көбүнесе анын сабаттуулугу жана рухий турмушундагы сөз ролу байланыштуу экенин биз жогоруда айттык.

Окуучунун активдүү иши анын акыл жактан өсүшүнө түрткү бергидей, ой-пикирин, сөз маданиятын өстүргүдөй, сабаттуулукка тарбиялагыдай кылып кантип уюштурууга болот?

Активдүү иш — бул сөз менен ойду байланыштыруучу көпүрө. Башталгыч мектепте иштөөгө даярданып, мен бардык окуучулар үчүн фактылардын, предметтердин, кубулуштардын, эмгек процесстеринин ортосундагы мамилелерде, байланыштарда ачык-айкын көрүнүп жана билинип тура турган активдүү ишти белгилеп алдым. Башкача айтканда, сабактардан алган билимди гана бекемдеп калбастан, эмгек учурунда окуучуда ой туулушуна умтулдум. Предметти окуп үйрөнүүдөгү иш-аракет билимге иллюстрация гана эмес (бул дагы зарыл), жаңы чындыктардын, ачуулардын, закон ченемдүүлүктөрдүн булагы болуп калууга тийиш. Мисалы, ар бир окуучу бир топ жыл окуганда жемиш багын өстүрөт. Мына ушул убакта ал улам жаңы «ачылыш» жасайт, жаңы ойлор аны толкундатат, аларды ал айтып берет; эмгек аркылуу байкалган мамилелер, өз ара байланыштар жөнүндөгү ой-пикирин билдирүүдө сөз каражат, курал болуп калат, ал активдүү сөздүк запаска кирет, сезимге жана ойго түрткү берет.

Кызыктуу эмгекке берилген адамда башаламан ойлор жана сөзгө чоркоктук болушу мүмкүн эместигин мен жүздөгөн тагдырлардан улам билем, анткени эмгекте улам жаңы мамилелер жана өз ара байланыштар ачылат: окуучу эмгектенүү менен гана чектелбестен, себеп-натыйжалуу байланыштар жөнүндө ой жүгүртөт, талкууга алат, келечек ишин белгилейт. Ой жүгүртүүнүн ачык-айкын чагылышы болгон активдүү иш сөздү өстүрөрүнө, окуучулардын жалпы маданиятын жогорулатарына жыл өткөн сайын көбүрөөк ишендим. Эмгек мектепте окуй баштаган биринчи күндөн колго алынганда жана абдан ойлонулуп уюштурулган шартта гана акылды өстүрүүдө роль ойной тургандыгын айта кетүү керек.

Бизде орто жана жогорку класстардын ар бир мугалими предметти окутууга даярдануу менен, акыл жагынан

тарбиялай турган түшүнүктөр, закон ченемдүүлүктөр менен байыта турган активдүү ишти белгилейт. Обон-күүсүз — музыка, сөзсүз — сүйлөө, китепсиз — илим болбогон сыңары, адамдын жаратылыш менен карым-катнашы болмоюн акылы өспөй тургандыгына мен миң ирет ишендим. Биология, физика, химия, математика өңдүү предметтерди окуп үйрөнүү системасында эмгек жана ойдун, иш менен сөздүн биримдиги — бул мектеп ойдун уюткусу катары таянып турган түркүктөрдүн бири. Бул предметтерди окутууга даярдануу менен, тажрыйбалуу мугалимдер предметти окутуу системасында ой жүгүртүү негиз кылып алынган мамилелер жана өз ара байланыштар кандайча, кайсы эмгекте ачыла тургандыгын ойлоштуруп алышат. Мисалы, физиканы окутуу системасында негизги мамилелер жана өз ара байланыштар, асыресе, энергия, кыймыл, энергиянын айланышы, абалдын өзгөрүшү, кубулуштардын өз ара аракети өңдүү көрүнүштөрдө жана түшүнүктөрдө болот. Физик мугалим бул түшүнүктөрдүн бардыгы конкреттүү мамилелерде ишке ашырыла турган эмгекти уюштурууга мүмкүнчүлүк табат. Механикалык кубатты электр кубатына, электр кубатын жылуулук кубатына айландыра турган прибордун принципиалдуу моделин жасоону бир окуучуга тапшырат. Экинчи бир окуучу механикалык таасир заттын абалын өзгөртүүгө алып келүүчү моделди жасайт. Бул эмгек — билимге жөн гана иллюстрация эмес, *кыймылдагы билим* десе да болот.

Эгерде сиздин тарбиялануучуңуз ой жүгүрткүч адам болсун десеңиз, анын түшүндүрүүсүндө, баяндамасында туура, ачык, логикалык ырааттуу ой так болсун десеңер, анда аны ойго карк эмгекке тарткыла, билим системасынын мамилелерин жана өз ара байланыштарын эмгекте ишке ашыргыла деген кеңеш берер элем мугалимдерге. Эмгек — бул практикалык билгичтик жана машыгуу гана эмес экендиги эсиңерде болсун. Бул баарынан мурда акылдын өсүшү, ой жүгүртүүнүн жана сүйлөөнүн маданияты.

## 21. Баамчылдыкка, көрөгөчтүккө үйрөтүңүз

Байкоо жүргүзүүнү кайсы бир мектептерде акыл эмгегинин активдүү ишинин бир түрү, акылдын өсүшүнүн жолу катары эмес, айрым темалардын, бөлүмдөрдүн иллюстрациясы үчүн каражат катары каралгандыгын айта кетүү керек.

Педагогдук эмгектин маданияты көбүнесе байкоо жүр-

гүзүү окуучулардын акыл жактан өсүшүндө кандай орунду ээлеп тургандыгы менен аныкталат. Байкоолордон билим гана алынбайт, байкоолордо билим *жашап жатат,* байкоо жүргүзүү аркылуу ал ишке чегерилүүдө, курал катары эмгекте колдонулууда деп айтууга болот. Эгерде кайталоо — окуунун энеси болсо, байкоо жүргүзүү — ойлонуп түшүнүүнүн жана билимди эске сактоонун энеси. Баамчыл окуучу эч убакта сабакка жетишпегендерден же сабатсыздардан болбойт. Улам жаңы байкоолор үчүн мурда өздөштүргөн билимди окуучу пайдалана билишине жардам бере алган мугалим окуучунун билими канчалык жогорулаган сайын мына ошончолук бекем болушуна жетишет.

Өсүмдүккө күн, аба жана ным кандай керек болсо, башталгыч класстарда балага байкоо ошондой эле зарыл. Байкоо бул жерде — *акылдын кубатынын* маанилүү булагы. Бала канчалык көп ой жүгүртүп, эсинде көп сактагысы келсе, курчап турган жаратылыштагы, эмгектеги мамилелерди жана өз ара байланыштарды ал ошончолук көбүрөөк көрүшү зарыл.

Башталгыч мектептин окуучуларын тарбиялап жатып, мен аларды *эмне үчүн деген* суроого жооп берүү менен, кадыресе көрүнүштөн адаттан тышкаркы нерсени көрүүгө, себеп-натыйжа байланыштарын издөөгө жана ачууга үйрөттүм.

...Февраль, ызгаар суук. Бирок, бүгүн күн ачык тийди. Биз тунжураган, кар баскан бакка баратабыз. «Балдар, айланаңарга көңүл коюп көз жүгүрткүлө,— жаздын биринчи белгилерин көрүп жатасыңарбы? Силердин араңардан баамсызыңар да эки-үч белгини байкай аласыңар, ал эми карап гана тим болбой, ой жүгүртүп көргөндөр жыйырма белгини көрөт. Табият музыкасын уга билген гана жазгы ойгонуштун биринчи обондорун уга алат. Карагыла, кулак салгыла, ой жүгүрткүлө»,— дейм мен окуучуларга. Балдар кар баскан бутактарды, дарактардын кабыгын кандайча карап жатканын, добуштарга кулак тосконун көрүп турам. Ар бир кичинекей ачылыш аларды кубандырат. Ар бири жаңы бир нерсени тапкысы келет. Анан биз бакка бир жумадан кийин, кайрадан дагы бир жумадан кийин келебиз— ар бир жолу баланын кумардуу көз алдында дагы бир жаңы нерсе ачылат. Кенже класстарда баамдоо мектебинен өткөн окуучу түшүнүктүү жана түшүнүксүз нерсени так ажырата билет; баарынан алгылыктуусу — сөзгө активдүү мамиле кылат. Баамчылдыкка, көрөгөчтүккө үйрөтүлгөн окуучулардан мугалим акылдуу, күтүлбөгөн «философиялык» суроолорду угат.

Курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын байкоого жана көрүүгө үйрөткүлө. Балдарды жаратылышка анда бурулуш, дүркүрөгөн, ыкчам өзгөрүш болуп жаткан кезде — турмуш ойгонуп, жашоонун ички күчтөрү жаңыланып, турмуштук кубаттуу секирик жасоо үчүн күч топтоп жаткан кезде алып баргыла.

Жаш кездеги байкоо жүргүзүү мектеби — акылдын өсүшүнүн зарыл шарты.

## 22. Китеп аркылуу билимди кантип өнүктүрүүгө болот

Тестиер жана өспүрүм кезде илимий-популярдуу жана илимий китептерди окуу кенже куракта байкоо жүргүзгөндөй эле роль ойнойт. Көрө, байкай билген балдар илимий китепти да түшүнө алат. Илимий жана илимий-популярдуу адабияттарды дайыма окубай билимге умтулуу болбогон кеп. Эгерде окуучу окуу китебинин чегинен чыга албаса, билимге дайыма кызыгуу жөнүндө сөз болууга да тийиш эмес.

Илим укмуштуудай темп менен өнүгүп жатат, бирок орто мектептин программасына улам жаңы түшүнүктөрдү, закон ченемдүүлүктөрдү киргизип туруу мүмкүн эмес. Ошондуктан илимий адабиятты окуу — азыркы орто мектепте окуу процессинин маанилүү составдык бөлүктөрүнүн бири болуп калууда.

Окуучуларда илимий адабиятты окууга кызыгууну ойгото билгиле. Бул үчүн программалык жаңы материалды баяндоо менен, кайсы бир суроолорду программадан тышкаркы билим менен да камтый кетүү керек. Тажрыйбалуу биология, физика, химия, математика мугалими сабакты түшүндүрүү менен, илимдин учу-кыйыры жок чексиз дүйнөсүнүн каалгасын ачып, кээ бир нерсени чала түшүндүргөн бойдон калтырат. Окуучу программалык милдеттүү материалдын чегинен чыгуу мүмкүнчүлүгүн көрөт, билимдердин чеги жок деңизи менен сүзүү ыраактыгы аны толкундатат — ушунун өзү окууга ойготуу дегендикке жатат, анткени өспүрүм, улан, кыз бирдеме билгиси келет.

Мектептик же өздүк китепканада программалык материал боюнча билимди өстүрүүчү китептер болушу керек. Мындай китептер басмадан чыккан жана да көп чыгарылып жатат. Азыркы илимдин алдыңкы чегинин проблемаларына арналган илимий жана илимий-популярдуу китептерди окуу өзгөчө маанилүү. Бул китептерди окуу мектептик элементардык билимди байытат.

Программанын кыйла оорураак — башка бөлүмдөрдү билүү ошого байланышкан бөлүмдөрү, темалары боюнча билимди өнүктүрүүчү окуу өтө чоң мааниге ээ. Тажрыйбалуу педагог илимий-популярдуу адабият бул бөлүмдөрдүн алдында окулуп, ага түрткү беришине, коштоп жүрүшүнө умтулат. Квант теориясынын элементардык түшүнүктөрүн али окуй элек жатып, окуучулар үчүн көп нерселер түшүнүксүз болсо да, бул проблема боюнча китептерди окушунда коркунучтуу эч нерсе жок. Окуучуларда суроо көп болгон сайын сабакта, жаңы материалды үйрөнүү процессинде билимге кызыгуу ошончолук күчтүү болот. Сабактарда материалды окуп үйрөнөр алдында суроолордун көп болушу — дегинкисин дидактиканын эң кызык проблемасы.

## 23. Китеп окуу — билим «жугумсуз» окуучуларды зиректикке тарбиялоонун маанилүү каражаты

Бул жерде сөз окулган материалдарды кыйналып, жай кабыл алган ой жүгүртүүсү, эсте тутуусу бошоң окуучу: бирине ой жүгүрткүчө, башканы окууга, бирин үйрөнсө, экинчисин унуткан окуучу жөнүндө болуп жатат. Кай бир мугалим окуучулардын акыл эмгегинин чөйрөсүн мүмкүн болушунча тарытканда гана алардын билим алышын жеңилдетүүгө болот дешет (сабакка жетишпеген окуучуга кээде: окуу китебин гана оку, башка бирдемелерди окуп алагды болбо деп айтышат). Бул таптакыр туура эмес пикир. Окуучу канчалык кыйналып окуса, акыл эмгегинде ал кыйынчылыкка көп кездешсе, ал ошончолук көп окуш керек: начар фотоплёнканы объективде көбүрөөк кармаган сымал, сабакка жетишпеген окуучунун акылы да илимий билимдердин нурунун жарык жана узакка созулган чагылышын талап кылат. Кошумча сабактар эмес, чеһеми жок «сүрөмөлөргө алуу» эмес, окуу, окуу жана окуу гана ушул кыйналып окугандардын акыл эмгегинде чечүүчү роль ойнойт.

Кировоград областынын Богданов орто мектебинин эң мыкты математик мугалими, УССРинин эмгек сиңирген мугалими И. Г. Ткаченкодо сабакка жетишпегендер жок. Анын чыгармачылык эмгегинин эң сонун белгиси — бул окууну акылдуулук менен уюштуруу, жогоруда айтылгандай, акыл жөндөмдүүлүгүн өстүрүүчү окууну уюштуруу. Эгерде эң сонун китепканасы болбогондо Иван Гурьевич иштеп жаткан V—X класстардын ар бириндеги айрым окуучулар эч убакта сабакка жетишкендерден боло алышпайт

эле, анткени анда, анын ою боюнча, дүйнөдөгү эң кызыктуу илим — математика жөнүндө ачык-айкын, кызыктуу аңгемелеген жүздөгөн китептер бар. Теңдемелерди окуурдан мурда окуучулар теңдемелер жөнүндө ондогон беттерди окуп чыгышат — бул баарынан мурда теңдемелер элдин акылында баш катырма маселелер катары пайда болгондугу жөнүндөгү кызыктуу аңгемелер.

Көп китеп окуу окуучуну сабакка жетишпей калуудан сактап калат дегендикте гана эмес. Окуу аркылуу анын акылы өсөт. «Жугумсуз» окуучу китепти канчалык көп окуса, ою ошончолук ачыгыраак, акыл күчү ошончолук активдүүрөөк боло баштайт.

Начар окуучулардын атайын ойлонулган, алдын ала караштырылган, уюштурулган илимий-популярдуу адабиятты окушу — бул педагогдун чоң камкордугунун бири. Иш жүзүндө бул мектеп практикасында артта калгандар менен жеке иш алып баруу деп аталган жумушта башкы нерсе болуп саналат.

### 24. Билүү ыктары менен билимдин ортосундагы дал келбестикке жол бербеңиз

Билүү ыктары менен билимдин ортосундагы дал келбестик мына мында турат: окуучуда билимге ээ болуунун куралы болгон билүү ыктары али жок кезде мугалим оозуңду ачып отурбай өздөштүр деп улам жаңы билимдерди тартуулай берет. Мындай окуучу тиши жок адам сымал: чайналбаган нерсени жутууга аргасыз болгон, ал адегенде кыңкыстап, анан ооруп, эч нерсе жей албаган адамдай.

Тез жана түшүнүп окууну билишпегендиктен, окуп жатып ой жүгүртө алышпагандыктан, көп окуучу билимдерге ээ боло алышпаганына мен жогоруда токтолгом. Бул — кесепеттүү дал келбестиктердин бири. Үн чыгара жана ичинен шыдыр жана түшүнүп окуунун ыгын билүү — бул жөнөкөй элементардык сабаттуулук эмес. Бул — сабактарда жана өз бетинче китеп окуганда кеңири логикалык ой жүгүртүүнүн маанилүү шарттарынын бири.

Ким шыдыр жана түшүнө окуй албаса, ал билимге анча ээ боло албайт. Шыдыр жана түшүнө окуу — бул сүйлөмдүн бөлүгүн же кичирээк сүйлөмдөрдү бүтүндөй көзү менен жана көңүлү менен кабыл алуу, китептен көз алып, эсинде сактап калгандарды айтып берүү, мына ошол эле убакта окугандары жөнүндө гана ойлобостон, окуп жаткан материалына байланыштуу кайсы бир картиналар, образ-

дар, элестөөлөр, фактылар, кубулуштар жөнүндө да ой жүгүртүү дегендикке жатат.

Окууну *ушундай* сонун даражага башталгыч мектепте эле жеткирүүгө тийишпиз. Ансыз билимди эч убакта түшүнүү менен кабыл ала албайбыз. Анын үстүнө шыдыр окуй албай туруп билимге ээ болуу аракети окуучунун акыл жөндөмдүүлүгүн мокотот, ой жүгүртүүдө башаламандыкты, байланышсыздыкты, үзгүлтүктү, ойлоонун тайкылыгын пайда кылат. Эки сөздүн башын кошуп сүйлөй албаган V, VI класстын окуучуларын, балким, кездештиргендирсиз. Мен мындай окуучулардын сүйлөгөн сөзүн сөзмө-сөз жазып алып, аны талдап көрдүм: ал ортосунда эч кандай байланышы жок, контексттен үзүп алынган айрым сөздөрдөй болуп гана көрүндү. Өзүнүн билгендерин да окуучу өз сөзү менен такыр айтып бере албады, мындан келип анын сөзүндө үзгүлтүк, чаржайыттык өкүм сүрдү. Кайгылуу бул фактыларды көп жылдар бою изилдөөдөн улам акыл кекечтиги (бул кемчиликти мен ушундай деп атадым) шар жана түшүнүп окуй билбегендиктен, окуп жатып ойлоно албагандыктан пайда болот деген жыйынтыкка келдим. Бала сөздөрдү жакшы окууга үлгүрбөгөндүктөн жана алардын угулушун кабылдай албагандыктан, анын үстүнө аларды өз сезимине ылайыктуу бир элестөөлөр менен байланыштыра албагандыктан, көп сөздөргө ойлонуп түшүнө албайт. Шар жана түшүнүп окуй биле албагандыктан, окуучу ой жүгүртүүгө үлгүрбөйт. Терең ой жүгүртпөй, ой токтотпой окуу баланын акыл-эсин мокотот.

Шар жана түшүнүп окууга, мааниси боюнча байланыштуу сөз тизмегин бала көз менен да, ой менен да кантип кабыл алышына жетишүүгө болот? Ал үчүн көнүгүүлөрдүн системасы керек. Балдар менен иш алып барганда шыдыр жана түшүнүп окуурун мен мындайча текшерем: окуучу жомокту же аңгемени (биринчи жолу), мисалы, байыркы адамдын турмушу жөнүндөгү аңгемени окуп жатат. Көз алдыларында класстык доскага мен байыркы адамдын турмушу тартылган ачык, кооз сүрөттү илем: анда коломто да, тамак даярдоо да, балык кармоо да, балдардын оюндары да, кийим жөнүндө кам көрүү да көрсөтүлгөн. Эгерде окуучу (мында сөз үчүнчү класстагылар тууралуу бара жатат) аңгемени угуза окуу менен, анын аягына чыкканча сүрөттү жакшылап карап алуу, анын майда-бараттарына чейин эсине тутуп калуу үчүн (алар жөнүндө аңгемеде бир да сөз жок) көзүн китептен ажыратууга чамасы келбесе, демек, ал окуганды билбейт. Бир

саамга да китептен көзүн албай окуу — бул, окуу дегенге али жатпайт. Окуу процессинде эч нерсени кабыл ала албаган окуучу иш жүзүндө бир эле убакта окуй да жана ойлой да билбейт, дал ушунун өзүн түшүнүп окуу деп атоого болбойт.

Окуунун кайсы бир этабында окуучу бир эле убакта жаза да жана ойлой да билгидей ылдам жазууга көнүгүшү керек. Эгерде анте албаса, анда дагы бир дал келбестик түзүлөт. Жазуунун мындай темпине көп көнүгүүдөн улам жетишүүгө болот. Жазуу процессин окуучу тамгаларды кантип жалгаштырып, кайсынысын жазуу керектигин ойлоп отурбай тургандай автоматтык деңгээлге жеткирүү керек. Көңүлдүн борборунда жазып жаткан нерсенин мазмуну туруугa тийиш. Жетишерлик көнүгүү жасалса, буга төртүнчү класста жетишүүгө болот. Бирок да жазуунун автоматтык тездиги окууга байланыштуу. Кимде-ким начар окуса, ал дайыма сабатсыз жазат.

Шыдыр жана түшүнүп жазууга көнүктүргөн көнүгүүлөрдү (окуучу жакшы окуган шартта гана) мындай методика боюнча өткөрүүгө болот. Мугалим балдарга кандайдыр бир жаратылыш кубулуштары, окуялар, эмгек процесси жөнүндө айтып берет; аңгемеде логикалык составдык бөлүктөр так ажыратылат да, алардын ар бири башкы же ошо башкыга таандык майда-барат нерселерди билдирет. Аңгеме убактысында окуучулар башкы нерсени мугалимдин материалды баяндоосунда берилген ырааттуулукта жазып алышат. Аңгеменин (лекциянын, түшүндүрмөнүн) мазмунун уга да, ошол эле убакта кыскача жазып албай да туруп билимге ээ болуу ойго келбес нерсе. Көп убактарда артта калуучулук ушул элементардык, ошол эле учурда өтө татаал ыкты билүү окуучуга жетишпей жаткандык менен түшүндүрүлөт.

Билүү ыгынын ролу практикалык колдонуу менен гана чектелбейт. Ал — акыл жөндөмүн өстүрүүнүн зарыл шарты. Бир убакта уга, жаза жана ойлоно билбей туруп (бир убакта окуй да, ойлоно билбеген сыяктуу эле) билимди өнүктүрүү мүмкүн эмес.

Билимге ээ болуу көбүнесе көз каранды өтө маанилүү билүү ыктарынын бири — фактыларды тандап алуу, системага салуу, талдоо ыгы болуп саналат. Табият цикли боюнча предметтердин, ошондой эле грамматиканын тажрыйбалуу мугалимдери өздөрүнүн баяндоолорунда (түшүндүрүүлөрүндө, лекцияларында) келтиришкен фактылар менен окуучунун ой жүгүртүүсү чектелип калган кезде билими менен көнүмүшү айкалышып калбасын үчүн

кам көрөт. Бул дал келбестик окуучунун башында билимдин өнүкпөй, сенек бойдон калышына алып келет. Анткени алар трансформацияланбайт, жаңы фактылар менен байыбайт, жаңы фактыларды түшүндүрүү үчүн колдонулбайт. Билимдин сенек болушу деп аталган нерсе келип чыгат. Билимдердин мындай абалында, бир караганда, таңгаларлык көрүнүштүн учурашы мүмкүн. Окуучу, айталы, заттардын төрт абалы жөнүндөгү түшүнүктү окуп үйрөндү дейли, бирок бул түшүнүктү жаңы, мурда белгисиз жагынан түшүндүрүү үчүн пайдаланууга мүмкүн болгон көп фактыга ал турмушта көңүл бурган эмес. Мына эми билимин текшерүүдө окуучу заттын катуу абалдан газ абалына өтүү фактысы менен кездешет. Турмуштун ар бир кадамында кездешүүчү фактылар алдында ал калтаарып, алардын маанисин түшүнө да, түшүндүрө да албайт.

Жалпылоолорду турмушта түшүнүү менен колдоно билүү үчүн бир топ фактыны өз алдынча жыйнап, алардын тегерегинде ой жүгүртүү, системага салуу, салыштыруу, талдап көрүү зарыл. Фактыларды чогултуу жана иштеп чыгуу — бул билимдердин өзүнчө бир *абалы* — жандуу кыймыл-аракеттин абалы, сабактарда ээ болгон билимдер системасынан керектүү закон ченемдүүлүктөрдү, мүнөздөмөлөрдү, аныктамаларды, акыл-эс менен тандап алуу абалы. Билимди бул абалга келтирүү кандай маанилүү! Фактыларды чогултуу жана иштеп чыгуу өзгөчө бир билгичтик экендигине, ошондон улам билим дайым өнүгүштө турарына, бул өнүгүү өзгөчөлүккө ээ экенине: окуучу айланасындагыларды гана эмес, өзүнүн жеке ой-пикирин да талдап көрө турганына педагогикалык эмгектин көп жылдык тажрыйбасынан улам ынандым. Фактыларды чогултуу жана иштеп чыгуу менен, окуучу акыл жагынан өзүн-өзү тарбиялоо жолуна түшөт.

Бир предметтин системасындагы фактылардын өзүнчөлүгү — бул, менин көз карашымда, методиканын эң маанилүү маселелеринин бири, аны менен бирге, жалпы педагогикалык проблема. Көркөмдөп айтканда, ойдун канаттары үчүн абаны түзүүчү фактылардын көз карашы менен программаны талдап карагыла. Сабак үчүн фактылардын кайсынысын тандап алууну, ал эми окуучулар чогултканга жана иштеп чыкканга кайсынысын калтырууну ойлонуштургула. Фактыларды чогултуу процесси үчүн методикалык көрсөтмөлөрдү түзгүлө. Окуучуларды фактылардын үстүндө ойлоого үйрөткүлө.

## 25. Кызыгуунун сыры эмнеде

Ар бир мугалим өз сабактарындагы окуунун окуучулар үчүн кызыктуу болушун тилейт. Кантип кызыктуу кылуу керек? Сабактын бардыгы эле кызыктуу болушу мүмкүнбү? Кызыгуунун булагы эмнеде?

Сабак кызыктуу жүрүп жатат деген — бул, демек окуу, ой жүгүртүү окуучунун көңүлүнүн эргиши, толкундашы менен, ачылып жаткан чындыктын алдында таңдануу, кээде ал түгүл айраң калуу менен, өзүнүн акыл күчтөрүн баамдоо жана сезүү менен, чыгармачылык ыракат менен, адамдын акыл-эсинин жана эркинин улуулугуна сыймыктануу менен коштолуп жүрүп отурат дегендикке жатат.

Таанып-билүү — жандуу жана ноюбас кызыгууну ойготуучу эң бир укмуштуу, эң бир таң калтыруучу, эң бир сонун процесс. Заттардын табиятында, алардын мамилелеринде жана өз ара байланыштарында, кыймылында жана өзгөрүшүндө, адамдык ой-пикирде, адам түзгөн бардык нерселерде — кызыгуунун түгөнгүс булагы жатат. Бирок бир учурларда бул булак шылдыраган булак сыяктуу көз алдыбызда агып жатат — жакындап барып карасаң, алдыңда жаратылыш сырынын укмуштуу сүрөтү ачылат; башка учурларда — кызыгуунун булагы тереңде жашырылып жатат, ага жетүү, аңтаруу керек; заттардын табигый маңызына, себеп-натыйжа байланыштарына «сүңгүп кирүү», аңтаруу» процессинин өзү көп учурда кызыгуунун негизги булактары болуп да калат.

Эгерде силер окууга, сабакка кызыктыруучу көрүнгөн жана байкалган шыкактарга гана үмүт кылсаңар, анда чыныгы интеллектуалдуу мээнеткечтикти эч качан тарбиялай албайсыңар. Кызыгуунун булактарын окуучулар *өздөрү* ачышына, бул ачуулардан алар өз эмгегин жана ийгилигин сезишкендей болушуна умтулгула — мунун өзү кызыгуунун маанилүү булактарынын бири болуп саналат. Активдүү акыл эмгегисиз окуучулардын кызыгуусу да, ыклас коюусу да ойго келбей турган нерсе.

Билимге кызыгуунун биринчи булагы, биринчи учкуну — сабакта түшүндүрө турган материалга, талдоого ала турган фактыларга мугалимдин мамиле кылышында жатат. Окуучунун сезиминде чындык фактылар менен кубулуштардын ортосундагы тиймек чекитти, аларды байланыштырган жиптерди таанып-билгенден кийин гана жаралат. Сабакка даярдануу менен, мен ошол тиймек чекитти— ой-пикирлерди улаштырып, алар аркылуу курчап турган дүйнөнүн чындыгын жана закон ченемдүүлүгүн таанып-би-

лүүдө жаңы, күтүлбөгөн бир нерсени ачкан жип аркактарды ойлонуштуруп, ой жүгүртүп кароого дайыма умтулам. Кийинки сабакта, мисалы, өсүмдүктөрдүн тамыр системасы, жашоо процессиндеги анын ролу окутулат. Окуучулар өсүмдүктөрдүн тамырын көп эле көрүшкөн, ошондуктан алар үчүн материалда кызыктуу эч нерсе жоктой көрүнүшү мүмкүн. Бирок кызыгуу — бир караганда көрүнбөгөн, жабык нерсени таанууда жатат. Мен балдарга тамырдын назик кылдары өсүмдүккө зарыл заттарды кыртыштан кантип алышарын айтып берем. Окуучулардын көңүлүн фактылардын ошондой бир тиймек чекитине чиркелишкен жерине бурам; кыртышта бир саамга да токтобогон жашоо жүрүп жатат, ал терендикте жайында да, кышында да токтоп калбайт; миллиарддаган микроорганизмдер көп сандаган тамыр кылдарын тейлеп жатат, мындай татаал турмушсуз дарак жашай албас эле. «Балдар,— дейм мен,— мына ошол *кыртыштын турмушун* карап көрөлү, курчап турган чөйрөдөн келип жаткан азыктарга ал кандай көз караңды экендигине ой жүгүртөлү. Көз алдыңарда жандуу жана жансыз нерселердин ортосунда өз ара таасир көрсөтүүлөр ачылат». Жандуу үчүн жансыз нерсе *кантип* курулуш материалы болот — фактылардын **тиймек түйүнү**, чиркелишкен жери деген мына ушул, аны түшүндүрүп, ага балдардын көңүлүн буруп, жаратылыштын жашыруун сырларына таңдандыруучу жаңы бир нерсени ачып берем. Бул сезим өспүрүмдөрдү канчалык көп кызыктырса, алар мына ушунчалык көп билгилери, ой жүгүрткүлөрү, түшүнгүлөрү келет.

Кызыгуунун булагы — билимди колдонууда да, фактылардын жана кубулуштардын үстүнөн болгон акыл-эс өкүмүн сезүүнү баштан өткөрүүдө да жатат. Адамдын түпкү маңызында өзүн ачуучу, изилдөөчү, изденүүчү катары сезүүнүн түгөнгүс талабы жашайт. Бул талап балдардын рухий дүйнөсүндө өтө күчтүү. Бирок ал азыктанып турбаса — фактылар жана кубулуштар менен жандуу баарлашуу, таанып-билүү ыракаты болбосо, анда бул талап өчүп калат, аны менен бирге билимге болгон кызыгуу да өчөт. Ачуучу болгусу келген окуучунун каалоосун дайыма колдоо, тереңдетүү үчүн анын бул каалоосун жумуштун атайын методдору менен ишке ашыруудан мен эң маанилүү тарбиялык милдетти көрөмүн. Кыртыштагы процесстерге тикеден-тике байкоо жүргүзүүдөн улам балдарда сырдуу нерселерге кызыгууну ойготкон сабактан кийин биз кыртыш катмарларын атайын карап көрүү үчүн талаага барабыз. Балдар кичине дан өсүмдүктөрүнүн эки метрге созул-

ган тамырларын таңдануу менен карашат. Алар үчүн бул чыныгы ачылыш. Бирок алар ачуучулардын, издөөчүлөрдүн чыйыр жолуна иш жүзүндө жаңы гана түшүшөт. Мен балдарга шалбаа жана чөл өсүмдүктөрүнүн бир топ түрүнүн тамырларын көрсөтөм. Биз бул тамырларды биринин да сабагы жок отургузабыз, адегенде алардын көпчүлүгү такыр кургап, өлүп калган сыяктуу көрүнөт, бирок да алар жанданып, өсүп жана көгөрө баштайт. Жүзүмдүн тамыры да өсө баштап, көк өнүм берет.

Бул балдардын көңүлүн эргитип, шыктандыра, тынчсыздандыра баштайт. Алар биз фактылардын жана кубулуштардын үстүнөн өкүм сүрөбүз, биздин колдогу билим күчкө айланат деген эч нерсе менен салыштырып болбой турган адамдык кубанычты башынан өткөрүшөт. Адамдын атын чыгарган билимдин *күчүн* сезүүдөн артык билимге кызыктырган чоң түрткү табуу кыйын. Билим алуу процесси окуучуну жабыркатпагыдай, чарчатпагыдай, кош көңүл карабагыдай, тескерисинче бүтүндөй жашоосун кубанычка бөлөгүдөй кылуу маанилүү. Качан гана окуучу тикеден-тике бир нерсени изилдегенде, ачканда, конкреттүү фактыларды, кубулуштарды тапканда билимдин ээси экенин ошончолук күчтүү сезет. Бирок акыл-эстин ишин жалпылаштыруучу, системалаштыруучу ойдун нак өзүнүн кубанычы да бар.

Көп окуган балада сабак учурунда окушкан ар кандай жаңы түшүнүк, кубулуш китептен алынган билим системасына кошула берет, мына ошол учурда сабакта айтылган илимий билим өзгөчө кызыкчылык туудурат: алар эчак «баштарында болгон» нерсени дагы даанараак айкындоого жардам берүүчү кандайдыр бир зарылчылык катары эсептелет.

## 26. Тарбиялануучулардын оюу жана жүрөгү үчүн күрөшүңүз

Мыкты математик окуткан мектепте математика сүйгөн, абдан кызыктуу предмет болуп калат, көп окуучунун эң сонун математикалык жөндөмү ачылат. Мектепке таланттуу биолог келсе, эки жылдан кийин мектептеги сүйүктүү предмет биология болуп калганын, өсүмдүктөрдү, мектеп участкасында тажрыйба жана изилдөө жүргүзүүнү сүйгөн ондогон шыктуу жаш биолог пайда болгонун көрөсүңөр.

Предметтерди окутуу тарбиялануучуларынын ой-пикири, жан-дили үчүн педагогдордун жакшы максаттагы мел-

дешине айкалышкан мектепте интеллектуалдык турмуш дүркүрөй берет. Бул мелдеш — педагогикалык коллективдин чыгармачылык эмгегинин бүтүндөй чөйрөсү. Ал ар бир педагог өз предметине кызыктыра алганынан, өз предметине берилгендикти бекемдөөгө аракеттенишинен көрүнүп турат. IV класска кирген бала бардык мугалимдери талантуу, эң болбогондо ар бири өзүнүн предметин сүйүшкөн, ар бири өзүнүн эң кызыктуу илимине тарта билген коллективге туш келди дейли. Мындай шарттарда ар бир баланын табигый шыгы сөзсүз ачылат, ыкласы, жөндөмү, ынтызарлыгы, зээндүүлүгү калыптанат.

Биз бул жерде педагогикалык процесстин кызыктуу чөйрөсүнө — көп мектептердин турмушунда али кол тийбеген дың болуп саналган чөйрөгө киребиз. Окутуунун тарбиялык жагы, көркөмдөп айтканда, илим негиздеринин жагымдуу оркестринде ар бир окуучу өзүнүн сүйүктүү аспабын жана сүйүктүү обонун тапканда гана ачыларына мен бекем ишенем. Конкреттүү предметти, илимий билимдердин конкреттүү тармагын сүймөйүн инсан интеллектуалдык жактан мол, рухий жактан бай болбойт.

Сиз берген предметтен окуучулар эң кызыктуу нерселерди таба алышып, негизин сиз мектепте баяндап жаткан илим чөйрөсүндөгү чыгармачылык жөнүндө өспүрүмдөрдүн көбүрөөгү бакты катары ойлошун ар-намыстын иши деп билиңиз. Тарбиялануучуңуздун оюу жана жүрөгү үчүн күрөшүңүз; өз кесиптешиңиз, башка предметтердин мугалими менен мелдешиңиз. Айталы, сиз VIII—X класстардын 200 окуучусун физикадан окутасыз, алардын бардыгы сиздин окуучуңуз. Бирок сизде *менин окуучуларым* деген башка түшүнүк да болушу керек. Сизде жүрөгүн түбөлүк физикага беришкен, өз өмүрүн техника, илимий-техникалык ойлор жагындагы эмгек менен байланыштырууну бекем чечишкен 10 же андан да көп окуучу болушу мүмкүн (балким, андан да аз — 5—6 кишидир, кээде ушундай да болот, бул жерде уяла турган эч нерсе жок). Сизде мындан башка физикага кызыгуу жаңы гана «көз жарып» келаткан дагы ондогон өспүрүм болушу керек; алардын бирлери келечекте сиздин предметти сүйүп калышат, экинчилери *өздөрүнүн шыгын* башка билимден табышат; турмуштук идеялардын өнүгүшүндө ынтызарлыктын калыптанышынан татаал нерсе жок. Сиз 200 окуучуну окутуп жатасыз; алардын баарына физиканын элементардык мектептик курсу боюнча бекем билим берүү — бул сиздин ишиңиздин бир жагы. Бирок педагогикалык чыгармачылыктын экинчи жагы — алгачкы түшүнүктөрдү гана алышып, физика илими-

не кызыгып калышкан жаштар да физикага — техникага, машиналарга, механизмдерге, илимий-техникалык билимдерге болгон ынтызарлыкты калыптандыруу жөнүндө кам көрүү — сиздин абийириңизге жүктөлө турганын унутпаңыз. Мектебиңердин ичинде өзүңөрдүн мектеп — жаш физиктердин мектеби болуш керек.

Мунун баары кандайча болот? Бул жерде эң маанилүүсү кайсы, эмнеден баштоо керек?

Сизде, албетте, физика кабинети бар. Сиз анда ар күнү бир-эки саат иштейсиз — же китепти окуп отурасыз, же боло турган лабораториялык ишти алдын ала аткарып көрөсүз, же чийменин жана прибор моделинин үстүндө баш катырып отурасыз. Мына ушу сааттарда сиздин ордуңузда болсом, эмне иштээримди айтып берейин. Мен физиканы эчак сүйүп калышкан — Ваня, Коля, Генка, Славка, Петр, Сашаларды кабинетке чакырам. Бул жерге сегизинчи класстагылар да, ал түгүл жетинчи класстагылар да келишет; алар менин предметиме биротоло берилип кете элек, бирок да мен анти бөлүкчөлөр жана фотондук ракеталар жөнүндө айтканда алардын көзү жайнап, ядролук физика жөнүндөгү кичинекей китепчеге колдору созулат. Физика кабинетинде Ой Бурчу деген бурч бар. Анын дубалында Родендин «Ойлонгон адам» деген гравюрасы илинген, ал эми шкафта — илимдин жана техниканын жаңы маселелери жөнүндөгү китептерден турган чакан китепкана бар. Ал балдарды программанын чегинен чыгарып, белгисиз мейкиндикке азгырган өзүнчө бир шам чырак. Менде Кыйын Иштердин Бурчу деген да бурч бар. Бул жерде түшүнүүгө кыйыныраак, өзгөчө конструкциялык идеялуу бир нече моделдин чиймеси бар, аны металлга жана пластмассага түшүрүү үчүн акылды бир топ калчоо керек; ойлонууга мойнуң жар бербесе иш оңунан чыкпайт, тайманбай терең ойлонгондор гана Кыйын Иштердин Бурчунда таңгалуудан оозун ачкан байкоочу эмес, жаратуучу болот. Бул жерде менин кичинекей педагогикалык чыгармачыл өнөрканам — сабактарга даярдануучу бурчум да бар. Мен мында жаңы окуу куралдары менен «сыйкырчылык» кылам. Мени менен бирге менин лаборанттарым — сабакка даярданууда мага жардамчы жогорку класстын окуучулары да иштешет.

Мына мен бул бурчтардын бардыгынын эшигин физиканы сүйүшкөн же ага али биротоло берилишпесе да, кумарлана карашкан окуучуларга ачып берем.

Мен өзгөчө Кыялдануу Бурчуна чоң маани берем. Бул жерде илимий билимдердин чоң отунан ынтызарлык жа-

лын алат. Бул жерде өспүрүмдөр: ой жүгүртүү — бул зор эмгек, болгондо да жеңил-желпи эмес, абдан азаптуу, кээде алсыратуучу эмгек экендигине, бирок да ал эч нерсе менен салыштырып болбой турган ыракатты — таанып-билүү кубанычын, билим мага баш ийди деген сыймыктанууга кепил болгон эмгек экенине ишенишет. Илимий билимдерге катышуу Ой Бурчунан башталат. Бул жерде менде илимий билимдердин деңизинде сүзүүгө жана жөнөп жатышкандар үчүн да, илимди же техниканы, лабораторияда же өнөр жай ишканаларындагы татаал станокто иштөөнү кесип кылып алууну бекем чечишкен бүтүрүүчүлөр үчүн да китептер бар. Сабакта менин аңгемемди бүт ыкласы менен уккан, ар дайым *эмне үчүн?* деген ондогон суроосу бар үрпөк чач балдардын Ой Бурчуна сөзсүз келүүсүн мен абдан каалайм. Кимдин эмне жөнүндө кыялданганын билем да, ар бири үчүн текчеге бир нече китеп коюп коём.

Көптөгөн акылдуу, табиятынан зирек балдар менен өспүрүмдөрдүн билимге кызыгуусу качан гана алардын колу, манжаларынын учу чыгармачылык ишке тийгенде козголот[3]. Эгерде баланын, өспүрүмдүн колу машиналар менен механизмдердин моделине, приборлорго жана ар түрдүү түзүлүштөргө сунулганын көрсөм, аларды сөзсүз кыйын Иштер Бурчуна алпарам.

Көпкө чейин эч нерсеге кызыкпаган окуучулар да бар. Эгерде мектепте педагогдор тарбиялануучулардын оюу жана жан-дили үчүн күрөшпөсө, алардын көбүндө кызыгуу эч нерсеге эч качан ачылбайт. Окууга, билимге кайдыгер, өздөрүнө кызыктуу эч нерсе таба албаган өспүрүмдөр, уландар жана кыздар мектепте канчалык көп болсо, ал жердеги педагогдордо билимге ыклас отун жүрөктөн жүрөккө берер өз тарбиялануучулары жок. Окуучулардын билимге болгон мамилесиндеги жин келерлик жана өкүнүчтүү нерсе — бул кайдыгерлик. Окуучунун бул же тигил предметтен артта калышы, сабакка жетишпөөсү — анчалык коркунучсуз, абдан коркунучтуусу — бул кайдыгерлик.

Кайдыгерлердин, кенебестердин аң-сезимин ойготкула. Эч нерсеге кызыкпай турган адам болбойт. Кенебес акылэске туура жол, бул — ой. Ой аркылуу гана ой козголот. Билимге, акыл эмгегине кенебей, кайдыгерлик мамиле кылган окуучуларга ар бир педагог өзүнүн бардык *интеллектуалдык куралын* сынап көрүүгө тийиш. Мында сөз мелдеш жөнүндө эмес, адамды акыл шалакылыгынан коргоп калуу жөнүндө бара жатат. Биздин педагогикалык коллективде билимге кайдыгер, кош көңүл окуучу жөнүндө

психология комиссиясынын жыйынында сөз козгоо адат болуп калды. Биз *таанып-билүү менен жандандырууга* мүмкүн боло турган чөйрөнү — жаратылыш менен, билим менен адамдын өз ара аракеттенүү чөйрөсүн кайдан табуу керектигин ойлойбуз. Бул жерде башкы нерсе — адам акыры өзүн билим ээси катары сезип, чындыктардын жана закон ченемдүүлүктөрдүн үстүнөн өкүм сүрүү сезимин башынан өткөргүдөй болсун. Таанып-билүү менен жанданыуу — бул ойдун адамдык баркты сезүү менен кошулушуна жетишүү дегендикке жатат. Ички дүйнөнүн бул абалына баруучу жол — билимдин аракеттүүлүгү, активдүүлүгү. Кайдыгердин аң-сезиминин ойгонушун акылдын шалакылыгынан кутулушун, *өзүн көрсөткөндө,* зиректиги менен инсандык сапатын сездиргенде туябыз.

Мен бир нече жыл V—VII класстарда математика окуттум. Менде математикалык эки ийрим бар эле: бири табиятында зээндүү, жөндөмдүүлөр үчүн, экинчиси — билимге кайдыгерлер, кош көңүлдөр үчүн. Бул окуучулардын аң-сезими кандайча ойгонгону жөнүндө аңгеме салуу — алардын ою, жан-дили үчүн күрөш жөнүндөгү эң бир кызыктуу баяндама болор эле. Ийримде ээ болгон билим коллективде адамдык мамилелерди козгошуна — инсандын кадыр-баркын бекемдешине умтулдум. Адам өзүн ойчул катары сезмейин ал адамдык сыймыкка чындап бөлөнө албайт. Ойду жана адамдык сыймыкты туюуну кантип айкалыштырууга болот — бул жөнүндө атайын кеңеш берүү зарыл.

Тажрыйбалуу мугалим-тарбиячы анын тарбиялануучусу сүйгөн предмет боюнча, программа талап кылганга караганда он, жыйырма эсе көп билишине жетишет. Ар кандай предметте билимге ээ болгондукту сезүү — жалпы интеллектуалдык өсүүнүн кубаттуу тиреги болуп саналат. Эгерде окуучунун сүйгөн предмети болсо, башка бардык сабактардан анын беш албай калышы сизди тынчсыздандырбасын. Тескерисинче, сүйгөн предмети жок отличниктен көбүрөөк чочулоо керек. Мындай окуучу — акыл эмгегинин ыракатын билбеген, өзүнө таандык жүзү жок жан болуп кала тургандыгына мени көп жылдык тажрыйба ишендирди.

## 27. Граждандык бедел жөнүндөгү ой менен сезимди кантип айкалыштырууга болот

Бул дагы биздин педагогикалык эмгектин эң кылдат маселелеринин бири. Окуучунун жакшы окуганы үчүн сый-

мыктанышына, өзүнүн ийгиликтеринен, билиминен граждандык беделди сезишине кантип жетишүүгө болот?

Бул максатка жетишүүнүн жолу — билим, акылдын молдугу анын инсандык сапатын таанытууга кызмат кылганында экенине мен бекем ишенем. Бул багытта тарбиялык жумушту кенже класстардан баштап жүргүзүү керек. Кенже окуучуларды тарбиялоо менен, мен ар бир окуучу коллективдин интеллектуалдык турмушуна өз салымын кошуу керек деген принциптин ишке ашырылышына умтулдум. Өзүнүн жеке билими, ой-пикири, билүү ыгы *урмат, кадыр-барк катары* сезилиши тийиш. Буга бир окуучу сабакты кандай окугандыгын, уккандыгын жана кандай жооп бергенин окуучулар коллективи билгендиги менен гана эч жетишүүгө болбойт. Биз биринчи класстын балдары менен ишти «Таң шооласы» деп аталган коллективдик чыгарманын альбомун түзүүдөн баштадык. Жаз жана жай мезгилинде абдан эрте, таң алдында туруу, бакка чыгуу, көлмөнүн жээгине баруу, күндүн чыгышын тосуу бизге адат болуп калды. Ар бирине бирден барак (кааласа эки, үч) кагаз таратылып, жаратылышта сага жаккан нерсенин сүрөтүн тарт, жалгыз гана бир сүйлөм же бир топ сөз жаз, «бирок бул сөздөр сонун ыр катары угулсун»,— деп макулдашып алабыз. Ар бир окуучу, албетте, бир нерсени жакшылап тартууну, жазууну каалабайт. Жакшы сүрөт, сонун сөз ар биринин намысындай туюлду. Бул альбом менде азыр да сакталып турат. Экинчи класста биз кыштын кечинде аңгеме жана жомок айтышчубуз. Ар бири өз турмушунда болгону же эмнеге кыялданганы, же ойлоп тапканы жөнүндө айтчу. Балдар бул чыгармачылыкка кандай кызыгуу менен мамиле кылышкандыгын айтып жеткирүү кыйын: ойлоп таба, айта билиши ар бирине адептик кадыр-барктай сезилди.

Жыл өткөн сайын акыл, рухий байлыктарын алмаштыруу балдардын ортосундагы мамилени көбүрөөк аныктай берди. III жана IV класстарда «китеп кечеси» башталды: балдар окуган китептеринин мазмунун айтып беришти, аларды угузуп окушту, ырларды жана кара сөздөн үзүндүлөрдү көркөм окушту. Бул аң-сезимдин жана устаттыктын өзүнчө бир мелдеши эле.

V класстан баштап менин тарбиялануучуларым өздөрүнүн мектепке чейинки кенже жолдошторунун, I, II класстардын окуучуларынын активдүү насаатчылары болуп калышты. Бешинчи класстан он эки бала чакан поэтикалык ийримдерге жетекчилик кылышты. Ар бир ийримде 5—7 бала болуп, бешинчи класстын окуучулары аларды жараты-

лыш жөнүндө чакан сочинение жазууга үйрөтүштү, кичинекей досторуна өз чыгармаларын жана ырларын окуп беришти; бул жогорку класстын окуучуларында кадыр-баркты сезүүнү бекемдеди.

VI—VII класстарда бир топ окуучу I—III класстардагы жаш математиктердин ийримине жетекчилик кылышты. Балдар маселелерди «тез ой жүгүртүүчүлүк» талабы менен чыгарышты жана түзүштү. V—VII класстарда окуу жылы ичинде чет тилин үйрөнүү боюнча ийримдин жетекчилери да болушту: биринчи жана экинчи класстагылар французча жазууга жана сүйлөөгө үйрөнүштү.

VII—X класстарда ар бир тарбиялануучу илим жана техника кечесинде доклад же баяндама жасашты. Бизде ар бир өспүрүм мындай докладга же баяндамага колдон келишинче жакшы даярданууну сыймык көрүшчү.

Иштин бул бардык формалары билимди, интеллектуалдык турмушту окуучу өзүнүн адептик кадыр-баркы катары түшүнүүгө багытталган. Педагогдор балдарды чөйрөсүндөгү наадандыкты, китепке кайдыгерлик менен мамиле кылууну адепсиздик катары эсептей тургандай кылып тарбиялашат.

## 28. Билим жана коомдук турмушка катышуу

Элет жериндеги мектеп — маданият менен билимдин негизги очогу. Билимдин өнүгүү жана тереңдөө процесси айылдын коомдук турмушуна кошулушунан биз өзүбүздүн эң маанилүү тарбиялык милдетибизди көрөбүз. Тарбиячынын эң маанилүү белгилеринин бири — бул окутуу — окуучуларды агартуу ишине даярдоо. Жогорку класстарда сабак беришкен биздин мугалимдер тарбиялануучуларын мына ушул коомдук пайдалуу ишке даярдашат. Айылда 2000ге жакын үй бар, алардын бардыгы 180 маданий очокко бөлүнгөн. *Маданий очоктордун* борбору — колхозчулардын биринин үйү. Бул жерге кезек-кезеги менен колхозчулар жана жумушчулар чогулушат. Аларга жогорку класстан 3—4 окуучу келип, Лениндик окууларды, табият илимдери боюнча билимдердин, көркөм адабияттын кечелерин өткөрүшөт.

Комсомолец окуучулар билимин адамдарга жөн гана тартуулабастан, алар улуу муундун алдында отчёт бергендей болушат. Улан-кыздар билгенин гана баяндабастан, ага ишендирүүгө, илимге каршы көз караштагылар менен кээде таймашууга туура келет. Курчап турган дүйнөдөгү заттар, кубулуштар жөнүндөгү жалган түшүнүктөр, кээде

ырым-жырымдар менен, наадандык менен кездешип, комсомолец: «Жок, бул мындай эмес»,— деп жөн гана кесе айтып кутула албайт. Биз тарбиялануучуларыбызга мындайча үйрөтөбүз: диний жана илимге каршы көз караштардын каластыгын илимдин нуру менен ашкерелегиле, таратыла, чындыкка каршы келгендердин бардыгына келишпес болгула, бирок илимге каршы көз караштар жана ишенимдер айрым адамдардын аң-сезимине тамырын бекем жайып калган, ошондуктан аларды таратып жок кылуу үчүн көп нерселерди түшүнүү жана билүү, бекем ишенүү керек экендиги эсиңерде болсун. Көп учурда биздин окуучулар агартуучулук зор милдетин аткара алышты, ал эми иштин ордунан чыкпай калышы — алардын илимди таанып-билүүгө болгон чечкиндүүлүгүн арттырды, билимге чаңкоону күчөттү.

Башкаларга билим берүү процессинде окуучу өзү үчүн көп нерсени айкындайт, алдыда көптөгөн суроо туулат, ал ойдун эң кууш «ийри-буйру» жана бурулуш жолдорун, жашырын себеп-натыйжалуу байланыштарын түшүнүүгө умтулат. Билимди коомдук агартуу жумушуна пайдалануудан артык аларды колдонуу жана өнүктүрүүнүн активдүү формасы жок. Чындыкты бекемдөө, жактоо, коргоо менен жаш адам анда өзүн ырастайт, билимди андан ары өнүктүрүү жана тереңдетүү талабы келип чыгат. Жаштар окууну каалашына кантип жетишүүгө болот? Эгерде билим окуучунун аң-сезиминде «өзү үчүн байлык болуп» кала берсе, эгерде ал адептик максат күтпөсө, инсандын кубанычы, урматы, байлыгы, сыймыгы боло албаса, анда бул максатка эч убакта жетүүгө болбойт.

## 29. Окуучулардын эмгегин жыл мезгилдерине кантип бөлүштүрүү керек

Бул окуучулардын денесинин өсүшүнө жана ден соолугунун чыңдалышына, алардын ар тараптан өсүшүнө байланышкан маанилүү проблемалардын бири болуп саналат. Жыл мезгилдерден турат, алардын ар биринде адам организминин иш-аракети ар түрдүүчө өтөт. Мисалы, организмдин коргонуу күчү жазында начарлап, күзүндө чыңдала тургандыгы жакшы белгилүү. Бул циклдик ооштарды эсепке алуу мектепте өзгөчө маанилүү, анткени биз сырткы чөйрө өтө чоң таасир этүүчү өсүп-өнүгүп жаткан организм менен, калыптанып жаткан мээ менен ишибиз болот. Жазгы акыл эмгеги, өзгөчө башталгыч класстарда күздөгүдөн таптакыр башкача болууга тийиш.

Башталгыч класстарда окуучулардын акыл эмгегин бир жылга төмөндөгүдөй бөлүштүрүүгө кеңеш беремин: үчүнчү чейректин орто ченинде (февралдын аягында) грамматика жана арифметика боюнча теориялык маанилүү жалпылоолорду окуп үйрөнүү негизинен бүтүүгө тийиш. Жазга туура келүүчү акыркы чейректеги акыл эмгеги мурдагы билимди өнүктүрүүчү, терендетүүчү, системалаштыруучу жумуштар болгону дурус. Ошондой эле жазында кийинки окуу жылында ийгиликтүү окуу үчүн зарыл болгон билүү ыктарына көнүгүүнү күчөтүүгө да кеңеш берер элем. Жаз көбүрөөк байкоо жүргүзүүгө арналгандай сезилет. Жазында кийинки окуу жылынын биринчи эки чейрегинде теориялык жалпылоолор үчүн фактыларды топтоо керек болот. Жогоруда сөз болгон билүү менен билимдин ортосундагы дал келбестик жазында кудум күзүндөгүдөй эле теориялык татаал түшүнүктөрдү калыптандыруу зарылдыгынан улам болуп отурат.

Орто жана жогорку класстарда да акыл эмгегин колдон келишинче жазында жеңилдетүүнүн бардык мүмкүнчүлүгүн пайдалануубуз керек. Жазында витаминдердин запасы организмде, өзгөчө өспүрүмдөрдүн организминде түгөнө баштагандыктан көбүнчө көздүн көрүүсү начарлап, көз оорулар пайда боло тургандыгын, ал эми көз акыл эмгегинде өтө маанилүү роль ойной тургандыгын эсепке албай коюуга болбойт. Көп мектептердин практикасында кездешип жүргөндөй, чоң-чоң көркөм чыгармаларды окууну, кайталоо максатында тарых жана адабият китептерин кайта башынан түшүп окутууну акыркы чейрекке алып барып таштоого болбойт. Материалды биринчи жолу окуп үйрөнүүдөн эч айырмаланбаган курулай кайталоого көнүктүрүү болбогон иш. Көркөмдөп айтканда, жаз окуучуга окутуунун жаңы методдорун алып келиш керек. Төртүнчү чейректин сабактарына мурдагы билимдер сиздин методикалык ишиңизде активдүү, жандуу иш-аракеттин абалына келтирилгендиги ачык-айкын көрүнүп тургандай *даярданыңыз.* Буга байланыштуу мугалим берген суроолор боюнча ар түрдүү бөлүмдөрдүн материалын жалпылоо үчүн китепке дайыма үңүлүп олтурушу керек эмес. Программанын бир катар суроолорун жалпылоого арналган баяндама лекцияларда да билимди активдүү аракеттенүүгө мажбурлоого болот. Жогорку класстын окуучуларынын чарчаганын эске алып, кайталоону жеңилдетүүчү эмгекти мугалим өзүнө ала билиши керек.

Көп жылдар бою VIII—IX класстын окуучуларына келерки жылы окулуучу көркөм чыгармаларды дайыма жа-

йында окуп келүүгө тапшырма берчүмүн. Бул акыл эмгегин бир кыйла жеңилдетип, артыкбаш жүктөн куткарып, төртүнчү чейректе өтө чымырканып иштөөдөн бошотот.

Төртүнчү чейректе чымыркана иштөөнү кандайдыр бир өлчөмдө жеңилдетүүгө кантип иш жүзүндө жетишүүгө болот деген суроо туулушу мүмкүн. Көп мектептерде балдар тапшырманын көптүгүнөн «онтолошот» эмеспи. Эгерде алгачкы үч чейректе акыл эмгегин дагы да күчөтсөк эмне болор эле?

Ооба, бул — биздин педагогикалык иштеги эң курч жана оор маселелердин бири. Бирок мен жалпы билим берүүчү орто мектептин программаларында ашыкча жүк жок деп айтууга батына алам. Биздин практикалык иштеги ашыкча жүк, кымбаттуу досум, окутуунун методдорунда жатат. Эгерде педагогикалык эмгек илимий негизге коюлган болсо, эгерде балалык, өспүрүм жана жаш кездин (балакатка жеткенде) бардык мүмкүнчүлүгү пайдаланылган жана ачып айкындалган болсо, жалпы билим берүүчү мектепте бир эмес, эки чет тилди окууга, болгондо да аларды иш жүзүндө башталгыч мектепте эле үйрөнүүгө болор эле.

Практикалык иште ашыкча жүк болбосун үчүн эмне кылуу керек? Бул суроого жооп берүү, мисалы, чала сабат, начар тарбияланышкан, билимге үстүртөн ээ болушкан улан-кыздарды мектептерден бүтүрбөөгө жетишүү сыяктуу эле кыйын маселе. Ашыкча жүк артууну болтурбай коюу — бул, демек, биринчиден, үч, төрт, беш жашынан эле баланын үй-бүлөдө акылы өсүүчү интеллектуалдык байлыгынын фону жөнүндө кам көрүү дегендикке жатат; ал эми мында ата-эненин педагогикалык маданиятын дайыма жогорулатуу зарылчылыгы туулат; экинчиден, билүү менен билимдин ортосунда дал келбестикти жибербей, окуучулардын акыл эмгегинин маанилүү куралы болгон билимге ээ болуу, окуй билүү процессин камсыз кылуу; үчүнчүдөн, педагогикалык психологиянын, демек, дидактиканын абстракттуу окуучу болбой тургандыгы жөнүндөгү теориялык маанилүү жоболорунун бирин практикада ишке ашыруу; терең билим берүү — демек, бул ар бир баланын акыл эмгегин көрө билүү; төртүнчүдөн, билимдин дайыма өнүгүшүнө, сенек болуп башында катып калбай, алардын «ишке киргизилишине» кам көрүү; бешинчиден, окуу бөксөнү толтуруу үчүн дайыма кайталап, «куйруктарды» дайыма эле сүрөмөлгө алууга айланып кетишине жол бербөө. Бир сөз менен айтканда, ашыкча жүккө жол бербөө — демек, бул жогоруда айткандардын баарын жа-

соо дегендикке жатат. Бирок эң маанилүү эки шарт бар, алар дагы да биз жогоруда айтып келген көп нерселер менен — мектепте иштелип жаткандардын бардыгы менен байланыштуу. Бул эки шарт туурасында мен атайын кеңеш бергим келет.

## 30. Тарбиялануучунун интеллектуалдык турмушу жөнүндө

Бул — мектепте иштелип жаткандардын бардыгы менен байланыштуу маселе. Эгерде мугалим окуучуларды окуу китебин көбүрөөк окууга мажбурлоону, алардын көңүлүн башкага алагды кылбоону гана ойлосо, анда ашыкча жүк сөзсүз келип чыгат. Сабактан, окуу китебинен, үй тапшырмасынан, баадан башка эч нерсени ойлобогон окуучунун тагдыры кызыгарлык эмес. Тарбиялануучуңуздун мектеп чалмасына таптаза байланып калышына жол бербеңиз. Мектеп иштеринин көндүм чөйрөсүнөн, түшүнүктөрүнөн, кызыкчылыктарынан башка да, анда бай, көп кырдуу, *интеллектуалдык* турмуш болууга тийиш. Мында сөз окуучунун, өзгөчө анын өспүрүм кезиндеги окуусу жөнүндө бара жатат.

Эгерде сизди V класстын класс жетекчиси же тарбиячысы кылып дайындаса, алдыңызга мына ушул рухий керектөөнүн калыптанышын башкы милдеттердин бири кылып коюңуз. Орто мектепте окуу жылы ичинде тарбиялануучуңуз окуп чыгууга тийиш болгон китептердин тизмесин түзүңүз. Бул китептердин класстык китепканада болушуна жетишиңиз.

Сүйгөн китеби, сүйгөн жазуучусу жок өспүрүмдөрдүн, улан-кыздардын ар тараптан өсөрүнө көзүм жетпейт. Адамды тарбиялоо, анын инсандык «долбоорун» түзүү менен башталгыч мектепте эле тарбиялануучумдун ар бirinde өздүк чакан китепкана болушуна умтулчумун. Орто жана жогорку класстарда бул жүз-жүз элүү китептен турган көзгө түшөрлүк китепкана болуп калат. Музыкант колуна сүйгөн аспабын алмайын жашай албаган сыңары, ой менен жашаган адам сүйгөн китебин окумайын жашай албайт.

Ар бир окуучуну китептер дүйнөсүнө алып кирүү, китепти сүйүүгө тарбиялоо, китепти интеллектуалдык турмушунун жол көрсөткүч жылдызы кылуу — бул мугалимге, анын өзүнүн жеке рухий турмушунда китеп кандай орунду ээлегендигине байланыштуу. Эгерде тарбиялануучуңуз сиздин ой-пикириңиз дайыма байып жатканын сезсе, эгер-

де кечээ айтканыңызды бүгүн кайталабаганыңызга көзү жетсе гана окуу анын рухий керектөөсү болуп калат.

Мугалимдин интеллектуалдык турмушунун токтолушу, жардыланышы, анда *ойду барктабоо* деп аталган белгинин пайда болушу — мына мунун баары педагогикалык ишкердигинде ачык-айкын эле чагылдырылат. Мен «бардыгы жадатып» жиберген, өзү айткандай, дайым эле бир нерсени кайталап айта берүүгө мойну жар бербеген мугалимди билем. Тарбиялануучулар анын сөздөрүнөн катып, сенек болуп калган ойду сезишет. Ойду кадырлабагандыгы үчүн алар мугалимге кадыр көрсөтпөө менен жооп беришет. Бирок баарынан мурда коркунучтуусу — тарбиячысы сыяктуу эле алардын ой жүгүрткүсү келбегени.

Инсандын интеллектуалдык турмушун тар, жабык дүйнө катары карап болбойт. Коллективдин интеллектуалдык турмушун байытуу менен адам ошол эле убакта анын рухий байлыгынан пайдаланат. Биз өзүбүздүн мектепте акыл эмгеги негизги орунду ээлеген көп коллективдин болушуна умтулабыз. Бул баарынан мурда илимий-математикалык, илимий-техникалык, илимий-химиялык, илимий биологиялык, илимий-адабияттык, философиялык илимий-предметтик ийримдер. Балким, *илимий* деген сөздө кандайдыр аша чапкандык бардыр, ошентсе да чындыкты чагылдырат: өспүрүмдөр, улан-кыздар илимий ой жүгүртүүнүн чыйырына түшүшөт. Бул ийримдерге предметке кошумча же сабакка жетишпей калууну алдын алуучу каражат катары мамиле кылууга эч убакта болбойт, бул — интеллектуалдык турмуштун очогу. Ийримдерде ышкы оту өкүм сүрөт. Илимий-предметтик ийримдерде окуучулар, албетте, окугандары жөнүндө (докладдарды, билдирүүлөрдү) айтып беришет; бирок бул жерде ойго чыныгы чыгармачылык мүнөз берүүчү бир белги бар: өспүрүмдөр, улан-кыздар өз жолдошторуна айтып берип жатышкан чындыктарды, закон ченемдүүлүктөрдү баркташат, аларга өз күчү менен жеткен байлык катары мамиле кылышат; анан калса бул байлыкка эмгек жана чыгармачылык, келечек жөнүндөгү ойлорун байланыштырышат.

Илимий-предметтик ийримдердин окууларында жана кечелеринде ашыкча жүк — алар үчүн өзгөчө каардуу коркунуч болуп эсептелген сабакка жетишпеген балдар жана кыздар да болушат. Интеллектуалдык бай кызыкчылыктардын чөйрөсү аларды окууга шыктандырат, ал эми алар үчүн окуу — жакшы окууга маанилүү колдогуч.

## 31. Ашыкча жүк болбос үчүн бош убакыт зарыл

Окуучунун бош убактысы көп болуп, бардык убактысы окууга кетпей, көп убакты бош калган учурда гана ал жакшы окуй алат деген сөз алгач караганда акылга сыйбай тургандай сыяктанат. Бирок бул акылга сыйбай турган нерсе эмес, педагогикалык процесстин логикасы. Окуучу жумуш күнүндө окууга канчалык көп алагды болсо, окууга таптаза байланышпаган нерселерди ойлонууга убактысы канчалык аз болсо, ашыкча жүк, артта калуучулук мына ошончолук көп болушу мүмкүн.

Бош убакыт проблемасы — бул окутуунун гана эмес, интеллектуалдык тарбиялоонун, ар тараптан өстүрүүнүн да маанилүү проблемаларынын бири. Бош убакыт окуучуга ден соолук үчүн аба кандай керек болсо, ошондой зарыл: ал окуучунун жакшы окушу жана окуудан артта калуу коркунучун дайыма сезбес үчүн зарыл (мындай да болот: бала бир нече күнү ооруп калса, ал абдан артта кала баштайт). Бош убакыт — тарбиялануучунун интеллектуалдык байлыгынын биринчи шарты, анын турмушундагы окуунун гана эмес, окуунун натыйжалуу болушунун шарты.

Окуучунун бош убактысы сабактарда пайда болот, аны акылдуу, ойлогуч мугалим жаратат. Бош убакыт табууда анын биринчи жардамчысы — окуучунун өзү, билими кандай — жандуу, активдүү же сенек абалда болушу көбүнесе окуучуга байланыштуу. Бирок да бош убактыны түзө турган дагы бир шарт бар. Ал эмгек жана эс алуу *режими.*

Көп жылдык тажрыйбама таянып, мен акыл эмгегинин режиминде эмнелерди жиберүүгө болбой тургандыгын алдын ала эскертким келет. Мектептеги сабактардан кийин эле окуучунун күндүн экинчи жарымында да кудум сабактагыдай күчөтүлгөн акыл эмгеги менен алек болуп, бир нече саат, жогорку класстарда көз кездешкендей 3—4, ал түгүл 5—6 саат китеп-дептер менен алпурушушу таптакыр жол берилбей турган нерсе. Мугалимдин суроолоруна жооп берүү үчүн күнүгө 10—12 саат китеп окуу, угуу, маани берүү, эсте сактоо, көңүлгө түйүү жана кайрадан көз алдыга келтирүү — бул ал жеткис, жабыркатуучу эмгек, ал барабара дене жана акыл күчтөрүн бүлүндүрөт. Билимге кош көңүлдүктү, кайдыгерликти туудурат, адамда окуу гана калып, ал эми *интеллектуалдык турмуштун* жоктугуна алып келет.

Акыл эмгегин күндүн экинчи жарымында китеп-дептерге алагды болуудан бошогудай уюштурууга болорун тажрыйба көрсөттү. Күндүн экинчи жарымы окуучунун бош

убактысы болууга тийиш. Мына ушул убакта окуучу китеп окуйт, илимий-предметтик ийримдерге катышат, сыртта эмгектенет, жаратылыш кубулуштарына жана адам эмгегине байкоо жүргүзөт.

Башкача айтканда, күндүн экинчи жарымында билимди өстүрүүгө, трансформациялоого мүмкүндүк берүүчү акыл ишкердиги болууга тийиш. Бул жерде сөз ишсиздик эмес, билимдин өсүшү жөнүндө болуп жатат. Окуучулар өз акылынын тетик өсүшү жана жакшы окушу үчүн жумуш күнүнүн экинчи жарымында иштөөгө керек болгон нерсени гана жасоосуна жетишүү — бүтүндөй педагогикалык процесстин маданиятына байланыштуу. Күндүн экинчи жарымындагы окуу — жаттап, эске сактоо зарылчылыгынан эмес, кызыгуудан, билүүнү каалоодон улам окуу өтө маанилүү.

Үй тапшырмасын балдар деги качан орундатышат? — деп сурарсыз, урматтуу кесиптешим.

Эрте жатып, эрте туруу, үй тапшырмасын эртең менен мектепке жөнөр алдында орундатуу — окуучуларыбыздын көбүнүн эмгек режиминин негизги принциби мына ушул. Эрте жатып, эрте ойгонуунун зарылдыгын, ойгонгондон кийинки 8—10 сааттагы күчөтүлгөн акыл эмгегинде пайда бар экенин илим далилдегенин биз көп жыл бою ата-энелерге түшүндүрүп келебиз. Ата-энелер мектебинде бизден педагогикалык билим алган ата-энелердин жаңы мууну өсүп чыкты, ал билимдердин арасында биринчи орунда — балдардын акыл эмгегинин маданияты жана гигиенасы турат. Биз балдардын, өспүрүмдөрдүн, улан-кыздардын 90%и эмгектин жана эс алуунун төмөнкү режимин тутушуна жетиштик: кенже класстын окуучулары уктоого кечки саат 9да, орто жана жогорку класстын окуучулары — 10до жатышат. Кенжелер эртең менен саат 6да (9 саат уктайт), өспүрүмдөр, улан-кыздар 5. 30да (7,5 саат уктайт) турушат. Мындай режимдин максатка ылайыктуулугун илимий жактан толук ырастоо бул кыска кеңештерде мүмкүн эмес. Бирок да сутканын аягында (түнкү саат 12ге чейин) уйку канчалык узак болсо, ал ошончолук эс алдырат да, ойгонуу ошончолук жеңил болот, акыл эмгегине адам ошончолук тез киришет. Ойгонгондон мектепке жөнөгөнгө чейинки 2—2,5 саатта окуучу сабакка даярданат — бул биздин режимдин өзөгү, бирок ал тарбиялоонун бардык системасынын составдуу бөлүгү гана болуп саналат. Окуу рухий турмуштун көп кырдуу, бай, кеңири фонунда болсо, билим дайыма ар түрдүү акыл ишкердигинде өнүгүп турса, илимге ээ болуу процесси, көркөмдөп айтканда, толук жабдыл-

ган куралдар — билүү ыктары менен камсыз болсо, ар бир окуучунун жеке күчү, шыгы, жөндөмү ар бир предметте (анткени баары өз ара байланышта эмеспи) ачылып турса гана жогорку класстарда бардык үй тапшырмасын орундатуу үчүн 2—2,5 сааттан ашпаган убакыт (орто жана кенже класстарда андан да аз) керектигине биздин педагогикалык коллективди көп жылдык тажрыйба бекем ишендирди. Мунсуз мен аңгемелеп берген тажрыйбаны өздөштүрүү таптакыр мүмкүн эмес. Эгерде жогоруда саналган шарттар болбой туруп, *ушуну гана* — окуучуларды эрте турууга жана мектепке жөнөр алдында үй тапшырмасын орундатууга мажбурлоодон эч нерсе чыкпайт (кээде эң баалуу тажрыйба да жагымсыз чөйрөгө башка жактан «көчүрүлүп келгендиктен», пайдаланууга болбой калып жаткандыгына мени бир катар мектептен алынган көптөгөн факты ишендирди; мисалы, балдар окуганды билбей жатышса да, мугалим аны көрбөй сочинение жазууга үйрөтсө — мындан эч нерсе чыкпайт).

Үй тапшырмасын орундаткандан кийин окуучу мектепке жөнөйт. Мектепке бара жаткан жол — алар үчүн эс алуу. Андан ары абдан күчөтүлгөн акыл эмгеги — сабак башталат. Кыйла интеллектуалдык чымыркануунү талап кылган сабактардын аралыгында иштин мүнөзүн өзгөртүүчү бир же мүмкүн болсо, эки саат дем алыш берүүгө (дене тарбия, сүрөт, ыр, эмгек ж. б. сабактарды киргизүүгө) жетишүү керек.

Сабактан кийин 4—5 саат китеп-дептер менен алышканга караганда эртең мененки 2—2,5 сааттык акыл эмгеги бир кыйла натыйжалуу. Бирок иш натыйжалуулукта гана эмес. Баланын ден соолугу жөнүндө, мен акыл эмгегинин суткалык режиминдеги *тең салмактуулук* деп атай турган нерсе жөнүндө ойлообуз керек. Сутканын бир бөлүгү күчөтүлгөн акыл эмгегине жыш, экинчи бөлүгү күчөтүлгөн акыл эмгегинен бош болушу керек. Окуучунун *бош убактысы* делген күндүн экинчи жарымында балалыктын өтө кызыкту өзгөчөлүктөрүн эсепке алуучу акыл эмгегин уюштуруубуз зарыл. Бул кайсыл өзгөчөлүктөр жана аларды кантип эсепке алууга болот — бул жөнүндө кийинки кеңеште айтылат.

## 32. Баланы бош убактысын пайдаланууга үйрөтүңүз

Убакыттын өтүшү улгайгандарга караганда бала үчүн таптакыр башкача болот,— муну биз эч убакта унутпоого тийишпиз. Балалыктын бул өзгөчөлүгүн ким эсепке алба-

са, баланын жүрөгүнө бет алган жолдо көп учурда түшүнбөстүктүн дубалына такалат. Токойдо өткөргөн жайкы ачык күн — ал үчүн бүтүндөй бир жыл, ал эми пионер лагериндеги бир ай — бүтүндөй бир чексиздик. Чектелген убакыт менен балдарды кысымга албагыла, алар каалашынча көз жүгүртүп, көрүп алышына мүмкүнчүлүк бергиле. Балдардын ар бири өз иши менен алагды болгудай бир саат болсо да бөлүп бергиле. Муну балалыктын табияты талап кылат, мунсуз баланын кабылдоосу жана ой жүгүртүшү мүмкүн эмес.

Баланын ар бир кадамы алдында аны кызыктырган, акыл-эсин жана жүрөгүн өзүнө тарткан жаңы, белгисиз бир нерселер ачыла тургандыгы эсиңерде болсун, бала бир нерсени ойломок турсун, убакыттын кандайча өткөнүн билбей да калат. Балалыктын мындай бир калыпта мелмилдеген, жай, бирок токтолбогон агымына кабылган бала, маселен, бүгүн үй тапшырмасын аткарыш керектигин таптакыр унутуп коюшунда таңгаларлык эч нерсе жок. Сиз тапшырма жөнүндө таңгала сураганда: «А мен ал жөнүндө унутуп коюптурмун»,— деп бала ачык айтса, сиз, кымбаттуу кесиптешим, ага таңгалбаңыз. Ал бул жөнүндө өзүнүн күнөөсү катары эмес, өзү үчүн башка бир таңгаларлык, түшүнүксүз, укмуштуу нерсе сыяктуу айтат. Сабакта отуруп, класстын дубалында дарактын көлөкөсү *ойноп жатканына* алаксыган бала сиз айткандардын бирине да кулак салбаса, ага таң калбаңыз. Ооба, ал уккан жок, чынында эле ушундай, анткени, аны балалыктын агын суусу өзүнө тартып алды, ал убакытты сиздей эмес, таптакыр башкача кабыл алат. Ага кыйкырбаңыз, кош көңүл жана ойдологон бала катары аны класстын алдына алып чыкпаңыз — минтүүнүн таптакыр кереги жок. Ага акырын басып барыңыз да, колдон алып, балалыктын укмуштуу кайыгынан бүткүл класс сүзүп бара жаткан таанып-билүүнүн кемесине отургузуп коюңуз. Дагы бир маанилүү нерсе — кез-кези менен өзүңүз да балалыктын кайыгына отуруп, аны менен бирге болуп, дүйнөнү анын көзү менен карап көрүүдөн тартынбаңыз. Эгерде сиз ушуга үйрөнсөңүз көп учурда түшүнбөстүктөн — бала эмнени жана эмне үчүн жасап жаткандыгына, эмне үчүн ал мындай кылгандыгына мугалим түшүнбөгөндөн, ал эми бала андан мугалим эмнени каалап жаткандыгын түшүнбөгөндөн улам келип чыккан көп келишпестиктер мектеп турмушунда болбой турганына ишениңиз.

Мен улгайган адаммын, кызыктуу бир нерсеге берилген, кызыктырган жана ыракаттандырган нерседен баш тартуу

мага кыйын, анан ошол ишти мен үчүн эч ким жасап бербейт деген ой сезимдин тереңинде мага тынчтык бербейт. Сезимдин тереңиндеги бул кабар бизге убакыттын өтүшүн көзөмөлдөөгө жардам берет. Балада мындай көзөмөл жок. Ал убакыт жөнүндө унутуп коёт. Бош убакыттан пайдаланууну ага үйрөтүшүбүз керек.

Кантип үйрөтүү керек? Анын ойлонушун талап кылыппы, бир нерсе менен алаксып, иш жөнүндө унутуп коюп жаткандыгын эскертиппи? Кызыктуу нерселер менен дидарлашуудан сактаппы? Антүүгө болбойт. Балалыктын табиятын бүлүндүрүү жарабайт. Бош убакыттан пайдаланууну үйрөтүү — демек, кызыктуу, баланы таңдандыруучу нерсе ошол эле убакта анын акыл-эси, сезими, ар тараптан өсүшү үчүн керектүү, зарыл нерсе болушуна жетишүү дегендик. Башкача айтканда, баланын убактысы анын оюн өстүргүдөй, билим жана билгичтик менен байыткыдай, ошол эле убакта балалык суктанууну бузбагандай кызыгуулар менен толтурулушу керек. Бала үчүн бош убакытты түзүү — ал каалагандардын бардыгына мүмкүнчүлүк берүү дегендик эмес. Чаржайыт иш бекерпоздукка тарбиялашы ыктымал.

Бош убакытты пайдаланууну түшүндүрүү жолу менен эмес (түшүндүрүүнү кичинекей балдар али түшүнүшпөйт), ишке чегерүү, көрсөтүү, коллективдүү эмгек менен үйрөтүү керек.

### 33. Ар бир окуучуну китеп окууга кызыгуу очогуна алып келиңиз

Ар бир тарбиялануучуңуз бош убактысын кайда жана кандай пайдаланары (убактысын өткөрөрү эмес, пайдаланары) жөнүндө ойлонуштуруп көрүңүз. Акыл-эстүүлүк менен пайдаланылсын.

Бул жерде кайрадан китепке кайрылууга туура келет. Кызыгуунун маанилүү очогу китеп окуу болууга тийиш. Мектеп китептер дүйнөсү болуу керек. Сиз өлкөнүн алыскы булуңунда иштешиңиз мүмкүн, сиздин айыл маданий борборлордон миңдеген километр алыстыкта болушу мүмкүн, мектепте көп нерселер жетишпеси ыктымал,— бирок сизде китептер дүйнөсү болсо, анда сиз борбордогулардын педагогикалык маданиятынын деңгээлинде иштей жана ошолордогудай эле натыйжаларга жетише аласыз. Китеп окуучуну билимден алаксытат деп коркпоңуз.

I—III класстарда сөзсүз китеп бурчун (ар бир класста өзүнчө) түзүп, ага балдар үчүн мазмундуу жана кызыктуу

китептер коюлушу керек. Ар бир окуучу өзүнүн турмушунда бул биринчи китепканадан дайыма пайдалангандай болсун. I—III, асыресе, I—II класстын окуучуларына мектеп китепканасынан китеп алууга кеңеш бербес элем, анткени окуучу эмнени окуу керектигин мугалимден жакшы эч ким билбейт. Ошол учурда өзүнө өтө керектүү, *өзүнүн* гана китебин окуп келүүгө берер кез болот; муну мугалимчелик эч ким жакшы билбейт.

Ойду, жан дүйнөнү, жүрөктү козгой албаган кызыгуу эч кандай пайда алып келбей тургандыгы эсиңизде болсун. Биринчи кызыгуу китептен козголгон кызыгуу болууга тийиш экендигин баса белгилегим келет. Муну өмүр бою эсибизге тутушубуз керек. Сиз эмнени гана окутпаңыз — мейли адабиятты же тарыхты, физиканы же сызууну, биологияны же математиканы болсун,— сиз тарбиялануучуңузду (эгерде сиз анын тарбиячысы болгуңуз келсе) кызыктыра турган биринчи очок — бул китеп болууга тийиш.

Китеп — бул дагы мектеп, китептер дүйнөсүнө саякат кылууга ар бир тарбиялануучуну үйрөтүшүбүз керек. Ошон үчүн ишти класстык китепканадан баштоого, андан соң бара-бара мектептик китепканадан пайдаланууну үйрөтүүгө кеңеш берип жатам. Мында башаламандыкка эч убакта жол берүүгө болбойт. Өзүңүздүн балдарыңыз менен мектеп китепканасына барыңыз, ал жерде бар китептер менен тааныштырыңыз, кайсынысын окууга кеңеш бериңиз. Окууга сунуш кылынган адабияттардын тизмесин китепканачыга бериңиз (ал тизмеге, албетте, китепкананын текчелериндеги китептер гана кирүүгө тийиш).

Ар бир тарбиялануучуну кызыктырган экинчи очок — бул сүйүктүү предметке кызыгуу. Адамда мектептеги жылдары эң баа жеткис байлык — бош убакыт болгондо гана предметке болгон сүйүү, интеллектуалдык активдүүлүк болушу мүмкүн. Күндүн экинчи жарымында мектепте илимдин ар түрдүү тармактарын терең үйрөнүүгө кызыктырган көп очоктордун отун жандырууга кантип жетишүүгө болорун педагогикалык коллектив терең ойлонушу керек. Бул жогоруда сөз болгон илимий-предметтик ийримдер гана эмес. Бул дагы теориялык билим, чыгармачылыктын, акыл эмгек маселелерин чечүүнүн башкы демилгечиси болгон активдүү ишкердик. Интеллектуалдык кызыгуунун мындай очоктору биздин мектепте бири физика жана техника боюнча, экинчиси — биология жана агротехника боюнча «Кыйын иштердин бөлмөсү» деп аталган эки бөлмө болуп калды. Бул жердеги бардык жумуш өз бетинче иш жүргүзүүгө негизделген. Бөлмөлөргө жогорку класстын

окуучулары башчылык кылат. Бул жерде эшик биринчи класстан онунчу класска чейин бардыгы үчүн ачык. Мында ар түрдүү технологиялык жана биологиялык маселелер чечилет. Окуучуларга, мисалы, бир нече эмгек операциясына пайдаланууга жарамдуу, бир жумушчу бөлүгүн экинчиси менен алмаштырууга мүмкүн болгон түзүлүштүн иштөөчү моделин конструкциялоо сунуш кылынат. Биология боюнча: эки жылдын ичинде күрсүз чопону түшүм берүүчү кыртышка айландыруу, ага өсүмдүк өстүрүү, пайдалуу микроорганизмдердин тиричилигине шарт түзүү милдети сунуш кылынат.

Окуучунун бош убактыны кандайча пайдаланышына көп нерсе байланыштуу. Тарбиялануучуңузда акылга төп кызыгууну туудуруңуз.

### 34. Эмгекке кызыктырып тарбиялаңыз

Мектепте ондогон жылдар бою иштөө мени акылдын өсүшүндө эмгек өтө маанилүү ролду ойноп тургандыгына ишендирди. Баланын акылы — анын манжаларынын учунда. Бул педагогикалык ишеним байкоолордон келип чыкты. Колу жөндөм, эмгекти сүйгөн балдар ар нерсеге ышкылуу, дилгир болорун көрдүм. Сөз эмгектин баарысы жөнүндө эмес, баарыдан мурда ойду, кылдат билгичтикти, чеберчиликти камтыган татаал, чыгармачылык эмгек жөнүндө болуп жатат. Мында тике байланыш бар экенине фактылар жылдан-жылга көбүрөөк ишендирди. Колу канчалык жөндөм болсо, бала, өспүрүм, улан мына ошончолук зирек, демек, факты, кубулуш, себеп-натыйжа байланыштарын, закон ченемдүүлүктөрдү ой жүгүртө талдоодо анын жөндөмү ошончолук ачык-айкын көрүнөт.

Бул көз карандылыктын илимий негиздерине маани берүүгө аракет кылып, окумуштуулардын эмгектерин окудум жана ошол убакта окуу-тарбия процессинин ар түрдүү жактарын жана көрүнүштөрүн иликтеп көрдүм. Окуудан кыйналган балдарды жана өспүрүмдөрдү акыл жактан тарбиялоо максатында эмгекти иш жүзүндө пайдаланууга умтулуп, биз аларды татаал билүү ыгына жана машыгуусуна ээ болуучу жумуштарга тарттык. Бул эмгектин мүнөздүү өзгөчөлүгү акыл топтоп, өтө кунт коюуну, зиректикти талап кылган анын айрым этаптары менен операцияларынын ортосундагы көз карандылык болду. Кол менен ойдун аракети туруктуу байланышта болуп турду: ой эмгек процессин текшерип, түзөтүп, өркүндөтүп, кол болсо ага майда-бараттар жөнүндө билдирип турду, ошентип, эмгек

акыл-эсти өстүрдү, ырааты менен ойлоого, түздөн-түз байкоого мүмкүн болбогон айрым фактылар менен кубулуштардын ортосундагы көз карандылыкты тереңирээк кароого үйрөттү.

Кашаң, чаржайыт ой жүгүрткөн окуучуларды татаал, *акылдуу* эмгекке тартуу, алардын эмгектик аракеттерин көпкө байкоо — мунун баары ой жүгүртүүнүн калыптаныш жолун жакшылап көрүүгө жардам берди.

Эгерде окууда адам кыйналса, анын эң башкы себеби милдеттерди жана өз ара байланыштарды *көрө* албагандыгында, башкача айтканда, «фактылардан» өзүнчө ой жүгүртө албагандыгында экенин түшүндүм. Мамилелерди жана өз ара байланыштарды баарыдан мурда көрсөтмөлүү жерде — эмгек процессинде көрүүгө болот.

Окуучулардын акылын өстүрүү үчүн эмгектин төмөнкү түрлөрүн тандап алуу туура экенине тажрыйба ишендирди:

а) Иштөөчү түзүлмөлөрдүн, механизмдердин, приборлордун моделин конструкциялоо жана кураштыруу. Бизде мектептин устаканасында амалдуу машиналардын, механизмдердин, приборлордун, түзүлмөлөрдүн моделин курай албаган бир да начар окуучу жок эле. Бул жерде ойлоонун — демилге туудуруунун биринчи булагы мамилелерге жана өз ара байланыштарга маани берип түшүнүү саналат. Эки жылдын ичинде жаш конструктор-моделисттер ийриминин бири жыгачты иштетүү боюнча универсал станок конструкциялады. Ийримде он беш окуучу бар эле, анын үчөө начар окушчу. Акыл-эсти ойготуучу жана өстүрүүчү эмгектин маанилүү белгиси ойлоп табууну дайыма өстүрүү эле. Болочок станокту ойлоп табуу дайыма өспүрүмдөрдүн, улан-кыздардын көз алдында туруучу. Ойлоп табуунун тууралыгын, максатка ылайыктуулугун ийримдегилер ар түрдүү конструкциялык варианттарда түйүндөр менен тетиктер кандайча *өз ара аракеттенишерин* текшерип билишчү. Мындай шартта эмне болор эле, тигиндей шартта эмне болор эле? Бул жана буга окшош суроолорго маани берип, ой жүгүртүү окуучулардын алды-артын карап иликтешине, салыштырып карашына түрткү берди.

Эмгек процессиндеги *өз ара аракеттерге маани берип түшүнүү* — бул себеп-натыйжалуу, функция аралыгындагы байланыштар менен карым-катнаш ой жүгүртүүнүн маанилүү чөйрөсүнүн өсүшүнүн эң сонун, менимче, эч нерсе менен алмаштырылбай турган каражаты. Өз ара аракеттер жөнүндөгү ой жүгүртүүнүн өтө баалуулугу — бул ойдун кыймылда, изденүүдө болгондугунда, адамдын ой жүгүртүү айдыңында — жалпылоочу ой менен байланышкан

бир нече көрсөтмөлүү элестер жатат. Бул жерде ансыз ой жүгүртүү мүмкүн болбогон ачык-айкындыктан жалпылоого өтүү келип чыгат.

б) Өткөрүүнүн, кайра түзүүнүн, кубат жана кыймыл трансформацияларынын жолдорун тандап алуу. Мында сөз электр кубаты механикалык же жылуулук, түз сызыктуу кыймылга — айланма же тескерисинче түргө өткөн моделдерди жана механизмдерди, түзүлмөлөрдү, приборлорду, машиналардын түзүлүштөрүн конструкциялоо жана курастыруу жөнүндө бара жатат. Бул жерде ой көз ирмемде абстракттуу, жалпылоодон ачык-айкындыкка — элестөөгө, образга, көрүнүшкө өтөт. Жалпылоочу идеяны чындыкка, ачык-айкын аракетке кантип ашырууга болот? Бу суроого тереңдеп кирүү ойлоо күчтөрүн козгоп, мурда белгилүү нерседен иштиктүү чечилишти издөөгө аргасыз кылат. Өткөрүүнүн, кайра түзүүнүн ыгын тандоо баамчылдыкка, зиректикке тарбиялайт (начар окуучуга жетишпеген нерсе дал ушул): адам тетиктерди, өзүнчө бөлүктөрдү, бүтүндөй бир бөлүктүн элементтерин байкаштырат, жекеликтен жалпылыкты издейт, жалпы идеяны жеке бир учурдан экинчиге өткөрүүгө үйрөнөт. Мына мунун бардыгы колдун чеберчилигинде, билгичтигинде чагылдырылууга тийиш. Адамда ойду жаратуучу менен аны ишке ашыруучу чебер биригишип, акыл-эстин өсүшүнө арналган эмгектин объектиси жандуу болушуна, өзгөрүп турушуна жетишүүгө аракет кылабыз. Колдон келишинче эксперимент менен тажрыйбанын, кол менен манжалардын сезимтал кыймылынын көп болушу — эмгек процессинде акыл-эсти тарбиялоонун принциптеринин бири ушул.

в) Материалдарды иштеп чыгуу, тандоо жолдорун, шаймандарды, механизмдерди, иштеп чыгуунун технологиялык ыкмаларын тандоо. Биз шаймандар колго келип, анын бир бөлүгү болуп калышына умтулабыз. Адам колу жана оюу менен эмгек объектисине кылдат таасир этүүгө үйрөнө албаса, сезимтал, чыгармачыл акыл-эсти тарбиялоону элестетип болбойт. Ошол таасир этүү — ойдун жана кол эмгегинин айкалышы. Адам кол же механикалык шайман менен бир нерсени иштетип жатканда, татаал көрүнүш болуп турат: ар бир көз ирмемде колдон мээге жана мээден колго сигнал көп жолу берилет, мээ колду үйрөтөт, кол өнүктүрөт да, мээни үйрөтөт. Ойлоп табылган нерсе бул убакта ишке гана ашырылбастан, улам өсүп, тереңдеп, өзгөрүлүп отурат. Мында ойдун жиби үзүлбөйт. Материалдарды кол жана жөнөкөй механикалык шаймандар менен иштетүү — узак убакта да эмгек процессин акылы менен

камтый албаган начар окуучуну «дарылоонун» эң сонун каражаты.

г) Турмуштук процесстердин (өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын) нормалдуу өнүгүшү үчүн, бул чөйрөнү башкаруу үчүн зарыл чөйрөнү түзүү. Окуучулар мындай ишти айыл чарба жумушунда (дыйканчылыкта, мал чарбасында) аткарат. Бул ачык-айрым элестөөдөн жалпылоого өтүүнүн жана корутунду менен жалпылоодон ишке *өтүүнүн* эң сонун каражаты. Эмгектин бул түрлөрүнүн тарбиялык өзгөчөлүгү — өзгөрүп турган шарттарда узакка созулган *процесстерди* адам оюна камтып, ошол эле учурда ал шарттарга эстүүлүк менен таасир көрсөтүп, аларды өзгөртөт. Менимче айыл чарба жумушу — бул эмгектин эң *акылдуу* түрүнүн бири. Жаш дыйкандар, селекционерлер, биохимиктер, агротехниктер ийримине бизде билимге мойну жар бербеген эң начар окуучулар тартылат. Акылга тетик айыл чарба жумушу аларды ойлоого үйрөтөт.

Начар балдар жана өспүрүмдөр он беш жылдан ашык чыгармачылык иш менен катышып жүргөн жаш тажрыйбачылардын ийримдеринин биринде мындай эки маселе чечилип жатат: уруктун өнүп чыгыш кубатына жана өсүмдүк тиричилигинин алгачкы мезгилинде чөйрө шарттарынын таасири; кыртыштын жана сырткы шарттардын түшүмгө таасири.

Кол акыл-эсти өстүрүшү үчүн, албетте, дайыма окуу зарыл: китеп акылдуу башты гана эмес, акылдуу колдорду да жаратат.

### 35. Окуучулардын зээндүү болушуна кантип жетишүү керек?

Мен 27 кичинекей бала менен шалбаага жөнөдүм — ар түрдүү өсүмдүк өз уругун кантип таратарын аларга көрсөтүү керек эле. Биз көргөнү бараткан өсүмдүк шалбаанын алыскы бир четинде өсөт. Бул өсүмдүктөрдүн жанында баарын кармап туруу үчүн мен аларды ынтаанын назик жиби менен өзүмө байлаймын. Бул чыныгы символдук түйүндөр. Өсүмдүктөрдүн арасында, алардын жанында ондогон эң ар түрдүү, эң кызыктуу нерселер бар, алардын бирине бала бет алды дегиче жип үзүлөт, мен балага айтып, көрсөтүп жаткандарымды ал көрбөйт да, укпайт— анын ою кайдадыр алыста. Мына, лып этип чаар көпөлөк учту эле, аны Ваня менен Коля, Нина менен Наталочка карап калды — мына төрт жип үзүлүп калды. Аяк алдынан бака секирип кетти эле дагы бир топ жип үзүлдү...

Мындай учурлар сабакта да көп болот. Лып эле көпөлөк артынан чу коюучу ойдологон ынтызар балдардын жоон тобун өзүңдүн жаныңа кантип кармап тура аласың? Аңгемеңизди баштаганда эле эс-дартында кызыктуу, өзүнө тарткан, толкундаткан бир нерсе турган өспүрүмдү көңүлсүз, кызыксыз аңгеме менен кантип өзүңө тартасың?

Көңүл буруу менен башкаруу — бул педагогикалык иштин абдан кылдат жана эң аз изилденген жактарынын бири. Көңүл буруу менен башкаруу үчүн баланын психологиясын, жаш өзгөчөлүгүн терең билүү керек. Баланын ыкласын буруу үчүн анын мерчемдүү *ички абалын* — чындыкка көзү жеткенден улам эмоциялык эргүүсүн, интеллектуалдык жандануусун, акылына сыймыктануусун түзгөндө, бекемдегенде, сактап калганда гана мүмкүн экендигине мени мектептеги көп жылдык иштер ишендирди.

Бул абалды акыл жактан тарбиялоонун бүткүл системасы менен түзүүбүз керек. Жогоруда айтылган эмоциялык эргүүнү сабактын өзүндө кандайдыр атайын ыкмалар менен, мисалы, көңүлдөгүдөй тандалып алынган көрсөтмөлүү каражаттар менен гана түзүү мүмкүн эмес. *Бул абал* көп нерселерге — ойлоо маданиятына, сезимге, окуучунун кругозоруна байланыштуу.

Баланын көңүлүн ээлөө — баланын оюна педагогдун эң кылдат, чебер таасир этиши. Мисалы, окуучулар жыл бою зоология боюнча, адегенде кызыксыздай көрүнгөн көп нерселерди — курттардын организминин түзүлүшүн, алардын тиричилигин окуп үйрөнүшөрүн билем. Бул материалды окуп үйрөнүүдө, эгерде балдардын аң-сезиминде «колго илинерлик» ой жок болсо, алардын ыкласын бура албайсыз. Окуучулардын көңүл коюшу — мында бир катар чындыкты билүү менен шартталат, ошондо гана таптакыр кызыксыз материал кызыктуу кабыл алынат. Мындай чындыктарга бул учурда: кыртыш түзүүдө, өсүмдүктөрдүн тиричилигинде пайдалуу курттардын (мисалы, сөөлжандын) ролу, табият кубулуштарынын ортосундагы жалпы тең салмактык, бир кубулуштун башкасына байкалбаган көз карандылыгы болуп саналат.

Курттар жөнүндөгү материалды көңүл коюп кабыл алыш үчүн окуучуларды эмоциялык эргүүгө даярдоо менен, мен өспүрүмдөргө жаратылыш, кыртыштагы тиричилик жөнүндөгү кызыктуу китептерди берем. Адегенде кызыксыздай көрүнгөн материал менен байланышкан аңгемелерим жана түшүндүрүүлөрүм окуучулардын оюна багытталды. Мен алардын оюна тийип өткөндөй болом, аңгемелеп жаткан нерсе аларды кызыктыра баштайт. Бул

кызыгуу баарынан мурда ички демилгеден, каалоодон улам козголот: окуучу китеп окуган кезде аң-сезиминде жыйылып калган ойлор жанданғансыйт, жаңылангансыйт, менин оюма умтулушат — окуучу жөн гана укпастан, ал үчүн жаңы материалды кабыл алат, ал өзүнүн аң-сезиминин тереңиндеги фактыларды, кубулуштарды сууруп чыгат, *алардын үстүнөн ой жүгүртөт.*

Эрксиз ынтаа эрктүүсү менен айкалышы керек. Бул айкалышуу окуучу угуп жатып ой жүгүрткөндө пайда болушу мүмкүн, ал болсо эгерде аң-сезимде «ойлонууга угут» мурда болсо, башкача айтканда, айтылып жаткан предмет жөнүндө окуучу мурда бир нерсе билсе гана мүмкүн. Окуу материалын кабыл алуу процессинде ой жүгүртүү канчалык активдүү болсо, окуучу ошончолук жеңил окуйт. Окуу менен даярдалган ынтаа — акыл эмгегин жеңилдетүүнүн эң башкы шарттарынын бири. Сабактарда окуучулардын эрксиз ынтаасы эрктүү ынтаа менен айкалышса, жабыркоо, чарчоо деген болбойт.

Эгерде мугалим окуучуларды эмоциялык эргүүгө даярдабаса, интеллектуалдык шыктануусун ойлонуштурбаса, анда билим кайдыгерликти туудурат, ал эми сезимсиз акыл эмгеги чарчатат. Ал түгүл эң ак ниеттүү окуучу күч-аракетин материалды түшүнүүгө жана эсинде сактап калууга жумшаса да, бат эле «жолунан адашып», себеп-натыйжа байланыштарын ойлоп түшүнүү жөндөмдүүлүгүн жоготот. Ал канчалык чымырканса, ойду кармап калуу ошончолук кыйын болот. Окуу китебинен башканы окубаган окуучулар сабакта үстүртөдөн билим алышат да, бардыгын үй жумушуна оодарышат. Үй тапшырмасын көбөйтүп алган соң, аларда илимий адабияттарды, журналдарды окууга убакыт калбайт. «Тажатма тор» ушинтип жайылат.

Предметке кызыгуу жана окуучулардын ынтаасы көрсөтмөлүү каражаттардан улам арта тургандыгы жалпыга белгилүү. Бирок көрсөтмөлүүлүк окуунун принциби катары чоң мааниге ээ, эгерде көрсөтмө куралдарды окуучулардын көңүлүн бургуч каражат катары гана карасак, анда бул окутуудагы, өзгөчө акыл тарбиясындагы мажүрөөлүк болуп калат.

### 36. Сабакты көрсөтмөлүү куралдар менен өткөрүү — таанып-билүү чыйыры жана бул чыйырды жарык кылуучу нур

Ыкластуулукка тарбиялоонун бирден-бир каражаты — бул ойго таасир этүү, ал эми көрсөтмөлүүлүк ынтаанын

өнүгүшүнө жана терендешине ой жүгүртүү процессин демдендиргендей гана түрткү бере алат. Предметтин көрсөтмөлүү образы көңүлдү көпкө өзүнө бурат, бирок көрсөтмөлүүлүктү колдонуунун максаты окуучулардын көңүлүн бүт сабак бою ага кадап салууда эмес, көрсөтмө каражат таанып-билүүнүн кайсы бир этабында балдар образдан алаксышып, ой менен жалпылоочу чындыкка, закон ченемдүүлүккө өтүшү үчүн сабакка алып келингендигинде. Турмушта көрсөтмө куралдагы кандайдыр бир деталга балдар көңүлүн кадап, мугалим түшүндүрмөкчү болгон абстракттуу чындыкка ой жүгүртүүгө жардам бербестен, кайра тоскоолдук кылат. Бир күнү мен балдарга суу кудугунун иштөөчү моделин алып келдим. Дөңгөлөктү тегереткен суунун туш-тушка чачыраган майда учкундары күн нуруна көк желе болуп чагылышты. Мен ал көк желени байкабаптырмын, балдар болсо аны көрүп бүт дити менен түшүндүрмөкчү болгон жалпылоочу корутундуга эмес, таптакыр күтүлбөгөн жерден пайда болгон жаратылыштын кызык кубулушуна бурулуп кетти. Сабак оң натыйжа берген жок.

Көрсөтмө каражатты колдонуу — мугалимден илимий-педагогикалык чоң даярдыкты, баланын, өспүрүмдүн, уландын психологиясын билүүнү, билимге ээ болуу процессин билүүнү талап кылат.

Көрсөтмөлүүлүк — бул баарыдан мурда кенже мектеп балдарынын акыл эмгегинин жалпы принциби экендигин эске тутуубуз керек. Балдар «формалар, добуштар, боёктор, сезимдер менен ойлошот»,— деп жазган К. Д. Ушинский[4]. Бул жашка ылайык закон ченемдүүлүк — кичинекей баланын ой жүгүртүүсү жаратылыштын арасында өсүшүн, анын бир эле учурда көрүшүн, угушун, көңүл түйшүгүнө бөлөнүшүн жана ойлошун талап кылат. Көрсөтмөлүүлүк — бул ыкласты, ойлоону өстүрүүчү күч, ал таанып-билүүгө эмоциялык түс берет. Бир эле мезгилде көрүүнүн, угуунун көңүл түйшүгүнүн жана ойлоонун аркасында баланын аң-сезиминде психологияда эмоциялык эске тутуу деп аталган нерсе калыптанат; эске жыйылган ар бир элес жана түшүнүк менен ой гана эмес, сезим да, көңүл түйшүгү да байланыштуу. Өнүккөн, бай эмоциялык эске тутуусуз баланын акылынын толук өсүшү жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес. Мен башталгыч класстын мугалимдерине ойлоонун башатында, жаратылыш жана эмгек арасында балдарды ойлоого үйрөткүлө деген кеңеш айтар элем. Баланын аң-сезимине байыр алган сөз эмоциялуу түскө ээ болгудай болсун. Көрсөтмөлүүлүктүн принциби сабакка гана эмес,

окуу-тарбия процессинин бардык жактарына да, бардык таанып-билүүгө сүңгүп кириши керек.

Экинчиден, көрсөтмө куралды колдонуу менен, конкреттүүлүктөн абстракттуулукка кантип өтүүнүн, окуучулар качан ага көңүл бурууга тийиш эместигин ойлоп көрүүбүз керек. Бул интеллектуалдык тарбиянын эң маанилүү учуру: көрсөтмө курал ойду активдештирүүнүн белгилүү *этабында* гана керек.

Үчүнчүдөн, бара-бара натуралай көрсөтмөдөн көркөм каражаттарга, андан кийин предметтердин, кубулуштардын символикалык түспөлүн бере тургандарга өтүүбүз керек. I—II класстарда эле балдарды бара-бара натуралай көрсөтмөлөрдөн оолактатуубуз зарыл, бирок бул андан таптакыр баш тартуу дегендикке жатпайт. Тажрыйбалуу педагогдор көрсөтмөлүүлүктүн принцибин окуу жылынын бүткүл мезгилинде 1ден 10-класска чейин пайдаланышат, бирок жылдан-жылга аны татаалыраак методдор жана ыкмалар менен ишке ашырышат. Онунчу класста да тажрыйбалуу сөзмөр тарбияланууучуларын токойго, өзөн бою-на, гүлдөп турган жазгы бакка алып барат — бул жерде сөздүн эмоциялык ажары ого бетер жылмаланат, жаштардын эмоциялык эске тутуусу тереңдейт жана өсөт.

Көрсөтмөлүүлүктүн көркөм каражаттарына өтүү — бул узакка созулуучу процесс. Ал мугалим сабакка мышыктын тирүү баласын алып келүүнүн ордуна анын сүрөтүн алып келүү дегендикке жатпайт. Көрсөтмөлүүлүктүн көркөм каражаты натуралай нерсенин формасын, өзүн жана башка өзгөчөлүктөрүн так бере алса да, ар дайым жалпылоочу касиетке ээ болууга тийиш. Педагогдун милдети — көрсөтмөлүүлүктүн көркөм каражаттарын колдонууда бара-бара татаалыраак жалпылоого өтүүдө турат. Балдарды символикалык сүрөттөөлөрдү — сөлөкөт, схемаларды түшүнүүгө үйрөтүү өтө маанилүү. Алар абстракттуу ой жүгүртүүнүн өнүгүшүндө өтө чоң роль ойнойт. Буга байланыштуу мен класстык досканы пайдалануу методикасына тиешелүү каалоолорду айткым келет.

Класстык доска анын бетине жазыш үчүн гана эмес, аңгемени түшүндүрүү, лекция учурунда мугалим ага сүрөттү, схеманы, чиймелерди түшүрүү үчүн да керек. Тарых, ботаника, зоология, физика, география, математиканы окутуу менен, мен бардык сабакта дээрлик (болжол менен тарых сабактарынын 80%инде, ботаника, зоология жана географиянын 90%инде, физика жана математиканын 100%инде) досканы жана түрдүү түстөгү борду пайдаландым. Мунсуз менимче, абстракттуу ой жүгүртүүнүн өсүш

процессин көз алдыга келтирүү мүмкүн эмес. Көркөм көрсөтмөлүүлүктү мен элестөөлөрдү жана түшүнүктөрдү конкреттештирүүнүн каражаты гана эмес, элестөө дүйнөсүнөн абстракттуу ой жүгүртүүнүн дүйнөсүнө чыгуу каражаты катары да карайм.

Көркөм көрсөтмөлүүлүк ошону менен бирге акылга өзүн-өзү тарбиялоонун каражаты да болуп саналат. II—III класстарда менин окуучуларым арифметика дептерин дайыма эки «тилкеге» бөлүшөт: сол тилкеге — маселелердин чечилиши; оң тилкеге — маселелердин көрсөтмөлүүлүгү, схемалык сүрөтү түшүрүлөт. Чыгарууга киришерден мурда, окуучу маселенин сүрөтүн тартат. Маселени сүрөткө түшүрүүгө үйрөнүү — демек, бул конкреттүү ой жүгүртүүдөн абстракттуулукка өтүүнү камсыз кылуу дегендикке жатат. Балдар адегенде предметтердин (алма, себет, дарак, чымчыктын) сүрөтүн тартат, андан соң аларды чарчылар, тегеректелер ж. б. менен белгилеп, схемалык сүрөттөөгө өтүшөт. Мен маселелерди өзгөчө начар окуучулар тартышына кам көрчүмүн. Эгерде ушул методикалык ыкма болбосо, алар маселени чыгарууну, анын шартынын үстүндө ойлоону үйрөнө алышат беле, ким билет. Эгерде бала маселелердин сүрөтүн тартууну үйрөнсө, ал аларды чыгара аларына ишенем. Айрым окуучулар маселелердин шартын бир нече ай сүрөткө тарта алган жок. Демек, алар абстракттуу гана эмес, «формалар, добуштар, боёктор жана сезимдер» менен да ой жүгүртө билишпегени, аларды адегенде образдуу ой жүгүртүүгө үйрөтүү, андан кийин гана абстракттуу ой жүгүртүүгө өткөрүү керек болду.

Эгерде сиздин башталгыч классыңызда математика боюнча начар окуучу болсо, аларды маселени сүрөткө тартууга үйрөтүңүз. Баланы ачык образдардан алардын символикалык сүрөтүнө, сүрөттөн мамилелерди, көз карандылыктарды түшүнүүгө өткөрүү керек.

Төртүнчүдөн, көркөм көрсөтмөлүүлүктөн бара-бара сөзобразга өткүлө. Сөз-образ — бул «формалар, добуштар, боёктор жана сезимдер менен» ой жүгүртүүдөн түшүнүү менен ой жүгүртүүгө өткөөл. Башталгыч класстардын тажрыйбалуу мугалимдери көрсөтүүгө мүмкүн болбогондордун гана эмес (мисалы, Арктикадагы оркойгон муздардын, вулкандардын атылышын ж. б.), жаратылыштагы, биздин айланабыздагы адам эмгегиндеги көрүнгөн нерселердин да образын сөз менен түзүп беришет. Бул сөз образдарды эмоциялык эске тутуунун калыптанышында психологияда ички сөз деп аталган нерсени байытууда өтө маанилүү.

Бул жерде кайрадан да начар окуучулар менен иш алып

баруу жөнүндө айтууга туура келет. Тажрыйба көрсөткөндөй, алардын акыл жактан өсүшү — көбүнесе образдуу ой жүгүртүүдөн түшүнүктөр боюнча ой жүгүртүүгө өтүү канчалык узак, акырындык менен болушуна байланыштуу. Айрым начар окуучулар таптаза оңолбойт, мугалим аларды эмне кыларын, алардын ой жүгүртүүсүн кантип козгоону билбейт; мунун башкы себеби — «образдуу ойлоонун» узак жолун баскан эмес; мугалим аларды абстракттуу ой жүгүртүүгө тезирээк өтүүгө шаштырат, алар болсо ага таптакыр даяр эмес. Начар окуучулар көп учурда жаттап алган эрежелерине мисал келтире алышпайт — бул образдуу жана түшүнүктөр менен ой жүгүртүүнүн ортосунда байланыштын жоктугу, мугалимдин шашмалыгынын кесепети.

Бешинчиден, көрсөтмө курал балдар көңүлүн эң башкысына, эң негиздүүсүнө бургудай болууга тийиш. Көрсөтмөлүүлүк аны пайдаланууда, окуучунун жан дүйнөсүн, ой-пикирин билүүдө өтө чеберчиликти талап кыла тургандыгын дагы бир кайталап айтабыз.

### 37. Мектепте жаңы иштей баштаган мугалимге кеңеш

Менин мектептеги ишимдин биринчи он жылы кандай жай өткөнү эсимде. Андан соң убакыт ыкчам өтө баштады, ошондо окуу жылы баштала элек жатып бүтүп калгансый баштады. Керт башымда калган бул таасирди мен жаңы иштеп баштаган педагогдун эсине эң бир маанилүү чындыкты салыш үчүн айтып жатам: жаштык жылдар кандай гана кызуу, тынч албаган эмгекке жыш болбосун, бул кезден эле өзүбүздүн рухий байлыгыбызды — педагогикалык зиректигибизди улам кадам сайын толуктоого ар качан убакыт таба алабыз. Сиздин педагогикалык стажыңыздын жыйырма жылы байкалбай келип калары эсиңизде болсун, элүү жашка чыгып, убакыт сизге жетпеген кез да келет, ошондо: «Эх, эгерде мурда билсем, бул ишти жаш кезимен баштайт элем да, карыганда жеңил болмок экен. Дагы да жыйырма жыл иштөөм керек эмеспи»,— деп өкүнөсүз.

Карылык тооруп келгенде өкүнбөс үчүн жаш кезде эмнени иштей баштоо керек?

Көп нерсени, баарынан мурда тарбиячынын интеллектуалдык байлыгын жана педагогикалык зиректиктигин кыпындайдан топтой баштоо керек. Сиздин алдыңызда турмуштун чоң жолу жатат, анда сиз эң бир күтүлбөгөн тагдырлар менен кездешесиз: Кандай жашоо керек? Бакыт эмнеде? Чындык кайда? — деген суроолорго жооп издеген

уландын ышкылуу ою менен көз карашы сизге кадалат. Бул суроолорго жооп берүү үчүн адамдын акыйкатка умтулуш диалектикасын, элдин идеяларынын салтанатын түшүнүү, жаркыраган келечек үчүн — коммунисттик идеяларды ишке ашыруу үчүн болгон адамзат күрөшүнүн туу чокусун акыл менен боолголоп, жан-дил менен сезүү керек.

Чыныгы тарбиячы болуу үчүн өмүр бою илимий коммунизмдин теориясына ээ болуу, өзүн-өзү дүйнөгө маркстик-ленининдик көз караштын духунда тарбиялоо зарыл. Дүйнөнү көрө билүүгө, адамды коммунисттик көз менен карай билүүгө үйрөтүш үчүн жылдар керек — бул эсиңизде болсун. Сиздин өздүк китепканаңызда Маркстын, Энгельстин жана Лениндин коом, революция, тарбия жөнүндөгү маанилүү эмгектери болууга тийиш. Өзүндө коммунисттик көз карашты тарбиялоо — бул марксизм-ленинизм классиктеринен накыл сөздөрдү жаттап алуу дегендикке жатпайт. Бул — баарынан мурда дүйнөнү жана адамды коммунистче көрө билүүгө үйрөнүү дегендикке жатарын кайталап айтам.

Жаш досум, Маркстын, Энгельстин, Лениндин эмгектеринен практикалык ишимдин эң татаал суроолоруна жоопту кантип тапканым жана таап жатканым жөнүндө сиз менен пикир бөлүшкүм келет. Тагдыры менин көз алдымда өтүп жаткан ар бир адам — бул кайталангыс адам дүйнөсү. Бул дүйнөгө коммунисттик идеалды ширетүүнү ал анын өзүнчө, жеке белгилеринде чагылышын тарбиялык маанилүү милдетим деп эсептейм. Мен кайталангыс адам тагдырынын ичке бурулуштарын көргөн сайын, Маркс, Энгельс, Ленин мына ошонун урматына жашашкан жана күрөшкөн коммунист адамдын сынамына, идеялык образына улам-улам ой жүгүртүү зарылдыгын сезем. Көркөмдөп айтканда, адам жөнүндөгү акылман ойлордун — марксизм-ленинизмди негиздөөчүлөрдүн ойлорунун деңизине кайра-кайра умтулбай туруп, конкреттүү бир тагдырга терең ой жүргүзө албайм. Алардын эмгектери адамды коммунисттик таанып-билүүнүн энциклопедиясы. Алардын акылман ой-пикирлери коммунисттик идеалдын өнүгүшүнүн, мисалы, ар тараптан өнүккөн инсан жөнүндөгү түшүнүктүн логикасын түшүнүүгө жардам берет. Маркстын, Энгельстин, Лениндин эмгектери мага шыкты жана ынтааны тарбиялоого байланышкан шарттардын татаал түйүндөрүн түшүнүүгө жардам берди. Китепканадан каалаган китебиңизди ала алган күндө да, баары бир өздүк китепкана түзүңүз. Менин өздүк китепканам — бул менин акылман мугалим-

дерим, мен аларга ар күнү: Чындык кайда? Аны кантип таанып-билүүгө болот? Адамзат түзгөн, топтогон, тапкан адеп-нарк байлыгын улуу муундардын жан дүйнөсүнөн жана жүрөгүнөн өсүп келе жаткан муундун жан дүйнөсүнө жана жүрөгүнө кантип оошturууга болот? — деген суроолорго кеңеш алам. Менин китептерим — бул менин турмуш мугалимдерим, мен аларга ар күнү: Кандай жашоо керек? Тарбиялануучуларыма кантип үлгү боло алам? Идеалдын шооласын алардын жүрөгүнө кантип жеткирүүгө болот? — деген суроолор менен кайрылам.

Жаш досум, ай сайын үчтөн: 1) негиздерин сиз окуткан илимдин проблемалары боюнча; 2) образы жаштар үчүн шам чырак, үлгү болгон адамдын турмушу жана күрөшү жөнүндө; 3) адамдын — өзгөчө баланын, өспүрүмдүн, уландын, кыздын жан дүйнөсү жөнүндө (психология боюнча) китеп сатып алып турууга кеңеш берем.

Өздүк китепканаңызда мына ушул үч бөлүм болсун. Ар жыл сиздин илимий билимиңизди байытсын. Педагогикалык ишиңиздин биринчи он жылынын аягында окуу китеби сизге алиппе сыяктуу сезилип калсын. Ушундай шартта гана жакшы сабакка өмүр бою даярдандым деп айта аласыз. Илимий билимиңизди күн сайын толуктаганда гана материалды баяндоо процессинде окуучулардын акыл эмгегин көрө аласыз: сиздин көңүлүңүздүн борборунда сабактын мазмуну эмес, тарбиялануучуларыңыздын ой жүгүртүүсү жөнүндө ой болот. Бул ар бир мугалимдин педагогикалык устаттыгынын бийиктиги, ага сиз да умтулушуңуз керек.

Феликс Дзержинский жана Сергей Лазо, Иван Бабушкин жана Яков Свердлов, Юлиус Фучик жана Никос Белояннис сыяктуу көрүнүктүү адамдардын өмүрү жана күрөшү жөнүндөгү китептерди асыл таш издегендей издеңиз, өздүк китепканаңыздан бул китептерге эң ардактуу орун бериңиз. Сиз окутуучу гана эмес, тарбиячы да, турмуш мугалими да, адептүүлүктүн насыятчысы да боло турганыңыз эсиңизде болсун.

Өздүк китепканаңызды психология адабияттары менен толуктаңыз. Тарбиячы калыптанып жаткан адамдын жан дүйнөсүн билгич болуш керек. Мен качан *адамга жекече мамиле кылуу* деген сөздү укканымда же окуганымда, алар менин аң-сезимимде башка түшүнүк менен — ойлонуу менен дайыма байланышат. Тарбиялоо бул баарынан мурда жандуу, ынтызар, изденгич ой. Ойлонуусуз кичинекей, бир караганда байкалбас ачылыштарды жана табылгаларды элестетип болбойт, ал эми аларсыз педагогикалык чы-

гармачылык жок. Психологиянын көп сандаган закон ченемдүүлүктөрүнүн ар бири миңдеген тагдырдан көрүнө тургандыгы эсиңизде болсун. Педагогикалык жогорку окуу жайларын бүткөндөн кийин кечээги студент өзүнүн бүткүл *педагогикалык турмушунда* ал психологияны окуп үйрөнүп, психологиялык билимин тереңдеткен шартта гана педагогикалык иштин чыныгы устаты болоруна бекем ишенем.

Бүткүл педагогикалык өмүрүңүздө сиз тарбиячы болууга туура келет, ал эми коозduксуз, искусствосуз тарбиялоо мүмкүн эмес. Эгерде кандайдыр музыкалык аспапта ойной алсаңыз же сизде музыкалык шыктын жок дегенде кичине учкуну болсо, тарбиячы катары сиз көп артыкчылыктарга ээ болосуз — анда сиз тарбиялоодо да падышасыз, таксырсыз, анткени музыка жүрөктү жакындаштырат, тарбиячынын алдында тарбиялануучусунун жан дүйнөсүндөгү терең сырларды ачып берет. Эгерде сиз эч бир музыкалык аспапта ойной албасаңыз анда сиздин колдо, сиздин жүрөктө адам жүрөгүнө таасир этүүчү башка кубаттуу каражат — көркөм адабият болууга тийиш. Өздүк китепканаңызды көркөм адабият менен байытыңыз. Кайсы жаштагы балдар менен иштей турганыңызга карап, жылына тарбиялануучуңуздун жүрөгүнө жол табууда жардам бере турган ондогон китеп сатып алыңыз. Сиздин тарбиялануучуңуз окуган, анын ынтызар акылы жана мээрман жүрөгү кабыл алган көркөм чыгарма — сиз каалаган жакты көздөй адептүүлүктүн тараза ташын оодарууда сизге жетишпей жаткан тамчылар болуп каларын унутпаңыз. Өздүк китепканаңызды комплекттөөдө эске ала турган эң башкы нерсе: тарбиялануучуңузга берген китепте кандай жашоо керектиги жөнүндө насыят болууга тийиш. Бул китептеги кейипкердин образы тарбиялануучуңуздун көңүлүн туткундашы, эргитиши керек, анын жан-дилинде адамдын улуулугу жана кубаттуулугу, акыйкаттын жана чындыктын жогорку идеялы — коммунисттик идея экендиги бекемделиши керек. Мен качан өзүмдүн *тарбиялык китепканам* үчүн дүкөндөн адабият тандап алып жатканымда ар бир китеп менин тарбиялануучуларымдын кимисине арнала тургандыгына ой жүгүртүүгө аракет кылам.

Тарбиялоо — бул баарынан мурда жаш жүрөккө сергек, терең, ойлонуп, этият жетүү болуп саналары эсиңизде болсун. Жүрөккө жетүү өнөрүнө ээ болуу үчүн көп окуу жана ойлонуу керек. Сиз окуган ар бир китеп кылдат жаңы курал катары тарбиялык өнөрканаңызга кирүүгө тийиш.

Тарбиячыга кооздукту кылдат сезүү да зарыл. Сиз коозdукту сүйүүгө, аны жаратууга, жаратылышта жана тар-

бияланууучуңуздун жан дүйнөсүндө коздукту сактоого тийишсиз. Эгерде сиз дарак отургузууну жана өстүрүүнү сүйсөңүз, эгерде өз колуңуз менен өстүрүп гүлдөткөн бакка келип, андагы бал челектердеги аарылардын ызылдашын угуу сизди ыракатка бөлөсө, анда сизде адамдын жүрөгүнө баруучу төбө жол — коздукту түзүүчү эмгектеги рухий катнаш бар.

Сиз мектепте иштеген ар бир жыл педагогикалык эмгегиңиздин технологиялык лабораториясын байытууга тийиш. Мугалимге класс коллективи үчүн да, айрым окуучуларга жеке тапшырмалар үчүн да маселелердин, мисалдардын чоң запасы зарыл. Мунун баарын программанын темалары, бөлүмдөрү боюнча комплекттөө менен, жыл сайын чогултуу керек. Он беш жыл ичинде алгебралык, геометриялык эң сонун маселелерди тандап жыйган тажрыйбалуу математиктерди билем. Бул жыйнактар окуучулар менен жеке иш алып барууда өтө билгичтик менен пайдаланылат.

## 38. Биринчи класс менен иштөөгө даярданып жаткан мугалимге кеңеш

Сиз башталгыч мектепте иштеп жатасыз, азыр III классты окутасыз. Жакында сизге биринчи класстагылар менен иштөөгө туура келет. Алар беш жарым, алты жаштагылар. Аларды үй-бүлө жана бала бакча тарбиялайт. Мектепке киргенге чейин бирден-бир тарбиячысы апасы жана атасы болгон балдар да бар. Мектепке чейинкилер дал мына ушул кезде — мектепке чейинки бир, эки жыл ичинде кандай тарбияланышкандыгына көп нерселер байланыштуу. Сиз болочок тарбиялануучуңуздун ар бирин жакшы билүүгө тийишсиз.

Баланы билүү деген эмне?

Бул баарынан мурда анын ден соолугу жөнүндө түшүнүк алуу дегенге жатат. Балдар менен иштешерден бир жарым жыл мурда менин алдымда болочок окуучуларымдын тизмеси болду. Ата-энелерин жакшы билгендиктен, кандай оорулар балдарга тукум кууп келерин божомолдодум. Албетте, бул божомолдор врач тарабынан текшерилди. Менде болочок окуучуларымдын организминин маанилүү системаларынын: нервинин, дем алуу органдарынын, жүрөгүнүн, ашказанынын, көздүн, кулактын абалы жөнүндө маалыматтар болду.

Тарбиялануучулардын ден соолугун билбей туруп, туура тарбиялоо мүмкүн эмес. Ар бир бала ден соолугунун

абалына байланыштуу жекече мамиле кылууга гана муктаж болбостон, ден соолугун аёочу жана чыңоочу чаралардын бүтүндөй системасы керектигине мектептеги отуз жылдык ишим мени бекем ишендирди. Тарбиялоо адамды айыктырууга, көбүнчө жаш кезде пайда болгон кесепеттерден аны куткарууга түрткү бере тургандыгына тажрыйба мени ишендирди. Жүрөк-кан тамыр системасы жабыркаган бала тарбиялоонун өзгөчө методдорун талап кылат, атайын *медициналык* педагогикага муктаж болот.

Эгерде бала бул же тиги себеп менен мурдатан эле оорууга чалдыккан болсо, аны болтурбай, баланы айыктырууга үй-бүлөдөгү өз ара мамилелер кандай түрткү бере тургандыгын билүү эң маанилүү деп эсептейм. Баланын нерв системасынын жана жүрөгүнүн абалы өзгөчө үй-бүлөгө байланышат. Кыйкырык-чуунун, көр жеменин, ачуулануунун, ишенбестиктин, кемсинтүүнүн арасында өскөн баланы тарбиялоо өтө кыйын. Мындай балдардын нерв системасы беймаза абалда болуп, тез чарчайт. Нерв ооруларына кабылган балдар өзгөчө камкордукту, күн сайын көңүл бөлүүнү талап кылышат. Аларды зыяндуу кесепеттин, эмоциялык бир абалдан экинчисине чукул өтүп кетүүнү алдын ала болтурбай коюуга негизделген медициналык педагогиканын атайын методдорун колдонуп окутуу жана тарбиялоо керек.

I класста окуганга бир жарым (эгерде мүмкүн болсо — эки) жыл мурда мен сизге, биринчи класстын болочок мугалимине, ата-энелерди чогултууга кеңеш берем. Анда атасы да, энеси да келиши эң маанилүү — чың нерв системасын калыптандырууга, ошондон улам адептик-психологиялык оң сапаттардын түзүлүшүнө түрткү берүүчү үй-бүлөдөгү өз ара мамилелер жөнүндө сүйлөшөсүз.

Баланын өсүшүнө үй-бүлөнүн интеллектуалдык чөйрөсү эң чоң мааниге ээ. Үй-бүлөдөгү акыл кызыкчылыгына, чоң кишилердин эмнелерди окуганына, эмнелер жөнүндө ойлогонуна баланын аң-сезимине алар эмнелерди жуктурганына анын жалпы өсүшү, эске тутуусу көбүрөөк байланыштуу. «Балаңыздын акыл-эси сиздердин акыл кызыкчылыгыңыздарга, үй-бүлөнүн рухий турмушунда китеп кандай орунду ээлей тургандыгына байланыштуу»,— деп айтыңыз окуучуларыңыздын ата-энесине.

Менимче ар бир баланын ой жүгүртүүсүн эң кеминде бир жыл издеп көрүү зарыл — мына ушул шартта гана I классты окутууга жакшы даярданууга мүмкүн.

## 39. Мектепке чейинки мезгилде балдардын ой жүгүртүүсүн кантип изилдөөгө болот

Адамдын ой жүгүртүшүнүн негизги эки түрү бар — ал логикалык-анализдик, же математикалык жана көркөм, же образдуу. Улуу физиолог И. П. Павловго таандык бул классификация балдарды акыл жактан тарбиялоо, жеке шыгын жана жөндөмүн калыптандыруу[5] маселелерин чечүүдө чоң мааниге ээ. Өзүңүздүн болочок биринчи класстагы окуучуларыңызды сентябрдын ачык күнүндө чогултуңуз да, алар менен күзгү токойго барыңыз; бул жерде сиз тез эле балдардан ойлоонун ушул ачык-айкын эки түрүн көрөсүз. Өзгөчө эрте күздөгү токой балдардын көңүлүн өзүнө ар дайым тартат. Алар бул жерде кайдыгер болушпайт, ал эми толкундануу, суктануу, таңдануу болгон жерде — курчап турган дүйнөнү логикалык жана эмоциялык таанып-билүү, башкача айтканда, акыл-эс менен таануу жана жүрөк менен таануу бар. Түпсүз көк асман, түркүн түстө кулпурган дарактар, токойдун четиндеги жана ичиндеги эрте күздүн ачык боёгу — ушунун баары балдардын көңүлүн өзүнө бурат. Бирок курчап турган дүйнөгө алар ар түрдүү мамиле кылышат. Көңүл коюп байкасаңыз, кабылдоонун эки түрүн — ойлоонун эки түрүнүн белгилерин көрөсүз. Балдардын кээ бирин жаратылыш кооздугунун бардык айкалышы кумарлантат. Кооздукка таңданган, суктанган алар нерселердин баарын бирдикте кабыл алышат. Алар күндүн чыгышын да, дарактардын кубулган турпатынан күзгү укмуштуу кооз ыраңдарды жана сырдуу чытырман токойду көрүшөт. Бирок булардын бардыгы көп музыкалык аспаптардын биргелешкен оюну катары кабыл алынат — балдар айрым үндөрдү угушпайт, аларды курчап турган дүйнөдөн айрым нерселерди бөлүп карашпайт. Алардын көңүлү кандайдыр бир нерсе же бир кубулуш өзүнө бурганда гана, алар үчүн бардык кооздук ошол нерсенин же кубулуштун ажарын ачууга жаралгандай сезилет. Маселен, бала мөмөсү мончоктой жабалактаган жана күмүштөй шүүдүрүм менен кооздолгон бир түп ит мурунга көңүл бурду,— бала бул түптөн башка эч нерсени көрбөйт, табияттын ушул перзенти ал үчүн бүткүл дүйнөнүн кооздугу болуп туруп алат.

Бул — курчап турган дүйнөнү көркөм же образдуу кабылдоонун эң мүнөздүү белгилери. Ушундайча кабылдаган балдар көргөндөрү жөнүндө кызыгуу жана берилүү менен айтып беришет. Алардын аңгемелеринде ачык образдар болот. Алар сүрөттөр, образдар менен — боёктор, үндөр,

кыймылдар менен ойлошот. Курчап турган жаратылыш музыкасы, жалпы эле коолукка сезимтал келишет. Алардын кабылдоосунда эмоциялуу жагдай үстөмдүк кылып, алар акыл-эске караганда жүрөгү менен көбүрөөк таанып-билип жаткандай сезилет. Бул окуу процессинде алардын акыл эмгегине из калтырарын эсиңизге түйүп коюңуз. Көркөм ойлоосу мыкты балдар адабияттарды кызыгуу менен окуйт, окуганды жакшы көрөт, поэтикалык чыгармачылыкка кызыгат. Математиканы окуп үйрөнүүдө алар көп учурда кыйналышып, бул предмет боюнча жетишпей калган учурлар да болот.

Башка балдар үчүн коолуктун айкалышы жоктой көрүнөт. Күздүн жылуу күнүндө кызыл карагайлуу токой четинде отуруп, күндүн батып бара жатканын элестеп көрүңүз: кечки кыпкызыл нур, даракттардын найзадай өзөктөрү, көлчөнүн тунжураган бетиндеги миң кубулган боёктор. Бирок мектепке чейинки балдар коллективинде бул коолукка жетпегендер ар дайым табылат. Ал мындай деп сурай берет: Эмне үчүн күн батарда кызыл болуп калат? Түнүчүндө ал кайда жашынат? Эмне үчүн жалбырактардын бири күзүндө кызыл, башкасы — кызгылт сары, үчүнчүсү сары болуп калышат? Эмне үчүн эмендин жалбырагы өтө көпкө, суук түшкөнгө чейин жашыл болуп турат? Анын көз алдында эң мурда дүйнөнүн образдуу эмес, логикалык, себеп-натыйжалык жагы ачылат. Бул — логикалык-анализдик же математикалык ой жүгүртүү. Мындайча ой жүгүрткөн балдар себеп-натыйжа байланыштарын жана көз карандылыктарды оңой байкашат, бул же тигил байланыш менен биригишкен предметтерди жана кубулуштарды оюнда шып илип алышат. Алар жеңил абстракциялашат, математиканы жана башка так билимдерди кызыгуу менен окуп үйрөнүшөт. Абстракцияны логикалык жактан талдоо аларда көркөм ой жүгүртүшкөн балдар үчүн ачык образдардай эле кызыкчылыкты туудурат.

Ойлонуунун бул эки түрү объективдүү жашашат, мугалим ар бир окуучуда анын кайсы түрү көбүрөөк экендигин билүүгө тийиш. Бул — акыл эмгегине педагогикалык туура жетекчилик кылуу үчүн өтө маанилүү. Ойлонууга үйрөтүү, ойлонууну өстүрүү деген — бул, ар бир окуучуда ой жүгүртүүнүн эки түрүн — бир жактуулукка жол бербей, образдуу жана логикалык-анализдик ойлонууну тең өстүрүү дегендикке, бирок ошол эле учурда ар бир окуучунун табигый шыгына көбүрөөк ылайык келүүчү багытка карай анын акыл жактан өсүшүн билгичтик менен ыктатуу дегендикке жатат.

Балдардын ойлонуусу операциялардын темпи менен, башкача айтканда, ойдун тездиги менен бири-биринен айырмаланат. Балдардын кээ бири тез ойлонот. Азыр эле аары гүлдөгөн ширени кантип чогултуп аларын ойлонуп жаткан бала мугалим гүлдүн татаал түзүлүшүн көрсөткөндө, ою башка объектиге жеңил которулуп кетет. Же болбосо арифметикалык маселени чыгаруудагы ой жүгүртүүнү алып көрөлү: маселенин шартында айтылгандардын бардыгын — себеттер, алмалар, бактагы дарактар жөнүндө да окуучу бардыгын ой кучагына алат. Башка балада ой жүгүртүү таптакыр бөлөкчө, мен аны көңүлдүн бир жерге бекем топтолушу деп айтар элем. Эгерде ой бир нерсеге топтолгон болсо — аны башкага которуу эң кыйын. Бир ойго чөмүлсө, башкасын унутуп коёт. Ал бир килограмм алманын баасы жөнүндө ойлоп жатып, ар бир себетте канча килограммдан алма бар экенин жана себеттер өзү канча экенин унутуп калат. Ойлоонун бул өзгөчөлүгүн акылдын бөксөлүгү катары кабыл алуу менен, мугалим жаңылган учурлары да болот. Акыл процесстеринин жай кыймылы образдуу ой жүгүрткөн да, логикалык-анализдик ойлонуусу даана байкалган балдарда да кездешет. Иштин жөн-жайын териштирбей туруп, мугалимдер көп учурда балдардын акылынын өсүшү жөнүндө таптакыр натуура, шашылыш жыйынтык чыгарышат. Өтө кашаң ойлонгон балдар менен жаңжал чыгаруу өтө өкүнүчтүү. Булар көп учурда өтө акылдуу, сезимтал балдар, бирок алардын кыбыр ойлонушу мугалимди туталантат; бала кыжаалат болот да, анын ою сенейип, ал тургай башына эч нерсе кирбей да калат.

Мунун баарын окуу башталганга чейин көрүп билүү керек. Баланын ойлоо өзгөчөлүгүн али окуу башталганга чейин изилдөө бир кыйла жеңил, I классты окута турган мугалимге бир жылдын ичинде ойдун башаты болгон жаратылышка жыйырма-отуз жолу саякат өткөргүлө деп кеңеш берер элем. Балдарды ачык-айкын образдуу, кубулуштардын ортосунда себеп-натыйжа байланыштары бар шарттарга алып баргыла, балдар ал жерлерде суктанышат, коздукка таңданышат да, ошол эле убакта ой жүгүртүшөт, талдап карашат.

### 40. Балдардын ой жүгүртүүсүн жана акылын кантип өстүрүүгө болот

Окуучунун акыл-эсин кантип өстүрүү керек, анын акыл маданиятын кантип тереңдетүү керек — бул, менимче жал-

пы эле мектеп тарбиясынын эң курч, жетишерлик иштелбеген проблемаларынын бири. Билим берүү — бул акыл тарбиясынын бир гана жагы, аны экинчи бир жагысыз — акылын калыптандыруусуз, өнүктүрүүсүз кароого болбойт.

Ойдун жана акылдын өсүшү — бул ой жүгүртүүнүн образдуу жана логикалык талдоо элементтеринин өсүшү, ошондой эле ойлонуу процессин ийкемдүү кылуу, ойлонуунун басаңдашын четтетүү болуп саналат.

Көп жылдык тажрыйба көрсөткөндөй, атайын *ойлонуу сабактары* зарыл. Аларды мектепке чейин кез-кезде өткөрүү керек. I класста окуу башталары менен ой жүгүртүү сабагы акыл тарбиясынын бир бөлүгү болуп калат. Ой жүгүртүү сабагы — бул курчап турган дүйнөнүн образдарын, сүрөттөрүн, кубулуштарын, предметтерин жандуу, түздөн-түз кабыл алуу, ошондой эле логикалык талдоо, билимди казуу, акылды машыктыруу, себептерди жана натыйжаларды табуу болуп эсептелет.

Эгерде сиздин ойго мокок «балаңызды» ой жүгүртүүгө үйрөткүңүз келсе, аларды биринин натыйжасы экинчисинин себеби болуп калгыдай *кубулуштардын тутумун* ачып бере турган ойлоонун булагына алып келиңиз. Бул тутумду оюна камтуу менен, бир нече фактыларды, предметтерди, мамилелерди эсине кармап калууга умтулуп, кашаң ойлонгон бала ойлонуунун эч нерсе менен алмашкыс мектебинен өтөт. Себеби кубулуштардын тутуму улам бир ачылыш жасап, баланын алдында ой учкундары туташат да, ал ойлоо процессинин кыймылын жандандырат. От тутанат да бала көбүрөөк билгиси, оюнда жаңы кубулуштарга үңүп киргиси келет. Ал эми бул эңсөө, каалоо ой жүгүртүү процессинин кыймылын тездетүүчү түрткү болуп саналат.

### 41. Эсте тутуп калууну кантип тарбиялоо керек

Эсте тутуп калууну тарбиялоо да мектеп практикасындагы курч маселелердин бири. Сыягы, бүгүн айтсаң, эртең жок, «унутчаак» баланын алдында ар бирибиздин колубуз шалая түшкөн учурлар болгон чыгар. Эстен чыгарбоону тарбиялоо боюнча берчү кеңештерим жана сунуштарым көрүп-билген маалыматтарга, тажрыйбага негизделген.

Окуучу өз күчү, эрки менен канчалык көп билим алса, логикалык таанып-билүү эмоциялык эргүүсүн канчалык козгогон болсо, эске тутуу мына ошончолук бекем болот да, жаңы билим анын аң-сезиминде ирети менен катмарлана берет.

Эсте тутуп калардан мурда бала мен жогоруда айткан

ой жүгүртүү мектебинен өтүүгө тийиш. Эске тутууга арналган милдеттер канчалык татаал жана оор болсо, ойлонууну, ойду, акыл жөндөмүн тарбиялоого ошончолук күч жумшалышы зарыл. Бардыгы үчүн айкын-ачык болуп турган предмет, буюм, кубулуштарды үстүртөн гана көргөн бала алардын тереңине, маңызына сүңгүп кирип, бир да «ачылыш» жасай албаса, кубулуштардын күтүлбөгөн өз ара байланыштарына таңданбаса, андай балага эстеп калуу кыйын болот.

Сабакта да, үйдө да жаттап, эсте сактоо учуру балага али келе элек кезде эске тутуп калууну тарбиялоого өзгөчө камкордук керектигине мен бекем ишенем. Мектепке чейинки жылдар жана башталгыч мектепте окуу — бул бекем эстин пайдубалын жүргүзүүнүн эң сонун кези. Курчап турган дүйнөнүн кубулуштары жана закон ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү маанилүү чындыктарды балдар атайылап жаттап алуусуз, эске тутуусуз, башкача айтканда, тикеден-тике байкоо жүргүзүү менен өздөштүрүшүнө жетишүү зарыл.

Биздин ар бирибиз, балким, мындай бир кызык көрүнүшкө таңданууга туура келген чыгар: бала башталгыч класста жакшы окуган, ал эми башталгыч мектептен кийин бат эле начар окуп калды. Эмне болуп кетти, эмне үчүн мындай болот? Себептердин бири — башталгыч мектепте ойлонууну өстүрүүгө, акылды тарбиялоого, эске тутуунун пайдубалын тургузууга атайын көңүл бурулбагандыгы. Башталгыч мектепте эстин бекем пайдубалын тургузуу керек, ал мугалимдин жетекчилиги астында курчап турган дүйнөнү түздөн-түз таанып-билүү процессинде бала ээ болгон, өздөштүргөн билим.

### 42. Өспүрүмдөрдүн, улан-кыздардын эсин аягыла, ошол эле убакта өстүргүлө

Жаттап алуу дайыма зыяндуу, ал эми балалык жана жаш кезде өзгөчө жол бергис нерсе. Бул жылдары жаттап алуу балалык мүнөздү туудурат — чоң эле адамдарды бала бойдон калтырат, алардын акылын мокотот, жөндөмү менен шыгынын калыптанышына кедерги болот. Жаттап алуунун башаты, аны жараткан жаман жөрөлгөлөрдүн бири — *эжелөөчүлүк*. Бул — кичинекей балдарды тарбиялоого мүнөздүү методдорду жана ыкмаларды өспүрүмдөр менен уландарга колдонуу дегендик. Бул — олуттуу илимий материалды үйрөнүүнү балалыктын акыл-эси менен айкалыштыруу дегендик. Бул — билимди турмуштук практикадан ажыратуу, интеллекттик, коомдук ишкердикти чектөө.

Бул чоң балээнин башкы себептеринин бири — өспүрүмдөр, уландар жана кыздар билим алууда кичинекей балдардын ыгын колдонушкандыгында: алар окуу китебине берилген үлүштү жаттап алышат да, анан ошол «өлчөм» боюнча билгендерин мугалимге айтып берип баа алышат. Шаасы жеткенин эске сактап калуу өнөкөтү адамды макоо кылып таштайт.

Мектептен эжелөөчүлүктү кубалоо — бул тарбиялык эң маанилүү милдеттердин бири. Орто жана жогорку класстардын материалынын кыйла бөлүгү ыктыяр боюнча эске сактап калууну — олтур да, жатта, ансыз билбейсиң, бул жерде акылдуулук кыла турган нерсе деле жок,— деп талап кылып жатса, эжелөөчүлүктү кантип болтурбай коюуга болот?

Анын бир гана жолу бар — ал ыктыярдуу жана ыктыярсыз эске сактоону билгичтик менен айкалыштыруу. VIII класстын окуучусу эсинде сактоого тийиш болгон материалдын санын $x$ аркылуу белгилесек, мына ошол эле убакта окуучу бир нече эсе көп *(3 $x$)* материалды түшүнүп окууга, аларга ой жүгүртүүгө тийиш. Ушуну менен бирге атайын жатталып эсине сакталган материал менен эсте сактап калууга атайын көрсөтмө берилбей, ой жүгүртүү менен окулган материалдын ортосунда белгилүү байланыштын — түздөн-түз болбосо да, проблемалык байланыштын болушу жакшы. Мисалы, анатомия жана физиология боюнча адамдын нерв системасы окутулат. Бул бөлүмдө көп жаңы нерселер бар, аларды дээрлик бүт эсте кармап калыш керек. Окуу жаттамага айланбас үчүн адам жөнүндөгү — адам организминин бардык системасы, нерв системасы, көрүнүктүү окумуштуулардын изилдөөлөрү жөнүндөгү кызыктуу китептерди окууну сунуш кылгыла. Эске тутууга атайын көрсөтмө берүүсүз эле — окугандарынын көбү эсте калат, бирок бул эсте сактоонун таптакыр башкача түрү — эрксизден эске сактоо, ал окуу китебинин материалын атайын жаттоодон сапат жагынан айырмаланат. Бул эске тутуу жандуу кызыгууга, ойлонууга, шыктанууга негизделет — бул жерде таанып-билүүнүн эмоциялуу элементи чоң роль ойнойт. Эрксизден эсте сактоо — кызыктуу китептерди окуу — адамда ойдун козголушуна түрткү берет. Ойлонуу канчалык жандуу болсо, көп материалды эсте сактап калууга жана аны кайрадан көз алдыга келтирүүгө ыктыярдуу эсте тутуунун жөндөмдүүлүгү мына ошончолук көп өсөт. Эгерде адам окуу китебинен үйрөнгөнгө караганда материалга бир нече эсе көп ой жүгүртсө, окуу китебиндеги материалды (окуп үйрөнүү) эске

сактоо үчүн жаттап убара болбойт эле. Ал — түшүнүп окуу, ой жүгүртө талдоо болуп калат. Эгерде атайын, ыктыярдуу эсте сактап калуу эрксиз эске тутууга, окууга, ойлонууга негизделсе, китеп окуп жатканда өспүрүмдө көп суроо тууларына көп жылдык тажрыйбам ынандырды. Ал канчалык көп билсе, түшүнбөгөн нерсеси ошончолук көп болот, ал эми түшүнүксүз нерсе канчалык көп болсо сабакты окуу китеби боюнча окуу ошончолук жеңил болот.

Эрксизден жана эрки менен эсте сактап калуунун ортосунда шайкештикти түзүү баарыдан мурда мугалимге байланыштуу. Сиз, илимдин негиздерин окутуучу, жөн гана билим берүүчү болууга тийиш эмессиз. Улан-кыздардын ой-санаасын бийлешиңиз керек. Сиздин жаңы материалды баяндаган аңгемеңизде ышкынын, ынтызарлыктын, билимди эңсөөнүн дарысын тутандыруучу учкун болууга тийиш. Өспүрүм сабактан кийин сиз үстүртөн гана эске сала өткөн китепти окууга бекем ниет менен кетүүгө тийиш.

Ошентип, өспүрүмдөрдүн, улан-кыздардын эске тутуусун бекемдөө, ошентип, орто жана жогорку класстардагы окуу-тарбия процессинин жалпы интеллектуалдык маданиятына байланыштуу.

### 43. Балдарды сүрөт тартканды сүйүүгө тарбиялаңыз

Окуучулардын акылынын өсүшүнө башталгыч мектепте сүрөт тартуу иши кандайча коюлгандыгы, окуу-тарбия процессинде мугалим ага кандай орунду бөлгөндүгү түздөн-түз тиешелүү. Башталгыч мектепте балдарды тарбиялоо менен, сүрөт тартуудан мен чыгармачылык ой жүгүртүүнү, кыял элестерин өстүрүүчү каражаттардын бирин көрдүм. Сүрөт тартуу дүйнөнү эстетикалык көрө билүүнү өнүктүрүүгө жардам бергенин айтпаганда да, баланын сүрөтү логикалык таанып-билүү жолундагы зарыл баскыч болоруна мен бекем ишенем.

Адегенде мен балдарды бир нерсенин өзүн көрүп тартууга үйрөттүм. Биз даракты, гүлдү, өзөн сууну, жаныбарды, кумурсканы, канаттууларды тарттык. Сүрөттүн композициясы канчалык жөнөкөй болсо да, анда ар дайым кабылдоонун, ой жүгүртүүнүн, эстетикалык баалоонун жеке белгилери көрүнүп турду. Күндөрдүн биринде биз беде талаасын тарттык. Кээ бир балдар гүлдөп турган бүткүл талааны, булутту, көк асманды, сайрап жаткан торгойлорду сүрөткө камтууга тырышышкан. Башка балдардан таажысына аары конгон гүлдүү беденин сабагын көрдүм. Ал

эми бир кызда болсо, бректын бүт бетине жапайы аарынын канаты, беденин гүл таажысы жана күн тартылган.

Курчап турган дүйнөнү кабылдоо эстетикалык ачык-айкын сезимге ширелсин үчүн биз ойдун башатына бир нече жолу атайын саякат жүргүзөбүз. Биз көлмөнүн жээгиндеги таң жарыгын жана кечки иңирди, шалбаалуу жайыттагы кечки отту, канаттуулардын жылуу тарапка учуп баратышын, жазгы суу ташкынын сүрөткө тарттык. Толкундаткан, кумарланткан, таңдандырган нерсенин сүрөтүн түшүрүү — бул курчап турган дүйнөгө эстетикалык баа берүү экен деген кубанычтуу жыйынтыкка келдим. Бала кооздуктун өзүн тарткан кезде кооздук сөзгө айлангансып, образдуу ой жүгүртүүнү козгойт.

Бара-бара, кадам артынан кадам жасап, мен балдарды сүрөт тартуу техникасы боюнча жөнөкөй ыкмаларга көндүрдүм; балдар түстү жана көлөкөнү, алыскы көрүнүштү тартууга үйрөнүштү. I класста эле балдар сүрөтүндө чыгармачылык чоң орунду ээледи. Балдар сүрөт менен аңгеме түзүштү, *жомок тартышты.* Сүрөт тартуу чыгармачылык кыял оюнун башаты болуп калды. Сүрөт тартуу процессинде өнүккөн кыял оюну менен баланын кебинин ортосунда түздөн-түз байланыш бар экенине ишендим. Сүрөт «тилди эпке келтирип» унчукпаган, өтө тартынчаак балдарды сүйлөөгө аргасыздандырды.

II—III жана IV класстарда балдар сүрөттү чыгармачылык жазуу жумуштарына — жаратылыш кубулуштарынын жана эмгектин үстүнөн жүргүзгөн байкоолордун материалдары боюнча түзүлгөн сочинениелерге киргизе турган болушту. Бала өз оюн билдириш үчүн так, сыйымдуу сөз таппай калганда, сүрөткө кайрылгандыгын байкадым. Бир бала кирпинин «казынасына» таңдануусун билдирүү үчүн бул кенчти — алма, картошка, кызылчанын жашыл жалбырактарын, дарактан түшкөн ар түстөгү жалбырактарды тартыптыр.

Мен баланын рухий турмушунда сүрөт тартуу өз ордун ээлешине умтулдум. Биз Днепр менен Киевге келе жатканда балдар-кыздар шалбаалардын, тоолордун, токойлордун кооздугуна, чөлдөгү саябан дөбөлөргө суктанышты, бул бардык кооздукту чиймелерде жана боёктордо элестетип калууга умтулушту.

География, тарых, адабият, табият таануу сабактарын сүрөтсүз элестете албайм. Мына мен алыскы Австралия континентинин өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү жөнүндө айтып жатам. Бардыгынын сүрөтү тартылган даяр сүрөттөрдү сабакка алып келүүгө дайыма эле мүмкүнчү-

лук болбойт. Мына ошондуктан көп өсүмдүк менен жаныбардын сүрөтүн доскага тарта салам. Бул балдардын ой желесин үзбөйт, ал тургай кыял оюнун колдоп кетет. Тарых сабагында аңгемелеп жатып, бор менен доскага илгерки адамдардын киймин, эмгек шаймандарын, согуштук курал-жарактарын тарта берем. Өзгөчө IV жана V класстардагы тарых сабагында баяндоо учурунда доскага тартылган сюжеттүү сүрөт өтө чоң роль ойной тургандыгына тажрыйба ишендирди. Мисалы, Спартактын көтөрүлүшү жөнүндө айтып берип жатып, мен доскага тоонун чокусуна жайгашкан лагерин тартам. Мына ушул жерде, аңгеменин жүрүшүндө пайда болгон сүрөттүн даяр сүрөткө караганда бир кыйла артыкчылыгы бар. Кенже класстарда математика сабактарында кээде *маселенин сүрөтүн* тартууга туура келет — бул жөнүндө мен жогоруда айтып бердим.

### 44. Балдарды тез жазууга кантип үйрөтүү керек

Окуу жана жазуу — бул окуучунун мектепте билим алышынын эң зарыл эки куралы жана ошол эле убакта курчап турган дүйнөнү көрсөтүүчү эки терезе. Шар, тез жана түшүнүп окуй алган шыр, тез, үзбөй жаза билбеген бала чала көргөн адамдай. Үчүнчүдө эле, ал эми төртүнчү класста сөзсүз түрдө окуучу калемсабын кагаз бетинен албай узун сөздү жаза билишин, көзүн дептерден албай сөздү (ал түгүл кичине сүйлөмдү да) жаза алышын эң маанилүү милдет деп эсептейм. Жазманын ыкчамдыгы — сабаттуулуктун жана билимди түшүнө өздөштүрүүнүн өтө маанилүү шарты. Окуучу бул же тигил тамганы *кандай* жазуу, аны башка тамгалар менен кандайча кошуу керектигин ойлонуп отурууга тийиш эмес — ушул шартта гана ал грамматикалык эрежени колдоно да, жазып жатканынын маанисине ой жүгүртө да алат. Тез жазуу бара-бара грамматикалык эрежелерди да шыр колдоно кетүүгө көнүктүрөт: бала эми бул же тигил сөз кандай жазыларын ойлонуп отурбайт, анткени ал аны көп жолу жазган.

Мунун баары — тамгалардын жана сөздөрдүн тез жазылышы, туура жазууга көнүгүү, бир убакытта жазуу жана маанисине түшүнүү — баары бирдей жүрүп отуруш керек. Тез жазууга көнүү баарыдан мурда колдордун кичине булчуңдарынын мерчемдүү машыгуусун талап кылат. Бул машыгуу жазар алдында жүргүзүлүшү керектигин көп жылдык тажрыйба ырастады. Бул жерде мен колдордун оңунун да, солунун да *эмгектик* кылдат кыймылдарын көз

алдыма келтирип отурамын. Мектепке барардан бир жыл мурда балдарга катуу калың жана жука кагазга бычак жана кайчы менен оюм түшүрүү, жыгачты бедерлөө, өрүү, жыгачтан кичинекей моделдерди курастыруу жана жасоо өңдүү жумуштарды иштетүү керек. Кылдат эмгек кыймылдары манжаларды ийкемдүү кылып, өлчөмгө көндүрөт, сезгич кылат да кичинекей сүрөттү, демек, табияты ошондой эле тамгаларды сергек сезе билүүгө машыктырат.

Кичинекей балдардын иш кыймылы эстетикалык чыгармачылыкты билдиргидей болушуна умтулуу керек. Балдар даярдашкан буюмдарда тегерек, жумуру, толкундуу сызыктар көп кайталансын, бала кичинекейинен эле аспапты ийкемдүү, чебер иштетүүгө көнүккүдөй болсун.

Эгерде бала кылдат эмгек кыймылына көнүккөн болсо, ал ылдам жазууга даяр болуп каларына тажрыйба ишендирди. Жазуу көнүгүүлөрүнүн системасы да, албетте, зарыл.

## 45. Балдарды оң жана сол колу менен иштөөгө үйрөтүңүз

Адамдын өсүшүнүн тарыхый процесси ой менен байланышкан, ойдун манжалардын учуна берген абдан *акылдуу* эмгек операцияларын оң колдун орундатышына алып келди. Сол кол болсо, чыгармачылык эмгек убагында жардамчы ролду ойнойт. Оң колубуз менен аспаптарды кармайбыз, оң колубузда калемсап жана калем болот, сүрөтчүнүн оң колу өлбөс-өчпөс чыгармаларды жаратат.

Адам жетишкен интеллектуалдык маданияттын чокусуна көтөрүлүүгө оң кол жетишээрлик. Эгерде бардык адамдардын оң колунун кылдаттыгы сол колунда да болсо, анда айрым инсандардын эмгек устаттыгы, эмгек өнөрү, акыл жактан өсүшү өтө ылдам жетилген болор эле. Бул жерде сөз эмгек тарбиясынын дагы бир өбөлгөсү жөнүндө гана бара жаткан жери жок. Кол менен мээнин ортосунда эки тараптан жүргүзүлүүчү көп миңдеген байланыш бар — мээни улам акылман кылуу менен кол аны өстүрөт; мээ колду чыгармачылыктын акылдуу аспабы, ойдун куралы жана күзгүсү кылуу менен аны өстүрөт. Эгерде эң кылдат, эң акылдуу эмгек кыймылдары оң колдун гана эмес жана сол колдун да энчиси болуп калса, бул байланыштын саны өсө тургандыгына, предметтердин, нерселердин, процесстердин, абалдардын *өз ара аракеттерин* жана өз ара мамилесин билдирүүчү колдон мээге акылман тажрыйба өтө тургандыгына мени көп жылдык тажрыйба ишендир-

ди. Тажрыйбадан улам ушундай жыйынтыкка келдим, бирок ал реалдуу закон ченемдүүлүктү билдирет: эки колдун чыгармачылык иш аркасында түшүнүлгөн, баамдалган өз ара аракет ойдун жумушуна жаңы сапат кошот: адам ою менен өз ара байланышкан кубулуштардын чиркелишине жетет, аларды бүтүндөй бир бирдик катары көрөт.

Жети жыл бою мен (7 ден 14 кө чейинки) балдарды эки кол менен тең иштөөгө үйрөттүм. Балдар эки кескич менен иштөөгө, татаал моделдерди оң жана сол колу менен курамтырууга үйрөнүштү, сол жана оң колу менен жыгач станокто иштешти. Мен бул балдардын ишинен жылдан-жылга чыгармачыл элементтин өсүшүн көрдүм. Бул балдардын чыгармачылыгынын мүнөздүү өзгөчөлүгү — жаңы ойлордун, ойлоп тапкычтыктын туулушу болду. Оң колу менен гана иштей алган адамга караганда эки колу менен эмгектенип жаткан устанын алда канча артыкчылыгы бар экенин көрүштү. Аспап менен материалды иштетишүүдө менин усталарым кыймылынын эң кылдаттыгы, *назиктиги,* ийкемдүүлүгү менен айырмаланышты. Алар өзүнүн чыгармачылык акылдуу эмгегин сүйүп калышты.

### 46. Чоң мектепте иштөөчү мугалимге кеңеш

Кичинекей мектептегиге караганда ондогон педагогдордон түзүлгөн коллективдүү мектепте иштеген мугалимге чеберчилигин өркүндөтүү бир кыйла жеңил. Чоң коллективде ар дайым тажрыйбалуу педагогдор болот. Бирок педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүп алуу өтө татаал *иш чыгармачылык.*

Сиз жогорку окуу жайын бүттүңүз, сизде, айталы, башталгыч класстардын мугалими деген диплом бар. Сиз кызматка барган мектепте сизден башка башталгыч класстардын он алты мугалими иштейт. Педагогикалык советтин чогулуштарында алардын бирлерин мыкты устат дешсе, экинчилери эч жерде сөзгө алынбай, үчүнчүлөрүнүн кемчилигин кез-кезде көрсөтүп турушат. Педагогикалык майданга жаңы кирген сизге мектепте бир топ жыл иштеген педагогдун ар биринен аз да болсо бир нерсени үйрөнүүгө болот. Бирок тажрыйбаны үйрөнүү менен, убакытты үнөмдөөңүз керек. Эгерде сиз бардык педагогдордун сабагына кезеги менен кире берсеңиз, чеберчиликтин башатына жетүү кыйын.

Элден мурда бардык кесиптештериңиздин башталгыч класстардагы дептерин карап чыгууга кеңеш берер элем. Балдардын көпчүлүгүнүн кооз, даана, сабаттуу жазганын

көрөсүз — бул класстан көп нерсени үйрөнүүгө болот деп ойлой бериңиз. Окуучулардын дептери — тарбиялык бардык иштин күзгүсү. Мына ошол мугалимдин сабагына киргиле. Бирок жазуу сабагына гана эмес. Дептерлер — бул бүткүл педагогикалык процесстин натыйжасы. Жазуу балдардын эмнени, кандай жана канча окушканына байланыштуу.

Мугалим иштеп жаткандын бардыгын терең түшүнбөй, ага балдар кандай таасирленип жатканын байкабай туруп педагогикалык тажрыйбанын кандайдыр бир жагын түшүнүү кыйын. Балдарды жакшы жазууга ал кантип үйрөткөнүн түшүнүү үчүн гана тажрыйбалуу педагогдун сабагына биринчи жолу кирип, ошо байкоого алган объектиге түздөн-түз байланышы жок өңдүү көп нерселерди көрөсүз. Кубулуштардын татаал көз карандылыктарына аптыгып калбаңыз. Тажрыйбага ээ болуу — бул баарынан мурда эмне эмнеге көз каранды экенин түшүнүү. Ансыз башканын тажрыйбасын түшүнүүгө да, үйрөнүүгө да болбойт. Эң мыкты тажрыйбаны үйрөнүү — бул айрым методдорду жана ыкмаларды өз ишине курулай которуу эмес, *идеясын* алуу. Мыкты устаттардан үйрөнүү үчүн бир нерсеге ишениш керек.

Дептерлери сиздин көңүлүңүздү бурган кесиптешиңиздин окуучулары эң сонун окушарын көрдүңүз: алар сөздөрдү жана сүйлөм бөлүктөрүн тез илип алып, окуп баратып ой жүгүртө билишет, ошондон улам эмоциялуу-интонациялуу көркөм окулат. Сиз окуу методикасына кунт коюп карасаңыз да андан күтүүсүз, жаңы эч нерсени көрө албайсыз. Дагы бир сабакка кириңиз, андан соң — дагы да жана дагы. Бардыгын сабактарыңыз менен салыштырыңыз. Сиз бардыгын ошондой иштесеңиз да, жыйынтыгы андай болуп чыкпайт. Жакшы жыйынтык эмнеге байланыштуу болорун издегиле, көшөрө издегиле.

Сиз окуучулардын жөн-жайын, алардын үй-бүлө турмушун сураштырып билүүгө умтуласыз,— ошондо сиздин алдыңызда окуучулардын жакшы окушуна өбөлгө түзгөн көп нерсе улам ачыла берет: үй-бүлөсүнүн интеллектуалдык турмушуна, балдар кичинесинде кандай жомокторду угушканына, класстан тышкаркы окуу системасына, билим менен практикалык ыктардын карым-катнашына мугалим кандай камкордук кылганына жараша экенин көрөсүз. Педагогикалык иште мындай жасасаң, сөзсүз ошондой болот деген бир нерседен бир гана жыйынтык чыгарууга болбой турганына ишенесиз. Ар бир жыйынтык кээде предметтерден өтө алыс, түздөн-түз байланышы жок өңдөнүп көрүн-

гөн ондогон, жүздөгөн үйрөнүүнүн, байкоонун, издөөнүн маалыматтарына байланыштуу болот.

Устат мугалимдердин тажрыйбасын ой жүгүртүп түшүнүү сиздин жеке практикаңызда эмне эмнеге байланыштуу экенин көрүүгө жардам берет.

Педагогикалык устаттыкты өркүндөтүү — бул баарынан мурда өзүңүзчө окуп билим алуу, өзүңүздүн эмгек маданиятыңызды жана биринчи кезекте ой жүгүртүү маданиятыңызды жогорулатууга багытталган жеке күч-аракетиңиз. Жеке ой-пикирсиз, өз эмгегиңизге зирек көз жүгүртүүсүз эч кандай методикалык жумуш болбойт.

Улуу кесиптешиңиздин тажрыйбасын канчалык көп изилдеп жана байкоо жүргүзсөңүз, өзүңүздү байкоо, өзүңүздү өзүңүз талдап кароо, өзүңүздү өзүңүз тарбиялоо мына ошончолук көбүрөөк зарыл. Өзүңүзгө өзүңүз байкоо жүргүзүүдөн, өзүңүздү өзүңүз талдап кароодон улам өзүңүздүн педагогикалык идеяларыңыз туулат. Мисалы, иштелип жаткан менен андан алынган натыйжанын ортосундагы байланышты изилдөө менен сиз төмөнкү жыйынтыкка келесиз: эң сонун жумшартылган кыртышка *бүгүн* себилген дандын *эртең* эле өнүп чыгышын көп учурда күтүүгө болбойт. Бүгүн иштелген нерсеге көп учурларда бир топ жылдар кийин гана баа берүүгө болот. Бул педагогикалык эмгектин эң маанилүү закон ченемдүүлүктөрүнүн бири. Ал дайыма келечек жөнүндө ой жүгүртүүгө аргасыздандырат.

## 47. Бир комплекттүү мектептин мугалимине кеңеш

Эки, атүгүл бир гана мугалим иштеген балдары аз бир же эки комплекттүү чакан мектептер бар, алар дагы көпкө чейин болушу ыктымал.

Эгерде ушундай мектепте иштесеңиз, айланаңызга бай, көп кырдуу рухий турмушту түзүү жана аны жылдар бою кармап туруу сиз үчүн кыйын болот. Ал эми бул — эң башкы нерсе, жогорку маданиятсыз — жалпы жана педагогикалык маданиятсыз өзүңүздүн алыскы элдүү пунктуңузду аюунун жапайы булуңуна айландырып жиберип, төмөн чөгүп кетишиңиз ыктымал. Эгер мындай болсо, ал педагогдун өзүнүн гана күнөөсү. Борборлордон эң алыскы, туюк булуңунда маданияттын, ой-пикирдин, чыгармачылыктын оту ачык күйүп турушу сизге гана байланыштуу. Бул оттун улам алоолоп күйүшүнө сиздин бардык күч-аракетиңиз багытталышы тийиш. Сиздердин тарбиялануучуларыңар-

8—255

дын маалыматтуулугу, маданияты, билими чечүүчү өлчөмдө мына ушуга байланышат.

Маданияттын жана ой-пикирдин ачык оту өчпөстөн жалындап турушу үчүн сиз атайын көп жумуш кылууга тийишсиз. Алыскы элдик пункттарда чоң китепкана жок, ал эми китеп — болгондо да жаңы китеп — бул жерде абадай эле керек.

Мына ошондуктан өзүңүздүн мектептик чакан китепканаңызды ири маданий борбордун чоң китепканасынын — айталы, В. И. Ленин атындагы СССР мамлекеттик китепканасынын же элге билим берүү боюнча К. Д. Ушинский атындагы мамлекеттик китепкананын абоненти кылыңыз. «Книжное обозрение» журналын, сизди кызыктырган ар кандай зарыл китепти бир, эки жумага жаздырып алып окуңуз. Иштеген жеринен көп жылдар бою эч жакка чыкпай туруп, элдик китепкана түзгөн, андан дыйкандар пайдаланышкан мугалими бар алыскы айылдарды билем. Бул жөнүндө сиз да ойлонуп көрүңүз да, мектепте элдик маданияттын очогун түзүңүз.

Бир комплекттүү мектепте балдардын класстык окуусу өтө маанилүү роль ойнойт. Коомчулук менен бирге сиз мектеп китепканасында балдар окуй турган бардык китептердин болушуна кам көрүшүңүз керек. Дүйнөлүк балдар адабиятынын алтын фондусуна кирген китептер ар бир эң кичине, эң алыскы мектепте да болууга тийиш. Ал анчалык деле кыйын эмес — балдарга болгон сүйүү жана тырышчаактык гана керек. Окуучулардын рухий маданиятынын башкы очогу окуу болуп калышы үчүн шартты дал ошол борборлордон алыскы мектепте түзүүгө боло турганына ишенем.

Кинопроектор жана фильмоскоп жөнүндө, жаңы окуу кинофильмдерин жана диафильмдерин өз убагында жаздырып алуу жөнүндө да кам көрүү зарыл.

Кичинекей, алыскы мектептин мугалими сиз үчүн чоң кыштактын же шаардын жакшы мектеби менен дайыма байланыш түзүп туруу эң маанилүү. Ал мектептердеги кесиптештериңизге жылына эки-үч жолу 3—4 күнгө барып турууга кеңеш берем. Сабактарына кирип, мугалимдер менен аңгемелешүүңүз керек. Ойлонуп, чыгармачылык менен иштеп жаткан ар бир мугалимдин жетишкен жана ошого кыялданган натыйжасын өз көзүңүз менен көрүп билүүңүз керек. Өзүңүздүн окуучуларыңыздын сабакка жетишүүсүн баалоо учурунда бул натыйжаны (билимди, билүү ыгын, окуучулардын жазуу жумуштарын) өзүңүзчө жолдомо кылып алыңыз. Эгерде мүмкүн болсо, кесиптешиңиздин мык-

тысынын бирин сиздин кичине мектебиңизге жок дегенде эки күнгө келип кетүүсүн өтүнүңүз.

Жазында жана жайдын башында тарбиялануучуларыңыз менен алыскы экскурсияга жөнөңүз — алар шаардын турмушун көрүп, фабрикада, заводдо, басмаканада болушсун. Ар бир барууңарды мектеп китепканасын жана фильмотеканы байытууга пайдалангыла.

Ал эми жайында мектепте отурбай, чоң шаарларга барыңыз. Алыскы мектепте иштеген жылдарыңыздын ичинде Москва, Ленинград жана башка чоң маданий борборлорго барчыдай пландаштырыңыз. Шаарларда болгон кездериңиз жандуу өтсүн: театрда, концерттик залдарда болуп, биздин өлкөнүн мыкты артисттеринин чеберчилигин көрүңүз. Дагы бир жолу кайталап айтам — китептерди унутпаңыз.

Ошондой эле туристтик бир нече саякаттарга барууну — Уралды, Сибирди, Алтайды, Орто Азияны, Кавказды, Орус Түндүгүн — Архангельск жана Новгород областтарын көрүүнү кеңеш кылам. Айтаар нерсеңиз канчалык көп болсо, окуучуларга таасир этүүчү методикалык каражаттардын кенчи сизде мына ошончолук бай болот.

## 48. Мугалим кандай пландарды жазыш керек

Бул өтө курч маселелердин бири, анткени кээде мугалимдер кереги жок жазуулар менен алек болушат. Кээде мындай да болот: «Бюрократтык жазмалыкты» сынга алууга берилип кетип, эч кандай пландарды жазып кереги жок деген педагогдор да бар.

Бул да, тигил да туура эмес. Ишке жардам берген нерсени гана жазуу керек.

Башталгыч класстардын мугалимдери үчүн бир топ жылга эсептелген перспективдүү план түзүү өтө маанилүү. Мындай планга эмне кирет? Муну мен өзүмдүн иш тажрыйбаман алып көрсөтөйүн.

1. Башталгыч мектепте окуган жылдары балдар окуп чыгууга тийиш болгон көркөм чыгармалардын тизмеси. Пландын бул пункту, албетте, мектеп китепканасында балдарга зарыл китептер болгондо гана ишке ашат.

2. Балдар мектепте уга турган музыкалык чыгармалар (мектепте музыкалык бөлмө болсо жакшы болор эле).

3. Аңгеме өткөрүлө турган сүрөттөр.

4. Көркөм чыгармалардан жаттап алуучу үзүндү тексттер.

5. Орфографиялык минимум, башкача айтканда, баш-

талгыч мектепте жазылышы бекем, биротоло эсте сакталып калуучу орфограммалык сөздүк.

6. Окуучулардын билим деңгээлин кеңейтүүгө жардам берүүчү илимий-популярдык китептердин жана китепчелердин тизмеси. Ой жүгүртүүсү кыбыр, начар окуган балдарга арналган китептерди жана китепчелерди өзгөчө бөлүү керек.

7. Ой жүгүртүү сабактарынын — ойдун жана эне тилинин башатына саякаттардын тематикасы.

8. Башталгыч класстардагы окуу жылдарында балдар жазууга тийиш болгон сочинениелердин тематикасы.

9. Мугалим жана балдар жасоого тийиш болгон көрсөтмө куралдардын божомолдуу тизмеси.

10. Башталгыч мектепте өткөрүлө турган экскурсиялар.

Мына ушундай эле перспективдүү планды түзүүнү орто жана жогорку класстардагы предметтик мугалимдерге да кеңеш кылам. Предметтин өзгөчөлүгү, албетте, эске алынат. Мисалы, биолог мугалим перспективдүү планга окуучуларда зарыл элестерди түзүү максатында жаратылышка байкоо системасын киргизет. География мугалим сөзсүз эсте сактап калууга милдеттүү болгон терминдерди киргизет. Физик мугалим өз планына өнөр жайы менен айыл чарбасындагы эмгекке байкоо жүргүзүүнү кошот.

Перспективдүү план—бул эң маанилүү багыт, ал боюнча мугалим ар жылы программаны окуу жана ой жүгүртүү менен, эмне эчак иштелди жана эмнени иштөө керек деген суроо менен өзүн-өзү текшерип турат. Перспективдүү пландын аткарылышы боюнча окуучулардын билим сапатына да баа берүүгө болот.

Ар бир мугалим тематикалык же сабактар боюнча да план түзүүгө тийиш. Тематикалык план программа боюнча өтүлүүчү темага бөлүнгөн бир топ сабактарга түзүлөт. Тематикалык пландаштыруу анчалык чоң эмес темага гана (2—5 сабакка) мүмкүн. Тематикалык планда сабакта эмнелер жана алар кандайча окутула тургандыгы жазылат. Мында лекция, аңгемени кеңири жазуудан сак болуу керек. Окуучуларга берүүчү билим мугалимдин башында болууга тийиш, ошондо гана аны толук жазып отуруунун кажети болбой калат. Тематикалык план — бул кеңири түзүлгөн конспект эмес, дидактикалык алдын-ала көрө билүү жана негиздөө. Планга чыгармачылык менен иштелген материал, мисалы, үй тапшырмасын текшерүү учурунда жооп берүүчү суроолор, жаңы материалды окуп үйрөнүүдө өз бетинче иштөөчү жумуштун түрлөрү жазылыш керек. Тапшырмалардын жана көнүгүүлөрдүн тексттери, адатта,

планга киргизилбейт (алар атайын карточка же дептерге жазылып алынган болот).

. Кокустан пайда болгон өзгөрүүлөрдү планга киирүү үчүн тематикалык план жазылган дептердин четине актай тилке калтыруу зарыл.

Кайсы бир мугалимдер ар бир сабак боюнча тематикалык план түзгөндү жакшы көрүшөт. Алар теманы ойлоштурушат, алдын-ала божомолдоолор жасашат, бирок бир гана сабакка план түзүшөт. Ар бири өзү үчүн абдан ылайыктуу болгудай иштей алат. Эң башкысы — бул, перспективдүү планга таянуу, түпкү максат жөнүндө унутпоо, улам программага жана ага болгон түшүнүк катка ой жүгүртүү, аны перспективдүү план менен салыштыруу керек.

Класс жетекчиси болуп иштеген мугалим тарбиялык иш-планын түзөт. Бул план жөнүндө мындан ары тарбия маселелерине арналган кеңештерде сөз болот.

### 49. Мугалимдин күндөлүгү тууpасында кеңештер

Мен ар бир мугалимге педагогикалык күндөлүк жазып жүрүүгө кеңеш берем. Бул ага кандайдыр бир талап, формалдуу коюучу официалдуу документ эмес. Күндөлүк — бул өздүк жазуулар, ойлор. Алар күндөлүк иште кереги тийиши мүмкүн. Аларда ой жүгүртүүнүн, чыгармачылыктын башаты бар. Он, жыйырма, ал түгүл отуз жыл бою жүргүзүлгөн күндөлүк — бул өзүнчө бир чоң байлык. Ойлонуп иштеген ар бир педагогдо өз системасы, өзүнүн педагогикалык маданияты болот эмеспи. Чыгармачылык өмүрүн аяктаган чебер мугалим, жаратуучу мугалим мээнеттин жана изденүүлөрдүн жылдары ичинде жетишкендеринин бардыгын өзү менен кошо көргө ала кетсе, педагогикалык акылмандуулуктун канчалык асыл мүлкүн жок кылып жатат. Педагогдордун күндөлүгүн мен баа жеткис асыл кенч катары педагогикалык музейлерде жана илимий-изилдөө институттарында сактар элем.

Мен отуз эки жылдан бери күндөлүк жүргүзөм. Баштапгыч класстардын мугалими катары мектептин босогосун аттаган кезде мен мына булар жөнүндө ойлодум. Биздин айылда бир фельдшер боло турган, аны баары апенди деп эсептешчү. Мына ошол апенди биринчи класска кирип жаткан балдардын боюн жана салмагын өлчөп, баарын жазып жатканын көрдүм. Биз сүйлөшө кеттик, анын жазгандарын карап чыктым, ал бул учётту жыйырма жети жылдан бери жүргүзүп келе жаткандыгы мени таң калтырды.

— Минтип жазуунун сизге эмне кереги бар? — деп сурадым.

— Бул өтө кызыктуу иш,— деп жооп берди фельдшер.— Караңыз, жыйырма жети жылдын ичинде балдардын бою төрт жарым сантиметрге өстү. Эх, дагы бир отуз жыл жашасам...

Ал кезде акселерация жөнүндө эч ким ойлогон эмес. Согуш башталганда фельдшер катуу ооруп калды. Ал жазгандарын мага берди. Мен да мектепте иштеген биринчи күндөн тартып эле балдардын бою жана салмагы, алардын акылынын өсүшү жөнүндөгү маалыматтарды жаза баштадым. Эми карамагымда, менимче, бир айылдын балдарынын 59 жылдын ичиндеги өсүшү жөнүндө өтө баалуу маалыматтар бар.

32 жыл бою окуунун биринчи эки жумасы ичинде мен катары менен балдардын түшүнүгү жана элестөөлөрү жөнүндөгү маалыматтарды жазып жүрдүм. Балдар бирдей эле суроого жооп беришчү.

Бирден жүзгө чейин сана... Сага тааныш өсүмдүктөрдү, жаныбарларды айтып бер... Машиналарды атап, алар кайда жана эмнеге колдонула тургандыгын айтып бер...

Бул суроолорго берилген жооптор да, менимче, баалуу. 1935-жылы биринчи класстагы 35 баладан бирөө гана жүзгө чейин, бешөө жыйырмага чейин санай алышчу (анда биринчи класска 8 жаштан киришчү). 1966-жылы биринчи класстагы 36 баладан 24ү жүзгө чейин, калган 12 си — 20, 30, 40ка чейин санашты (мында жети жаштагы балдар). Жыл өткөн сайын балдардын машиналар жана технологиялык процесстер жөнүндөгү билими улам өсүп бара жатат. Бирок, тилекке каршы, жылдан-жылга балдардын өсүмдүктөр, жаныбарлар, канаттуулар жөнүндө түшүнүгү төмөндөөдө.

1938-жылы бардык 35 бала таң нурун жай мезгилинде көрүшүп, күндүн чыгышын сүрөттөп жаза алышкан. 1966-жылы биринчи класстагы 36 баланын 7си гана июнь айында куланөөк сүрүшүн, күндүн чыгышын көрүштү.

Мен күндөлүгүмө окуучулардын үй китепканаларында кандай китептери бар экенин, ата-энелеринин билими кандай экенин, балдарды тарбиялоого энеси жана атасы канча көңүл бурушарын жазып жүрдүм. Бул материалдарды салыштыруу да чоң кызыкчылыкты туудурат.

Күндөлүктөгү бир кыйла орун тарбияланышы кыйын балдар жөнүндөгү жазууларга берилет Алардын мүнөзүндөгү, сабак жана үйдөгү акыл эмгегиндеги эң майда кошумча белгилерди байкоону эң маанилүү деп эсептейм.

Жазылган жана акылга салынган байкоолор мугалимдин ишинде чоң жардам берет. Ошентип, акыл арымы кыбыр балдардын интеллектуалдык түшүнүгү чектелгендигинин салыштырмалуулугун көңүлгө алып, алар илимий-популярдуу кайсы адабияттарды кандай окуш керектиги жөнүндөгү бир катар корутундуга келдим.

Күндөлүк ойду топтоого, акыл аракеттерин бир нерсеге багыттоого жардам берет. Мен күндөлүгүмдүн бир нече беттерин билимдин бекемдиги жөнүндөгү ойлорду жазууга бөлүп коём. Бул жазгандарды изилдөө, салыштыруу, талдоо билимдин бекемдиги көп сандаган өбөлгөлөргө жана шарттарга байланыштуу болорун көрсөттү. Күндөлүк ой жүгүртүүлөргө үйрөтөт.

## 50. Өз балаңызды тарбиялоо жөнүндө

Тилекке каршы, турмушта боло турган карама-каршы көрүнүштөрдөн качуу керек: башкалардын балдарын тарбиялап жаткан мугалимге өзүнүн балдарын тарбиялоого убакыт жок. Мугалим-атага, мугалим-энеге мен мындайча кеңеш берээр элем:

Үйдө сиз өз балдарыңыз үчүн мугалим да, класс жетекчи да эмес, баарыдан мурда ата-эне экениңизди унутпаңыз. Үй-бүлөнү кичинекей мектепке айландырбаңыз, мектептик шарт сиздин үйдүн эшигинен сыртта калышы үчүн, сиз жана сиздин балдарыңыз жөн гана жакшы үй-бүлө болушу үчүн колдон келгенин жасаңыз.

Тарбия — бул кандайдыр бир атайын, жасалма түрдө уюштурулган «иш чаралар» эмес, бул баарыдан мурда турмуш ыңгайы. Педагогдун колунда — чоң акылмандуулукту жана байкагычтыкты талап кылган күчтүү жана ошол эле убакта коркунучсуз курал — адамдын үстүнөн бийлик бар. Бул куралды мектепте акылдуулук жана байкагычтык менен пайдаланып, аны өз үйүңүзгө алып келбеңиз. Өз адатыңызды, мугалимдик салт ыкмаңызды мектепте калтырышыңыз керек. Өз балаңызды «педагогдоштуруудан» качыңыз — балаңыз педагогикалык кесиптин майдабаратына чейин кабардар болушу, эмненин эмнеге керектигин, эмне туура жана эмне туура эместигин, мугалим эмне кылууга укуктуу жана эмнеге укуксуздугун билиши өтө жаман. Балдарыңыздын көзүнчө айрым окуучуларга, педагогдорго жаман мүнөздөмө берүү таптакыр жарабайт. Мындай сөздөрдү угушкан мугалимдердин балдары кекирейиңки, кербез тартып, башка окуучулардан өзүлөрүн артык сезип калышат. Алар көп учурда мугалимдерге, ки-

йинчерээк өз ата-энесине ордошот, сиз, ата-энеси тажрыйбалуу, акылдуу педагог болуп туруп, өзүңүздүн балаңызга бийлигиңиз өтпөй калат. Өз балдарыңызды башка окуучулардан эч качан жана таптакыр эч нерсе менен өзгөчөлөп көрсөтпөңүз.

Эгерде мүмкүнчүлүк болсо, өз балаңызды сиз окуткан эмес, кесиптешиңиз окуткан класска киргизиңиз. Мына ушундай болгону жакшы: ошондо ата катары, эне катары өз уул-кызыңызга өтө ынак болосуз.

Бизди турмуштун ар бир кадамы тарбиялап жатса да, тарбиялоого атайын убакты зарыл. Ар күнү өз балаңыз менен сүйлөшүүгө, бир нерсени окууга, алар менен табигатка барууга убакыт табыңыз. Бул өзгөчө ата үчүн маанилүү.

Педагогикалык процесстин, окуучулардын мүнөзүнүн айынан туталансаңыз, каныңыз кызыса, ааразылансаңыз аны үйгө билдирбеңиз. Өз балаңыз үчүн бул эң жаман үлгү. Эгерде мектеп атасына же энесине жалаң кайгыны үйүп жатканын балдар кичинесинен эле көрсө, алар барабара педагогикалык ишке жийиркене баштайт. Мындай ойдун кесепети — сиздин балаңыз мугалим болууну каалабаганында гана эмес. Эң жаман жери: педагогдун ишине жийиркенген окуучу эки жүздүү жана келжирек болуп калат.

Сизде өз балаңызды эмгекти, илимди сүйүүгө тарбиялоого эң сонун мүмкүнчүлүктөр бар. Педагогдун эмгеги өзүнүн табияты боюнча — мээримдүүлүктүн үлгүсү. Уулуңуз, кызыңыз сиздин эмгегиңиздин асылдыгын, башка адамдын тагдырына кам көргөндүгүңүздү сезишкендей болсун.

Сизде өздүк китепканаңыз бар. Уулуңуз окуучу болору менен анын китепканачасы үчүн текче бөлүп бериңиз. Аны китеп окууну сүйүүгө, маданий байлыктарды кадырлоого тарбиялаңыз.

## II БӨЛҮМ

### 51. Баланы ким жана эмне тарбиялайт? Тарбиялоодо сизден — педагогдон жана башка тарбиячылардан эмне талап кылынат?

Кээде тарбиялоонун кандайдыр бир башкы фактору болот деген бир беткей жана кесе айткан сөздөр жаш мугалимди жолдон тайдырат, тайдырган себеби тарбиялоо процессинде *бардыгы* маанилүү, *бардыгынын* өз мааниси бар.

Биз тарбиялоого, калыптандырууга ала баштаган баланы мен бир топ скульптор жабдыктары менен чогуу келип, чегип скульптура жасоо, жандандыруу жана ага адам идеалынын демин берүү максатын көздөшкөн чоң мрамор ташка салыштырар элем. Бул скульпторлор деги кимдер, алар нечөө?

Инсанды тарбиялоого көп күч катышат, анын ичинде, биринчиден, үй-бүлө бар, ал эми үй-бүлөдөгү эң чебер жана акылман скульптор — бул эне; экинчиден, рухий асылдыгы жана байлыгы, акылы, билими, иш билгилиги, дилгирлиги, турмуштук тажрыйбасы, интеллектуалдык, эстетикалык жана чыгармачылык керектөөсү, кызыгуусу, умтулуусу бар педагогдун инсаны; үчүнчүдөн, ар бир инсанга тарбиялык таасир көрсөтүүчү кубаттуу күчү бар коллектив (балдар, өспүрүмдөр, уландар); төртүнчүдөн, тарбиялануучунун өз инсаны (өзүн-өзү тарбиялоо), бешинчиден, интеллектуалдык, эстетикалык жана моралдык байлыктар дүйнөсүндө (бул жерде баарынан мурда — китеп) тарбиялануучунун өз инсаны; алтынчыдан, таптакыр күтүлбөгөн скульпторлор (сиздин тарбиялануучуңуз көчөдөн таанышкан өспүрүм; бир жумага конокко келип, кичинекей адамды радиотехника менен же жылдыздар дүйнөсү жөнүндөгү кыялга өмүр бою азгырып таштаган тууган-туушкандар, же жакын тааныштар).

Эгерде бул скульптор-тарбиячылардын баары ар дайым тегиз ойногон симфониялык оркестрдей аракет кылса, педагогикалык кылычтар жана найзалар чабышып, сынып жаткан көп проблемалар жеңил чечилер эле.

Бирок ар бир скульптордо өз мүнөзү, өз изи, өз наркы

(кээде кемчилиги) болот. Бир скульптор башканын чеберчилиги менен чыгармачылыгына кыйкымчыл келип, мраморду кылдат чегүүгө умтулбастан, башка устат азыр эле көңүлдөгүдөй жасаган жерди олуп өтүп бузуп салат. Андан кийин мрамор сомдолбой, күзгүдөн каранып: кана, сиздер эмне кылдыңар, урматтуу устаттар? — деп өзүн билгиси келет да, айланасындагы дүйнөнү гана эмес, өзүнөзү акыл-эси жана жүрөгү менен да таанып-билген ой жүгүртүүчү жан боло баштаган учур келет, биздин чала сомдолгон скульптура өзүнүн кескичин алып, күзгүгө каранат да (башкача айтканда, айланасындагы адамдарга карап, бирлерине суктанып, экинчилерин байкамаксан болуп, үчүнчүсүнө кыжырланып), өзүн-өзү жылмалап, атүгүл башкалар жасаганды ондоп кирет. Мына ушул жерде чыгармачылыктын оту тутанат: чабышкан кылычтардай кескичтен мрамордун күкүмдөрү учат, кээде асыл мрамордон чоң кесектер шылынып түшөт.

Бул кылыч-кескичтердин чабышын көргөндө, металлдын шыңгырын жана скульптор-тарбиячылардын «жаакташканын» укканда, тарбиялоодогу башкы жана экинчи нерсе жөнүндөгү ырастоолор барып турган мажүрөөлүк деп ойлойсуң. Бул өтө мажүрөөлүк бардык тарбиялык ишке канчалык көп залал тийгизип жатат! Эгерде бул же тигил скульптор-тарбиячынын бардык жактан кубаттуулугу туурасындагы куру ойлор ата-эненин аң-сезимине кирип албаган болсо: «Мен сизге өз баламды бердим, тарбиялаңыз. Силерди ошон үчүн мектеп дейт»,— деген сөздөрүн угат белек.

Сиз мектеп босогосун аттадыңыз да өз өмүрүңүздү адамды — жаңы, коммунисттик коомдун куруучусун тарбиялоого арноону чечтиңиз. Сиз билимдердин жандуу казнасы гана эместигиңизди эске алыңыз. Адамзаттын интеллектуалдык маданиятын жаш муунга бере билүүчү, анын жан-дилинде ышкы отун, билимге болгон сүйүүнү тутандыруучу гана адис эмессиз. Сиз — келечектин адамын жаратуучу скульпторлордун бирисиз. Болгондо да башкаларга окшош эмес, өзгөчө скульпторсуз. Тарбиялоо — адамды жаратуу — бул сиздин кесип. Коомчулук өлкөбүздүн келечеги сизге өтө байланышкан устат скульптор катары карайт. Сиздин ар бир катыңыз инсанды бузуп, жанын ачытып, жабыр тарттыра турганы эсиңизде болсун. Сиз адамды жаратуучусуз, чеберчилигиңиз, иш билгилигиңиз, өнөрүңүз менен башка скульпторлорго үлгү болушуңуз керек. Биз советтик мектепте жаратып жаткан адам адептүүлүк, интеллектуалдык, эстетикалык жетиктиктин үлгүсү болсун

үчүн «мрамор ташы» менен иштөөгө укугу бар бардык скульпторлордун макулдашып аракет кылышы, *адамды жаратуу* шайкештиги зарыл. Бул шайкештикте ким кылдат, акылман, тажрыйбалуу, сак жана чечкиндүү дирижер болууга тийиш? Педагог.

Сиздин милдет — тарбиячынын милдети — баарынан мурда устат-скульпторлордун бүткүл ансамблин көрө билүүдө, ар бир аткаруучунун оюнун кылдат кабылдап, бузулган жерлерин байкоодо турат. Башкача айтканда, тарбиялоонун көп кыйын процесси эмнеге жана кимге байланыштуу экенин ажырата билишиңиз керек. Скульптор тарбиячылардын ар бири чыгармачылык жалпы күч-аракеттер менен жаралып жаткан адамда эмне калтыргандыгын көрө билүү зарыл. Менин жаш досум, асыл мраморго кескичтин кенедей эле тийип өтүшү өмүр бою өчпөс из калтырышы мүмкүн экенин эске сактооңуз керек. Сиз жаратып жаткан нерсеге ким, качан жана кандай тийип өтөрүн билишиңиз керек. Бул үчүн баланы гана сүйүү аздык кылат — жомоктогу скульптор Пигмалион өз колу менен түзгөн Галатеянын скульптурасын сүйүп калгандай өзүңүз жаратканды сүйүү аздык кылат. Дагы билүүгө тийишсиз. Себептерди жана натыйжаларды логикалык жактан талдай билүү ыктарына ээ болуу керек.

Устат-скульпторлордун ансамблинин акылман дирижеру болуу — бул үчүн үй-бүлө, бул үчүн мектеп, ал эми бул үчүн пионер уюму жооп берет деп милдет менен жоопкерчиликти тыпыйта бөлүштүрүү дегендикке жатпайт. Инсанды бөлүп-бөлүп: кулагын — бир, маңдайын — экинчи, мурдун — үчүнчү жана башка бирөө жаратпайт. Мындай нерсе биздин татаал жана кыйын иште болбойт. Мектепте иштей баштаганда эле сизге ата-энелер менен чогулуштарда жана жекече да көп сүйлөшүүгө туура келет. Мына бул үчүн — силер, үй-бүлө, ал эми бул үчүн биз — мектеп жооп беребиз деп милдетти так бөлүштүрүп таштоого эч убакта аракет кылбаңыз. Биздин орток балдар эстүү, акылман, сергек, түшүнгүч жана терең сезгич болушу үчүн акыл тарбиясына мектеп гана жооп бербестен, көп нерселерди үй-бүлө иштей алат жана иштөөгө тийиш. Биз жараткан Галатеянын бир эле жерине кээде ар түрдүү күчтөр таптакыр ар башкача тийип өтөрү эсиңизде болсун. Сиз өз тарбиялануучуңузду ак ниет болууга, социалисттик менчикти сактоого азыр эле үйрөттүңүз, ал эми сиз да, ата-энелер да билбеген кайдагы бир «скульптор» уурдоого, алдоого үйрөтөт. Тарбиялоо процессинин дирижерунун акылмандуулугу жана устаттыгы — сиз жаратып жаткан нерсеге ким-

дин болсо да колунун тийгени байкалбай калбашында жатат.

Себепти билүү — бул, демек, баарын билүү,— деп үйрөткөн украиналык философ-педагог Г. Сковорода[6]. Бул насыяттын үстүндө ой жүгүртүп көрүңүз, жаш досум. Жоруктун себебин ажырата билбей туруп, мугалим натуура корутундуга келген учурлар мектеп турмушунда көп эле кездешет. Мындай да болот эмеспи: мектеп күнөөлүү болсо деле ата-энесин чакырышат да балага аз көңүл бурасыңар, аны өтө эркелетесиңер деп жана башкаларды айтып аларды ишендиришет.

Кээде бекем чиеленишкен жакшылык менен жамандыкты ажыратып билүү өтө кыйын болот, ал эми аны ажыратып кароо керек, бул педагогдун ыйык милдети. Эл агартуунун асыл айдыңына кирип жаткан сиз, жаш досум, жаңы коммунисттик адам жаралып жаткан устаканага кирүү укугуна ээ болгон бир топ устат-скульпторлордун бири гана эмес, сиз башка устаттардын да мугалими болууга тийишсиз. Сиздин артыкчылыгыңыз — өз тарбиялануучуңузду педагогикалык илимдин нуру астында көргөнүңүздө. Эгерде Адамды тарбиялоо жөнүндөгү илимдин чоң мүмкүнчүлүгүнө ишенбесем, мен мектепте бир күн да иштебес элем, бул китепти да жазбас элем. Сиз илимий-педагогикалык билимдин чырагы болууга тийишсиз, анын нуру адамды жаратып жаткан башка устат-скульпторлордун ишине жарык кылышы керек. Үй-бүлөгө таасир этүүгө сиздин, мугалимдин, класс жетекчисинин кандай мүмкүнчүлүгү бар — инсан өзүн-өзү кандайча тарбиялайт жана мында педагогдун милдети эмнеде? Инсан өзү педагогду кандайча тарбиялайт. Коллективдин тарбиялык зор күчүнүн сыры эмнеде, кандай шарттарда коллектив бар жана кандай шарттарда ал жок? Адамды китеп кандайча тарбиялайт. Башка жактан кокусунан пайда боло калган тарбиячылар жаштардын жан дүйнөсүнө мектептегидей таасир этишине кантип жетишүүгө болот? Бул маселелер боюнча кеңеш берүү, менимче, жаш педагогго пайдалуу.

## 52. Балдардын атасын жана энесин өз балдарын мектептик-үй-бүлөлүк тарбиялоого кантип даярдоо керек

Бүгүнкү күндө, менимче, коммунисттик коомдун адамын тарбиялоо жаатында балдарын тарбиялоо үчүн энени жана атаны үйрөтүүдөн маанилүүрөк милдет жок. Биз көп жылдык өзүбүздүн практикалык ишибизден улам ата-энелердин педагогикалык маданияты жөнүндө кам көрбөй ту-

руп, окутуунун жана тарбиялоонун бир дагы маселесин чечүү мүмкүн эмес деген жыйынтыкка келдик. *Ата-энелер педагогикасы,* башкача айтканда, адамдан туулган тирүү жан кантип адам болоорлугу тууралсында эненин жана атанын жөнөкөй билими — бул педагогикалык бүткүл теориянын жана практиканын пайдубалы, жербайы. Биздеги энелик педагогика кабинетинин көрүнө жерине Н. И. Пироговдун: «Баланы бешигинен алпечтөө, анын балалык оюнун уюштуруу, балдырап сүйлөөгө үйрөтүү менен, коомдун башкы түзүүчүсү болуп жатышкандыгын аялдар түшүнүшсүн. Жербайы алардын колу менен төшөлөт»[7],— деген сөзү жазылып коюлган. Бул сөздөрдө ата-энелер менен болгон бардык ишибиздин идеялык негизги багыты билдирилген.

Бизде ата-энелер үчүн *педагогикалык мектеп* бар, анда мектепке чейинки, I—III класстардагы, IV—VIII класстардагы, IX—X класстардагы окуучулардын ата-энелери деген бөлүмдөр бар. Балдарын окууга берерден үч жыл мурда эне жана ата ата-энелердин педагогикалык мектебинен окуй башташат. Эки жумада бир жолу алар мектеп директорунун, окуу-тарбия иши боюнча директордун орун басарынын, класстан тышкаркы иштер боюнча орун басардын, үч жылдан кийин биринчи классты окутуучу мугалимдин лекцияларын угушат. Мына, педагогикалык мектептин мектепке чейинки бөлүмүнүн 1964—1967-жылдар үчүн иш планы (педагогикалык мектепте окуй турган ата-энелердин балдары I класска 1967-жылдын күз айында кирншти):

1. 4төн 7ге чейинки баланын дене жана психикалык жактан өсүшү.
2. Баланын ооруп калышын алдын алуу.
3. Баланын режими, тамагы, ден соолугун чыңдоо.
4. 4төн 7ге чейинки баланы акыл жактан кантип тарбиялоого болот.
5. Баланын сөзүн жана акыл жөндөмүн өстүрүүгө эненин жана атанын камкордугу.
6. Балдардын нерв системасынын жабыркашын кантип алдын алуу керек.
7. 4төн 7ге чейинки баланы эмгекке тарбиялоо.
8. Улууларга карата ызаат-сыйды кантип тарбиялоо керек.
9. Окуучуну тарбиялоодо жаратылыштын мааниси.
10. Мектепке чейинкилердин керектөөсүнүн жана кызыгуусунун өсүшү.
11. Мектепке чейинки балада чындыкты таанып-билүүнүн жана эмоциянын өсүшү.

12. Балада кишини туюуну кантип тарбиялоо керек.
13. 4төн 7ге чейинки баланы тарбиялоодо коздуктун ролу.
14. 4төн 7ге чейинки баланын чыгармачылыгы.
15. Балдарды таш боордуктан кантип сактап калуу керек.
16. Каалоосун кармана билүүнү балага кантип үйрөтүш керек.
17. Тарбия каражаты катары өсүмдүктөр менен жаныбарларга балдардын камкордугу.
18. Мектепке чейинки балдарды акыл, адеп, эмоция жана коздукка тарбиялоодо оюн жана анын ролу.
19. Эне — баланын биринчи тарбиячысы жана мугалими.
20. Үй-бүлө — адамдык өз ара мамилелердин мектеби.
21. Ата жана уул.
22. Эне жана кыз.
23. Мектепте окууга баланын психикалык даярдыгы.
24. Баланын моралдык маданиятынын биринчи элементтери.
25. Сиздин балаңызды биз жана сиз кандай элестетебиз.
26. Өз балдарын тарбиялоодо ата-эне кандай ката жиберет жана ал каталардан кантип кутулуу керек.
27. Чоң ата жана чоң эне — булар да тарбиячылар.
28. Мектепке чейин баланы эмнеге жана кантип үйрөтүү керек.
29. Үй-бүлөдө ак ниеттүүлүк жана ынтымактык өкүм сүрүүгө кантип жетишүүгө болот.
30. Балдарды жароокерликке кантип тарбиялаш керек.
31. Өз ара кантип тил алчаак болуш керек.
32. Эмоциялык эргүүнү кантип токтотуп калуу керек.
33. Жакшы болууну каалоону балада кантип тарбиялаш керек.
34. Балалык кежирликти кантип болтурбоо керек.
35. Ата-энелик бийлик деген эмне жана аны кантип пайдаланууга болот.
36. Жазалоону колдонбой кантип тарбиялаш керек.
37. Жазалоодо эмне көп — пайдабы же зыянбы.
38. Балдардан эмнени талап кылууга мүмкүн жана эмнени талап кылууга болбойт.
39. Балдарды тарбиялоо — атанын жана эненин коомдук маанилүү милдети.

Ушундай темаларда лекция даярдоого жана окууга сизге, мугалимге, туура келгендиктен бул татаал иш жөнүндө бир топ кеңеш бергим келет. Ата-энелерди коомдук жогорку милдетти орундатуу сыяктуу эң асыл, адамгерчиликтүү,

бийик чыгармачылыкка тарбиялоого үйрөткүлө. Бизде ата-энелерге жасаган ар бир лекциясында жана аңгемесинде адамды жаратуу идеясын ачык-айкын көрсөтө билишкен, энеде жана атада жер бетинде эң сонун, эң асыл нерселерди түзүп жатышкандыгына сыймыктандырган эң сонун класс жетекчилер бар. Алар ата-энелик педагогиканы *эмгек, илим, устаттык* жана *чыгармачылык* катары ачып беришет.

Бул класс жетекчилер эч убакта лекция менен аңгемесин тарбия ишинде ката жана жаңылыштык кетирген ата-энени «чымчып коюу» максатында түзүшпөйт. Сага да антпөөгө кеңеш берем, жаш досум. Айрым үй-бүлөлөрдүн турмушунда терс көрүнүштөр али да бар, эгерде сиз бирөөнүн «жан дүйнөсүн матап» алардагы өкүттү (тарбиялоону билбегендик — бул баарынан мурда өкүт) жалпы элге ашкерелесеңиз, сизге ата-энелер улам аз келише баштайт, сиз аларды мектептен алыстатасыз, анан да өтө коркунучтуусу, алар: мен канчалык аракеттенсем да жакшы ата боло албайм, башка ата-энелердин балдары жакшы, меники жаман болуп калышы таалайдан,— деп баарына кол шилтешет. Ата-энелер менен алардын балдары жөнүндө сүйлөшүп баштап, аларды сиз күзгүгө кароого аргасыздандыргандай болоруңузду эч убакта унутпаңыз. Эгерде адамга: көрүңүзчү, кейпиңиз кандай суук,— деп айтсаңыз, ал сиздин сөздөргө кандайча карар эле...

Бул кеңеш тарбиялоодо курч маселелерди буйтап өт жана жымсалда дегенге жатпайт. Тескерисинче, бирөөлөрдүн ишинин оңунан чыкпай калышы башкалар үчүн сабак болууга тийиш. *Мектептик-үй-бүлөлүк* тарбиялоодон татаал жана карама-каршылыктуу эч нерсе жок; ал акылдуулук, билгичтик, сылыктык менен кыйкырык-чуусуз жана ополоң-тополоңсуз чечүүчү миңдеген кагылыштарга толгон. Бирок жамандык жөнүндө куйтуңдабай айтып ошол эле учурда адамды кемсинтпөө керек. Көп учурда жаман иш жөнүндө жай сүйлөшүүгө туура келгенде ката, жаңылыштык жиберишкен ата-эненин аты-жөнүн айтпайбыз.

Бир үй-бүлөнүн жаңылыштыгы жана катасы жөнүндө терең ой жүгүртүү, айкын шарттарда тарбия жөнүндө ачык сүйлөшүү үчүн иштин башка формасы — ата-энелер менен жекече аңгемелешүү, өзгөчө аял мугалимдердин эне менен, эркек мугалимдин ата менен аңгеме жүргүзүү формасы бар. Ата-энелердин жалпы рухий жана педагогикалык маданиятын аныктоочу шарттары жана өбөлгөлөрү таптакыр бирдей болгон эки башка үй-бүлө жок. Ар бир үй-бүлөнүн өзүнө гана таандык бир нерселери бар. Мына ошон-

дуктан эне жана ата менен, *балдарды катыштырбай* жекече аңгемелешүү биздин педагогикалык мектептин ишине органикалык бөлүк болуп кирет. Балдарсыз аңгемелешүү деген сөздү мен атайын баса айттым. Тарбия ишиндеги кыйынчылыкты жана өкүнүчтү, ийгиликти жана жаңылыштыкты балдардын көзүнчө эч убакта айтууга болбойт — бул зыяндан башка эч нерсе алып келбейт. Жакшы үй-бүлөлөрдө ак ниеттик жана ынтымактык, өз ара кадырлашуу, ата-энелердин сүйүү жана эпке келишүүсү — тарбиялык таасирдин башкы күчү болуп эсептелет, бирок үй-бүлөдө баары жакшы болуштун өзү аларды тарбиялап жаткандыгын балдар байкашпайт.

Биз мектепке чейинки балдар үй-бүлөдө өзүнчө бир *энелик мектептен* өтүшүнө жетиштик. Бул — адеп эмоция жана эстетикалык тарбиянын эч нерсе менен алмаштыргыс мектеби. Энелик мектепти эч кандай, ал түгүл эң сонун бала бакча да алмаштыра албайт, адамдын рухий турмушунун эң назик чөйрөсүндө — инсанды тарбиялоодо эне жана ата колдон чыгарып жиберген нерсени толуктай албайт. Биз энелик мектепте *адамды сезүүгө* тарбиялоого көп көңүл бурабыз. Бул проблемага арналган лекцияда да, энелер жана аталар менен болгон жекече аңгемелерде: сен адамдардын арасында жашайсың, башкалардын кызыкчылыгын эсепке алуу менен, өзүңдүн каалоолоруңду чектей билишиң керек деп биз балдарда ар дайым сезе билүүнүн рухий татаал жөндөмдүүлүгүн *кантип* тарбиялоо керектигин ачык-айкын мисалдар менен көрсөтөбүз. Мектепке чейинки балдардын ата-энелери үчүн иштеп жаткан биздин педагогикалык мектепте биз бара-бара бул татаал предметти — адамдар арасында жашай билүүнү бөлүп көрсөтөбүз.

Эненин педагогикалык маданиятынын маанилүүлүгү баа жеткис. Ата-энелик педагогика — бул коммунисттик педагогиканын биринчи барагы экендигине биздин педагогикалык коллектив бекем ишенет. Эненин кылдат, акылман, жан дүйнөсү сулуу, моралдык коогдук жөнүндө бийик түшүнүктөр менен шыктанган скульптор болушуна кам көрүү менен, биз акыр аягында баланын жан дүйнөсүнүн назик жана сергек болушуна, анын жүрөгүнүн эң терең түпкүрү ак ниеттүүлүккө жана коогдукка жооп кайтаргандай болушуна кам көрөбүз.

## 53. Тарбиячынын сөзү тарбиялануучунун жүрөгүнө жетсин үчүн эмне кылуу керек

Энелик мектепте баланын жүрөгү кылдат, назик, сезгич, сергек тарбияланышына умтулабыз. Бала курчап турган дүйнөнү акыл-эси, ойлонуусу менен гана эмес, жүрөгү менен да таанып-билүүсү керек. Кимдир бирөө дарактын бутагын сындырганын да, уясынан кулап түшкөн кичинекей балапан чөп үстүндө алсыз тыбырап жатканын да, белгисиз бирөө таштаган мышыктын баласынын бакта адашып жүрүшүн да бала жүрөгүнө жакын кабыл алгыдай болсун. Бала ар дайым адамга качан зарыл болгондо бирөөгө боор ооруунү, бирөөнү аёону, бирөөнү эркелетүүнү, бирөөнү коргоону, бирөөгө кам көрүүнү, бирдемеден улам толкунданууну, бир нерсеге күйүп-бышууну билгидей болсун үчүн өзүн-өзү башкарууга практикалык шарттарды кантип түзүү керектигин ата-энелерге нечендеген саат аңгемелеп беребиз. Менин жаш досум, сөз устат-скульпторлордун — эненин жана атанын эң назик кескичтери жөнүндө, алардын эң чебер кыймылдары жөнүндө бара жатат. Мектепте отуз жылдан ашык иштеген жылдарымдын ичинде бала мектепке келгенден кийин гана анда сезимди тарбиялай баштоо — эненин да, атанын да колу тийбеген мраморго менин, педагогдун, кол тийгизишим кеч болуп кала турганына көзүм жетти. Эгерде бала үй-бүлөдө эмоциялык тарбия албаса, ал дүйнөнү таанып-биле албайт жана тарбиячынын сөзүн жүрөгү менен кабыл ала албайт. Ал уккан, окуган нерсенин логикалык маанисин гана түшүнөт да эмоциялуу рухий кошумча мааниси түшүнүксүз болуп кала берет.

Бул — мектептик-үй-бүлөлүк тарбиянын абдан татаал проблемаларынын бири. Мектепте окуй баштагандан бир нече күн өтпөй эле бала эмне үчүн мугалимдин жакшы сөзүн кулагынын сыртынан кетире баштайт? Эмне үчүн мугалим кыйкырууга жана столду муштуму менен койгулоого аргасыз болот? Эмне үчүн окуу башталгандан бир айдан кийин баланы бурчка тургузуп жазалашат, бирок бул жардам бербейт? Балээнин тамыры — сезимдин тарбияланбагандыгында.

Эгерде сиз менин жаш досум, болочок чүрпөлөрүңүз ар бир сөзүңүздү ынтаа коюп уксун, *сөздү сезсин* десеңиз, анда үй-бүлөдө эмоциялуу мамиленин көп болушуна кам көрүңүз. Жүрөк сезиминин жалгыздыгы, ой үчүн адамдык курчоонун жоктугу сыяктуу эле, адептүүлүккө коркунучтуу. Балаңыз кимдир бирөө менен өз ара милдеттүүлүктүн, өз

ара кызыкчылыктын, кадырлашуунун, кам көрүүнүн түйүндөрү менен байланышып турушуна кам көрүңүз. Сиздин болочок тарбиялануучуңуздун адептүүлүгү — ал жан дүйнөсүнүн бир бөлүгүн кимдир бирөөгө бере алабы же ички дүйнөсүнө кирип алып тар түйшүктөрү, чектелген кызыкчылыктары менен түнт жашап жатабы, көбүнесе ошого байланыштуу. Қерт башынын камын ойлоо сезимдердин тарбияланбагандыгынан башталат.

Болочок тарбиялануучуңуздун үй-бүлөсүндө болуңуз (үч жылдын ичинде ар бир баланыкында жок дегенде экиүч жолу болууга мүмкүн), баланы эмне кубандыра турганын сезип көрүңүз: улуулар ага берген гана кубанычпы же башкалар үчүн өзүнүн кичинекей колдору менен ал жасап жаткан нерсеби. Эгерде аны бир гана нерсе — атасы жана энеси түзүп жаткан жыргалчылыкты керектөө гана кубандырса, анда бул эң жаман: тарбиялануучуңуз мектепке таш боор болуп келет. Балага жана кызга кубанычтын башка булактарын кандайча ачып берүү керектиги жөнүндө ата-энелер менен — атасы менен да, энеси менен да аңгемелешип көрүңүз, биргелешип ойлонуңуз: адамдар үчүн бакка дарак же бир түп кызыл гүл, кичинекей жүзүмзар отургузуу, алар түзгөн аквариум, китепканача, кооздук бурчу — мына булар эне жана ата эс алгыдай жай боло турган болсун. Бул жөнүндө камкордук көрүү менен балалык жүрөктү асылдандырарыңызды, мектеп жылдарында адептүүлүк, акылдуулук, эстетикалык, эмоциялык тарбия үчүн негиз даярдай турганыңызды билип коюңуз.

Мектепке чейинки жылдары асыл сезимдерди тарбиялоо жөнүндө кам көрүү менен балага күч колдонууга жол бербеңиз. Қолдонуу эркин майтаруудан артык зыяндуу жана коркунучтуу эч нерсе жок. Акылдуу, боорукер, жакшы сөздүн ордуна курду колдонуу жана кежигеге коюп жиберүү — бул скульптордун, жука, назик, курч кескичинин ордуна дат баскан балтаны колдонуу дегендикке жатат. Күч колдонуп жазалоо денеге гана эмес көңүлгө да залал келтирет; кур далыны гана эмес жүрөктү да, сезимди да сенек кылып таштайт. Қимде-ким үйүндө кур же кол менен көп келтек жесе, мектепте жакшы сөз кулагынын сыртынан кетет. Сабоо, шапалактоо таш боор жана ырайымсыз кылып койгон балдарды билем. Бирөөнү уруп жаткан кишини өзүң ургуң келет; бала кезинде бирөөнү урууну каалагандар чоңойгондо бирөөнү өлтүргүсү келет — демек, кылмыштын, киши өлтүрүүчүлүктүн, зордуктун тамыры балалык кезден башталат. Мен он жылдан бери ата-энелер үчүн

педагогикалык мектептин мектепке чейинки бөлүмүндө лекция окуйм; тарбиялык иштин эң керектүү бул жылдары эненин жана атанын аң-сезимине жана жүрөгүнө төмөнкү чындыкты жеткирүү өтө маанилүү экендигине мени ишендирди: балалыктын алгачкы жылдарында адамдын жан дүйнөсүнө ташталган кичинекей данек өсүп отуруп, жетилген куракта кубаттуу дарак болуп калат. Бардыгы кандай урук кандай кыртышка себилгенине байланыштуу. Эгерде мектепке киргенге чейинки үч жылда баланын жүрөгү сергек, назик, ак ниет, жамандыкка, жалгандыкка элдешпес болуп калышына анын жүрөгү жакшылыкты гана сүйбөстөн, жамандыкты жек көргүдөй болушуна жетише албасам, анда мен эл мугалими деген наамды алып жүрүүгө укугум болбос эле.

Ошону менен бирге, эгерде сиз ар бир тарбиялануучуңуз нагыз адам болуп калышын кааласаңыз, балдарды эмгекке беш, төрт жашынан тарбиялоого ата-энелерди үйрөтүңүз. Бала кашыкты колуна кармай билип, аны оозуна алып барууга жараган убакыттан тартып эле ал эмгектенүүгө тийиш. Элдик акылман педагогика мына ушуга үйрөтөт, өзүбүздүн тарбиялык ишибизде биз мына ушул кылымдык акылмандыкты бел тутабыз. Балдарды өтө эле эрте эмгектенүүгө мажбурлоодон коркпоңуз. «Ой, али эрте!» — деп ким корксо, бир кезде: эми кеч болуп калды,— деп өкүнөр кез келет. Энени жана атаны мына бул ишке шыктандырууну биздин өзүбүздүн ыйык милдетибиз деп эсептейбиз: алардын 5—6 жашар балдары жазында Эненин Алмасын, Эненин Жүзүмүн, Атанын Алмасын, Атанын Жүзүмүн, Чоң эненин Алмасын, Чоң эненин Жүзүмүн, Чоң атанын Алмасын, Чоң атанын Жүзүмүн тигишкидей болушсун. Эгерде, албетте, аларга улуу агалары жана эжелери жардам беришсе, кичинекей балдар бул жумушту сонун эле орундатышат. Андан кийин балдар бул алмалар менен жүзүмдөрдү кастарлап багышат, алардын ой-санаасы эле булардан алган жемиштер менен энесин, атасын, чоң атасын жана чоң энесин сыйлап, аларга кубаныч алып келүүдө болот.

Көркөмдөп айтканда, мугалимдин сөзүнүн таасири менен эмоциялуу жер айдоонун маңызы мына ушунда жатат. Мектепке киргенге чейин эч нерсе менен салыштырып болбой турган сезимди башынан ким өткөрсө — өз колу менен өстүргөн жүзүмдүн шиңгилин энесине ким алып келсе, керектөөчүлүк кубанычын гана билгендерге караганда анын оозунан *эне* деген сөз таптакыр башкача угулат. Жаратуунун кубанычын таанып-билген гана баланы эркелетүү, мээ-

рим менен тарбиялоого, кыйкырбай, жазалабай тарбиялоого боло тургандыгын билип коюңуз, жаш досум.

Мунун бардыгына мугалимдин күчү жетеби? — деген шектенүү пайда болушу мүмкүн. Мектеп окуучуларын тарбиялоо боюнча учурдагы жумуштарды аткарууга да, азыр төрт, беш, алты жаштагыларды мектепке даярдоого да анын чамасы жетеби?

Мен мындайча жооп берер элем: иш жүзүндө натыйжасын кайтарып бербей турган, башкача айтканда, акыр аягында барып биздин кыйын көп иштерибизди жеңилдетпей турган нерсени биз өзүбүздүн жумушта жасайбыз. Көп мектепке чейинкилерди тарбиялоо боюнча бул камкордуктун бардыгы жүз эселеп акталганында. Дал мына ушул камкордуктардын аркасында бизге иштөөгө жеңил болуп жатат, башка мектептерде — бул мага маалим — нормалдуу окуу-тарбия процессин уюштурууга мүмкүнчүлүктөрдү таптакыр бербей жаткан көп кыйынчылыктарды биз билбейбиз. Бизде окуучулардын тартипсиздиги, окууну каалабагандыгы өңдүү кыйынчылыктар жок. Башка мектептерде колдонулуп жаткан жазалоонун түрлөрүн биз иш жүзүндө билбейбиз. Бул ийгиликтердин башкы булагы — үй-бүлө менен биздин бирдиктүү ишибизде. Ал өтө маанилүү роль ойнойт. Мына мындай кылгыла, биздин талаптарды сөзсүз орундаткыла,— деп биз үй-бүлөнү аргасыздандырбайбыз. Себеби биз катар туруп алып иштеп жатышкан эки скульптор сыяктуу идеал жөнүндө бирдей ойлойбуз да, бир багытта аракеттенебиз. Адамды жаратууда эки скульптор карама-каршы туруп албашы өтө маанилүү.

### 54. Тарбиячы катары ата менен эненин бирдиктүү аракет кылышына кантип жетишүүгө болот

Мектеп менен бирге кимди тарбиялап жаткандыгы жөнүндө эне менен атанын бирдиктүү түшүнүгү болушуна кам көрүүгө тийишпиз, ал эми мындан алардын талаптарынын, баарынан мурда өздөрүнө болгон талаптардын биримдиги жөнүндөгү маселе келип чыгат. Ата менен эненин тарбиячы катары бирдиктүү болушуна жетишүү деген — бул, демек, энелик жана аталык сүйүүнүн акылмандуулугуна, ак ниеттүүлүк менен катуулуктун, эркелетүү менен талаптуулуктун шайкеш келишине үйрөтүү дегендикке жатат. Өтө сыпаалык менен керт башына, көп учурда жаралуу жактарына тийишпей, рухий турмуштун бул эң назик чөйрөсүндө ата-энелердин ката жиберишин болтурбай коюуга умтулабыз. Ата-энелер педагогикасынын дааныш-

мандуулугу жок жерде балдарды эненин жана атанын сүйүүсү бузат. Эзилип сүйүү, зөөкүрдүк сүйүү, акыйлашып сүйүү балдарга кандай чоң зыян алып келерин биз ачык мисалдарда көрсөтөбүз.

Эзилип сүйүү — бул ата-эне менен балдардын ортосундагы мамилелердин эң өкүнүчтүүсү. Бул инстинкттүү, акылга туура келбеген, кээде *сокур сүйүү* деп айттырууга аргасыз кылган сүйүү. Эне жана ата бул кандай кадам жана ал эмнеге алып бара турганын ойлобой туруп эле баланын ар бир кадам шилтешине кубана беришет. Элжиреген сүйүүгө тарбияланган бала биргелешип жашоо учурунда «мүмкүн», «болбойт», «керек» деген түшүнүктөр болорун билбейт. Ага бардыгына уруксат сыяктуу көрүнөт. Ал кежир, көп учурда кенедей кыйынчылыкты көтөрө албаган алсыз бир жан болуп өсөт. Эрке тарбияланган бала жетер жерине чейин өзүмчүл болуп калат. Ал ата-эненин алдындагы милдетин ойлобойт, эмгектенүүнү билбейт жана каалабайт, анткени адамдарды көзгө илбейт жана аны курчап тургандардын, баарынан мурда энесинин, атасынын, чоң атасынын, чоң энесинин да каалоосу, керектөөсү, өздөрүнүн рухий дүйнөсү бар экендигин жүрөгү менен сезбейт. Бул дүйнөдө жашап, тирүү жүргөнүнүн өзү эле ата-энесине кубаныч, бакыт алып келип жаткандай көрүнөт.

Сиз ата-энесин бирге алып олтуруп бетме-бет сүйлөшкөн шартта гана элжиреп сүйүүнү болтурбай коюу мүмкүн. Сөз ата-ененин сезимин тарбиялоо жөнүндө бара жатат, ал эми сезим — эң назик нерсе. Жаш ата-эненин сезимин тарбиялоо максатында биз, мугалимдер, мектепке чейинки балдардын — биздин болочок окуучуларыбыздын энесин жана атасын педагогикалык мектептин окуусуна гана эмес, өзүнчө бир түрдүү практикумга да чакырабыз. Кенже класстардын (өзгөчө I жана II класстын) окуучуларын коллективдүү коомдук пайдалуу жумуш орундатып жаткан күндөрү бизге жаш ата-эне жардам берет. Биз менен бирге иш башкарып, алар балдары өз каалоосун башкара билүүнү, аларды эмгекке, тартипке, коллективдин эркине баш ийдирүүнү үйрөтүшөт. Балдарга үйрөтүү менен тарбиячы катары өздөрү да үйрөнүшөт.

Ата-энени акылга сыйбаган, инстинкттик сүйүүнүн дагы бир түрүнөн сактаңыз. Бул — зөөкүрдүк сүйүү. Анын өзөгүн мында айрым ата-эненин өзүмчүлдүгү менен маданиятсыздыгынын жуурулушу түзөт. Алар өз баласына буюмга мамиле кылгандай мамиле кылышат: менин столум — кайсы жерге каалласам, аны ошол жерге коём, менин кызым — эмнени каалласам, ага ошону айтам, башыма эмне келсе,

ошону талап кылам,— дешет. Мен мына мынчалык ишке чейин барган атаны билемин: 15 жаштагы кызына, VIII класстын окуучусуна, модалуу туфли жана жакшы көйнөк сатып берген. Туфлини кыз сабак даярданып жаткан столдун жанына коюуга, ал эми көйнөктү да ушул жерге илүүгө буйрук берген. Чейректин аягында бардык предметтер боюнча бааларың төрттөн кем болбосо, көйнөк менен туфлини кийгин. Бир гана үч чыкса, тигил жаңы кийимдерге колуң тийбесин,— деп эскерткен.

Менин жаш досум, биздин коомдо али да болсо башка адамдын үстүнөн жүргүзгөн зөөкүрчүлүк бийлигине ыраккаттанышкан адамдар да бар. Бул көрүнүш менен күрөшүү өтө оор жана татаал экендигин билип коюңуз. Муну менен баарынан мурда биз, педагогдор күрөшүүгө тийишпиз.

Бир үй-бүлөдө болсо да кымындай кыйкымдын, көржеменин, долулана даттануу жана күнөөкөрлөө кырдаалынын болушуна жол бербеңиз — мындай шартта кичинекей адам зөөкүр тарта баштайт, бул менимче жаш жүрөккө урулган эң коркунучтуу соккулардын бири. Майдачылык ак ниет адамды кантип ээн баш кыларын, ал эми ээн баштык нормалдуу үй-бүлөлөрдө балдардын ак ниеттүүлүгүнүн, сыпаачылыгынын жана тил алгычтыгынын булагы болуп саналган жан дүйнөнүн кыймылын кандайча кууп чыгып жаткандыгын лекцияларда, аңгемелерде айтып бериңиз. Жан-дилдин бул кыймылы — *эркелетүү*. Кичинесинде эркелетүүнү туйбаган бала өспүрүм жана балакатка жеткен кезинде орой, таш боор болуп калат.

Уулум кичинекей кезинде ак көңүл, элпек, тил алчаак эле; чоңойгон соң орой, кераяк болуп кетти деген ата-энелердин тынчсызданган сөзүн балким, уккан чыгарсыз. Эмне үчүн ушундай? Ата-энелерге кандайча түшүндүрүп, эмне кеңеш берүүбүз керек? Мунун себеби *ата-энелик бийликти* пайдаланууну билбегендикте экенине мен миң мертебе ишендим. Мында ата-энесин бирге алып олтуруп сүйлөшүү өзгөчө маанилүү, ата-энелик бийлик — бул эненин жана атанын акылынын айкалышы, эркинин, сезиминин, каалоосунун биримдиги. Өзүлөрү жараткан баланы жалындап сүйгөн улгайган эки адамдын акылы тогошпогон жерде ата-эненин бийлиги зордукка, зомбулукка айланып кетет. Эгерде эне жана ата *мүмкүн, болбойт, керек* деген түшүнүккө ар башкача карагандыгын сезсе, бала үчүн кадыресе иштер деле күчкө салгандай, аргасыздандыргандай, анын эркин майыштыргандай көрүнөт; мына ошондо атасы жана энеси: эмне үчүн бул баланы шапалактамайын жана кежигеге урмайын, кур менен таяк колдонмоюн жа-

шоого үйрөтүүгө болбой калды деп таңданат. Анткени акылга сыярлык, зарыл талаптарды бала анын эркин басмырлаган каардуу күч катары түшүнөт.

Акылга сыйбаган ата-энелик сүйүүнүн дагы бир түрү болгон акылашма сүйүүгө каршы туруңуз. Балдардын бүткүл материалдык керектөөсүн камсыз кылуу менен ата-энелик милдетибизди аткарып жатабыз деп аябай ишенген аталар жана энелер бар. Баланын кийими бүтүн, курсагы ток, дени сак, анын бардык окуу китеби жана көрсөтмө куралы бар — дагы сизге эмне керек? Мындай ата-энелер материалдык чыгымдар менен ата-энелик сүйүүнү өлчөгүсү келишет. Бул мектеп анчалык көп эмес ыймансыз аталар менен иш алып барат деген кеп. Чындыкка келгенде алар ата-энелик сүйүү эмне экендигин билишпейт. Балдары менен күнүгө рухий байланышта болгон энелердин арасында мындайлар жокко эсе. Ыймансыздык, өз балдарына таш боорлук бул — дайыма эле атанын билиминин төмөн деңгээлинен боло бербейт. Бул — балдарды тарбиялоого коомдук милдеттерден таш дубал менен бөлүнгөн таптакыр өзүнчө бир обочолонгон нерсеге мамиле кылгандай көз караштын натыйжасы.

Бул кемчиликтин алдын алуу — балдарды тарбиялоо туурасында ата-энелерге, өзгөчө аталарга берилген кеңеште атанын жана эненин коомдук милдети, өз балдарынын келечеги үчүн алардын жоопкерчилиги жөнүндөгү ой басымдуулук кылышын талап кылат.

Атасы өз милдетин балдарынын материалдык керектөөсүн камсыз кылуу деп түшүнгөн, ал эми энеси алардын рухий турмушунун очогу болуп калбаган үй-бүлөдө балдарды рухий көңдөйлүктүн жана жардылыктын чөйрөсү курчап алат. Алар адамдардын арасында жашашат, бирок адамдарды билишпейт — мындай үй-бүлөлөрдө мына ушул абдан коркунучтуу; барынан мурда эркелөө, ымалалашуу, кайгы-капага ортоктош болуу, боорукерлик сыяктуу адамдык сезимдер балалык жүрөктөргө тааныш эмес жана жат болуп калат. Алар наадан болуп өсүшү ыктымал. Бул балдарга карата мектептин тарбиялык милдети өзгөчө чоң: алар окуу-тарбия жайларында сезимдерди тарбиялоонун атайын мектебинен өтүүлөрү тийиш. Бул — теориялык жана практикалык педагогиканын зор проблемасы; тилекке каршы, бул глава чынында тарбия теориясында жок: сезимди кандайча тарбиялоо, өзгөчө үй-бүлөлүк жагдайдан улам эмоциялык-адептик дүйнөсү өчүп, жансерек калган балдарды кандайча тарбиялоо туурасында атайын изилдөөнү эч ким жүргүзгөн жери жок.

## 55. Сезимдерди тарбиялоо мектеби кандайча болуу керек

Бул жерде сөз боло турган нерселердин бардыгы-педагогдун жана ата энелердин биргелешкен иши жөнүндө. Биз ата-эненин чын жүрөктөн чыккан камкордугунан ажырап калган үй-бүлөдөгү балдарды тарбиялоо жөнүндө гана эмес, бардык балдардын адептик-эмоциялык тарбиясы жөнүндө айтабыз.

Баланы адамдарды жүрөгү менен көрүүгө, түшүнүүгө, сезүүгө үйрөтүү деген — бул бактагы буркураган назик гүл сыяктуу нерсе. Мунун аты — сезимдерди тарбиялоо. Биздин балдарга болгон сүйүүбүз мына мындай болууга тийиш: курчап турган дүйнөгө, адам түзгөндүн, адамга кызмат кылгандын бардыгына жана, албетте, баарыдан мурда адамдын өзүнө балада жүрөк сезими козголгудай болсун. Баланын жүрөгүндө адамдык асылдыкты тарбиялоо анын адамдарга болгон мамилесин *адамкерчиликтештирүүдөн,* бул мамилени адамга болгон кадырлоонун, баарынан мурда энеге жана атага болгон кадырлоонун таза, көтөрүңкү сезим менен жандандыруудан башталa тургандыгына мен бекем ишенем.

Балдар жаңы эле мектеп босогосун аттап, окуучу болуп калышты. Мектеп турмушунун биринчи жылдарында мектептин ата-энелер менен — баса белгилейм — ата-энелердин экөө менен тең; эне менен да, ата менен да байланышы өтө маанилүү. Мугалимдин, мектеп директорунун эне жана ата менен жекече аңгемелешүүсү, ой жүгүртүүсү, кеңеши — бул биздин тарбиябыздын лабораториясы. Бала эл арасында жашаганын жүрөгү менен сезсин үчүн эмне кыларын, анын активдүү иш-аракети эмнеде болорун биз биргелешип ойлойбуз.

Биз ата-энелер менен бирдикте балдар мектепте окуп жүргөн жылдар, өзгөчө башталгыч класстарда окуп жаткан жылдар боорукерликтин мектеби болушуна жетишүүгө аракет кылабыз. Бул мектептеги эң баалуу сабактар — бул кооздукту түзүү, адам үчүн сонун нерселер жөнүндө кам көрүү. Балага эстетикалык ыракат, кубаныч тартуулап, канааттандыргандын баары укмуштуу тарбиялоочу күчкө ээ. Балдар кооздукту үй-бүлө үчүн, энеси жана атасы үчүн, башка адамдар үчүн түзүшөт.

Күзүндө бизде Кызыл гүл майрамы өткөрүлөт. Бул үй-бүлөлүк да, мектептик да майрам. Баарынан мурда үй-бүлөлүк майрам. Балдар бүт коллективи менен чогулушпайт, тилекке каршы, чын ыкластуу жасалмасыз балалык

сезимдер аз, ал эми жасалма, баланын табиятына таандык эмес нерселер көп болгон салтанаттуулук жок. Биздин балдардын майрамы негизинен үй-бүлөдө өткөрүлөт, бирок ага балдарды мектеп даярдайт.

Күзгү кызыл гүл — бул, ар бир бала ата-энесинин короосуна бир топ кызыл гүлдөрдү отургузган күн. Биз балага көчөттөрдү берип: мына алгын, олтургуз, аларды бак, коздукту түз, энеңе, атаңа, чоң энеңе, чоң атаңа кубаныч тартуула,— деп айтабыз.

Бала кызыл гүлдү отургузат. Ага кыртышты, аянтты жумшарт, өсүмдүктү суукtan сакта,— деп улам эскертип турууга туура келет. Ал камкордук менен күнүмдүк эмгекке көнгөн эмес. Эмгек ал үчүн кубаныч болуп калышына, ой-бой, али көп бар. Биз балага жыты буркураган гүл деп айткан жыйынтык — анын элесинде кол жеткис келечектей сезилет. Бала али чыдап күткөндү билбейт да, максатка умтула берет — буга аны үйрөтүүбүз керек, болгондо да эмгек аркылуу үйрөтүүгө тийишпиз.

Мына эми биринчи, богок пайда болду, анан экинчи, үчүнчү. Богоктор ачыла баштап, күн нуруна кыпкызыл, мала кызыл, көк, көгүлтүр таажылары жылт-жылт этет. Баланын ушул кезде күлмүңдөгөн көздөрүн эч нерсе менен салыштырып болбойт. Бул ата-энесинен сыйлыкка бир нерсе алгандагы баланын кубанычы эмес. Бул сейилдин, эс алуунун кубанычы эмес, экскурсияга баргандагы ыракатка маашырлануу эмес. Бул эң кымбат адамдары — энеси, атасы, чоң энеси, чоң атасы үчүн жакшылык жаратуунун кубанычы. Бул жакшы иш коздуктун дал өзү болгону үчүн баланын жүрөгүн козголтот, толкундатат, кубантат.

Бала кызыл гүлдү кесип алып, аны энесине алып бара жаткандагы көздөрүнүн жаркырап-жайнашын көргөндөн артык бакыт жок. Ушул учурда баланын көздөрү адамкерчиликтин нуруна балкып турат. Алар ички терең кубаныч менен шоолаланат.

Бул — сезимдерди тарбиялоонун эң керектүү, эң олуттуу сабактарынын бири. Адамдар үчүн коздук жаратуунун биринчи кубанычын башынан өткөргөн бала коздукту жаңыча көрө баштайт. Алманын гүлдөп турган бутактарынан, бышып келе жаткан жүзүмдүн шиңгилинен, ойго баткансыган сеңселген чөп гүлдөрүнөн ал эмгектин, камкордуктун, тынчсыздануунун үзүрүн көрөт. Бутакты жөн эле сындырууга, гүлдү үзүп алууга анын колу барбайт.

Албетте, менин жаш досум, мен коздукту анын кандайдыр бир абстракттуу көрүнүшүндө, «өзүнө өзү кооз» деген менен идеялаштырып жаткан жерим жок. Ал жогор-

ку идеялар менен, коммунисттик адамкерчилик менен — эмгек адамдарына болгон сүйүү менен, душманга, социалдык адилетсиздикке, адамды адам эзүүгө карата жек көрүү, келишпестик, чыдабастык менен ширелген кезде гана кубаттуу тарбиялоочу күч болуп калат.

Мектептик турмуштун биринчи жылы өтөт, балдар II класска киришет, биз эми алар менен Алкыш Багын тигебиз. Бул — кырк, элүү, алтымыш, жетимиш жыл жерди баккан адамдар үчүн, карыялар үчүн арналган бак. Сексен, токсон жыл иштешкен адамдар да бар. Алкыш Багы үчүн биз адатта ээн участокту, такыр жерди алып, аны күр жерге айландырабыз, ал жерге жүзүм, алма, алмурут, кара өрүк отургузабыз. Бул жеңил иш эмес — бул жерде тиричилик башаты ойгонсун үчүн ондогон тонна күрдүү топурак ташып келүүгө туура келет. Бул эмгектин мүдөөсү чоң: биз адамдарга кубаныч алып келебиз. Бул эмгек ыракатын эч нерсе менен салыштырууга жана теңдештирүүгө болбойт.

Алкыш Багында биринчи жемиштер бышат, балдар кадырман айылдаштарым — чоң аталарын жана алардын аталарын бакка чакырышат. Карыларды сыйлоодон улам адамды урматтоо абдан ачык-айкын көрүнүп турат. Адамды сыйлабоо, карылыкка көңүл коштук кылуу андан бетер таш боордук, жамандык, көңүлдүн көңдөйлүгү, кылмышка баруу менен коомду катуу жазалайт.

Менин кымбаттуу жаш досум, өзүңүздүн тарбиялануучуңузду эмгек асылдыкка айландырылган адептик өсүштүн чыйырына салыңыз; ошондо ал Алкыш Багынан жемишти үзүп, жарым кылым иштеген адамга берип жаткан саамдагы кубанычты көрөсүз,— ошол учур анын жан дүйнөсүндө өчпөс из калтырат — ал өзүнүн адептик өсүшүндө биринчи бийиктикке көтөрүлүп жаткандай сезет.

Асыл иш жасаганына жан жыргата кубанган баланын ички дүйнөсү байый түшөт: ал жолдошуна, досуна, жанындагы ар кандай адамга качан жана кай жерде жардам берүү керектигин жүрөгү менен сезет. Жакшы иш кылуу керектигин сезген, адамга болгон муктаждыкты сезген бала — бул керектөөнү Маркс эркин адамдын рухий улуу байлыгынын муктаждыгы катары жазган[8]— курчап турган дүйнөгө, адамдарга, жасалган иштерге, окуяларга, адамдардын өз ара мамилесине эң ыраакы, кабыл алгыч, сезгич болуп калат.

## 56. Балдар жакшы окууну каалаш үчүн эмне кылуу керек

Баланы аң-сезимдүү, абдан татаал акыл эмгегине шыктандырган эң күчтүү, эң кубаттуу — бул анын акыл эмгегине, адамдык маңыз берүү, бир боор адамдарына — энесине, атасына кубаныч тартуулоону каалоосун тутандыруу болуп саналарына бекем ишенем. Ак көңүл, боорукер бала адеп караганда жаман эчтеме жок өңдүү көрүнгөн эле жерден жамандыкты сезет. «Энемдин жүрөгү оорулуу,— деп айтты мага күндөрдүн биринде IV класстын окуучусу Коля,— мен жакшы окушум керек». Эгерде анын табелинде жаман баа пайда болсо, энеси өкүнөрүн бала сезет. Ал энесинин көңүлү жай болушун каалайт. Эмгеги менен энесинин жүрөгүн тынчытарын, мазасын албасын билет.

Эгерде сиз бала жакшы окууну каалап, ошонусу менен энесин жана атасын кубандыргысы келсин десеңиз, анда мээнеткечтин сыймыгын сезүүнү сактаңыз, бөпөлөңүз, өстүрүңүз. Демек, бул — бала окуудагы өз ийгилигин көрүүгө, кармоого тийиш дегендикке жатат. Бала дайыма артта калганына кайрылышына, өзүн кем тутушуна жол бербегиле. Баланын келечекке ишеним менен кароосу, өз күчүнө ишенүүсү — мектеп менен үй-бүлөнү байланыштырып турган бекем жип мына ушул; бул — энени жана атаны мектепке тартып турган магнит. Баланын дүйнөнү ишеним менен кабылдашы бузулса, бул — мектеп менен үй-бүлөнүн ортосунда таш дубал тургузулган дегендикке жатат.

Ошол илгери үмүттүн учкунун сактоо үчүн, көркөмдөп айтканда, балдардын билим бешиги алдында атанын жана эненин турушу, баланы окутууга түздөн-түз катышуусу, анын ийгилигине кошо кубануусу, анын кубаныч-кайгысына ортоктош болуусу өтө маанилүү. Энелик педагогика — бул тарбиялоо гана эмес, окутуу да болуп эсептелет. Мектепте окуу башталардан эки жыл мурда бизде балдарга грамматика менен арифметикадан жөнөкөй билим берүүнү максат кылып койгон мектептин жана ата-эненин иштиктүү, майда-чүйдөсүнө чейин пландаштырылган бирдиктүү иши башталат. Болочок окуучулар жумасына бир жолу (ал эми окуу башталганга чейинки жарым жылдын ичинде эки жолу) мектепке келишет. Ал балдар менен башталгыч класстарда окутуучу педагог иш алып барат. Балдар тамга таанышат, окуганды үйрөнүшөт, маселелерди чыгарышат. Албетте, эгерде окуу үй-бүлөдө улантылбаса, ар жумадагы бир саат эч нерсе бере албас эле. Ата-энелер мектебинин окууларында балдарды сабаттуу-

лукка жана эсепке кантип үйрөтүү керектигине биз энелерди жана аталарды, чоң аталарды жана чоң энелерди окутабыз. Энелик үй дидактикасынын кызыктуу ыкмалары иштелип чыкты. Алардын негизинде: билимге, китепке баланын жандуу кызыгуусу; оюндун атайын акыл эмгеги менен айкалышы; балдардын ата-эне менен дайыма баарлашуусу бар. Сабаттуулукка жана эсепке үйрөтүү үчүн жогорку класстын окуучулары атайын көрсөтмө куралдарды даярдашат. Биринчи класска кирери менен биздин балдар окуганды жана санаганды билишет, бул андан аркы окууну бир кыйла жеңилдетет, акыл эмгегин кызыктуу кылат. Бирок иш мында гана эмес. Мектепке даярдоо балдарды жана ата-энелерди рухий жактан жакындаштырат. Баланын ийгилик-кемчиликтерине ортоктош эне менен ата баланын жакшы болуууну каалоосун кадырлоонун кылдат илимин үйрөнүшөт. Аны менен бирге мектепке чейинки окуу, эгерде «жакшылап кысса», бала «5» жана «4» деген бааларга окуй алат деген натуура пикирден ата-энелерди сактайт. Жетишүү баасы адептүүлүктүн баасын билдирбей тургандыгын ата-эненин түшүнүшүнө умтулабыз. Муну бузуу — баланы катуу майтарып, кээде жан дүйнөсүн жабыркатат. Сабак менен адептүүлүк боюнча бааларды бирдей кароо — иштин жайында экендигин билдирген сандын артынан сая куугандай эле кеп. Баалары жакшыбы — демек, бала жакшы, баалар «каалагандай эмеспи» — демек, окуучу «деңгээлге жете алган эмес» деген кексе бүтүмгө бардыгын алып барып такоо жол берилбей турган нерсе деп эсептейбиз. Бул таңгаларлык, педагогикалык жактан сабатсыз көз караш — адам көп түрдүү белги, сапат, жөндөм, шыктардын өз ара айкалышынын бирдиги катары көзгө көрүнбөйт.

Бул көз караш, тилекке каршы, көп үй-бүлөгө, коомдук турмушка сиңип кеткен. Үч—бул начар, эч нерсеге жарабаган билим деген ойду кыйыткан көп сандаган макаланы кыжырланбай окуй да, уга да албайм. Үч — бул кадыресе эле канааттандырарлык билимдин мүнөздөмөсү деп өзүбүзгө өзүбүз бекем айтууга убакыт жетти, кадырлуу педагог жолдоштор. Баса, эгерде бардык мугалимде бул нерселерге туура көз караш болсо, көз боёмочулук жоголот — тилекке каршы, көп учурларда болуп жаткандай, канааттандырарлык эмес билим үч менен бааланбайт. Ата-энелер да өз балдарынан колунан келбести талап кылышпайт: бардыгынын жөндөмдүүлүгү бирдей эмес да, бирөөлөрүнө «5», «4»кө окуу жеңил болсо, ал эми башкаларга «3» да чоң ийгилик. Бул жалпыга милдеттүү орто билим

берүүнү ишке ашыруу алдында турган азыркы кезде муну эске алуубуз өзгөчө маанилүү.

### 57. Бала чоңойгон сайын ата-эне менен тарбия ишин кандайча тереңдетүүгө болот

Педагогикалык бир катар идеяны биз мектептин ата-энелер менен жүргүзгөн бардык жумуштарында ишке ашырабыз. Үй-бүлөнүн рухий турмушу менен баланы мектепте окутуу биримдигинде биз өзгөчө маани беребиз. Педагогикалык коллектив үй-бүлөдө илимди, маданиятты, китепти кадырлоо өкүм сүрүүгө тийиш экендигине эне-аталарды ишендирүүгө умтулат. Биз үй-бүлө менен бирдикте Китеп майрамын өткөрөбүз. Анын максаты — ата жана энеге өздүк китепканасы үчүн көркөм адабиятты алдыруу. Үй-бүлөдө жана үй-бүлө коллективинин рухий турмушунда китептин ролу жөнүндө биз ата-энелер үчүн педагогикалык мектептин бардык бөлүмдөрүндө лекция окуйбуз, жекече аңгеме өткөрөбүз. Балада көп кырдуу рухий кызыгуунун жана керектөөнүн пайда болушуна умтулабыз, алардын арасында биринчи орунда китепке болгон керектөө туруу керек. Көп үй-бүлө кечкурун китеп окушуна жетише алдык: балдар жана өспүрүмдөр үйлөрүндөгү же мектептеги китепканадан китеп алып окушат.

Буга байланыштуу биз дагы бир эң маанилүү педагогикалык идеяга — балдар, өспүрүмдөр, уландар жана кыздар өзүн-өзү тарбиялашына көп көңүл бурабыз, бул үй-бүлөсүз жана китепсиз мүмкүн эмес. Калыптанып жаткан адамдын бош убактысын пайдалана билишине, рухий керектөөлөрүнүн өсүшүн зарыл иштер менен толуктап, аны терең ойлонуу менен баалай билишине жетишебиз.

Балага адеп акыл киргенден тартып эле анын жан дүйнөсүндө граждандык белгилер кантип түзүлөрү, толукталары, бекемделери жөнүндө эне-аталарга айтып беребиз. Граждандык аң-сезимдин жана граждандык туюмдун тамыры балалык кезден башталат; баланын жан дүйнөсүнө себилген үрөн дүркүрөп өсөт, тамырын терең жайылтат. Бул граждандык үрөн кантип себилери, граждандык аң-сезим кантип пайда болору жөнүндөгү кеңештерге биз чоң маани беребиз. Үй-бүлө коллективинде, а демек, баланын рухий турмушунда коомдук кызыкчылыктарды чагылдырууга ата-энени үйрөткөнүбүз өтө маанилүү. Жалпы жыргалчылык, башкалардын жыргалчылыгы жөнүндө кам көрүү — болочок граждандын жеке иши болуп калышына баланын аң-сезимин тарбиялаңыз; анын ою менен сезими

материалдык жана рухий байлыктарды керектөө менен чектелип калбасын. Адамдын адептүүлүгү көбүнесе ал балалык кезде көргөн жыргалынын башаты каерде экенине байланыша тургандыгын бул жерде кайрадан эске салууга туура келет. Турмуш дегенде тиешеси жоктой көрүнгөн нерсени кичинекей адам жүрөгүнө жакын кабыл алар көп мүмкүнчүлүктү берет. Ата-энелерге бул мүмкүнчүлүктөрдү көрүүгө, жүрөгү менен сезүүгө жардам берип, биз аларга тарбиялоо ишин чыгармачылык катары үйрөтөбүз. Мына, көчөдө, сиздин короонун маңдайында ким тарабынан жана качан отургузулганы белгисиз какжырап бараткан дарак турат. Эгерде аны бакпаса, ал куурап жок болот. Ушул кезге чейин көрбөгөн нерсеге экинчи класстагы балаңыздын көзүн ачыңыз, эгерде анын жүрөгүндө граждандык сезимди ойготпосоңуз анда аны эч качан көрө албайт. Куурап бара жаткан даракты баксын, сугарсын, зыянкечтерден коргосун. Ага дагы үч көчөт отургузууга жардам бериңиз — адамдар үчүн бир нерсе кылгандыгына эң биринчи жолу сыймыктанып көрсүн. Баланын жашы жогорулаган сайын анын иши да граждандык сезим, тынчсыздануу, камкордук үчүн турмуштук негиз боло алгандай олуттуу болууга тийиш.

Ата-энелер менен иштөө системабызда өспүрүмдөрдүн жана уландардын *социалдык жактан жетилүү* проблемасына да чоң көңүл бурулат. Рухий турмуштун кылдат жана оңой менен байкалбаган жаатындагы бул иште да мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети өзгөчө чоң мааниге ээ. Мында үй-бүлөсүз иш бүтпөйт да, социалдык жактан жетилүүнү энелик педагогикадан тышкары кароо — бул убакытты текке кетирүү дегендикке жатат. Өспүрүмдөрдүн жана уландардын социалдык жактан жетилүүсүнүн өзөгү — бул үй-бүлөлүк бюджетке эмгектик салым кошуу. Уландар жана кыздар мектепти бүткөнгө чейин көп учурларда материалдык жыргалчылыкты керектөөчү гана болуп калышын биз таптакыр жол берилбей турган нерсе деп эсептейбиз. Мунун негизги себеби — улан-кыздардын бир тобу чоңоюшса да, балалык мүнөздө кала беришкендигинде. Орто жана жогорку класстардын окуучуларынын социалдык жактан жетилишине үй-бүлө менен бирдикте кам көрүп, ар бир уландын, ар бир кыздын коомдук өндүрүшкө катышуусуна адатта мектеп тарабынан коюлган тарбиялык максат үчүн эмес, материалдык максат үчүн — материалдык жыргалчылыкты түзүү үчүн чындап эмгектенүүсүнө жетишебиз. Чынында эле абдан зарыл мына ушундай турмуштук максатты коюу — эмгекти кандайдыр

милдеткерлик сыяктанган иштен турмуштун өз ишине айландырат. Эмгекте мектептик, тагыраак айтканда, милдеткерлик тарбия канчалык аз сезилсе анын накта тарбиялык мааниси ошончолук терең. Мектептин жана үй-бүлөнүн идеалынын биримдиги, өспүрүмдөрдүн жана уландардын эмгек турмушуна коюлган талаптардын биримдиги аркасында бизде төмөнкү иштер салт болуп калды:

кыш мезгилде бут жана тыш кийимдерди алууга зарыл болгон акчаны 12ден 14 жашка чейин өспүрүмдөр өздөрү иштеп табышат;

14төн 17 жашка чейин уландар жана кыздар бир жылдык сырткы, бут кийимдерин сатып алууга акчаны өздөрү иштеп табышат;

окуу китептери жана окуу куралдары, адатта, 10 жаштан тартып мектеп окуучуларынын эмгеги менен сатып алынат.

Адамдын эмгектенишине, ал эмнени жана кандай максат үчүн жасап жаткандыгына анын кандай ойлогону да байланышат. Эгерде мектеп жылдарында эмгекке тарбиялоо ишине кандайдыр бир кошумча нерсе болуп эсептелсе, анда келечекте кандайдыр аң-сезимдүү пландар жөнүндө, кесипке багыт берүү жөнүндө сөз болууга тийиш эмес. Эгерде өспүрүмдөрдүн, уландардын жана кыздардын эмгеги өтө олуттуу, *чоңдордун иши болбосо,* биз ата-энелер менен алардын балдарынын жетик ой жүгүртүшү жөнүндө, сабактарга өз алдынча даярданышы жөнүндө сүйлөшүүгө даай албайт элек.

### 58. Үй-бүлө менен бирдикте балдардын эмгегине кантип жетекчилик кылыш керек

Баланын, өспүрүмдүн, улан-кыздын эмгеги үй-бүлөнүн экономикалык, материалдык турмушуна кошулуп, анда жуурулушуп турушун ата-энеси аны балдардын ыйык милдети катары карашынын өтө маанилүү экенин дагы бир ирет белгилейм. Эгерде мындай болбосо, мектептин педагогикалык ар кандай амал-айласы эч кандай натыйжа бербейт. Эгерде баланын эмгеги үй-бүлөгө керек болбосо, эгерде ата-эне өздөрү балдарын иштен бошотуп, алардын турмушун жеңилдетүүгө жанталашса (мындай да болот), мектеп уюштурган эч кандай жумалык, эки жумалык, айлык практикумдар балдар үчүн иш болбойт да, алар оюн болгондо да тезирээк эле кутулгусу келген тажатма жана кыйын оюн болуп калат. Качан эмгек экономикалык зарылчылык болуп калганда гана ал тарбиялык күчкө ээ

болот. Эгерде ушундай болсо, анда калган бардыгы өзүнөн өзү келет: окуу да эмгек болуп калат, атасы ооруп иштей албай калса, өспүрүм накта чоң адамдай ой жүгүртө баштайт.

Элет жеринде баланын эмгегиндеги уюштуруучулук-педагогикалык маселе жеңил чечилет. Ооба, кайталап айтамын, сөз бул жерде баланын эмгеги жөнүндө бара жатат. Эмгек педагогикалык абстракттуу көнүгүү эмес, ансыз эч нерсе жей албай, кийинүүгө да болбой турган иш болуп калганда гана нагыз мээнеткеч, деги эле адам болуп туулган чыныгы адам болушу мүмкүн. Биз ата-энелер менен бирдикте балдарга алы жете турган жана ошол убакта өндүрүмдүүлүгү боюнча маанилүү жумушту табууга кам көрөбүз. 7—8 жашар балдар энелери жана эжелери, агалары менен бирге жибекчилер звеносунда иштешет: тыттын бутактарын кесип, текчелерге жыйышат, таштандыларды чыгарышат. 9—10 жашар балдар жана кыздар жибекчилер звеносундагы жумуштан башка да жүгөрүнүн үрөндүк сотолорун ылгап алышат, жашылча уруктарын даярдашат, кык чогултушуп, жашылчалардын жөөктөрүнө төгүшөт. 11—12 жашар балдар чөп кургатышат, жашылча-жемиш жыйышат, мал кайтарышат.

Өспүрүмдөр мал фермаларында бодо малды багышат. Тоют силостошот, үрөн тазалашат; айрым 12—14 жашар балдар огород тракторлорунда иштешет. Улан-кыздар ар түрдүү айыл чарба машиналарын башкарып, жер айдашат, техникалык жана жашылча өсүмдүктөрүнүн жөөгүн жумшартышат, үрөн себишет, түшүм жыйнашат.

Менин жаш досум, балдарды кадимки өндүрүмдүү эмгекке эртелеп тартуу, балким, сизге көп көрүнөр. Эмгекке тарбиялоонун биздеги системасынан айрым мугалимдер чочуларын билем: эс алыш үчүн деги балдарда убакыт барбы, алар ашыкча жүк тартышкан жери жокпу? — деген суроо туулушу мүмкүн. Бизде мындай чочулоо болбойт. Биз бул системаны оюбуздан чыгарганыбыз жок. Бул элдик педагогиканын кылымдык салты: балдар ата-энесинин ишине кол кабыш кылат, ата-эне да балдарсыз иш кыла албайт: бала кашыкты өзүнүн колу менен оозуна алып барууга үйрөнгөндөн тарта ал иштей баштады, бирок эмгектенүүгө үйрөнүү үчүн эмес, баланы курчап турган кишилердин бири да эмгексиз өз өмүрүн элестете албаганын сезгенден улам эмгектене баштады.

Баланын алы эмнеге жетерин жана жетпесин элдик педагогика билет. Анткени анда эненин турмуштук акылмандуулугу жана атанын сүйүүсү айкалышып турат. Элдик

педагогика эмгектен чарчагандан коркпойт, ал эмгек терсиз жана чорсуз болбосун билет.

Эмгектин сыйкырдуу күчүн билген элдик педагогика биздин алдыбызга китептеги педагогикалык теорияда жок тарбия акылмандуулугунун жаңы башаттарын ачып берди. Терге, кол чор болууга, чарчоого дуушар болгон эмгек аркылуу гана адамдын жүрөгү сезгич, назик болуп кала тургандыгына биз ишендик. Эмгек аркылуу адам курчап турган дүйнөнү жүрөгү менен таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болот. Эмгекчил бала, эмгекчил өспүрүм чыныгы эмгекти билбегендерге караганда адамдарды такыр башкача көз караш менен көрөт.

### 59. Жүрөктү кантип эмгек менен асылдандырууга, кантип адамкерчиликти тарбиялоого болот

Зоя деген кичинекей кыз эсимде. Кызын жанындай көрүп, анын көзүн карап чоңойтту. Бир жылы энеси ооруп калды. Бул ден соолуктун бирде жакшырышы жана күтүлбөгөн жерден кайра начарлашы менен узакка созулган, алсыраткан оору эле. Зоя окуган III класс Днепр боюнча беш күндүк кызыктуу саякатка жөнөөгө камынышты. Кызына жолго эмнени камдоо керектигин кеңешүү үчүн Зоянын энеси мектепке келди. Эне өзүн эң начар сезип турду, бирок ал аны билгизбөөгө тырышты. Зоянын саякатка барууга болбой тургандыгын энеге зорго түшүндүрдүм: энесин ушул абалда калтырууга деги болобу? Мен кызды сабактан чакырып, ал жүрүшкө барбай тургандыгын айттым, Зоя ыйлап кирди.

— Энең кандай абалда экенин көрбөй турасыңбы? — деп сурадым. — Ал өтө катуу оорулуу турбайбы. Ал соо болуп көрүнүүгө канчалык күч жумшап жатат — эмне, бул сени тынчсыздандырбайбы?

Кыз мага таңыркай карады.

— Мен анысын кайдан билдим? — деп Зоя камырабай жооп берди. — Оору же соо экенин энем мага айтпайт.

Жолдоштору менен барбай тургандыгына кыз абдан нааразы болду. Энесин калтырып кетүүгө болбой турганына акыл-эси жетти бирок жүрөк үн катпады — балээнин баары мына ушунда.

Бул кичинекей кыздын жүрөгүн ойготууга мага көп жылдар керек болду. Менин тарбиялык биринчи далалатым — энеси үчүн, өзүнүн классташ курбулары үчүн эмгектенгенине Зоянын сыймыктанышына жетишүү. Анын көздөрүнөн адамдык бул сыймыктын кубанычын көрүп:

мына эми бул жанда адам төрөлө баштады деп айтар элем.

Эми Зоя чоң адам болуп калды, эки баланын энеси. Анын улуу уулу мектепке чейинки жашта, биз эми аны энеси менен биргелешип тарбиялап жатабыз.

Мектеп коммунисттик адамды тарбиялайт. Биз куруп жаткан коомдо адам адамга дос, жолдош, бир тууган болушу керек. Бул бийик сапаттар адам жан дүйнөсүнүн бир бөлүгүн башка адамдардын бактысы үчүн бергенде гана тарбияланат. *Рухий байлыкты берүү* — ушунун өзү рухий байлыкка *ээ болуу* дегенге жатат. Адамдык мамилелер баарынан мурда эмгекте — бирөө башка үчүн бир нерсе жаратып жаткан кезде айкын ачылат. Эмгек — бул түгөнгүс түшүнүк, анткени ал адамдарга гана таандык. Эмгек адам эгин айдап же дарак отургузуп жаткан жерде гана эмес. Эң кылдат, эң татаал эмгек — бул адам адамга келип, анын көздөрүн көрүп, анын сөздөрүнөн жардамдын зарылдыгын баамдай билүүдөн көрүнөт. Бул эмгек адам рухунун жогорку баскычы болуп саналат. Бирок бийиктикке жетиш үчүн алгачкы баскычтардан өтүү — үй-бүлөнүн материалдык жыргалчылыгы үчүн иштөө, адамдын тамактанышы, кийиниши, жакшынакай турак үйдө жашашы үчүн зарыл болгон материалдык байлыктарды түзүү зарыл.

## 60. Болочок энелер менен аталарды ата-энеси менен бирдикте кантип тарбиялаш керек

Ооба, ата-энеси менен гана бирдикте. Мектеп тарбиялап жаткан адам гражданин жана эмгекчил гана эмес, болочок ата, болочок эне, өз балдарынын тарбиячысы дагы. Биздин педагогикалык коллектив никеге, сүйүүгө, балдардын төрөлүшүнө жеңил ойлук менен мамиле кылууну (тилекке каршы, мындайларды али да жаштар арасында кездештирүүгө болот) болтурбай коюу жөнүндө кам көрөт. Биз кам көрүүбүздү ата-энелер менен бөлүшөбүз. Педагогикалык мектептин окууларында биз энелерге жана аталарга алардын балдары жыныс жагынан жетилүүгө жакындаган кезде турмуш алардын алдына кандай милдеттерди коё тургандыгы жөнүндө айтып беребиз. Жыныстык кумарланууну кантип кармана билүү керектиги боюнча биз энелер жана аталар менен бир көз карашка жана ишенимге келүүгө умтулабыз. Анан балдар бойго жеткен кезде эркек мугалимдер жана аталар уландар менен, аял мугалимдер жана энелер кыздар менен аңгеме өткөрөбүз. Бул зарыл иш экендигине мектептеги көп жылдык жумуш мени

ишендирди. Бул жерде жаш жүрөктөргө эң назик, эң кылдат, өтө сак жана ошол эле убакта өтө керектүү ымала түзүлөт. Биз уландарды жана кыздарды жашоого үйрөтөбүз, чыныгы адам болууга үйрөтөбүз. Бул милдетти сезимтал жана адамкерчиликтүү педагогдорго гана ишенип берүүгө болот.

— Сүйүүнүн кандайдыр бир атайын «илими» жок,— деп үйрөтөбүз жаштарга, ата-энелерге. — Адамкерчилик жөнүндө илим бар, ага ким ээ болсо, ал рухий-психологиялык жана моралдык-эстетикалык асыл мамилелерге даяр, жаңы адамды түзүүгө даяр. Сүйүү — бул адамкерчиликтин эң катуу сыноосу. Бирок бул сабак боюнча биринчи сыноодон адам рухий күчтөрүнүн бир бөлүгүн башка адамдарга берип жаткан бала чакта жана өспүрүм кезде өтөт.

Менин жаш досум, сизге мындай кеңеш бергим келет: адамды эң бир акылман чыгармачылыкка — адамды жаратууга даярданып жатып анын акыл-эсин, эркин жана сезимин ажырагыс байланышта жана өз ара баш ийүүчүлүктө тарбиялаңыз. Рухий турмуштун бул жаатында акыл-эс жана эрк сезимдин — жыныстык кумардан көрөгөч сакчысы болууга тийиш. Сезимге буйрук берүүгө болбойт, адам өзүнүн катуу умтулуусунун үстүнөн бийлик кыла албайт деп эсептешкен кээ бир жазуучулардын жана публицисттердин оюна ишенбеңиз. Бул жыныстык шалакылыкты жана В. И. Ленин өтө курч сындаган «сүйүү эркиндигин» жаап-жашырууга аракет кылган жумшак төшөк болуп эсептелет.

Турмуш босогосунда турган жаштарды, менин жаш досум: сүйүү — бул баарыдан мурда сүйгөн адамыңдын тагдыры үчүн жоопкерчилик,— деген адамдык улуу чындыкка үйрөтүңүз. Сүйүүдөн ким ыракатты гана издесе — ал бузук жана шүмшүк. Сүйүү — бул баарыдан мурда өзүн бүтүндөй *берүү*, сүйгөн жанга өзүнүн жан дүйнөсүнүн күчүн берүү, сүйгөн жандын бактысын жаратуу дегендикке жатат.

Эркек менен аялдын бүткүл турмушунун адептик тазалыгы алардын никелешкенге чейинки мамилесинин мүнөзүнө, бул мамилелерде рухий-психологиялык, моралдык-этикалык белгилердин канчалык басымдуу экенине байланыштуу болорун тарбиялануучуңуз өмүр бою эстеп калгыдай болсун.

Улан-кыздарга үй-бүлөлүк турмуш деген эмне экени, анда рухий жана материалдык нерселер кандайча айкалышары жөнүндө айтып берүүдөн коркпоңуз. Ошондо биз уландарды да, кыздарды да болочок үй-бүлөнүн материал-

дык жыргалчылыгы жөнүндөгү акылдуу, зирек ойлорду сүйүү сезимдери калкалап калышынан сактайбыз. «Сүйкүмдүүң менен алачыкта да бейиш» деген эски макал азыр жарабай калды. Эгерде жашоо үчүн эң зарыл нерсе жок болсо, ал бейиш эмей эле азап. Үй-бүлө түзүү жөнүндө ойлоодон мурда адистикке ээ болгула, эмгек акы алгыла, өзүңөрдү тыңдагыла деп үйрөтөбүз биз улан-кыздарга.

Тарбиялоодо сөз чоң роль ойнойт. Бирок кандай жашоо керектиги жөнүндөгү насыят сөзүңүз жаш жүрөктөргө жеткенге чейин көп шарт зарыл. Сөзгө болгон чыныгы сергектик адамдарга жакшылык алып келүүнүн каалоосун өз эмгегине кошуп эмгектенип жаткан кишиде, адамдар үчүн бакыт жаратуу кубанычын эчак таанып-билген кишиде гана боло тургандыгын дагы бир жолу кайталап айтышыбыз керек. Балакатка баш коюп, эр жете баштаганда кыйла адептик-эмгектик тажрыйбага ээ болгон шартта гана сөз жаш жүрөктөрдүн түпкүрүнө жетет. Адамдарга жакшылык кылуу ыракатын баштан кечирүү үчүн адегенде жүрөктү ойготуп, андан кийин толкундаткан, жандуу сөз менен кайрылуубуз керек — жаш адамдын жан дүйнөсүнө педагогдун тарбиялык таасиринин логикасы мына ушундай. Бул таасир көрсөтүүдө активдүү рухий иш аракети сөз менен тыгыз айкалышып кетет. Мындай айкалышуу өзгөчө болочок күйөөлөрдү жана аялдарды, аталарды жана энелерди тарбиялоо жөнүндө сөз болуп жаткан жерде маанилүү. Тарбиялануучулардын активдүү рухий ишинин жана адам турмушунун бул жагдайында педагогдун сөзүнүн айкалышы аялды урматтоо деген дүйнөдөгү эң таза булак менен башталат. Мектеп менен ата-энелердин биргелешкен иши болбосо, бул булак тез соолуп, какшып калат, оргуштаган башат бүтөлөт.

### 61. Аял затын — кызды, энени кадырлоону кантип тарбиялаш керек

Менин жаш досум, патриотизм энеден баштала тургаНын тарбиялануучуңуздун жүрөгүнө жана акыл-эсине жеткире билгидей болуңуз. Тарбиялануучуңузду турмушту көрө билүүгө үйрөтүңүз, ал эми турмушта жаштарга: кыя салып өтпөгүлө, көрүп тургандарыңарга кийлигишкиле,— деп айтчу, ал түгүл кээде кыйкырууга чейин барчу көп сандаган адамдык татаал мамилелер жатат.

Январдын суук күнү. Сегизинчи класстагы тарбиялануучуларым мектепке араң келишти — бардык жерде кар-

дын күрткүлөрү. Мектептин жылуу коридоруна чогулушуп, карларын кубушту. Биздин үйдүн жанында карыган аял жашачу эмес беле, ал азыр кантти экен? — деп кимдир бирөө эсине түшүрдү. — Кар болсо эки күндөн бери жаап жатат. Жүргүлө, ага баралы, адам жашап жаткан кичинекей үйдү кар басып калганын эстен чыгарып коюп, жылуу класска жай ала отуруп алганыбыз жакшыбы? Балким, аялга суу сунар эч ким жоктур.

Күрткүнү жиреп, ал үйгө зорго жеттик. Эшигин ачтык. Аялдын эти ысып жатыптыр. Эмне кылуу керек? Оорукана телефон чалдык.

Оорулууну ооруканага жеткириш керек. Колхоз машина берди эле, анысы короодон жыла албай койду. Аял болсо онтоп, эти от менен жалын. Жаш көздөрдө от чачырайт — мындайды мурда эч убакта көргөн эмесмин. Бул эрдик да, адамга жардам берүүгө даяр тургандык да эле. Замбил жасап оорулууну тонго ородук. Алтообуз, аны көтөрүп жөнөдүк. Алты киши көтөрүп, ал эми он эки киши жол салып баратты. Ар бир эки жүз метрден кийин алмашып жаттык. Тетиги күрткүгө чейин бир тобубуз, андан ары башкаларыбыз алып барабыз деп макулдаштык. Кардан көздөр карыгат, көчөдө жыйырма градус суук, ал эми биз терге чөмүлүп, суукту да, чарчоону да сезбейбиз. Ооруканага чейин биз беш саатта жеттик: күүгүмдө гана оорулуу төшөккө жатты.

Мына ушул күнү эркек туулду. Он төрт жашар өспүрүмдөр эрдиктин биринчи баскычына көтөрүлүштү. Бул күндү алар эч убакта унутушпайт. Мына эми алардын жүрөгү ачылды, алар аял, эне, кыз, кооздук жана эрдик жөнүндөгү менин сөзүмдү суктанып кабыл алышат. Биз алар менен бир нече күнү катар Ой бөлмөсү деп аталган бөлмөгө бейкут кечтерде чогулабыз — алиги жакшылык балдардын дүйнөсүн аңтарып салганын, сөз алдындагы кыртыш айдалганын сездим: бир эле нерсе жөнүндөгү бир эле сөз бир учурда тарбиялык кубаттуу күч болсо, башка учурларда — курулай үн болуп кала берет... Аял жөнүндөгү сөз жаш уландын жүрөгүн түрсүлдөтсүн десеңиз өспүрүмдү эрдиктин биринчи баскычына көтөрүңүз. Аялдардын урматына алар асыл иш жасай билишсин.

Мен аял-эне жөнүндө өспүрүмдөргө: сенин өмүрүңдү ал жараткандыгын эч убакта унутпагын, уулум деп айтам. Ал сага өмүр берди, сени алпечтеп бакты, сенин алдыңда дүйнөнүн жана эне тилиңдин кооздугун ачты, жакшылык жана жамандык, абийир жана намыссыздык жөнүндөгү биринчи түшүнүктөрдү сенин жүрөгүңө түнөттү. Энедеги бар-

дык ой-санаа, камкордук жана тынчсыздануу балдар жөнүндө, алардын тагдыры жөнүндө болору эсиңерде болсун, балдар. Балдардын жүрөгүндөгү жана ишиндеги жакшылык — бул анын бактысы, ал эми жамандык — анын кайгысы. Ар бир аял — эне же болочок эне. Ал бүткүл адам тукуму үчүн өзүнүн жоопкерчилик сезимин өзүнчө терең, өзүнчө сулуу элестетет. Энелик милдет аялды сулуу жана акылман кылат. Аял эне болгон убакыттан тартып анын сезими өзүнөн башка эч ким түшүнө албай турган жогорку мааниге ээ болот.

## 62. Тарбиячы катары педагог кандай сапаттарга ээ болушу керек

Мектеп жашап турган кезде К. Д. Ушинскийдин төмөнкү сөздөрү кебелбес чындык болуп кала берет: «Тарбиялоодо бардыгы тарбиячынын инсанына негизделиши керек; анткени тарбиялык күч инсандын жандуу булагынан гана агып чыгат. Эч кандай устав жана программа, кандай гана амалкечтик менен ойлоп табылбасын, эч кандай мекеменин жасалма организми тарбия ишинде инсанды алмаштыра албайт... Тарбиялануучуга тарбиячынын түздөн-түз жеке таасирисиз анын мүнөзүнө жалгашуучу чыныгы тарбия мүмкүн эмес. Инсан гана инсандын өсүшүнө жана калыптанышына таасир көрсөтө алат, мүнөз менен гана мүнөздү түзүүгө болот»[9].

Тарбиялануучу тарбиячынын күзгүсү экендигин турмуш ырастады. Тарбиялоо чеберчилиги жана устаттыгы өзүн тарбиялануучунун образында көрө билүүдө, кичинекей баладан биз *жаратып* жаткан ойлоочу, сезүүчү, кубанып-кайгыруучу жандан өзүн көрө билүүдө жатат. «Билимдүү киши — бул адамдык турпат басымдуулук кылып турган адам»[10] —А. В. Луначарскийдин бул сонун сөздөрү бизди педагогдун чыныгы ролунун үстүндө ой жүгүртүүгө мажбурлайт. Адамдын билими — бул анын гана билими эмес, анын адамдык турпатынын көп кырдуулугу болуп да эсептелет. Педагогдун инсанынын тарбиялык күчү — анда мугалимдик жана тарбиячылык сапат канчалык тыгыз айкалышканына байланыштуу. Эгерде биз: мектеп билим менен тарбиялайт деп айтсак, бул билимдин тарбиялык күчү баарынан мурда мугалимдин инсанына катылган.

Тарбиялануучуларында *өзүңдү калтыргын* деген кеп менин жаш досум — бул билимди өз башыңдан биз окуп жаткандардын башына жөн гана оодара салуу дегендикке жатпайт. Курчап турган дүйнөнү таанып-билүү үчүн

адамга жардам берүү менен, биз өзүбүз анын акыл-эси жана жүрөк сезими алдында курчап турган дүйнөнүн маанилүү элементи катары тургандыгыбызды бир мүнөткө да унутууга тийиш эмеспиз. Дүйнөнү таанып-билүү менен, адам бизди да таанып-билбей койбойт. Биз аларга берген билим адам инсанынан бөлүп карай турган бир нерсе эмес. Алар адам сезими жана көңүл түйшүгү менен ширелишип турат. Бул ширелиште менимче окуу-тарбия ишиндеги адамды калыптандыруу процессинин — билимди ишенимге айландыруунун көзгө илинбес учурлардан болгон «сырлардын» бири жашынып жатат. Мектептен алган билимге биздин тарбиялануучулардын мамилеси көбүнесе алардын — билим шамын жаккан мугалимге кандай мамиле кыларына байланыштуу. Өз предметине берилген педагогдун окуучулары да билимге, илимге, китепке сүйүү сезими менен үңүп киришет. Мугалимдин сөзүндө ой, предметтин мазмуну гана эмес, ойдун эмоциялык боёгу да болот; окуучулардын бет алдында илимди жанындай көргөн адам турганда гана алардын эмоциясы, сезими ойгонот.

Предметти жандай көрүү деген эмне? Анын башаты кайда? *Илимди сүйүүгө кантип тарбияласа болот?* Бул, менин бекем ишенимимде, баарыдан мурда педагогдун интеллектуалдык байлыгынын молдугу. Билгендеринин жүздөн бирин гана сабакта баяндаган педагог өз предметин чындап сүйөт. Педагогдун билими канчалык бай болсо, анын билимге, илимге, китепке, акыл эмгегине, интеллектуалдуу турмушка мамилеси айкын ачылат. Ушул интеллектуалдык байлык — мугалимдин өз предметин, илимди, мектепти, педагогиканы сүйүүсүнүн өзү.

Өз предметин сүйгөн мугалим өтө бир баалуу сапатка ээ болот. Ал өз тарбиялануучуларына чыныгы билим берүү менен гана чектелбестен, аларда билим жөнүндөгү ой-пикирди козгойт. Билими менен, предметин сүйүүсү менен тарбиялоого аракеттенишкен бардык окуучулар мына ушуга умтулушат. Адам башка адамга өзүнүн акылмандуулугун, чайыттай акыл-эсин билүүгө чаңкоонун жана керектөөнүн түгөнбөстүгүн мурас калтыруудан алар окуучуга болгон өзүнүн инсандык таасирин көрөт. Милдеттүү түрдө сабакта берилүүчү билим менен программадан тышкаркы билимдин ортосуна көпүрө салынып, тарбиячы өз тарбиялануучусун ошо көпүрө аркылуу алып өткөндө гана тарбиячынын инсаны коллективге жана тарбиялануучунун инсанына тарбиялык таасир көрсөтүү чеберчилигине жетишет. Сабакта окуучуларга берилип жаткан жөнөкөй билимди мен үрөн деп эсептейм, андан ой-пикирдин кубаттуу

бүчүрү өсүп чыгат да, мол түшүм — таанып-билүүнү эң сөөнү, акылдуу, өскүлөң, рухий жактан бай болушка умтулууну берет. Эгерде бул түшүм болбосо, окуу — жаттап алууга, сабак — жаттап алганды текшерүүгө, окуучу — билимди жаттап үйрөнүүчү элпек механизмге айланат. Тарбиялануучуда сабакта билгенге караганда алда канча көп билүүнү каалоо пайда болгондо жана бул каалоо тарбиялануучуну окууга, билим алууга негизги түрткү болуп калганда гана педагог билимдин шамын жаккыч, демек тарбиячы да боло алат деп эсептейм.

Жакшы айдалган кыртышка мен билим үрөнүн таштаган жерде сабактан кийин бай интеллектуалдык турмуш башталышына, анда менин тарбиялануучуларым билим дайрасынан океанына сүзүп чыгуусуна умтулам. Эгерде окуу сабак менен, окуу китеби менен, бул беттен тигил бетке чейинки үй тапшырмалары сыяктуулар менен чектелсе, мен тарбиячы боло албайт элем жана билимим да таалимсиз болмок. Сабактан кийин тарбиялануучуларда жандуу, ышкылуу ойлордун жымыңдаган учкундары тутанса гана билим үрөнү өсүп чыгат да, ой-пикирдин кубаттуу бүчүрлөрү пайда болот.

Бул баарынан мурда жекече окуу, китептер дүйнөсүнөн рухий жактан баюу (бул маселеге биз дагы да кайрылабыз). Ой-пикирдин экинчи эң маанилүү оту — ийрим, ал аркылуу мугалим — тарбиячы, ал эми окуучулар — тарбиялануучу болуп калат. Менин бекем ишенимим боюнча, рухий турмуштун бул очогусуз жадатма болуп, билим мугалимдин башынан окуучунун башына ыкшоо которулуп тим болот. Биз баарыбыз — педагогдор, тарбиячылар да илимий билимдердин океанына саякатчыларбыз. Биз илимдин соңку жетишкендиктери жөнүндө докладдарды жана билдирүүлөрдү даярдайбыз, илимий журналдардан алынган макалаларга түшүндүрмө жазабыз.

Менин жаш досум, сизге кеңеш бергим келет: *сиздин билим, таанып-билүүнү эңсөөңүз, китеп окууга дилгирлигиңиз — бул Сиздин инсаныңыздын тарбиялоочу күчүнүн кубаттуу булагы.* Бул булакка өзүңөр да, тарбиялануучуңар да келе билгиле. Өзүңөрдүн окуу предметиңердин ээси боло алгыла. Стилдик кылдаттыкты билген адам үчүн алиппе кандай болсо, мектеп программасы жана окуу китеби сиз үчүн ошондой эле жөнөкөй иш болуп калсын. Өзүңүздүн илимий билимиңизди талыкпай, дайыма толуктаңыз. Өздүк китепканаңызда мектепте сиз окутуп жаткан илим боюнча көп китептер болууга тийиш. Алар мына ушунчалык көп болушу керек: төрт, беш жыл ичинде ар

бир тарбиялануучуңузга ай сайын (ал эми кайсы бирине, балким жума сайын) сиз жаңы китеп берип тургудай болуңуз. Өз тарбиялануучуңузду табыңыз жана тарбиялаңыз. Өзүңүзгө жакын — ышкысы, кызыгуусу, шыгы, жөндөмү боюнча сизге окшош келген жаш жандарды тарбиялаңыз. Ар бир класста сиз берген сабакка ыкташкан тарбиялануучулар болсун. Ар бир педагогдо өз тарбиялануучулары: тилчиде да, тарыхчыда да, географта, биологдо, математикте да өздөрүнүкү болсун.

Сиз окуткан предметти тарбиялануучуларыңыз канчалык терең сүйүшсө, сиз мына ошончолук мыкты педагогсуз, сиздин инсаныңызда тарбиячылык жана окутуучулук сапат ошончолук тыгыз айкалышып турат. Жөндөмдүүлүктү, шыкты, ынтааны тарбиялоо проблемасы педагогдун инсанынын тарбиялануучунун инсанына түздөн-түз таасирисиз иш жүзүндө чечилиши мүмкүн эмес. Жөндөмдүүлүк — жөндөмдүүлүк менен, шык — шык менен, ынтаа — ынтаа менен гана тарбияланылат.

Бул жерде, ойдон бир аз четтеп, жакшы педагог мектеп арасынан баштала турганын айтышыбыз керек; балдарды сүйгөн, педагогикалык эң чоң акылмандуулукка ээ болгон адам гана балдарда жакшы болууну каалоону, кечээгиден бүгүн жакшы болууну каалоону, өзүн-өзү кадырлоо сезимин жаш жүрөктө дайыма ойготууга, педагогдук кесипке сүйүү отун жандырууга жөндөмдүү.

Биз жогоруда айткандай, ар бир педагогдун өз тарбиялануучусу бар мектепти мен идеалдуу деп элестетем. Ар бир педагог өз тарбиялануучусуна кандайдыр бир өзгөчө интеллектуалдык дүйнө түзүүгө умтулуусу баштапкы жана жалпы мектептик коллективди бошоңдотуп койбойбу? — деген суроо туулушу мүмкүн. Бул жерде эч кандай коркунуч жок, тескерисинче, эгерде ар бир педагог өзүн калтыра ала турган өз тарбиялануучусу болсо, ошондо гана тарбиялоочу күч катары чыныгы коллективдин түзүлүшү мүмкүн.

### 63. Коллектив тарбиялоонун куралы. Коллектив кандайча түзүлөт, ал эмнеге таянат

Балдар, өспүрүмдөр, жаштар коллективи — өтө татаал биримдик. Бул миңдеген булактан кошулган өзөн. Коллектив акырындап, алдыртадан түзүлөт. Отуз эки жылдан бери мен биринчи класстардын турмушун байкап келе жатам, Iден IV класска чейин кичинекей балдардын көп муунун өзүм окуттум — балдар мектеп босогосун аттаган-

дан кийинки кандайдыр бир мезгилге чейин коллектив деген түшүнүк класста болбойт жана болууга мүмкүн эмес деп айтууга менде укук бар деп ойлоймдун. Коллектив барабара жаралат. Коллективди түзгөн башкы нерсе — бул уюштуруучулук көз карандылыктардын талабы жана системасы деп ырастоо мага мажүрөөдөй көрүнөт. Талаптуулук, жоопкерчилик, баш ийүү жана жетекчилик — коллектив таянган эң маанилүү шарттар ушулар, бирок мындан башка да маанилүү негиздерсиз коллектив болбойт жана болууга мүмкүн эмес. Эгерде окуучулардан жетекчи шайлап, милдеттерди бөлүштүрүп, талап койсо эле коллектив түзүлүп калат деп ойлошкон кээ бир тарбиячылардын үмүтү иш жүзүндө натыйжасыз болуп калат. Мектеп коллективи сыяктуу татаал рухий жамаатта кандайдыр бир элементти абсолютташтырып жиберүү жарабайт. Мындай кылуу — жакшы, ал эми тигиндейи — жаман деп универсалдаштыруу жана так кесе айтуу да олокосуз. Коллектив — бул кандайдыр белгисиз жактан пайда боло калуучу нерсе эмес, коллектив — бул педагогдун чыгармачылык туундусу. Коллективде педагогдун тарбиялык идеясы, анын көз карашы суунун тамчысындай чагылышып турат.

Менимче, көркөмдөп айтканда, коллектив бир нече тутумда: идеялык жалпылыкта; интеллектуалдык жалпылыкта; эмоциялык жалпылыкта; уюштуруучулук жалпылыкта көрүнөт.

Коллективизмди түзүү, ошол тутумдарды ширетүү тарбиячыга байланыштуу. Коллективизм элементтери бир учурларда балдардын мектептик турмушунун биринчи эле жылында, экинчи бир учурларда — кийинчерээк пайда болот. Бул тутумдардын туруктуулугу, бекемдиги экинчилеринин бекемдигине, туруктуулугуна көз каранды. Асыресе, уюштуруучулук жалпылыгы талап коюу, баш ийүү, жетекчилик, башкаруу, көз карандылыктар системасы идеялык, интеллектуалдык жана эмоциялык жалпылыктардын биримдигине көз каранды. Ошондуктан уюштуруу көз карандылыгынын — жетекчиликтин жана баш ийүүнүн бул же тигил структурасын түзүүгө шашуунун кереги жок. Эгерде классыңызда окуучулардын жетекчи уюму түзүлүп, милдеттер бөлүштүрүлгөн болсо эле баары жайында болду деп ойлобоңуз.

Коллективди түзүү, менимче, идеялык биримдиктен башталат, уюштуруу биримдиги деп аталган тутум ага таянат. Мен дайыма коллективди калыптандырууну жакшылык жана жамандык жөнүндө, башкача айтканда: «жакшы деген эмне, жаман деген эмне» экендиги жөнүндө бал-

дарда бирдиктүү, жалпы түшүнүк, көз караш, элес болгон кезден баштадым. Балдардын жакшы иш кылууга умтулушу, жакшылык үчүн күрөшү, өздөрүнүн коллективдүү иши менен жакшылыкты бекемдеши, ошол эле убакта жамандыкка чыдамсыз, келишпес болушу, жамандыкты жек көрүшү, алы жете турган чечкиндүүлүк жана эрктүүлүк менен ага каршы күрөшүүсү коллективдин алгачкы тутумун түзүү үчүн өтө маанилүү. Балдардын ою менен жүрөгүнө жакшылыктын кооздугу жөнүндөгү түшүнүктү, жамандыкка келишпөөчүлүктү канчалык бекемдей алсаңыз, балдарга ошончолук мыкты тарбиячы боло аласыз. Коллективде гана жакшылык үчүн чыныгы күрөшчү боло турганына ар бир баланын түшүнүшүнө жана сезишине умтулам; коллективдүү күрөш чоң кубанычты берет, адамга өз күчүн, өз сулуулугун сезүүгө жардам кылат; биргелешип күрөшкөн учурда адам башка адамды тааныйт, анда маанилүү рухий керектөө — башка адамды керектөө, анын колдоосуна, ага жардам көрсөтүүгө болгон керектөө туулат. Башкалардын үстүнөн бийлик (жетекчилик) кылардан мурда адам өзүнүн үстүнөн бийлик кылууну, ыйманы буйрук кылган нерсени жасоого өзүн мажбурлоону үйрөнүш керек, ал эми абийиринин чакырыгына дайым даяр туруш үчүн жакшылыкка жана жамандыкка өтө сергек болуш керек; адам (ал кичинекей болсо да баары бир адам, бул жөнүндө эч качан унутпоо керек) жакшылык үчүн күрөштүн кандайдыр адептик тажрыйбасына ээ болгондо, мындай күрөштүн кубанычын көрүп, таанып-билгенде гана мындай сергектикке жетишет, ал күрөш биринчи кезектерде кооз, жакшы бир нерсени биргелешип түзүүдө гана таанып-билинет — мунсуз эч нерсе жасоого мүмкүн эмес.

Тарбиялануучунун жашы канчалык жогорулаган сайын, анын жакшылык үчүн жамандыкка каршы күрөшү мына ошончолук олуттуу болот. Балалык жана өспүрүм кезде ар бир адам бул коллективдүү күрөштүн мектебинен өтүшүн биздин педагогикалык коллектив өтө маанилүү деп эсептейт. Бул баарынан мурда эмгек, жакшылыкты өз колдору менен жаратуу жана бекемдөө болуп саналат. Коллективдин тарбиясында «оозеки кайраттан» жамандыкка оозеки келишпөөчүлүктөн жана... чынында ишсиз кол куушуруп отуруудан жаман нерсе жок. Биздин турмуштагы жамандык—бул баарыдан мурда жалкоолук, шалаакылык, социалисттик менчикке кайдыгер мамиле, керт башынын гана камын ойлоо, мүдөөлөрдүн тардыгы. Балалыктын, өспүрүм кездин, эр жетүүнүн алгачкы жылдарында адамдар үчүн материалдык жана рухий байлыктарды түзүү жөнүн-

дөгү ойлор жана түйшөлүүлөр коллектив мүчөлөрүн баш коштурушуна жетишебиз. Отоо чөп чыкпаган жерге да эмен токоюн өстүрүү, такыр кыртышты асылдандыруу — мындай эмгекке коллективдин гана күчү келет, анын тарбиялоочу ролу да ушунда. Дал ушул эмгек адамдардын ишенимин жана сезимин бириктирет. Идеялык жана эмоциялык жалпылык өңдүү коллективдин өзөгү дал мына ушунда түзүлөт. Өздөрүнүн күчүн кыпындайдан топтоштуруп отуруп, тарбиялануучулар коллектив — бул кубаттуу күч экендигин, адамдык сулуулукту коллективде гана чындап таанып-билүүгө боло тургандыгын сезишет, баамдап түшүнүшөт.

Менин жаш досум, өзүңүздүн тарбиялануучуларыңызды эмгек аркылуу баш коштура билиңиз, анда адамдарга кызмат кылуу, адамдардын жыргалчылыгы үчүн күч жумшоо парзы ачык-айкын көрүнүп тургандай болсун. Мындай эмгекке — биздин айланабызда ар бир кадамыбызда мүмкүнчүлүк бар. Мына, сиздин тарбиялануучуларыңыздын алдында ээн жер жатат — алар ага ушунчалык көнүп калышкандыктан, жол боюнда таштандыга айланган ал жерди көрүшпөйт да, байкашпайт. Алар бул бош жерди көргүдөй, бул жерге көлөкөлүү кичинекей токойду — жайкы аптапта чарчаган жолоочу эс алгыдай жай түзүүнү каалагыдай кылыңыз. Адамдардын жыргалчылыгы үчүн иштелген коллективдүү эмгек — бул чыныгы идеялык тарбиянын алиппесинин өзү экени, коллективдин идеялык жана эмоциялык өзөгү ушул эмгекте жалгашары эсиңизде болсун. Бирок тарбиялануучуларыңыз бир ишти баштап коюп орто жолдо токтоп калуусуна, баштаган жумушун таштап коюуга эч убакта жол бербеңиз. Бул адамды бузат. Тарбиялануучуларыңыз мына бул жаман жана тиги да жаман, башкалардыкы жакшы, ал эми биздики жаман деген гана сөздөрдү айтышып, ишти жакшыртуу үчүн чөп башын сындырбай коюшуна жол бербеңиз. Кургак сөздөр менен тарбиялай албайсыз. Коллектив практикалык иште, күрөштө, эмгекте жаралат жана чыңалат.

Коллективдин негиздеринин бири — интеллектуалдык жалпылык. Бул таанып-билүү жаатындагы бу же тиги конкреттүү кызыкчылыктар алардын бардыгын өзүнө тартууга тийиш дегендикке жатпайт. Тескерисинче, нйгиликтин сыры коллектив мүчөлөрүнүн кызыкчылыгы жана ышкысы ар түрдүү болушунда, алардын ар түрдүү китеп окушунда жатат. Интеллектуалдык биримдик — бул билимге жапырт умтулуу, илимий ойлорду, китепти, акылдуу, билимдүү адамдарды кадырлоо духу болуп эсептелет. Коллективдин

чыныгы интеллектуалдык жалпылыгын мен мындай турэлестетем, маселен, VII же VIII класс, анда 35 окуучу бар дейли: сегиз адам математикага кызыгышат, математик мугалимди жакшы көрүшөт; жети адам үчүн физика, сегизи үчүн — адабият, тогузу үчүн — биология, кыртыш таануу, өсүмдүк өстүрүү ж. б. жол көрсөткүч жарык болуп калды. Дал ушул өзү чыныгы интеллектуалдык жалпылык. Ар кимдин өз кызыгуусу бар, ар биринде өз «чымыны» бар, ар бири коллективди өзүнүн бир нерсеси менен байытат. Кызыгуулардын мындай ар түрдүүлүгүндө коллективдин интеллектуалдык турмушу өтө бай болот. Сабак алдында чогулушуп же сабактан кийин үйгө бара жатышып, өспүрүмдөр илимдин жана техниканын келечеги жөнүндө талашат, кыялданышат, баарынан кызыгы — алар программалык материал, окуу китеби боюнча гана сүйлөшпөстөн, алардын эс-акылын сабактарда окубаган нерселер да толкундатат. Коллектив билимди дайыма байытууга умтулушу менен жашайт — бул өтө маанилүү. Бул умтулуш бүтүндөй тарых, география, математика, физика, биология, адабият мугалимдеринин канчалык деңгээлде тарбиячы боло алганына, өзүнүн илиминин интеллектуалдык байлыгы менен тарбиялануучулардын акыл-эсин жана жүрөгүн канчалык багындыра алганына байланыштуу. Коллективдин мындай тарбиясы баарынан мурда тарбиялануучулардын жан дүйнөсү үчүн педагогдордун акылдуу, сыпайы күрөшүн билдирет. Бул, иш жүзүндө, мектепте ар биринин башында акылдуу, өз илимине берилген педагог турган интеллектуалдык турмуштун бир нече очогун, борборун түзүү деген кеп. Бул борборлордун ар биринин өзүнүн уюмдашкан формасы бар — биздин мектепте, мисалы бул илимий-предметтик ийримдер эле, а бирок уюштуруунун мындан башка да формасы болушу мүмкүн.

### 64. Коллектив канткенде инсандын ар тараптан өсүшүнүн каражаты болуп калат

Адам бөлүнгүс (адептик, интеллектуалдык, эмоциялык, эстетикалык, чыгармачылык) — бир бүтүн нерсе, бул бүтүн нерсенин ачылышынын, көрүнүшүнүн, өсүшүнүн формасын бир гана коллективдин табышы мүмкүн эмес, анткени анын мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелерди уюштуруунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Алсак, класстын алгачкы коллективи инсанды ар тараптан өстүрүү милдеттерин чече ала турган бирикменин бирден бир формасы боло албайт. Тарбиялануучунун бири математиканы, экинчиси — биология-

ны, үчүнчүсү — адабиятты, төртүнчүсү — техникалык чыгармачылыкты үйрөнүүгө кызыгат. Мындан башка да алардын ар биринде бир же бир нече кызыгуу болот, мисалы: музыка, сүрөт тартуу, жыгач бедерлөө ж. б. эр жете баштаган сайын айрым тарбиялануучуда өнүгүп жаткан шык башкалардын ишкердигине окшоштугу жок өз ишкердигин талап кылат. Кызыгуунун, ышкынын, ишкердиктин бул бүткүл татаалдыгын жана көп кырдуулугун алгачкы коллективдин ишинин уюштуруу формасында *сыйдыруу* мүмкүн эмес. Эгерде окутуучу тарбиячы боло алса, ал сөзсүз коллективдин борбору болуп калары, анда өспүрүмдөрдү, уландарды, кыздарды интеллектуалдык кызыкчылыктардын жалпылыгы бириктире тургандыгы жөнүндө жогоруда сөз болду эле. Илимий-предметтик ийримдер — бул коллективде инсандын ар тараптан өнүгүшүн камсыз кылуучу эң зарыл формалардын бири. Аларды VI—VII класстарда түзсө ылайык, ал эми интеллектуалдык турмушу бай айрым мектептерде бул ийримдерге бешинчи, төртүнчү класстын окуучуларын да кошууга болот. Адатта бул коллективдер курбалдаштардан түзүлгөнү оң. Бул же тигил илимий-предметтик ийримде жетинчи жана сегизинчи, сегизинчи жана тогузунчу класстын окуучуларынын биргелешип иштөө мүмкүнчүлүгүн четке какпайт.

Билимге, илимге, китепке кызыгуудан башка да, тарбиялануучуларда эмгектик, чыгармачылык кызыгуулар болот. Эмгек жана эмгек менен байланышкан чыгармачылык — жеке шыктын, жөндөмдүн, ынтаанын өсүшүнүн эң маанилүү чөйрөсү. Биздин мектепте эмгек чыгармачылыгынын техникалык, айыл чарба ийримдери бар. Алар да жаш өзгөчөлүктөрү боюнча түзүлгөн, мисалы III—IV класстардын жаш механизаторлорунун, V—VI класстардын жаш механизаторлорунун, VI—VII класстардын жаш радиотехниктеринин, I—II класстардын жаш багбандарынын, III—IV класстардын жаш багбандарынын, V—VII класстардын жаш селекционерлеринин, VIII—X класстардын жаш механизаторлорунун ийримдери ж. б. Ар бир ийримде 8—10дон 15—20 га чейин окуучу бар. Булар өтө туруктуу бирикмелер. 20 жылдан ашык үзгүлтүксүз иштеп жаткан мектеп ийримдери бар — тарбиялануучулардын бир тобу ийримде 2—3 жыл иштеп өздөрүнөн улуулардын ийримине өтүшөт, ал эми алардын ордун башкалар басат. Эмгек чыгармачылыгы — интеллектуалдык жалпылык сыяктуу эле тарбиялануучуларды бириктирген абдан күчтүү фактор.

Илимий-предметтик, ошондой эле эмгек чыгармачылыгы ийримдеринде өзүнүн материалдык базасы бар. Пред-

меттик ийримдер үчүн — тарбиялануучулардын рухий турмушунун абдан байый, абдан толуктала турган сааттары, китеп менен баарлашуу сааттары, К. Маркс интеллектуалдык күчтөрүнүн оюну[11] деп атаган сааттар өтүүчү ой бөлмөсү (же Китептер бөлмөсү) бар. Эмгек чыгармачылыгы ийриминде (жумушчу бөлмөлөр, лабораториялар жана Иштер бөлмөсү) өспүрүмдөр эмгектенишет (конструкциялашат, курашат). Илимий-предметтик ийримдердин жетекчилери — мугалимдер, эмгек чыгармачылыгы ийриминин жетекчилери болуп мугалимдер да, жогорку класстын окуучулары да иштешет. Бул өз алдынчалык принцибин камсыз кылуучу маанилүү кырдаалдардын бири.

Өз демилгелүү көркөм чыгармачылыгы, адабий чыгармачылык, музыкалык, драмалык, көркөм окуу сыяктуу башка ийримдер да бар. Бул жерде инсандын рухий дүйнөсүн эстетикалык жактан гана эмес, адептүүлүк, эмоциялык, интеллектуалдык жактан да байытуучу кызыгуулар ойгонот жана өнүгөт. Тарбиялануучулардын жүрөгү менен эсакылын сергектик, назиктик дал ушул жерде даарып өтөрүн, мунсуз рухий биримдик катары алгачкы коллективдин турмушу болбой турганына биздин педагогикалык коллектив бекем ишенет. Эгерде тарбиялануучу мындай коллективдердин биринде өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтпөсө, ал бизди абдан тынчсыздандырат.

Бул коллективдерди биз көркөм маданияттын коллективдери деп айтабыз. Мындайча аталышы ал коллективдерде болуп жаткандардын маанисин даанараак ачарында күмөн жок, көркөм маданият ийримдерине, ал түгүл эң кенже окуучулар да тартылган. Бизде жомоктордун эки ийрими бар. Алардын ар бирине биринчи класстагылардан 15—20 бала тартылган. Ийримдерге жогорку класстын окуучулары жетекчилик кылышат. Балдар Жомоктор бөлмөсүнө келишет, аларга жетекчи окуучу кызыктуу жомокторду окуп жана айтып берет. Балдар элдик айрым жомокторду инсценировкалайт. Балдар үчүн абдан кызыктуу жумуштун түрү болуп, ийримде жаңы жомокторду ойлоп табуу саналат.

Көркөм маданият коллективдеринин ичинен балдар куурчак театры биз үчүн өзгөчө чоң мааниге ээ. Ага башталгыч класстардын кырктан ашык тарбиялануучусу катышат (бул коллектив үч секцияга бөлүнөт). Коллективге жогорку класстын комсомолецтери жетекчилик кылышат.

## 65. Баш ие билүүгө жана башкара билүүгө кантип тарбиялоо керек, жогорку талапкечтикке кантип тарбиялоого болот

Эгерде тарбиялануучулар көп коллективдерде ар тарaптан өссө (мен али бардыгы жөнүндө айтканым жок), жогорку класстын ар бир окуучусу жетекчи, тарбиячы боло алуучу абал түзүлөт: пионерлердин көбү да жетекчилик тажрыйбага ээ болушат. Мында жетекчилик ишкердиктин туундусу катары көрүнөт. Ал ишкердик учурунда жаралган сыяктанат. Жетекчиликке шайлоо көбүнчө өз ишинин устаты катары көрсөтө алгандар жетекчиликке шайланат. Мындай жетекчиге балдар ыктыяры менен баш ийишет, анткени бул жерде баш ийүү кечээгиге караганда бүгүн жакшы болууну каалоо деген эле кеп. Бүт коллективди бирдиктүү максат жандандырган активдүү ишкердиксиз баш ийүү жана башкаруу мектепте мүмкүн эмес. Ошону менен бирге, сиз жогорку талапкечтик маанайында тарбиялап жаткан коллективдин иш-аракети коомдук, граждандык маанини ачык-айкын билдириши эң маанилүү.

Баш ийүү — бул баарынан мурда өзүнө өзү буйрук берүү. Бул эрктик аракет бийик аң-сезимдүүлүктү талап кылат. Жаш өспүрүм ал тургай балалык жылдарды да ишкерликтин бийик максатын *түшүнүү* (коомдук, граждандык максат — дайыма бийик) — анын мааниси гана эмес, эмоциялык кыйыр мааниси да адамга жеткен шартта ишке ашат. Баш ийүүнүн эрктик аракети өзүнө өзү баш ийүүнүн эмоциялык аракети болгон жерде гана мүмкүн, жөнөкөйлөтүп айтканда, бала өспүрүм өз жүрөгүнө баш ийгенде гана жолдошунун сөзүнө эстүүлүк менен макул болот. Бул кылдат иште жетекчинин эрки жакшынакай адептик-эмоциялык негизге таянышы өтө маанилүү; башкача айтканда, жетекчи коллективди мүнөзү боюнча элге, коомго кызмат кылууну көрсөткөн иш-аракетке тартышы керек. Бул жерде биз коллективдин бардык идеялык, интеллектуалдык, эмоциялык жана уюштуруучулук тутумдардын жалпылыгы ортосунда тыгыз байланышты көрөбүз. Эгерде тарбиялануучу боло турган иштен жүрөгүн толкундаткан, бийик сезимге бөлөгөн нерсени көрө алса,— жетекчинин буйругуна, талабына баш ийбөө керектигин ал ойлоп да койбойт. Ошондуктан мен жаш педагогго мындайча кеңеш берем:

Тарбиялануучуңузду эмгектин адептүүлүк, идеялык байлыгы аркылуу баш ийдириңиз. Жетекчинин талабы, буйругу тарбиялануучунун ар намысы менен үндөшүп тургудай болсун. Коомдук чоң маанилүү иш аткаруу менен,

эртеңки гражданин өз эмгегинен граждандык башталышты бүгүн эле сезгидей болсун, өзүн курбалдаштарынын жана улуу жолдошторунун көзү менен көргүдөй болсун, коллектив өзүнүн эрежелеринде, нормаларында, талаптарында коомдун — биздин өлкөнүн бардык эмгекчилеринин социалисттик чоң коллективинин идеалын билдиргидей болсун.

Кенже окуучулардан түзүлгөн менин коллективим мерчемдүү бирикмелерге (топторго, звенолорго) бөлүнөрү менен, коомдук пайдалуу ишти өз алдынча орундата баштаганда мен бул эмгекте ачык-айкын идеялык өзөктүн болушуна, ар бир бала өз ишкердигине гана түшүнбөстөн, анын бийик мүнөзүн сезүүсүнө жетишем.

## 66. Жаш ленинчилерди кантип тарбиялаш керек. Пионер уюмунун турмушунда мугалимдин ролу

Балдар пионер уюмуна киргенден тартып алар үчүн коомдук-саясий турмуштун жаңы этабы башталат. Педагогдун, баштапкы коллективдин тарбиячысынын башкы милдети — бул, пионер отрядынын турмушун граждандык бийик идеалдар менен жандандыруу болуп санала тургасына мени көп жылдык тажрыйба ишендирди. Пионер отряды балдардын жана өспүрүмдөрдүн граждандык, коомдук-саясий уюмунун эң маанилүү формасы. Пионер коллективинин турмушу жекече шыкка жана жөндөмгө эмгек, чыгармачылык менен жекече кызыгууга жана берилүүгө караганда балдарды жана өспүрүмдөрдү алда канча олуттуу бир нерсе шыктандырышы, рухий жактан байытышы жана бириктириши керек.

Биздин педагогикалык коллективдин пикири боюнча, пионер уюму — бул граждандуулуктун мектеби, советтик патриоттун коомдук-саясий мамилелеринин мектеби. Пионердин да, комсомолдун да тарбиялык башкы милдети — ар бир советтик адам үчүн эң кымбат, эң ыйык нерсе — бул биздин улуу Мекен, социалисттик түзүлүш, революция жеңип алгандар, коммунизм үчүн күрөш экендиги жөнүндөгү ойго жаш жүрөктөрдү шыктандыруу жаштардын көңүлүн эргитүү болуп саналат деп эсептейбиз. Өз уюмунун турмушун жаш ленинчилердин жүрөктөрүндө ушул асыл идеялар бекемделип калгыдай кылып уюштуруу үчүн жардам берүү керек.

Бул иш жүзүндө кандайча аткарылат? Баарынан мурда балдардын, өспүрүмдөрдүн ишкердигинин коомдук-саясий, идеялык мазмунунда жатат, Мекен, туулган жер, революция жеңип алгандар Коммунисттик партия, Улуу Ата Ме-

кендик согуштун ыйык иштери — мына булардын баары жаштардын жүрөгүн түрсүлдөтүп, эң кымбат, жеке тагдыр катары кириши керек, ал эми бул идеялар алардын иштеринде, аракеттеринде, өз ара мамилелеринде, коомдук ишкердигинде жашаганда гана мүмкүн.

Биздин мектептин мыкты тарбиячылары улуу, ыйык, бийик нерселер сансыз көп иштердин практикалык жактары менен жаш ленинчилердин аң-сезиминде жана туюмунда калкаланып калбашына ар дайым кам көрүшөт. Пионер уюмунда болгон бардык учурда (5 жыл) биз жаш ленинчилердин алдында мындай идеяларды дайыма ачып көрсөтөбүз: улуу муундар бизге алып берген материалдык жана рухий бардык байлыктар зор курмандыктар менен жеңип алынган, алакандай ар бир советтик жерге ата-бабаларыбыздын каны төгүлгөн ар бирибиз Мекенсиз эч ким эмеспиз: Мекендин кубаттуу колдору гана ар бирибизди көтөрүп, бийиктетип жаткан укмуштуу күч болуп саналат; эгерде Мекенибиздин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн фашизмге каршы күрөштө курман болгон жыйырма миллион баатыр болбогондо, балалыктын жана өспүрүм кездин бейкут бактысын билбейт элек; биздин ыйык милдет — Советтик Улуу Мекендин улуулугу, кубаттуулугу үчүн күрөшүү, аны билүү, аны эч нерсеге теңдештирбей жана салыштырбай турган эң бир ыйык нерсе катары кадырлоо болуп саналат.

В. И. Ленин атындагы пионер уюмунун эң маанилүү милдеттеринин бири — бул, Мекенди таанып билүү, акыл-эс жана жүрөгү менен таанып билүү болуп саналат деп эсептейбиз. Эң кымбат жана ыйык нерсени таанып-билүү менен, эртеңки ар бир гражданин анын улуулугу, байлыгы, кубаттуулугу менен таңдангандай жана шыктангандай болсун; Мекен мындан да оор, бай, кубаттуу болсун үчүн мен эмне иштедим? — деген ой ар бир жаш жүрөктө бекемделгидей болсун. Мекенди акыл-эс жана жүрөк менен таанып билүүнү биз активдүү ишкердик менен жуурулуштурууга умтулабыз.

Пионердик ар бир отрядда Мекенибиз боюнча саякаттар өткөрүлөт. Бул биздин өлкөнүн жаратылыш байлыктары жана элдери жөнүндөгү кызыктуу, толкундатуучу аңгемелер. Жаш ленинчилердин алдында карта илинип турат. Ар бир аңгеме Мекенибиздин бир бурчуна арналат. Балдар туулуп-өскөн айлынан улам чыгышты карай кыялы менен саякатка чыгышат. Биз аларга советтик адамдардын турмушу жана эмгеги жөнүндө сүрөттөрдү жана диафильмдерди көрсөтөбүз. Жаш жүрөктөр алдында элдер-

дин чыныгы достугунун эң сонун дүйнөсү ачылат. Мекен боюнча саякат бир топ жылга созулат; бала өспүрүм болуп калат, комсомолго өтүүгө даярданат, саякат болсо уланты-ла берет. Бул Мекенибиздин улуулугу жана кубаттуулугу жөнүндөгү таасирди күчөтөт.

Мекен боюнча саякат — бул азыр бар нерселерди гана акыл-эс жана жүрөк менен таанып билүү эмес, өткөнгө да саякат болуп саналат. Биз балдарга элдердин социалдык эзүүгө жана чет элдик баскынчыларга каршы күрөшү жөнүндө айтып беребиз. Бир үй-бүлөлүк сезим, элдердин достук сезими — эң татаал жана терең сезимдердин бири; ал биримдиктин улуулугуна жана сулуулугуна, чет элдик талоончулар менен баскынчылардын эзүүсүнөн бошонуу үчүн биргелешкен күрөштөгү элдердин боордоштугуна өзү ишенбей туруп мүмкүн эмес.

Бул сезимди тарбиялаш үчүн идеялар менен шыктандырылган иштер зарыл. Биздин пионерлер өлкөбүздүн боордош элдеринин балдары менен достошот. Россиянын жана Белоруссиянын жаш ленинчилери менен биздин достук өзгөчө бекем. Биздин балдар он беш жылдан ашык убакыттан бери Днепрдин боюнда жашашкан Смоленск, Белоруссия пионерлери менен достошот. Ар бир жылдын бир күнү жана белгиленген саатта украин, белорус жана орус балдары улуу дарыянын боюна барышып, Достук Дарагын отургузушат. Биздин үч мектеп канча жыл жашаса, Днепрдин боюна ошончо жолу дарак тигилет деп жаш ленинчилер ант беришти.

Достуктун Күнү деп аталган бул майрамда балдар боордоштук сезимине бөлөнүшөт. Бул сезим боордош элдердин балдары менен бетме-бет кездешкенде ого бетер терендейт. Биздин пионердик дружина он жылдан бери жыл сайын өз өкүлдөрүн кубанычтуу элчиликке жөнөтүшөт; биз белорус боордошторго Гомель областындагы Кормянск мектеп-интернатынын пионерлерине конокко барабыз. Белорус достор жылына бир жолу бизге келишет. Бул жолугушуулардагы балдардын кубанычын сөз менен айтып берүү кыйын. Ар биринин алыста досу бар. Жолугушууга көнө түшкөн балдар ажырашуу маалында көздөрүнө жаш алуу менен коштошушат.

Эл достугун сезүү — бул адам жанынын эң назик, эң асыл, эң бийик туюмунун бири экенине биздин педагогикалык коллектив ишенди; бул туюмда коомдук жана жекелик сезим тыгыз айкалышып турат. Балдардын жана кыздардын бул сезимди эмгек менен жуурулуштурушун өтө маанилүү деп эсептейбиз; ар бир пионер Достук Күнүндө

курбалдашы менен бирге түбөлүк достуктун эстелигине эмен дарагын отургузушат, жылдар өтөт, дарак өсөт, аны багуу, уул энеге кам көргөн сыяктуу, адамдык ички дүйнөнү асылдандырат.

Ар бир пионер отрядында граждандык же Ата Мекендик согуш жылдарында салгылашуулар болгон жерлерде эскерүүчү ыйык жай бар. Бул жерде баатырларга жандуу эстелик түзүлөт: балдар эки жүз жылдык эменден чогултулган уруктарды отургузат. Алардын жандуу эстелиги баатырларды элдин эсине беш жүз жыл бою салып гана отурбастан, чарчаган жолоочуга ырахат тартуулайт деген ой пионерлердин көңүлүн көтөрөт.

Днепрдин жээгинен алыс эмес жерден из кубар жаш пионерлер жерге батып калган чоң ташты табышты. Украинаны фашисттик баскынчылардан бошотууга катышкандар: Днепрдин сол жээгинен оң жээгине биринчи болуп сүзүп чыккан советтик эки жоокер бул таштын түбүндө суткадан ашык коргонуп жатышкан,— деп айтышкан. Пионерлер октордон кетилип түшкөн таштын көп сыныгын табышкан. Бир тууган жер үчүн өмүрүн кыйышкан эки баатырды эскерүү максатында таштын жанына эки эмен дарагын тигишти. Көпкө созулган издөөдөн кийин курман болгон баатырлардын бир туугандарын табышты, алар алыскы Сибирден бизге конокко келишти. Комсомолго өтүп жатышкан пионерлер баатырлардын жандуу эстелигин эстафета катары жаш ленинчилердин кийинки муунуна өткөрүп беришет.

Советтик Мекендин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн күрөштө курман болгондорду эскерүү пионер дружинасынын жана ар бир отряддын турмушундагы маанилүү идея болуп калды. Жаш ленинчилер бир топ жылдын ичинде Түбөлүк Даңк Бөлмөсүн түзүштү. Бул жерде Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жердештерибиздин сүрөтү илинген. Элдин урмат даңкына баа жеткис учкундары катары пионерлер кургакта, деңизде, абада салгылашууга катышкандардын аңгемелерин этияттык менен жазып алышат. Эч ким унутулбайт жана эч нерсе унутулбайт — бул сөздөр биздин тарбиячылардын урааны болуп калды.

### 67. Коммунисттик партиянын идеясын жаш ленинчилердин акыл-эсине жана жүрөгүнө кантип жеткирүү керек

Сөз үйрөтөт, үлгүлөр кызыктырат,— дейт байыркы латын макалы. Биздин педагогикалык коллектив өзүнүн маа-

нилүү тарбиялык максаттарынын бирин коммунисттик идеялар балдардын жана өспүрүмдөрдүн аң-сезиминин алдында эң бийик адамдык коoздукту — элдин бактысы үчүн күрөштү, бул күрөштө өз жанын аябоону, ишенимге бекемдикти, кыйынчылыкты жеңүүдө майтарылбастыкты, коммунисттик идеологиянын душмандарына келишпөөчүлүктү өзүнө камтыган ачык-айкын образдарда үлгүлөрдө ачылышынан көрөт. Ар бир тарбиялануучунун жүрөгүн балалык жана өспүрүм жылдарында өмүрү коммунизм үчүн чыныгы күрөш болуп саналган адамдын бүткүл турпаты биротоло туткундап алышына, шыктандырышына умтулабыз. Балдар кызыл жагоо тагынышып, салтанаттуу убада беришери менен, мен тарбиячы алар менен жумасына бир же эки жолу коммунисттик окуу өткөрөм. Бизде ар бир тарбиячы бул анын маанилүү иши экендигине ишенет. Бул — тарбиячынын өз тарбиялануучулары менен ушунчалык жакын рухий баарлашуусу, жаш ленинчилердин жүрөгүнүн сиздин алдыңызда ушунчалык ишеним менен ачылышы болгондуктан балдар менен ушул саам чогуу болбосоңуз, анда алардын жан дүйнөсүндө жаткан көп сырларды билбейсиз, демек сиз жаратып жаткан Адамдын скульптурасына назик кескичиңиз менен чебер сызыкчаларды түшүрбөй каласыз.

Коммунисттик окуу — бул китептерди окууда айкын, кызыктуу аңгемелерди угуу болуп саналат. Көп жылдар бою окуучулардын жана аңгемелердин мерчемдүү тематикасы түзүлүп калды. Биз Дзержинский, Свердлов, Лазо, Тельман, Дмитров, Камо, Фучик, Николай Островский, Никос Белояннис өңдүү эң көрүнүктүү күрөшчүл коммунисттер жөнүндө, адамзаттын бактысы үчүн күрөшкөн улуу мугалимдин — Владимир Ильич Лениндин өмүрү жана күрөшү жөнүндө окуп жана айтып беребиз.

Коммунисттердин образдарынын үлгүсү балдарды ишенимге бек болууга, душманга жана идеялык кастыкка, кебелбестикке, келишпестикке терең шыктандырат жана демдендирет. Ленинчил-коммунист Камо түрмөдөгү полициялык кыйноолорду кантип эрдик менен көтөргөнү, ал түгүл эң катуу уруп-согуу да аны онтоого аргасыз кыла албагандыгы, жан-соогалаган сөз анын оозунан чыкпаганы жөнүндө жаш ленинчилерге окуп жана айтып берген сайын мен балдардын көзүнөн суктануунун учкунун көрөм. Мындай окуулар канчалык көп болсо, коммунисттик чындык жаш жүрөктөргө мына ошончолук терең кирет.

Менин досум, коммунисттик идеялардын улуу күчүнө жана чындыгына таңдануу, суктануу сезимин балдардын

жана жаштардын жүрөгүндө баа жеткис кымбат нерсе катары сактаңыз. Курчап турган дүйнөнүн чындыгын акылэси жана жүрөгү менен тааныган жаш адамдын жан дүйнөсү кымбат нерсеге жетишүүгө аракет кыларын билип коюңуз. Ал өзүнүн алдында үлгүнү, жол көрсөткүч шамды жана ачык-айкын жолду көрүүгө умтулат. Жаш адамдын жан дүйнөсүнүн түбөлүк жалынын ыйык, кебелбес чындыкка, коммунисттик идеялардын акыйкаттыгына болгон ишенимдин, бул идеялар үчүн күрөшүү, эгерде керек болсо, алар үчүн өмүрүн берүү — адамдык улуу эрдик барып турган сулуулук экендигине болгон ишенимдин өчүп калышына жол бербеңиз.

Коммунисттик окуулардын оту менен тутандырылган бул эң ыйык жана кебелбес идеялык эрдиктин кооздугуна болгон ишеним качан гана адам коммунисттик ачык-айкын эрдигине тандантkан, суктанткан нерселерди ишкердиги менен өзүн көрсөтүүгө умтулган шартта гана ачык шам болуп күйөт. Бир нерселерди гана жасабастан, өзүнүн иши менен, өзүнүн эмгеги менен бир нерселерди далилдөө — бул коммунисттик тарбиянын жана өзүн өзү тарбиялоонун эң маанилүү эрежеси болуп саналат. Биз өзүбүздүн тарбиялык милдетибизди — жаш акыл-эс жана жаш жүрөк коммунисттик улуу акыйкатты тааныган кезде пайда болгон балдардын жана өспүрүмдөрдүн эмгегине ширетүүдөн көрөбүз. Эгерде балдар турмушунда коммунисттик эмгек болгон болсо, ал — аны менен болочок гражданин бир нерсени далилдеген, бүгүн болсо ал аркылуу гражданин болуп калыптанган эмгек. Тарбиялануучуларыбыз өзүнүн эмгеги менен:

биздин коомдо адам адамга дос, жолдош жана бир тууган экенин;

эркин мээнеткеч эмгектен өзүн өзү көрүүнү каалларын, өз колу менен жараткандарга өз сулуулугун калтыргысы келерин;

социалисттик коомдун гражданини өз сыймыгын, кадыр-баркын эмгек менен, жана да эмгек менен гана ырастай аларын;

ар кандай, эң жөнөкөй иште эмгек чыгармачылыкка чейинки бийиктикке көтөрүлөрүн, поэзияга айланып, жаңы эргүүнүн башаты болуп каларын;

ар бир гражданин өз эмгеги менен Мекенибиздин күчкубатын бекемдей турганын далилдешине умтулабыз.

Бул бийик ниеттер эмгекти жандардыргандай болсун — жаш ленинчилерди идеялык жактан тарбиялоонун чеберчиликтеринин бири, менимче мына ушунда жатат.

Эмгектин бул идеялуулугун ишке кантип ашырууга болот?

Бул үчүн турмушта көп сандаган мүмкүнчүлүктөр бар. Адамдар үчүн бак өстүрүү менен, биздин отряддын пионерлеринин ар бири өз дарагын өстүрөт. Эмгек тымызын мелдешке айланат. Ар бири тиккен багына өзүнүн, ага гана тиешелүү салымын кошууга умтулат.

Менин мына буга көзүм жетти: ар бири өз дарагын өз колу менен жараткан нерсе катары кубана келип, аны кунт карайт да, эмгекке болгон сүйүү ошентип башталат. Ар бири өз колу менен коздук түзүүгө жөндөмдүүлүгүн далилдейт.

Эгерде адам өз эмгеги менен бийик идеяларды ырастаса ал көздөгөнүнөн кайра тартпас болуп чыга келерине ишендим. Ал *ыйык нерселерди барктайт.* Коомдук турмушта анын жеке башына тиешеси жок эч нерсе болбойт. Мындай адам куру сөздүн курманы эмес, коомдук ишмер болуп чыга келет. Балакатка келгенде эле ал моралдык жактан жетиле баштайт.

Менин досум, балким, сизде: автор Коммунисттик партиянын идеясын пионерлердин акыл-эсине жана жүрөгүнө жеткирүү жөнүндө сүйлөөдөн баштап, анан эмгекке өтүп кеткени эмнеси деген ой туулушу мүмкүн. Бирок биздин заман — эмгектик түзүүчүлүктүн заманы эмеспи. Жаш муунду элден мурда эмгектеги эрдикке үйрөтүүбүз керек. Биздин заманда коммунизм жеңиши үчүн болгон эмгекте гана адам өзүн ар тараптан ачып көрсөтө алат.

## 68. Көкүрөктөгү улуу лениндин сүрөтү түшүрүлгөн кызыл комсомол билети улан-кыздардын жүрөгүн түрсүлдөтүп, комсомолдук наамды ардакташына кантип жетишүү керек

Сизге, жаш педагог, жогорку класстын окуучулары менен иштөөгө туура келет. Сизге өз башымдан өткөргөндөр түрткү берген ойлор тууралуу кеңеш бергим келет.

Жумуш күнү бүттү, үйгө келдим, жазма дептеримди ачып, жаш досторум жөнүндө ой жүгүртөм, анан менин көз алдыма кайрадан акылдуу, күлкү келе турган, кубанычтуу жана шок, ойчул жана кайгылуу көздөр элестелет. Өзүң менен өзүң калып, жаштардын тагдыры жөнүндө кубана жана тынчсыздана ой жүгүртүү ырахатын көрүңүз деп сизге да кеңеш берер элем.

Комсомолдук уюм — бул идеясы, ишеними, көз карашы, турмушка, адамдарга жана өздөрүнө мамиле кылышы

боюнча санаалаштардын, боордоштордун уюму экенин эстен чыгарбаңыз. Уландар жана кыздар, идеяга, ой-пикирге ишенимге шыктансын, эргисин, баш кошсун деген комсомолдук тарбиянын алтын эрежеси бар: биз бардыгын берүүгө, эгерде, керек болсо, биздин идеялардын, биздин ишенимдердин урматына өмүрүн да кыюуга даяр турган пикирлештердин укмуш ушул сонун сарайына — Комсомолго келдик. Бул пикирлештик эмнеде, аны кантип бекемдеп, ага иш жүзүндө кантип жетишүүгө болот?

Комсомолецтин дили жана жүрөгү — булар идеологиялык, идеялык пикирлештер. Көкүрөгүнө комсомолдук билетин сактагандардын ар бири өзүн коммунизм үчүн күрөшчүл деп сезүү керек. Улуу, сонун, асыл идеялар менен шыктануу биздин оюбуз, көз карашыбыз келечекке умтулганда башталат, биз комсомолдор, келечек үчүн күрөшчүлөрдөн болуп саналабыз; биздин кадыресе, күндөлүк, адаттагы ишибиз келечектин нуруна бөлөнгөн дал ушул жагдайда келечек ачык-айкын, өзүнө тарткыч, романтикалуу болуп көрүнөт. Идеологиялык пикирлештик бул келечек үчүн күрөштүн өзү, анда комсомолдук романтиканын жандуу тынчы жок жүрөгү бар. Лениндик партиянын жана Лениндик комсомолдун тарыхынын күжүрмөн баракчаларын эске түшүрүп көрөлүчү: ач-жылаңач бизди аябай куралданышкан интервенттерге каршы ажалдуу согушка эмне алып келди; биринчи беш жылдыктарда түндөп жапатырмак иштөөгө эмне шыктандырды; дың жерлерди багындыруунун алгачкы күндөрүндөгү кем-каржылыктар менен кыйынчылыктарды жеңип чыгууга эмне жардам берди? Албетте келечек жөнүндөгү адилеттүүлүк жана сонундук, акылга сыярлык жана адамгерчиликтүү коом — коммунизм жөнүндөгү ойлор.

Бирок коммунисттик келечекти ар биринин алдында кантип ачып берүү керек? Космоско учуу же жыйырма эки жашта докторлук диссертация коргоо, бүткүл дүйнөгө белгилүү ырчы болуу же көп жылдар бою окумуштуулар чече албаган эски жазуулардын маанисин ачып түшүндүрүү ар бирибиздин эле колубуздан келе бербейт. Элибиздин көпчүлүгү космонавт жана академик эмес, дыйкан жана малчы, кыш кыноочу жана уста, демек, жаш досум, адаттагы, анчейин байкоосуз эмгекте ар бири өзүнүн күндөлүк турмушка зарыл нерселердин гана эмес, өлчөмсүз бир чоң нерсени жасап жатышкандыгы жөнүндөгү улуу идеяны жаш жүрөктөргө кантип ачып берүү керектигин ойлонуп көрөлү.

Идеялык, идеологиялык пикирдештикке өтүүнүн жо-

лу — бул эмгекте, бир караганда адаттагы, эч бир жагынан көзгө түшпөй турган, адам үчүн оор, тажаткан, ошол эле учурда дүйнөнүн кооздугун жаратуу үчүн өзүн сулуу кылып көрсөтүү үчүн болгон күрөштө адамды бийик көтөргөн кооздук болуп калуучу эмгекте. Күрөшчүлөрдүн коммунисттик пикирдештиги, менимче өз заманынан бир кадам алдыда жүрүүдө, келечектин чалгынчысы болууда, бул келечекти өзүнүн эмгегинен көрүүдө, аны өз колдорунун чымыркаңышынан сезүүдө турат.

Коллективдештирүү башталганда айылдагы алгачкы тракторист өзүн кандай баатыр сезгени эсимде. Анткени ал мурда болуп көрбөгөн белгисиз нерсени көздөй кадам шилтеди, ал өндүрүш каражатына жеке менчик менен адамды кылымдар бою чырмап келген чынжырды үздү — жер чектерин тилди, акыл жетпес укмуш машинаны башкарды. Ар бир жылы мен 14—15 жаштагы комсомолецтердин тобуна келип, биз силердин атаңар, эмнени иштөө, ишти эмнеден баштоо керектиги жөнүндө кеңеш бередде биздин биринчи тракторист Яшка-койгашканын кумарлуу көздөрүн көрөм, мындай атты ага кыздар коюшкан, анткени алардын баары аны тымызын сүйүшө турган.

Менин жаш досум, биздин мектепте комсомолдук уюм жаңы түзүлгөн кез жөнүндө сизге айтып берейин: биз анда жыйырма беш киши элек... Биз иштей турган ишти аталарыбыз, чоң аталарыбыз жана алардын аталары миң ирет аткарышкан: биз бир гектар жерге эгин эгип, аны багып өстүрүп, колхозго берүүгө тийиш элек. Биздин жерге иштелген нерсени миң жолу кайталоого болот. Бирок алга кадам шилтеп, адамдар коммунизм убагында иштей тургандай иштесе да болот. Күр топуррактуу ар гектар жер биздин райондо аба ырайы ыңгайлуу жылы отуз бештен ашык эмес, кээде кырк центнерден түшүм берет. Ал эми биз жетимиш центнерден түшүм өстүрөлү деген максат коюп көрөлүчү. Эч убакта мындай болгон эмес, бирок да жаратылыштын күчтөрүн жана сырларын адам али ачып бүтө элек. Эгерде буудайдын сыры толук ачылган болсо, анда ал берип жаткан түшүмүнөн эки эсе көп бериши мүмкүн. Бул адаттагыдан башкача эмгек болот, ал эми биз да, жаш достор, адаттагыдан башкача болуп калабыз. Коммунизмдин тушунда мындай байлык биздин жердин бир гектарынан гана эмес кеңири талааларынан алынат. Мындай байлыкты биз бүгүн алабыз.

Биздин эмгек чынында эле адаттагыдан башкача. Эмгек процессинин мүнөзү боюнча гана эмес, көп нерсени кең аянттарга эгин өстүрүүдөгүдөн башкача жүргүзүүгө

туура келет. Ал эмгек балдардын жана кыздардын рухий турмушунун бардык жагын камтыгандыгы менен адаттагыдан башкача. Ал идея үчүн күрөш болуп, ал идея шыктандыруу жана дем болуу менен, бизди бир пикирлештердин ынтымакташтыгына баш коштурат. Балдар жана кыздар жөнөкөй адамдар эмес экендигин, бир кесим нанды мээнет менен гана табуучулар эмес экендигин, тескерисинче буга чейин эч ким эч качан болбогон жерде биринчи чыйыр салуучу адамдар экендигин сезишет.

Эгерде идеялык биримдик болбосо, эгерде коммунисттик бийик идея бардыгын шыктандырып турбаса, анда коллективдеги ар кандай уюмдаштыруучу байланыштар мажес болуп калат. Биз колубуз менен терең чуңкурдан чириндини иргеп, аны арабага салып, талаага чыгарып жаткан күндөрү биздин комсомолдон кимдир бирөө *семирткичтер фабрикабызга* келүүдөн баш тарткан болсо, эмне болор эле? — деген терең ойду бир саамга көз алдыма келтирем. Эгерде мындай окуя болгон болсо, күнөөкөрдө жан калбайт эле: жолдоштору аны жалкоо, уйкучу, энесинин уулу, ак кол деп жектешет болчу — мына мунун баары кандай бир «суроолорду даярдоосуз», чын ыкластан айтылмак, анткени жүрөк көтөрүңкү идея менен шыктанган болсо, ал курчап турган дүйнөдө болуп жаткандын бардыгына өтө сезгич келип ал акыл-эстин сакчылыгында турат да, эмнени жасоо жана сүйлөө керектигин айтып берет. Жаш досум, жүрөк уктап калбай, ар дайым абийир сакчылыгында болушу — бул дагы комсомолдук педагогиканын эң маанилүү эрежеси экенин эстеп коюңуз. Балдар-кыздар айткандай бизге тозокко түшкөн шайтандай эле иштөөгө туура келди. Кычыган чириндиге айланган терең аңдагы кыкты биз талаага таштадык, ар бир түптүн азыгы болгудай кылып аны дан сыяктуу жерге чачтык. Буудайдын жакшы семирткичи суу көбөттөрүнө туруп калган чөгүндүлөр болорун илимий журналдан окудук. Мындай чөгүндүлөр биздин көлмөлөрдө, кантсе да миллион тонналап топтолуп калган болуу керек, биз аларды да жүктөп эгин талаасына чыгардык. Кышында кар түшкөндөн кийин талаага келип, кыртышка ным сактоо үчүн өзүбүздүн гектарга кар чогулттук. Жазында өсүмдүктөрдү кошумча азыктандырдык. Жайында ар бир комсомолец өз иши менен алек болду — бирлери мал чарба фермасында, башкалары бакчачылык бригадасында эмгектеништи, биздин арабызда жибек өстүрүүчүлөр да бар эле. Буудайды өстүрүү кошумча иш болгондуктан биз таң заардан же кечинде чогулуп турдук. Ным сакталсын жана эгин түптөнсүн

үчүн кичинекей кетмендер менен жөөктөрдү бир нече ирет жумшарттык. Кубаттуу сабактары жана салмактуу баштары бизди кубандырды, биз бир баштагы данды санап чыктык, ал эми оруу-жыюунун алдында бир башын таразага тартып көрдүк. Түшүм жыйноо бардыгыбыз үчүн майрам болду: биз майрам күнкүдөй кийинип келдик, ар бирибиздин көңүлүбүз кушубак эле. Бирок ошондой болсо да, биздин гектар деги канча эгин берер экен? — деп тынчсыздандык. Жер бизге марттык кылды: ар гектарыбыз жетимиш центнерден ашык дан берди.

Кубанычтуу минуталарында улан-кыздар бири-бирине кандай сүйкүмдүү дейсиз! Дан калтырбай жыйылып жана өлчөлгөндөн кийин эч ким чакырбаса да, комсомолдор кечинде мектепке чогулушту. Бирге болуп чогуу кыялдангыбыз келди. Биз өзүбүздү чоң таймашта жеңип чыккандардай сездик. Биз бийик чокуга чыккандай, алдыбызда күн нуруна чагылышкан жаңы бийиктик ачылгандай болду. Биздин талаабыз сексен, токсон центнерден түшүм берген убакыт да келет деп кыялдандык. Агротехника өзгөрөт, талааларга жаңы машиналар келет, дан эгиндеринин катар аралыгы да кызылча, жүгөрүдөй эле жумшартылат. Дан үч эсеге чоңоёт. Биз келечекке көз чаптырганыбыздан улам жүрөктөрүбүз сыймыкка бөлөндү.

## 69. Комсомолецтердин ар бири дайыма жакшы болууга умтулуш үчүн кандай тарбиялаш керек

Улан-кыздар бири-бирин алдыртан тиктешип жылмайышканын көрөм.

Улуу идея менен шыктануу бизди сулуу кылып коёт. Мына ушунун үстүнөн ой жүгүртүп көрөлү, менин жаш досум, жаштардын ар бири өзүн сулуу сезгидей кылып тарбиялаш керектиги жөнүндө биздин комсомолдук педагогиканын чындыгына ой жүгүртүп көрөлү. Адептик сулуулукту туюу адамдык улуу сыймыкка, граждандык кадыр-баркка каныккандай, адам айланасына гана эмес, өзүнө да көз чаптыргандай болсун. Эгерде адам өзүнүн сулуулугу менен сыймыктанбаса, ал уялганды билбейт, улуулардын насыят сөздөрү же жемеси да анын жүрөгүнө эч убакта өтпөйт. Өзүнүн сулуулугун сезүү коллектив идеялык пикирлештик менен шыктанганда гана тарбияланат.

Биз келечекке кадам шилтедик, биздин эмгегибиз коммунисттик асыл идея менен шыктандырылды. Бирок ыйык сөздөрдү көп эле айта берүүгө болбойт,— анда алар шалакы устанын аспабы сымал эскирип жана мокоп кетет.

Кыйынчылыкка кездешкен сайын бул мажес назик аспапты ишке сала берсек, анда улуу жана ыйык нерсенин баркын кетирип алабыз. Айталы, чөп чабыкка барып, куйкалаган ысыкта күнү бою иштеп жатканда тарбиячы: отун даярдаганда Павел Корчагин кандай шарттарда иштеди эле, ал эми Комсомольск-на-Амуренин биринчи курулушчуларынын энчисине кандай кыйынчылыктар жана жоготуулар туура келди эле деп мугалим эстерине салат. Жок, мындай тарбиялоого болбойт; курч аспаптын бир гана сабы калат да жүрөккө, жаш көңүлгө эч нерсе таасир этe албайт. Коммунисттик шыктануу ар бир жүрөктө ички, өзү кыймылга келүүчү адептик күч катары жашашына эң курч аспаптар мүмкүн болушунча сейрек пайдаланышына аракеттениңиз — мына ушул шартта гана алар жаштарга таасир эте алат.

Бирок өзүнүн моралдык сулуулугун сезүү — бул адам өзүн-өзү сүйүү дегендикке жатпайт. Өзүнө сыймыктанып жатып да адам өзүнө канаатанбагандыкты сезет. Ал жакшы болгусу келет, ансыз өзүнүн моралдык баркын сезүү кыйын. Бул жашчылыктын адептик өсүшүнүн эң кыйынчылык менен байкалуучу закон ченемдүүлүгү: адам кечээкиге караганда бүгүн жакшы болсо, жолдошторунан жана өзүнөн таптакыр жаңы бир нерсени көрсө, андан да жакшы, эң сонун болгусу келсе гана ал жакшы болууну каалайт. Комсомолдук педагогиканын эң маанилүү эрежеси: өспүрүм ар дайым калыптануу процессинде болуп кечээ кандай болсо, эч убакта ошол бойдон кала бербей, дайыма өзгөрүлүп турушу керек. Адам өзүнүн калыптанышын түшүнүшү жана сезиши да эң маанилүү. Менин жаш досум, өзүңдүн тарбиялануучуңуздун адептүүлүк жактан өспөй калышынан коркуңуз, моралдык сенектиктен коркуңуз. Адам көпкө чейин өзүндөгү бул же тигил кемчиликти эч бир жоё албай койгондугун сезүүгө жол бербеңиз.

### 70. Моралдык жактан дайыма өсүп-өнүгүүгө адамды кантип козгош керек

Бул дегинкисин жаштар менен тарбиялык жумуштун эң кызык жана менимче али аз изилденген чөйрөлөрүнүн бири. Биздин педагогикалык коллективде эреже иштелип чыкты, аны кыскача төмөнкү сөздөр менен айтууга болот: адам моралдык сулуулукка жана жетилүүгө умтулушу үчүн ал сулуулукту жана жетилүүнү ал өз жанынан — өз жолдошунан көрүүгө тийиш. Адам өзүнүн Менин башка адамдарга мамиле кылуу, алар менен баарлашууда гана

калыптандырат. Өзүн-өзү аңдап билүүгө көнүгүү үчүн «адам адегенде күзгүгө карагансып, башка адамды карап көрөт. Өзү өңдөнгөн Павелге мамиле кылып, Петр өзүнө адам катары мамиле кыла баштайт»[12]—деп жазган Маркс. Өзүнө адам катары мамиле кылууну үйрөнүү — коллективдеги тарбия чеберчилигинин сырларынын бири мына ушунда болуп жүрбөсүн, тилекке каршы, көп тарбиячы мына ушуга эч жетише албай жүрөт.

Коллективдин тарбиялык күчүнүн булагы баарынан мурда коллективдүү эмгек процессинде, ал коллективдүү бай рухий турмуштан адам кечээ байкабаган нерсени бүгүн өз жолдошунан көрөт, *адамды ачып билет,* бул аркылуу ал, көркөмдөп айтканда, *өз жан дүйнөсүнө баш багат,* өзүн-өзү баалайт, менден мурда эмне бар эле, бүгүн эмне бар,— деп салыштырат. Бул коллективдин рухий турмушунун өтө маанилүү кырдаалы. Жаштарды тарбиялоо менен, сиздин ар бир тарбиялануучуңуз коллективдүү эмгекте өз жолдошунун көзүнөн бийик максатка шыктануунун отун көрүшүнө умтулуңуз. Ал түгүл барып турган эң шалакы, эң кайдыгери да жолдошуна күзгүдөгүдөй көз чаптырып, өзүнүн ой-пикирин, умтулушун көргүдөй болсун: аңтаң болуп, жолдошу үчүн сыймыкка бөлөнсүн. Мына ушуга жетишкенде гана, сиз тарбиялануучуңуздун жан дүйнөсүндө өзү жөнүндөгү ой-пикирдин учкунун тутандыра аларыңыз эсиңизде болсун.

Ошондуктан тарбиялык иште эмгекке коллективдүү шыктануунун ушунчалык чоң мааниси бар. Улан-кыздардын ой-пикири менен сезимин адам бийикке көтөрүлгүдөй иш менен бириктире билиңиз. Өз жолдошундагы адамдык чыныгы сулуулукту көрүп, ар бир улан, ар бир кыз: мен бул сулуулукка жете алдымбы, ага менин колум жетеби? Мен бүгүнкүдөн эртең жакшы боло аламбы? — деп өзүнөн өзү сурагыдай болсун. Адамдын моралдык турпаты ал өзүн-өзү канчалык талаптуу жана сын көз менен караганына байланыштуу. Ага ошондой эле жаш жүрөктүн, граждандык эрдиктин, сулуулуктун ыйык нерселерине алып баруучу жолу байланыштуу.

## 71. Турмушубузга жана күрөшүбүзгө жаш жүрөктүн кайдыгер болбошуна кантип жетишебиз

Сөз жашчылыктын ыйык нерселери жөнүндө бара жатат. Ар бир жаш коммунист өзүнүн ой-санаасында жана жүрөгүндө эч нерсе менен салыштырбай жана теңдештирбей турган ыйык, баа жеткис нерсени алып жүрүүгө ти-

йиш. Жүрөктөгү жана ой-санаадагы ыйык нерсе — бул биздин Советтик Мекен, анын даңкы, урматы жана кубаты. Калган бардыгы бул ыйык нерсенин жанында бүлбүлдөп, өчүңкү көрүнүүгө тийиш.

Патриотту жана гражданинди тарбиялоо — биздин комсомолдук педагогиканын эң башкы жана эң татаал милдеттеринин бири. Ар бир уландын, ар бир кыздын ыйык нерсени кадырлашына, аны жүрөгүндө этият алып жүрүшүнө, Мекен ар бири үчүн башка бардыгын нурланткан жарык шам болуп калышына, курчап турган бүткүл дүйнө жана эң башкысы — адам өзүн-өзү мына ошол жарыктын нурунда гана көрүшүнө кантип жетишүүбүз керек?

Бул жерде биз *тарбиянын ыйыктарынын ыйыгы* деп мен оюмда дайыма атап жүргөн граждандык сезимде тарбиялоого келип такалдык. Жүрөгү сергек жана эр адам гана патриот жана гражданин боло алат. Патриотизм бул, көркөмдөп айтканда, сезим менен ойдун каймагы, Мекендин ыйыктыгын акыл-эс менен гана эмес, жүрөгү менен да түшүнө жана сезе билүү. Бул түшүнө билүү курчап турган дүйнөдө бир нерсе адам үчүн ченемсиз кымбат болгондон, кимгедир ал өзүнүн бүт жан дүйнөсүн берүүгө даяр туруудан башталат. Патриотизм адамды сүйүүдөн башталат. Дүйнөнү патриотчо көрүү жана сезүү, Мекенди туюу башаты жердеги эң кымбат адамга — тууган энеге болгон сүйүүдөн башталат. «Жаратылыштагы эң улуу жана эң асыл нерсе — адам»,— деп жазган В. Г. Белинский[13]. Бул улуулукту жана асылдыкты алып жүрүүчү — эне. *Патриотизм* деген түшүнүктүн өзү адамзаттын асыл берметинен — бизди төрөп жана алпечтеген образдан алынып, көптөгөн муундардын аңгемесинде бекеринен уялаган эмес. Жаштар менен отуз жылдан ашык иш алып барышым: адамзаттын асыл таажысы жана бийиктиги катары энеге чын жүрөктөн, чын көңүлдөн, аяр, камкор мамиле кылууга тарбиялоо — бул комсомол уюмунун идеологиялык саясий маанилүү милдеттеринин бири экенин бекем ишеним менен айтууга укук берет. Өз энесине мээримсиз, таш боор, ырайымсыз жүрөктөн бирөөгө жакшылык жок; өлкөсүн, энесинин сөөгү жаткан жерди таштап, жат жакка умтулган адам кара ниет чыккынчы болуп калат. Коко тикенде роза гүлү ачылбайт. Ким ак пейил, назик көңүлчөөк болбосо, ал патриот боло албайт.

Менин жаш досум, комсомолдук педагогиканын адепки чындыгын түшүнүп көрөлү: адамдар элди сүйүүгө тийиш, жанындагы кишини анын кубаныч-кайгысы менен кошо *сезүүгө* тийиш. *Кишини сезе билүү* энеден башталгандай

болсун. Ар кандай ишембиликтер жана жекшембиликтер, жумалыктар жана айлыктар, рейддер жана жүрүштөр канча жолу өткөрүлүп жаткандыгын ойлоп көрөлү. Ал эми: «Ушул күндөрү өз энеңерге силер кандай жумуш иштеп бердиңер, достор?» — деп секретары комсомолецтерден сураган жок дегенде бир уюмду таап бергилечи. Жаштарды тарбиялоочуларга мен мындай кеңеш берем: уктуштай бай тилибиздеги булактан таңкы шүүдүрүмдүн тамчысындай тунук, таза сөздөрдү тапкыла, ал булак болуп шылдырасын, анан ошол булакта жомоктогу жандуу суудагыдай болуп эне кымбаттуум, сүйүктүүм деген адамдык ишенимдин жана берилгендиктин түбөлүк сулуулугу жашагыдай болсун. Ар бир улан, ар бир кыз бул сулуулукту өзүнүн туулган үйүнө алып баргыдай, өзүнүн жан дүйнөсүн тууган энесине бергидей болсун.

Мен балдар менен кыздарга мындай деп айтам:

«Бүгүн бизде салтанаттуу күн — силер комсомол билетин аласыңар. Кубанычыңарды энеңер менен бөлүшкүлө. Мына, силердин ар бириңерде алманын сонун көчөтү, алгыла. Бул башкача сорт: ачык мала кызыл алма таңкы мээримдүү шооланы да, шамалдуу күн алдында күндүн кыпкызыл болуп батышын да чагылдырып турат. Бул сортту Эненин алмасы деп атап коёлук. Бул алма дарагын бапестеп, эненин ысмындай сактайбыз».

Бул эң идеялык, эң саясий, эң коллективдүү тарбия болуп саналат. Чайыттай июль күндөрүнүн кечинде менин тарбиялануучум, менин жаш досум Эне Алмасынан жемиш үзүп алып, аны энесине алып барат — мен үчүн бул кубанычтуу минута педагогикалык акылмандуулуктун бийиктиктеринин бирине чыгуу болуп эсептелет.

Адамга болгон сүйүү — бул Мекенге патриотчо кызмат кылуунун гүлдөрү бажырая ачыла турган күрдүү кыртыш. Бул ажайып гүл кулпуруш үчүн ар бир бала, ар бир кыз биздин улуу Мекенди акыл-эси жана жүрөгү менен түшүнүүгө тийиш. Ар бири өзүн Мекендин уулу катары сезиши, анын миң жылдык даңкынын жана миң жылдык рухий байлыктарынын мурасчысы, анын бүгүнкү күндөгү баатырдык иштерин жаратуучу экенине сыймыктанышы керек.

Буга жаштардын тарбиячысы иш жүзүндө кантип жетише алат?

Жаш жүрөктүн алдында жаркыраган шам катары байыркы убактан биздин күндөргө чейинки Мекенибиздин кыйын жана даңктуу жолун жарык кылгыдай, анан да жаркыраган келечектин татаал жолун нурланткыдай жалындуу сөздү тутандырыш керек, ошондо алдыда жол көр-

сөтүп кеткендердин жаш гражданинге жеткирген мураста-ры үчүн жоопкерчиликти, байлыктардын бир да күкүмүн жолдо жоготуп койбостон, биздин улуу жана даңктуу Мекен үчүн болгон күрөштө табылган акылман чындыктын бирин да унутпастан, аны баа жеткис жүк катары келечекке жеткирүү жоопкерчилигин ал миң жылдык жолоочудай сезиши керек.

Бул жалындуу сөз ысымдары Ата Мекендин асманында түбөлүк жанган жана турган жылдыздар сыяктуу уулдар жөнүндө бара жатат, алар жаңы жүрөктөр үчүн жол көрсөткүч шам болгон жана боло бермекчи.

Муну окуп алып, мүмкүн кимдир бирөөнүн күлкүсү келер. Мүмкүн кимдир бирөө: сиз сөздүн күчүн өтө эле ашыра баалап жатасыз, сиз каалаган нерсеңизди чындык катары кабыл алып жатпаңыз? — деп ойлор. Жок баары ушу мен айткандай. Сөз — бул согушка алып кирүүчү кол башчы. Бул — адам жанынын назик кылдарын терген музыкант; кайсы кылын терүүнү билиңиз, ал мукам добуш чыгарат. Көңүл муюткан бийик максаттар жөнүндө аңгеме өткөргөн минуталарда мен: Граждандуулук, Адамгерчилик, Урмат, Абийир, Кадыр-Барк деп аталган кылдарды терем. Мен ар бир адамдын түздөн-түз дитине багам; менин алдымда кандайдыр бир абстракттуу тарбияланууучу эмес, ышкылуу көздөрү күйүп жайнаган Коля жана Люба, Ваня жана Галя, Зина жана Шура отурушат. Тарбиячынын сөзү кандай бир абстракттуу патриотту тарбиялоону максат кылып койгондо эмес — мындай нерсе деги эле болууга мүмкүн эмес — Колянын жана Любанын, Ваняньн жана Галянын, Зинанын жана Шуранын жүрөктөрүн туйлатканда гана *жалындуу* боло алат. Бул дагы биздин комсомолдук педагогиканын алтын эрежелеринин бири.

*Ата журттун чыныгы уулдары* жөнүндө көңүл эргитүүчү ондогон аңгемелер бар. Мен алыскы өткөн жана кызуусу али өчө элек күндөр жөнүндө айтып беремин. Менин жаш досторум Мекенине чыккынчылык кылууну же эң болбогондо кынк этпей баш ийүүнү талап кылып, терисин тирүүлөй сыйырганда да жана отко кызытылган темирди жараларына басканда да «жок» деген жалындуу сөздү душмандын бетине тайманбастан айтышкан запорожьелик казактар жөнүндөгү, коммунисттик ишеним үчүн паровоздун мешине тирүүлөй ыргытылган Сергей Лазо жөнүндө, партизандык сырды айттыра алышпагандыгы үчүн өтө коркунучтуу, адам жасабай турган кыйноо көрсөтүү менен, фашисттер жерге тирүүлөй көмүшкөн биздин эки жердешибиз — пионер-баатырларыбыз жөнүндөгү аң-

гемелерди демин чыгарбай угушат. Жаш досторумун көзүнөн душманды жек көрүүнүн өчпөс оту жалындаганын көрөмүн. Эркиндик жана көз карандысыздык үчүн, даңк жана кубаттуулук үчүн салгылашууга биздин жаш достор, Советтик Мекен чакырып жатат деп айтсаңыз, ошондо алардын ар бири Мекен үчүн деген сөз менен ажал отуна барышат.

Кем акыл же адепсиздер гана адам жүрөгүнө барчу сөздүн жолун жаап коёт. Сөз — бул адамдын ички дүйнөсү үчүн кубаттуу күрөшүүчү күч. Тарбиячы, бардыгы сиздин сөзүңүздүн артында эмне тургандыгына байланыштуу. Дөөдүрөгөн мажес жана бузуку сөздөр болот. Көлөкөдө солуп бара жаткан сабактай алсыз жана кансыз сөздөр да бар. Түбөлүк жылдыздай адамга жол көрсөтүүчү ачыкайкын жана өчпөс сөздөр бар. Сиздин сөздөр жол көрсөтүүчү жылдыздардай болушуна умтулуңуз.

### 72. Комсомолецтин рухий турмушун социалисттик мекен жөнүндөгү ойго кантип толтуруш керек

Сөз кайрадан назиктик жана татаалдык жөнүндө — Мекенге патриоттук кызмат кылуунун улуулугуна, сулуулугуна көңүлдүн көтөрүңкүлүгүнө жекече шыктануу жөнүндө, беймаза күндөргө жана уйкусуз түндөргө дуушар кылып, терең ойго салган шыктануу жөнүндө бара жатат. Он төрт жашар Коля А. жана Люба Ш., Ваня Г. жана Галя М., Зина Г. жана Шура Ч. түн бою Маркс, Ленин, Александр Ульянов, Николай Кибальчич, Феликс Дзержинский же Юлиус Фучик жөнүндөгү китептерди окуп отурушуп, турмуштун максаты жана мааниси жөнүндөгү кыял менен таң тосушпаса, анда мен комсомолдук педагогиканы көз алдыма элестете албайм. Мекенге патриоттук кызмат кылуу жөнүндөгү тарбиячынын жалындуу сөзүнө шыктанган алардын ар бири *өзүнүн* китебин издеп тапты, Мекендин асманындагы *өзүнүн* жаркыраган жылдызын кезиктирди. Мекенге берилгендиктин ачык үлгүсүнө таңданган жана суктанган ар бир жүрөк мына ушул жазгы түндөрдө *өзүнүн* сонун китебин барактап отурганда ого бетер тездеп сокту. Мен киммин, мен кандаймын, бугачейин кандай жашадым жана кандай жашоом керек, социалисттик Ата Мекениме кандай пайда келтире алам,— деп өзүмчө терең ой жүгүртүүсүз чыныгы комсомолдук педагогика кургак сөзгө айланар эле.

Менин жаш досум, эгерде сиз комсомолецтердин чыныгы тарбиячысы болгуңуз келсе, кичине балдар жана кыз-

дар, жаштар өз алдынча калган сааттарда жана күндөрдө эмне иштеп, эмне окуп, эмнелерди ойлоп жатканына кызыгып көрүңүз. Алар өзүлөрүнчө жалгыз калууну каалашабы? Эгерде каалабаса — анда эң жаман,— демек, анда рухий жеке дүйнө жок, инсан жок, ал эми бул — коллектив да жок дегендикке жатат.

Бизде мектепте Ойлор Бөлмөсү деп аталган бөлмө бар. Бул жерде дайыма мемиреген тынчтык. Шкафтарда Ата Мекендин чыныгы уулдары жөнүндө китептер бар — карагыла, *өзүңдүн* китебиңди изде, *өзүңдүн* жылдызың жана өзүңдүн жол көрсөткүч шам чырагыңды таап ал. Бул китептерди бир дагы өспүрүм жандап өтпөсүн — мындан мен жаштардын тарбиячысынын маанилүү милдеттеринин бирин көрөм. Патриоттор жөнүндөгү ар бир аңгемеден кийин жаш жүрөктөрдүн эң терең түпкүрүндөгү назик кылдарын черте алсам, бир топ бала менен кыз Ойлор Бөлмөсүнө бет алганын көрөм. Жолуңар шыдыр болсун, жаш достор, силер өзүңөрдү өзүңөр тарбиялоонун эң кыйын баскычына көтөрүлүп баратасыңар. Мына мен терезенин алдындагы бир түп розанын жанынан курбулары дөө деп аташкан көк көз Г. Ваняны биринчи жолу көрдүм. Ал он төрттө, бою болсо атасынан бийик, Ваняның дүнүйөгө өтө эле балалык көз карашы менен тынчсыздандырат, анын жүрөгүн жана акыл-эсин *чоң адамдыкындай* ойлор качан толкундатарын мен чыдамсыздана күтөм. Мына мен анын колунан Юлиус Фучик жөнүндөгү китепти көрдүм. Ваня, сен эр азамат болчу. Китепти үйүңө алып кет да, окугун, ойлонгун, мейли түн бою уктаба, чоңдордукундай ойлор сени толкундатсын.

Жаштыктын өз алдынча тарбиясы мына ушундан башталат.

Жаңы гана башталды. Жаштык рухий жактан жетилсин үчүн зор эмгек зарыл.

## 73. Жаштар рухий жактан кандайча жетилет

Балакатка жетүү мезгили качан башталат — он төрттөбү же он бештеби — деген талаштарды угууга болот. Комсомолго кайсы жаштан алган жакшы — 14 же 15 жаштанбы? Кийинки жылдары окумуштууларды акселерация — улан-кыздардын дене жактан тез өсүп, ошол эле убакта социалдык, рухий, адептүүлүк жактан өсүүнүн артта калышы тынчсыздандырып жатат.

Балакатка жетүү, биздин педагогикалык коллективдин бекем ишеними боюнча, 12—13 жаштан башталат. Эгерде

дин баланын рухий жактан жетилген адам болушун каалаганыңыз, граждандык майданда алгачкы кадам шилтешине жардам бериниз. Балалыктын жана өспүрүм чактын тапкычтар бейкамдыгы — рухий жактан балалыктын өзөгүүнүн жатат. Жаштардын турмушунда камкордук болушу керек. Мен мында биздин элдин, коомдун, Мекендин камкордугун жана тынчсызданууусун айтып жатам. Биздин балдарды жана кыздарды курчап тургандардын *бардыгы* алардын жүрөгүн жаштайынан эле козгогудай, толкундаткыдай, тынчсыздандыргыдай болсун. Турмуштагы эч бир нерсе — ал алардын жанындагы алыстагы, ал тургай дүйнөнүн четиндеги болбосун,— *алардын өзүнө* тиешеси жок болбоого тийиш. Өспүрүмдү дүйнөнү гражданча көрө билүүгө көндүрүү — педагогикалык акылмандуулуктун бийиктиктеринин бири. Эң башкысы — балдар жана кыздар коомго камкордук жана тынчсыздануу менен жашасын. Коомдук нерсе алардын жеке иши болуп калсын.

Иш жүзүндө буга кандайча жетишүү керек?

Граждандык жактан жетилүү — сен адамдар үчүн бир нерсе жасадыңбы, аларга бирдеме бере алдыңбы деген ойлор менен кошо келет. *Бул — жаштыктын моралдык байлыгынын эң маанилүү булагы.* Кимде ким 12—13 жашында эле моралдык байлык күтө алса, ошол гана Мекенди акыл-эси жана жүрөгү менен түшүнө алат. Эгерде күтө албаса — сиздин сөзүңүз кудуретсиз болуп калат да: мен бул дүйнөдө эмне үчүн жашап жатам? Эмне үчүн Сергей Лазонун эрдиги жөнүндө ойлоо менен, жаш адам өзү жөнүндө ой жүгүртөт, өзүнүн улуу жана ыйык ишке катнашканын сезүүдөн анын жүрөгү кысылып жана катуулап согот? — деген жүрөктү эргитүүчү, улан-кызды ойлонууга мажбур кылуучу жагымдуу сөз болуудан калат. Жаштар тарбиячыларынын: сен аларга ыйык нерселер эрдик, өзүн курман чалуу жөнүндө айтып жатсаң, негедир сөзүң алардын дилине жетпейт,— деген даттануусун, балким сиз уккан чыгарсыз. Анткени көңүл керектөө ырахатына карк болгондуктан ал сөз ага жетпейт, ал эми чынында ал сөз кургак көңдөй, анда моралдык байлык — адамдар үчүн чыгармачылык ырахат жок.

Жаштыктын моралдык байлыгын балалык, өспүрүм, кезинен тарта кыпындайдан, таруудайдан топтоңуз. 12—13 жашында эле артына кылчая карап, адамдар үчүн эмне жасагандыгын көрүүгө мына бул менин эмгегим,— деп сыймыктанууга тийиш. Мына ушул сыймык коммунисттик идеялуулуктун рухий дүрмөтү, идеялык пикирдештиктин негизи болуп саналат.

Менин жаш досторум он жашка келгенде, биз Адамдар үчүн Жүзүмзар түзүүнү чечтик. Бизде күнгө куйкаланган дөбөчөнүн какыраган күңгөй бети бар эле. Бул жерден ондогон центнер «күнөстүү жемиш» жыйнап алса болмок. Ошентип биз ишке кириштик; жантайманы отоо чөптөн арылттык, жүздөгөн чуңкур каздык; ар бир чуңкурга тунма жана чириндини жана дагы улуулардын кеңеши боюнча жүзүм зыянкечтерин өлтүрө турган өсүмдүктөрдүн (мына ушундай элдик «өсүмдүк дарыгери» бар) түбүндөгү кыртыштан алып төктүк. Бир жерден экинчи жерге жүздөгөн тонна топурак ташып, суу алып кетпес үчүн ар түпкө тегерете топурактан тосмо жасадык. Тарбиячы үчүн бул эң кыйын мезгил: бир өңчөй жумуш деги эле жагымдуу эмес, адамды канааттандырбайт дагы. Бул иште өспүрүмдөргө эмне дем берет?

Жаш жүрөктөрдө адамдарга граждандык кызмат кылуунун отун тутандыруучу сөз, жалындуу сөз гана дем берет. Коммунисттик ишенимге ширелген сөздүн зор күчүнө ишенем.

Жүзүм сабактарынын алгачкы бүчүрлөрү кылая баштады эле, биз өз эмгегибизге суктанып жаттык. Чымырканткан оор иш кимдир бирөөнүн рухий күчүн майтарып, эмгекке жек көрдүрүп коюшу мүмкүн деген сөзгө мен эми коркпой калдым. Ал эми бизде эмгек жаңы гана башталды: өсүмдүктү сугаруу, аларды аптаптан жана суук тан сактоо керек.

Айлар жана жылдар өтүп, жүзүмгө кам көрүү биздин ар бирибиз үчүн кандайдыр кымбат, өтө жакын иш боло баштайт. Биз жерге бекем чырмалышып калабыз. Алгачкы жемиштер түйүлүп, биздин граждандык сезимдер салтанат курган күндөр келип жетти. Бизге кичинекей балдар жана карыялар келишет, биз аларды жемиштер менен сыйлайбыз. Күнөстүү жемиштерди оорулууларга алып барабыз, алар бизге ыракмат айтышканда жана жакшылык каалашканда, жүрөгүбүз кубанычтуу согот.

Педагогикалык акылмандуулуктун бийиктиктеринин бири мына мында: 13—14 жашар балдар жана кыздар боорукердиги, ак көңүлдүгү, адамгерчилиги үчүн ыракмат угушту. Бул жөнөкөй сөздөрдөн артык шыктандыруучу күчтү табуу кыйын. Менин тарбиялануучуларым эл үчүн жакшылык кылуунун эч нерсе менен салыштыргыс кубанычына бөлөнүшөт. Эми жалындуу сөз алардын жүрөгүнөн конуш алды, эми улам жаңы ишке шыктандырган эргүү ар бир жүрөктүн ички рухий күчү болуп калды. Эми ар бири коллективде гана эмес, өзү менен өзү болгондо да

граждандык эрдик көрсөтүүгө жөндөмдүү экенине мен ишенем. Өз абийириң элге кайдыгер болууга мүмкүндүк бербеген шартта гана коомдук нерсе жеке, чыныгы ишиң болуп калат менин жаш досум.

Адамдарга деп биз өстүргөн жүзүмзар тарбиялануучуларым үчүн өзүн өзү гражданча тарбиялоо талаасы болуп калды. Алардын көздөрү *дүйнөнү гражданча көрө* баштады. Дүйнөдө алардын ар бирине тиешеси болбогон эч нерсе жок. Оор иш аларды рухий жактан такшалтты. Жаштар кадимкидей эр жетишти. Өтө чымырканып иштеген кезде жаштар кандайдыр башкача ойлошконун мен кубануу менен көрдүм: алар аны жеңүүгө болобу же болбойбу деп эмес, кыйынчылыкты *кандайча* жеңүү керектигин ойлошот.

## 74. Кыйынчылыктан коркпоңуз, мейли кыйын болсун — ансыз жаштарды идеялык тарбиялоого болбойт

Кыйынчылыкты жеңүүдө эрдик калыптанат, жүрөк мээрман болот. Каарданбайт, тескерисинче адамга, жакшылыкка назик жана сергек, ал эми жамандыкка келишпес, ырайымсыз келет.

Тарбиялануучуларыбыздын алдында биз ачып көрсөтүп жаткан турмуш — бул даңгыр жол эмес. Жаштар, өзгөчө уландар бардык нерсеге даяр болууга тийиш. Эң катаал сыноолорго даяр болуу керек. Уландарды алардын жолунда кездеше турган кыйынчылыктар менен жоготууларга (мунун бардыгына дайым даяр турушу керек) абдырабай, алсырабай тургандай кайраттуу жана чыдамдуу кылып тарбиялагыла. Ден соолуктун чындыгы жана чыдамдуулугу рухий туруктуулукка байланыштуу. Менин жаш досум, сиздин тарбиялануучуңуз — 16 жашар улан күнү бою какшаткан суукка чыдай аларын, болгондо да иштей аларын текшерип көрүңүз. Куйкалаган күн алдында ал кырк километр жол баса алабы жана мындан кийин бир нече саат эмгектене алабы. Жарым күн ал суусуз чыдай алабы. Мунун баарын кандайдыр жасалма көнүгүү катары иштебеңиз. Турмуштун өзүндө, күндөлүк эмгекте мындай кыйынчылыктар жана азап тартуулар болушу мүмкүн жана болот. Биз уландарга: чыдамкайлыкка көнүккүлө деп айтпайбыз. Биз аларга ошол курактагы жаш колхозчулар аткарып жаткан ишти тапшырабыз: какшаткан январдын суугунда уландар талаага барышып, трактордун чиркегичине чөп жүктөшөт да, аны мал чарба фермаларына алып келишет. Бул эмгектин максатын уландар көнүгүү

үчүн эмес, уйлардын сүт бериши үчүн жасалып жатат деп билишет, чөп болбосо — сүт да болбойт...

Эгерде адам өспүрүм жана балакатка жеткен кезде кыйынчылыкты жана азап-тозокту жеңе билбесе, ал тегерегинен бекерпоз ыңгыраган «энекесинин чабал уулу» эч убакта көрбөгөн нерсени гана көрөт.

## 75. Жаштык эргүүнүн тазалыгын сактаңыз

Ар бир жолу жаштарды тарбиялоо жөнүндө сөз болгондо мен *тынч албаган граждаииндин* жүрөгү жөнүндө улам-улам айта берем. Бул — биздин бүткүл комсомолдук педагогикабыздын өзөгү. Кайдыгерликтен оттон корккондой коркуңуз, менин жаш досум. Бул адамды майда мүдөөчүл, тайкы кылуучу эң коркунучтуу уу, анын эч нерсе менен иши болбойт, ал: «өзүм аман болсом болгону, калганы менен ишим жок», «айтаарын айттым, маа десе өрттөнүп кетсин» деген өзүмчүл ойдун кулу болот. Жаш колдор адамдарга канчалык көп иш жасаса, жүрөк мына ошончолук таза, асыл болот. Ал элдин кубанычы менен кайгысын, коомдун кырсыгы менен камкордугун сезет. Жаш граждаииндин курчап турган дүйнөгө болгон көз карашы ышкылуу жана кыйкымчыл, мүнөзү — тынчсыз жана түйшүкчүл болуп, жүрөктүн асылдыгы жамандыкка, коомдук кызыкчылыкка, кайдыгерликке, адамдык кадыр-баркты басмырлоого эч убакта келише албайт. Жаш жүрөк козголоң чыгарат, каршылык көрсөтөт, кыжырданат. Ал адамды асыл, кооз, мүмкүн кээде алды-артын ойлобогон кескин иштерге да түртөт.

Абийирдин түрткүсү менен жамандыкты биринчи эле көрө билүү, күрөш жүргүзүү, адатта эң асыл болорун эсиңизден чыгарбаңыз. Абийирдин үнүн баспаңыз. Жаштык эргүүнү логикалык ойлор жана бүтүмдөр менен чырмабаңыз. Акылдын жетиктиги, эстүүлүк, жети өлчөп, бир жолу кесе билүү — мунун баары өз убагында келет. Эгерде жаштар дүйнөгө көзү ачылып, жакшылык менен жамандыкты ажыратып биле баштагандагы тынчы жок, беймаза куракта жүрөгүн жалынга толтура албай калса, анда жамандыкка кыжырланган жаш жүрөк аны тыптыйпыл кыла албайт. Силерде суу жүрөк бир да улан, бир да кыз болбосун. Жакшы ишти баалоодо акылдуу болуп, алаңгазарлыктан качыңыз. Салкындык менен тескеген учур болот, чочулабаңыз. Жалындуу жүрөк болсо болгону.

Турмушта кокус күнөөкөрү жоктой жамандык болуп калганда жаштар ага кайдыгер мамиле кылса, андан жү-

рөктүн жеткен бузулушу катары сактаныңыз, ал акыры жамандыкка алып барат, ал өзүнчө бир балээ, аны көргөндө кээде адамдар башын чайкап: айла канча, эч нерсе кыла албайсың,— деп жандап өтүп кете беришет. Мына ушундай фактынын өзүндө чоң коркунуч жашырынып жатат. Сага тиешеси жок балээни кенебей бир-эки жолу жандап өтүп кетсең, сен адамдын түйшүгү менен тынчсызданусуна да кайдыгер карап өтүп кете бересиң.

Кырсыктын көз көрүнөө күнөөкөрү жок кезде да жаш жүрөктөрдө тынчсызданууну жана камкордукту козгоңуз. Жаш жүрөктө: мен бир нерсе иштөөгө тийишмин, эгерде жандап өтүп кетсем, мен бир байкуш өзүмчүл болуп калам,— деген өчпөс от жалындасын. Бул от да кокусунан күйө калбайт, аны тутандыруучу май — тарбиялануучуга тиешеси болбогон түйшүк жана тынчсыздануунун моралдык тажрыйбасы.

Борошолуу жаан учурунда колхоздун короо коюнан жыйырма чакты козу бөлүнүп калды. Кыясы, аларды нөшөр кайдадыр калың бадалга же камышка куюктуруп барып салса керек. А мүмкүн алар кайдадыр бир жерде кара нөшөрдөн кийинки баткактуу көлчөгө тыгылып калгандыр. Биздин уюмга бул кырсык жөнүндө кабар келип жетти. Кана, балдар, издөөгө жөнөйлү. Козулар али кичинекей эмеспи... Үч күндүк азык-түлүк алып, мелтиреген Днепрди бойлоп жөнөп калдык. Козуларды биринин артынан бирин куткарып жатабыз. Кубаныч менен сыймык жүрөгүбүздү толкундатты. Аарыларга чактырып, чарчаганыбыз менен, бакытка маарып, эрдемсип кайттык. Коллективдүү мындай ишти *мен чын пейилдин сабактары* деп атар элем. Алар кырсыктарга, өкүнүчтөргө, тынчсызданууларга жүрөктү сергек кылат, ал сабактар болбогондо: бизсиз эле жөндөп алышат,— деген сенек жансыз ойго такамак.

Чын пейилдин сабактарын мен курчап турган дүйнөдөн эмнеси менендир обочолонбогон, бөлүнүп калбаган нерсе катары элестетем. Бул, менин жаш досум, граждандык турмуш. Бул — келечектин тагдыры үчүн тынчсыздануу менен В. Г. Белинский жазган коомдук кызыкчылыктардын чоң дүйнөсү.

## 76. Комсомолецтерди коомдук кызыкчылык менен жашоого кантип үйрөтүү керек

Мен бир кезде мектеп директорунун класстан тышкаркы иштер боюнча бир орун басарынын докладын уккан элем. Ал коом таануу кабинети жөнүндө: дубалга кандай

плакаттарды жана сүрөттөрдү илгендиги, бөлмөнү кандайча көркөмдөгөндүгү тууралуу толук айтты. Коммунизмди куруучунун моралдык кодексин чоң кагазга жазып, ага кооз алкак жасашкан экен... Ал эми маркстик-лениндик илимдин улуу чындыгы жаш адамдын ички дүйнөсүнө кантип кирери жана андан түбөлүк байыр алары жөнүндө бир ооз сөз айтылбады. «Мына ушул жагынан» эмне иштелип жатат деп сурашканда, директордун орун басары лам дей албады. Анткени коом таануу кабинети жөнүндө катуу буйрук бар, ал эми жан дүйнө жөнүндө эч кандай буйрук жок. Начальниктин гана буйругун аткарып, адамдын жан дүйнөсүсүз, жүрөгүсүз ал эч нерсеге татыбай тургандыгын билбеген адамдар педагогикалык майданда пайдага караганда чоң зыян алып келет деп ойлойм. Менимче, чын пейилдин сабактары — тарбия ишинин бардык звенолорунда жана формаларында эң маанилүү иш.

Бир жолу биз ынтымактуу үй-бүлөбүз менен (комсомолдук уюмубузду ушундайча атайбыз) жүгөрү сотолорун сорттодук: эң жакшыларын дан үчүн мамлекеттик кампага ташып жаткан машинага жүктөдүк, ал эми начарыраак сотолорун чочколордун тоют кампасына алып бардык. Четтен бирөө келип; силер кузовдун түбүнө начарыраак сотолорду таштагыла да, үстүн жакшылары менен жаап койгула, кампадан үстү жагын гана текшерет; биз пландан көбүрөөк өткөрүшүбүз керек,— деген кеңешин айтты. Комсомолецтер бирин-бири карашып, уяла түшкөнүн көрдүм. Ваня Г. чекесине чейин кызарып кетти, ал эми Зина Г. жер тиктеп калды. Алиги чарбакеч четтей басып кетти, менин улан-кыздарым турушат, мен да турам, жүрөгүм кысылууда: кана, силер эмне кыласыңар, чын пейилдин биринчи сабактары силерди эмнеге үйрөттү?

«Мунусу эмнеси?» — деп Шура Ч. күңк этти.

Алар башка ооз ачпады. Өчөшкөнсүп, кыжырдангансып алар кузовго эң жакшы сотолорун ыргыта башташты. «Планды орундатууга» амалдана кеңеш берген адам жаныбызга бир нече жолу келип, комсомолецтердин ишин унчукпастан карады да, кабак-кашын бүркөп, бирок бир да сөз айтууга даай албады... Кимдин абийири жамандыкка, алдамчылыкка, адилетсиздикке бир эле жолу каршы чыкса, ал курчап турган дүйнөнүн көрүнүштөрүнө эң сергек болуп калат; ишсиздиктен, ысырапчылыктан жамандыкты көрө билет, жалганчылыкка, алдоочулукка келишпес болот.

Өспүрүм, улан балакатка жеткен кезинен эле коллективге, коомго таандык байлыктарга кам көрүү менен жа-

шашына умтулуңуз. Айыл чарба өндүрүшүндө чымырканган кыйын кездер болот, ошондо бир да өспүрүм, бир да улан чымыркана иштөөдөн, адамдардын жанын жана жүрөгүн ээлеп алган камкордуктардан четте калбоого тийиш.

Жаз мезгили. Колхоздо миңдеген гектар эгин, жашылча, техникалык өсүмдүктөр себилген. Эгерде өз убагында жумшартпаса, түшүм алынбай калышы мүмкүн. Колхозчулар бул күндөрү эмгекти кантип жакшы уюштуруу, жумуш убактысынын ар бир минутасын кандай пайдалануу жөнүндөгү ойлор менен жашашат. Сиз, тарбиячы, чымыркана иштөө, коомдук активдүүлүк мектеп коллективин да шыктандырышына кам көрүңүз. Өспүрүмдөр, улан-кыздар коомдук жыргалчылыкты, чарбадагы ийгиликти көбүрөөк камсыз кылуучу өндүрүш участкаларында иштегени жакшы. Мектеп окуучуларынын эмгеги чоңдордун эмгегинен бөлүнүп, обочолонуп калбасын. Тарбиялануучуларыңыз менен чоң кишилердин мамилесин тарбиялануучуларыңыз жараткан материалдык байлыктарды чоң кишилер чыдамсыздык менен күткүдөй; балдар, өспүрүмдөр, уланкыздар өздөрүнүн *балалык жана мектептик* эмгегин чоң адамдын эмгегиндей карагыдай уюштуруу жөнүндө кам көрүңүз. Окуучулар коллективинин эмгегине баласынтуу, шарт коюу, аз болсун — мына бул талапты орундатуу менен, биз адамдарды кичине кезинен эле коомдук кызыкчылыктарга кам көрүү духунда тарбиялайбыз.

Биз өзүбүздүн тарбиялык иште окуучулардын эмгектик күч-кубаты, иш аракети коомдук өндүрүш имаратына өз бетинче кыналган кыш катары эсептелишине жетишебиз. Мисалы, кенже окуучулар, I—II класстын окуучулары, жайкы каникулда бир нече күн талаада бирге иштешип, музоолор үчүн эң мыкты, абдан азыктуу — витаминдүү чөп даярдашат. Эмгек үзүрү эң жогорку сапаттагы ондогон тонна тоют. Балдар чөп чогултушат, аны кургатышат, үйүшөт. IV—V класстын окуучулары жашылча өсүмдүктөрүнүн — помидор, капуста, бадыраңдын уруктарын терип даярдашат. Колхоздо муну алардан башка эч ким жасабайт. Эгерде алар коомдук өндүрүштүн имаратына өз кышын кынабаса, анда бул имараттын курулушу токтоп каларын балдар эң сонун түшүнүшөт. Эмгек чыйырынын алгачкы кадамынан тартып эле эмгек коомдук мүдөөнү көздөп калат.

Чоңураак пионерлер жана комсомолецтер бир кыйла олуттуу иштерди аткарышат. Колхоздо ар жылы бөлүп берген 10 дон 15 ке чейинки пионердик жана комсомолдук гектарларда алар буудайдын, жүгөрүнүн жана башка

өсүмдүктөрдүн үрөндөрүн өстүрүшөт. Бул жерде айыл чарба эмгегинин бүткүл цикли — жер айдагандан түшүм жыйнаганга жана аны кампага өткөргөнгө чейин бүтүндөй окуучулардын күчү менен иштелет.

Алар өздөрүн кадыресе колхозчулардай эле сезишет. Комсомол комитетинин секретары жана пионер дружина советинин председатели чоң адамдар бригадасынын бригадирлери сыяктуу эле отчёту менен колхоз башкармасынын жыйынына чакырылышат. Чарбалык, экономикалык кызыкчылыктар мектеп коллективинин рухий турмушунда чоң орунду ээлейт. Материалдык байлыктарга камкордук мектеп коллективиндеги өз ара мамилелерге, пионерлердин жана комсомолецтердин ой жүргүртүүлөрүнүн бүткүл түзүлүшүнө өзгөчө кошумча маани берет. Ой-пикирдин жетилишин, *өсүшүн* тарбиялаш үчүн биз мектеп балдарынын эмгекчилер менен гана эмес, мектеп коллективинин өз ичинде да экономикалык, чарбалык мамилелерине да кам көрөбүз.

## 77. Мектеп коллективинин ичинде эмгек мамилелерин кантип түзүү керек

Менин жаш досум, бул жерде биз коллективди түзүүнүн жана тарбиялоонун өзгөчө маанилүү элементине келебиз. Сөз жоопкерчилик, жетекчилик, баш ийүү, өз ара жардамдашуу, эмгектештик, тажрыйба алмашуу сыяктуу түшүнүктөрдүн материалдык мамилелери, материалдык көрүнүштөрү жөнүндө бара жатат. Эгерде материалдык байлыктар үчүн жоопкерчилик жок болсо, жоопкерчиликти сезүү жөнүндөгү бардык сөз балалык былдыроо болуп кала берет. Эгерде коллективдин мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелерге өз ара жардамдашуу, кызматташтык идея жана тажрыйба алмашуу болбосо, анда коллектив жок жана ал болбойт.

Биздин мектептин пионер уюмунун *чакан механизациялуу бригадасы* бар. Бригаданын карамагында мектептин окуу-тарбия участогундагы иште, ошондой эле балдардын политехникалык ийримдеринде пайдаланылчу машиналар жана механизмдер бар. Бригададагы мугалимдер жана жогорку класстын окуучулары курастырган кичинекей трактор менен пионерлер мектеп участогун жана бак ичин иштетишет. Бригададагы кенже окуучуларды үйрөтүш үчүн кичинекей эки автомашина, эки сеялка, чөп чапкыч машиналар, молотилка, эгин тазалагыч машиналардын баары мектепте жасалып, балдар эмгегине ылайыкташтырылган.

Комсомол уюмунда *жаш механизаторлор бригадасы* бар. Бригада бригадирди, эки жардамчыны, эки механикти шайлайт. Анда жаш электр техниктердин звеносу да бөлүнүп коюлган. Пионерлер жана комсомолецтер айткандай, бригаданын карамагындагы *чоң техника* — трактор, эки автомобиль, комбайн, сеялкалар, дан тазалагыч машиналар бар. Бригадир жана анын жардамчысы, бригаданын тапшыруусу боюнча техниканын жана ремонттук базанын ээси болуп саналышат (алардын карамагында аккумуляторлорду заряддоо үчүн установка, электр ширетүүчү аппарат бар). Алар бул же тигил жумушту орундатарда жаш механизаторлорду дайындашат. Механизаторлордун бригадасында иштөө — бул чоң урмат. Адамды тракторго отургузардан мурда жаш механизаторлордун бригадири иштегиси келгенден бир топ зачёт алат (мисалы, окуучу токардык станокто машина тетигин даярдайт, жаңы механизмди конструкторлоого жана курaштырууга катышат). Жазгы жана жайкы талаа жумуштарынын мезгилинде бригадир жаш механизаторлордун талаада (пионердик гектарларда жана колхоздук талааларда) иштөө кезегин белгилейт.

Пионердик жана комсомолдук уюмдарда дагы эки бригада бар, алар: *жаш дыйкандар бригадасы жана жаш багбанчылар бригадасы.* Бул эмгек коллективдеринин карамагында тажрыйба участкасы, бак, мектептик бал челек, өсүмдүк жана бакчачылык боюнча кол шаймандар бар.

Чарбалык материалдык мамилелердин тажрыйбасы комсомол жана пионер уюмдарына көптөгөн материалдык байлыктын ээси болууга мүмкүнчүлүк берет. Биздин пионерлер жана комсомолецтер окуу-тажрыйба участкасынан, жемиш багынан, огороддон мектептин ички чарбалык эсебине түшкөн каражаттарды бөлүштүрүшөт. Жемиш, жашылча, көчөт сатуудан түшкөн акчаны окуучулар кириш кылышып, бухгалтерияга өткөрүшөт. Жыл бою бир кыйла акча топтолот. Комсомол комитети жана пионер дружинасынын совети акчаны музыкалык аспаптарды алууга, саякат жасоого чыгымдашат. Бул комсомолецтер менен пионерлердин турмуштук тажрыйбасын байытат.

Эмгек менен тыгыз байланышкан чарбалык, материалдык, экономикалык мамилелер — ар башка курактуу коллективдердеги окуучуларды бириктирген жиптердин бири.

## 78. Ар башка курактуу коллективдерди жайдак жерге курууга болбойт

Албетте, материалдык, чарбалык мамилелер башка түрдөгү мамилелерди — рухий мамилелерди пайда кылат. Чарба мамилелеринин маңызынын өзүн түзүүчү эмгек канчалык кызыктуу болсо, ар башка курактагы тарбиялануучулардын ортосундагы рухий мамилелер ошончолук терең болушу мүмкүн. Бир коллективде иштешкен балдар, өспүрүмдөр жана уландар машиналар менен механизмдерди башкарышса, практикалык татаал ыктарга көнүгүшсө, бири-бири менен билим жана тажрыйбасын бөлүшсө, башкача айтканда, рухий ымалада болушса, ошондо гана иш кызыктуу болот. Эмгекке шыктануусуз, билимге чаңкоосуз, татаалыраак ыктарга жана машыгууга ээ кылуучу биргелешкен иш аракетсиз ар башка курактагы тарбия куралы боло албайт. Бирок да ар башка курактагы тарбиялануучулардын эмгеги менен рухий турмушун кошо алсаңыз, анда сизде коллективдин жеке адамга таасир көрсөтүшүнүн жаңы, эң күчтүү булагы пайда болот.

Бул тарбиялык таасирдин мааниси — кызыгуунун, жөндөмдүн, шыктын, ынтаанын жалпылыгы бала менен өспүрүмдү, өспүрүм менен уланды бири-бирине тарткандыгында жатат. Бул учурда инсандын белгилери ачык-айкын ишкердикте көрүнөт. Ар башка курактагы коллективдин тарбиялык иштеринин натыйжасы — жакшы үлгүнүн таасири астында бала, өспүрүм ал кандай адам болгусу келгендигин баамдап түшүнгөнсүп, анда ошол идеялга, үлгүгө жетүүгө умтулуунун пайда болгондугунда жатат. Кызыктуу, өзүнө тарткан эмгектен улам келип чыккан рухий мамилелерсиз деги эле *кандайдыр бир* киши болууга умтулуу тарбиялануучунун оюна келбейт дагы, боло албайт дагы.

Ар башка курактагы эмгек (аларды чыгармачыл деп да атоого болот) коллективдери ыктыярдуу түзүлүүгө тийиш. Бул жерде бир окуучуну экинчисине *бекитүүгө* болбойт. Пионерлер жана комсомолецтер жөндөм, шык, ынтааны эң кылдат сезишет, алар мерчемдүү бир ишке кызыкпагандарды механизаторлордун же дыйкандардын бригадасына эч убакта чегеришпейт.

Ар башка курактагы коллективдин бөлөк түрү да бар. Биздин тарбиялануучулар жайкы каникул мезгилинде, адатта, эч жакка барышпайт — айылыбызда эс алуу шарты эң сонун. Ар бир көчөбүздө, украиндар айтышкандай, ар бир «буйткада» элдик педагогиканын очогу бар. Элдик

педагогиканын кичинекей мектебин биз ушундайча атайбыз. Бул мектептердин ар биринин уюткусу болуп балдарды жанындай көргөн киши саналат. Бул же эс алууга чыккан өндүрүш ветераны, же балдар менен баарлашуу, кубаныч, рухий текшилик тартуулаган жаш жумушчу, колхозчу, кызматкер. Биз өзүбүздүн коллективде мындай адамдарды элдик педагогиканын очогун сактоочулар деп атайбыз. Алардын тарбиялык таасири өтө зор: коздукту коздук гана түзөт, адамды адам гана жаратат.

Мектепте отуз жылдан ашык иштеп, адам башкаларды тарбиялаганда, башка адамга кам көргөндө гана өзү жакшы тарбиялана турганына ишендим. Биздин педагогикалык коллектив ар бир тарбиялануучу өспүрүм кезинде эле кичинекей балага мээримдүүлүк менен кам көрүшүнө умтулат. Балага сергек, тилектеш болуп, тынчсыздануу — бул сезимдер өспүрүмдөр жана уландар коллективинин эмоциялык асыл негизи болуп саналат. Бул сезимдер иш аракетте канчалык активдүүрөөк билинсе, өспүрүмдүн — баланын жана уландын жүрөгү ошончолук назик жана кайраттуу, ал эми кичинекей кыздын жана бой тарткан кыздын жүрөгүндө аял затына таандык назиктик мына ошончолук көп болот.

## 79. Тарбиялануучуңуз тарбиячы да болушуна кам көрүңүз

Биздин комсомолдук уюм эл үчүн талаада Коздук Бурчун түзгөндө, биздин ынтымактуу үй-бүлөнүн турмушуна күтүүсүздөн комсомолдор Наталочка деп эркелетчү Наташа деген кичинекей кыздын тагдыры келип кошулду. Кыз айыл четинде жашачу. Анын энеси гана бар эле. Наталочка үч жашында катуу ооруп, баса албай калды. Жазында жана жайында энеси кызды кичинекей арабага салып, аны барпайган алманын түбүнө коюп жүрчү. Көкмөк короо, алмалар, эки бал челек, кудук, сарайдагы каракунас, Пальма деген ит жана ал кайтарган коёндор — Наташанын бүткүл дүнүйөсү мына ушулар эле. Үнү бийик жана сүйлөөк, ошол эле убакта оорусуна кайгыланган кыз бизден али көрө элек талаа гүлдөрүн алып келип берүүнү суранды. Ушу бойдон бул кыз айыкпай калабы деген ой ар бирибиздин жүрөгүбүздү мыжыды. Аны врачтар дарылашты, бирок тез айыгып кетишине үмүт жок эле: нерв системасы катуу жабыркаса керек, кыздын буттары кыймылсыз. Сага кандай жардам бере алар экенбиз, кичинекей Наталочка?

Ал үчүн эмне гана кылбадык! Биз анын чоң бөлмөсүн кадимкидей бакка айландырдык: карагай жана арча көчөттөрүн отургуздук, мектеп теплицасынан сеңселген гүлдүү кооз өсүмдүктү алып келдик. Терезенин түбүнө розаларды отургуздук. Бир жылдан кийин кыз мектепке барууга тийиш эле, биз аны окууга, сүрөт тартууга үйрөтө баштадык. Кышы бою анын бөлмөсүндө гүлдөр гүлдөп турду. Бирок кыз купкуу, арык эле. Наталочкадан кайтып келе жатып, Т. Зинанын жана М. Галянын тымызын ыйлап жатышканын көрдүм. Биз жаздын эртерээк келишин самадык.

Жазында жаңгак жалбырак байлары менен, биринчи талаа гүлдөрү ачылары менен, биз Наталочканы кол арабага отургузуп алып, Коолдук Бурчуна алып бардык. Кыз таңдануу менен өзүнө жаңы дүйнө ачты, дөбө үстүндөгү закымдын толкуну, торгойдун сайрашы, зор чегирткелер...— мунун баары ага тааныш эмес эле. Коолдук Бурчунда балдар, кыздар алачык жасашты. Жайкы каникулдун көп күнүн биз ушул жерде өткөрдүк. Талаанын жанга жагымдуу таза абасы, жаңгак жалбырактарынын атыр жыты, кызыл помидорлор жана ширелүү дарбыздар, тиштегенде качыраган алмалар — мына мунун баары Наталочка үчүн, балким, эң мыкты дары болду. Анын өңүнө кызыл жүгүрдү, көздөрүндө кубанычтын оттору ойноду. Эки жылдан кийин ал басып кетти.

— Дары менен гана эмес, кубаныч менен да айыктырат. Өзгөчө мына ушул Наталочканыкындай ооруларды,— деди врач.

Оору кызга эки жарым жыл чын ыкластан көргөн камкордук эч бир нерсе менен салыштыргыс чын пейилдин сабактары болду. Улан-кыздар кырсыкты, түйшүктү, көзгө көрүнгүс камкордукту жүрөгү менен сезүүнү, таанып-билүүнү үйрөнүштү. Эгерде коллектив балага кам көрсө, ал эң чоң бактысыздыкка — адамдык жалгыздыкка эң сергек болуп каларына ишендим.

### 80. Улан-кыздар жалгыздыкты буйтап өтпөгүдөй коллективди тарбиялаңыз

Наталочка али баса электе тарабиялануучуларым жаңы кырсыкка кабылды. Бир күнү токойдон кайтып келе жатып, бизди ойлуу, кайгылуу узата караган аялды кезиктирдик. Айылда тааныш да, тааныш эмес да адамдын баары менен учурашуу адат эмеспи. Биздин *кутмандуу кечиңиз менен* деген саламыбызга ал: *ден соолугуңар чың бол-*

*сун, айланайындарым,*— деп жооп берди эле, биз анын үнүнөн кайгыны сездик.

«Эмне үчүн анын көздөрү мындай кайгылуу?» — деп сурады балдардын бири.

«Анын чоң кайгысы бар... бирок кандай?»

Бир күн өткөндөн кийин биз ал аялдын кайгысын билдик, ал бизди катуу чочутту. Анын үч уулу, күйөөсү жана эки бир тууганы Улуу Ата Мекендик согушта эрдик менен курман болушкан экен. Ал эми жакында эле анын дүйнөдөгү бирден-бир жакын адамы — энеси каза болуптур. Аял жалгыз калган.

Мария чоң эненин жүрөк тагы биздин жүрөктүн тагы болуп калды. Сизге биз эмне менен жардам бере алабыз, кымбаттуу адам? Биз аялдын оор тагдыры жөнүндө билгенибизде: «Сиз жылмайып гана койсоңуз, биз жүрөктөрүбүздүн бардык жылуулугун сизге берер элек»,— деди Костя К.

Мария чоң эне бизге жылмайып күлгөн күн да келди. Өзүнүн уулдарын эстеп күлдү. Качан биз ага анын уулдарынын, күйөөсүнүн жана бир туугандарынын урматына алты түп жүзүм, алты түп роза олтургузганы келгенде күлдү. Ал күлдү, андан соң анын көздөрүнөн жаш төгүлдү, биз да ыйладык... Анткени буга чейин дүйнөдө мынчалык энелик зор кайгыны көргөн эмеспиз. Анын кайгысын аз болсо да жеңилдеткибиз келген. Аны жалгыз калтырууга болбой турганын жүрөгүбүз менен сездик, анткени жалгыздык аны жабырлатат. Жүрөгүбүз чоң энени соороттууга да, кайгы-муңун унутуп коюуга да кеңеш берүүгө болбой турганын айтты. Ал кайгы анын көкүрөгүндө түбөлүккө — көргө киргенге чейин кала турганын сездик.

Бул карыган аял балдар-кыздарды көргөндө жылмайды. Биз Мария чоң энеге күн сайын келип, анын Кооздук багында иштеп жүрдүк. Розалар гүлдөдү, жүзүм шиңгилдери жетиле баштады. Балдар-кыздардын көзүн карап, алардын шыбырашканын угуп, алар көңүлүнүн тереңинде чоң эненин алдында күнөөлүү сезишкенин байкадым. Алар турмушка кубанышат, күлүшөт, бири-бирине, күнгө жана ачык асманга жылмайышат, ал эми тигинин уулдары согушта курман болгон,— балдар жана кыздар мына ушуну сезип жатышты. Бул жакшыбы же жаманбы деген ой кетти мага. Ооба, жакшы. Алар аны сөз менен эч бир айтып бере алышпас бул татаал сезимде алардын бактысы үчүн курман болгондордун алдында асыл милдет жатат.

Жүрөктүн мээримдүү түйшөлүүсү, таза, көтөрүңкү эргүүлөр — мына бул байлыктарды жетилген курагыңызда

издесеңиз, анда аны эч качан таба албайсыз. Аны жаш кезде табыңыз жана жаратыңыз. Аны баа жеткис казына катары сактаңыз.

Тарбияланууучуңузду адамды көрө билүүгө үйрөтүңүз деген кеңешти улам-улам миң ирет берүү пайдалуу. Ар бири адамды өзүн күзгүдөн көрө билгендей көрүүгө үйрөнсүн. Ар уланга, ар бир кызга бул күзгүнү берип, ага карана билүүгө үйрөтүңүз — бул педагогикалык акылмандуулуктун бийиктиктеринин бири. Эгерде сиз жаштардын анык тарбиячысы болгуңуз келсе, бул күзгүдөн эң назик, эң ыйык, эң бир күтүүсүз белгилерди көрө билүүгө үйрөтүңүз.

## 81. Тарбиялануучуңузду куру сөз сүйлөөдөн сактаңыз

Буга атайын көңүл бөлүп жатканымдын себеби — дат басуу коллективди ажыраткан сыяктуу куру сөз адамдын жан дүйнөсүн бузат. Куру сөз болгон жерде иш жүзүндө коллективдин идеялык биримдиги жок жана болууга мүмкүн эмес. Куру сөз — бул куралды ой келди шилтөө, куралды оюнчукка айландыруу, бул — адамды рухий жактан куралсыздандыруу.

Аны менен бирге, жеткен кара ниеттик катары жалганчылыктын, эки жүздүүлүктүн уусунан сактаныңыз. Акыйкат балалык, өспүрүм чактан эле балдар-кыздардын каны-жанына, адатына өткүдөй болсун, ар нерсени өз атынан айтуу адаты мүнөзүнө, турпатына айлансын. Тарбиялануучуңузду жел өпкөлүккө, куру чечендикке, куру кыйкырыкка, мактанчаактыкка келишпес жана чыдабас кылып тарбиялаңыз.

Бул алтын чындыкты кантип ишке ашырууга болот? Бул жерде биз өзүн-өзү тарбиялоо жөнүндөгү маселеге жакындап келдик. Эгерде сөз адамдын дилинде жашаса, эгерде ал көңдөй сөзгө айланбаса, анда ал өзүн-өзү тарбиялоонун кубаттуу каражаты болуп кала тургандыгына мени жаштарды тарбиялоонун көп жылдык тажрыйбасы ишендирди. Балдар-кыздарды сөздү самандай сапырбоого, коздук үчүн, «жөн-жай эле» эч нерсе сүйлөбөөгө үйрөтүңүз. Мен тарбиялануучуларыма: эгерде сен бир ишти жасагың келип, бирок ага ишене албасаң, убада беремин, жасаймын,— деп эч убакта айтпа. Андан көрө: ушундай кылууга өзүмдү мажбурлагым келет, мына ушундай кылууга өзүмдү мажбурлаймын,— деп айт. Ошентип өзүңдү мажбурла. Канчалык кыйын болсо да, койгон максатыңа жет. Он ирет кайталап жаса, бирок ал үчүн адамдардын алдында уят болбогудай бол,— деп үйрөтөм.

Өзүн-өзү тарбиялоо процесси эч убакта жылма, кыйынчылыксыз өтпөй турганын унутпаңыз. Өзүнүн алсыздыгын жеңүүдөн кыйын жеңиш жок. Жаштардын тарбиячысы, акыйкаттык — бул баарынан мурда адамдардын алдында жана ошол эле кезде өзүнүн алдында, өзүнүн абийиринин алдында чынчыл болуу дегендикке жатары эсиңизде болсун. Өзүнө өзү туура баа берүү — бул: эмнени иштей алам, Эмне колумдан келбейт, өзүмдү өзүм жетилтүү бийиктигине кантип чыгып бара жатамын, ага көтөрүлгөн соң, мен эми *өз эркимдин ээсимин,*— деп айтууга укугум бар,— мына мунун баарына туура баа берүү чынчылдыктын жана абийирдүүлүктүн өзөгү болуп саналат.

Турмушту туура чагылдыруу — чынчылдыктын күзгүсү эмгек менен жылмаланат. Ой-пикир жана сөз иш менен, эмгек менен жанданышына умтулуңуз. Чыккан сөздүн артында чоң иш турсун. Тарбия ишинде баары өз ара байланышта боло турганын дагы бир ирет кайталап айтууга туура келет. Чынчылдык жана абийирдүүлүк, жалганчылыкка жана алдамчылыкка келишпестик эмгектин улуу чындыгынан келип чыгат. Кимдин колдору чор болсо, акыйкат сөз мына ошонун тилинде,— деген байыркы украиндардын акылман сөзү бекеринен айтылган эмес. Эмгекчинин жүрөгү жалган менен калпка каршы турат, кыжырланат. Чындыктын тамырлары — жалпы жыргалчылык үчүн болгон эмгекте, адамдар үчүн жаратуу ырахатында, кыйынчылыктарды жеңүүдө. Ким баарын жеңил, кыйынчылыксыз, чымырканууусуз жасаса, анын ою көпөлөк сыяктуу жеңил болуп калат. Ал эми ой-пикир чоң эмендин сөңгөгүндөй бекем, октой күчтүү оттой алоолонгон болууга тийиш.

Акыйкаттын бекемдиги, ой-пикирдин туруктуулугу, чындыктын ачыктыгы — мына булар башаттан оргуп чыгып жаткан кайнар булактар, алардын аты — *кыйынчылык.* Кыйынчылык эмне экенин жаштар билүүгө тийиш. Өзүнүн жеке тажрыйбасынан билүү керек. Кимде-ким кыйынчылыкты аңдап билсе, ал сөздү кадырлайт жана куру сөзгө чыдабас мамиле кылат.

## 82. Тарбиялануучуңузду өзүн-өзү тарбиялоого кантип үйрөтүш керек

Коммунисттик тарбия процессинин илимий жактан түзүлүшү коллектив менен инсандын рухий турмуш байлыгынын өз ара көз карандылыгы жөнүндөгү маселени эң курч, эң керектүү маселелердин бири катары көтөрөт.

Эгерде ар бири керектөөчү *гана* болсо, рухий шайкештик жана байлык коллективдин турмушуна кайдан келет? Коллективдин рухий байлыгынын башатын толуктоочу шылдыр суу кайдан агып келип жаткандыгын эң олуттуу ажыратып карабай туруп, коллективди инсандын тарбиячысы катары сөз кылууга болобу? Өз жолдоштору менен баарлашкан ар бир адам алардын алдында ар күнү өзүн ачып көрсөтө албаса, анда адамдардын тобу уюшулбаган чалды-куйду бир топ болуп калат. Инсан жана коллектив — бул бир медалдын эки жагы. Инсанды тарбиялабай туруп коллективди тарбиялооочу күч катары эсептөөгө мүмкүн эмес, ал эми инсанды тарбиялоо өзүн-өзү тарбиялоосуз ойго келбеген нерсе. Кеңири мааниде алганда, тарбия деген түшүнүктү мен коллективдин тарбиясы менен инсандын тарбияланышынын өз ара айкалышы катары эсептейм, ал эми инсанды тарбиялоодо өзүн-өзү тарбиялоого чоң роль таандык.

Адамды тарбиялоо — демек, бул анда өзүнө-өзү талаптуулукту тарбиялоо дегенге жатат. Бул адамды дайыма колунан жетелеп жүрбөй, ал өзүнө-өзү жооп бергидей, турмуштук жеке көз карашын иштеп чыгыш үчүн анын өзүнө мүмкүндүк бергенде гана болот.

Иш жүзүндө муну кандай жасоо керек?

Адамды кичинесинен өзүн таанып-билүүгө жана өзүн тарбиялоого үйрөтүңүз. Өзүн-өзү таанып-билүүнүн урааны улуу ойчул жана сүрөткер Ф. М. Достоевскийдин: «Өзүңдү өзүңдөн тап, өзүңдү өзүңө баш ийдир; өзүңө өзүң ээ бол»[14],— деген сөздөрүндө жакшы билдирилген. Сезимди тарбиялоо, ой менен эркти тартипке салуу, мүнөздү калыптандыруу жана токтоо кылуу — өзүн таанып-билүү жана өзүнө-өзү ээ болуу менен адам мына мунун баарын өзү жасоого тийиш.

Өзүн-өзү тарбиялоо эң маанилүү, кубаттуу демге өзүнүн кадыр-баркын сезүүгө, өзүн-өзү урматтоого, кечээкиден бүгүн жакшы болууну каалоосуна муктаж. Өзүн-өзү тарбиялоо качан адамдын жан дүйнөсү таасир көрсөтүүнүн назик, нагыз адамдык каражаттарына — жакшы сөзүнө, кеңешине, жароокер же жекирген көз карашына эң сергек болгон шартта гана мүмкүн. Эгерде адам ороойлукка көнүп, «катуу» сөзгө, кыйкырыкка, аргасыздандырууга гана жооп кайтарса, анда өзүн-өзү тарбиялоо жөнүндө сөз болууга мүмкүн эмес. Өзүн-өзү тарбиялоо маңызы боюнча адамдын адамга ишенишине, инсандын абийири менен кадыр-баркына кайрылууну ылайык көрөт. Өзүн-өзү тарбиялоого педагогикалык жетекчилик кылуу — бул баарынан

мурда жакшы ниеттерге өз ара ишенишкен педагог менен тарбиялануучунун ортосундагы мамиле.

Көп жылдык тажрыйбама таянып, тарбиячыга: тарбиялануучуңуздун өзүн-өзү тарбиялоосу сиздин тарбиялык таасириңиздин мерчемдүү стилин талап кылат деген практикалык кеңеш бергим келет. Сиздин коллективде тынчтык өкүм сүрүүгө тийиш, кыйкырык-чуу, кыжырдануу болбоо керек. Эгерде тарбиячынын кез-кези менен бул же тигил тарбиялануучуга *жини кайнаса,* эгерде бул жаман сезим кыйкырыктан, кызуулук менен жазалоодон, тарбиялануучуну колдон келишинче катуу *сөгүүдөн кубат алып* турса, анда өзүн-өзү тарбиялоо жөнүндө ойлоп да кереги жок. Адамды канчалык көп *жекирсе, сөксө, жазаласа,* ал жакшы сөздү ошончолук аз сезет, Л. Н. Толстой *жакшы ойлонуу*[15] жөндөмдүүлүгү деп атаган жөндөмдүүлүк анда аз өнүгөт.

Нормалдуу тарбия жазалоосуз болууга тийиш — мен буга бекем ишенем, бул ишеним китептик ой корутундуларды натыйжасы эмес, көп жылдык практиканын жыйынтыгы. Жолдош педагогдор, алдын ала эскертишим керек: сөз *балдар жөнүндө, баланы* жазалоо тууарасында бара жатат. Бардыгы жазалоого негизделген жерде өзүн-өзү тарбиялоо болбойт, ал эми өзүн-өзү тарбиялоосуз жалпы эле тарбиянын өзү нормалдуу боло албайт. Боло албайт, анткени жазалоонун өзү тарбиялануучуну абийирден кетирет, ал эми абийир — өзүн-өзү тарбиялоонун башкы жылдыргыч күчү: абийир козголбогон жерде өзүн-өзү тарбиялоо жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес. Жаза алган: эми кылык-жоругума баш оорутуп кереги жок, мен тиешелүүмдү алдым,— деп ойлойт.

Биздин мектепте мындай окуя болду. III класстын окуучусу, тогуз жашар Костя рогатка менен таранчыларды аткан. Чымчыкты жаралап, кармап алып, аны кыйнаган. Мугалим баланы класс менен токойго барууга ага үч жолу тыюу салуу менен жазалаган. Балдар чыдамсыздык менен күтүшкөн кызыктуу сейилге экинчи жолу чыгаар алдында Костя сабактарда томсоруп, кабагы бүркөө отурду, мугалимдин суроолоруна туш келди, орунсуз жооп берип жатты. Класс токойго кеткенде, бала мектепте калды. Анан ал саман менен жабылган сарайдагы уялардан чымчыктын кызыл эт, алсыз бир топ балапанын алып, мугалимдин столуна салып коёт. Бир күндөн кийин (токойго болгон жүрүш дем алыштын алдыңкы күнү өткөрүлгөн) мугалим столун ачып, балпандарды көрөт, анын баары дээрлик тумчугуп өлүп калыптыр.

Бул ырайымсыздыкты эмне менен түшүндүрүүгө болот? Эмне үчүн жазалангандан кийин бала көбүнчө жинденип кетет? Анткени таасир көрсөтүүнүн «күчтүү» каражаты баланы ойдон, ой жүгүртүүдөн, ой толгоодон бошотот: ал өзүн уятка калтырган кылык-жоругуна эмес. жазалаганга кейийт; ал чынында жаман кылыктары жөнүндө унутуп да коёт; ал эми тарбиянын логикасы боюнча бала ал туурасында ойлонушу, жыйынтык чыгарышы керек эле. Кеп бала *начар ойлогонунда* болуп жатпайбы. Ал өзүн ызалап койгондой ойлоп, анын жүрөгү кыжырга толот. Ага кошумча, эгерде жазалоодо кенедей гана адилетсиздик болсо, анда кыжырдын көчкүсү мугалим үчүн күчтүү, күтүлбөгөн уроонун коркунучун туудурат.

Нормалдуу тарбияны мен көз алдыма мындайча келтирем: бала уятка каларлык олуттуу жосун жасабайт, ал эми кичинекей, анча эмес «күнөөлөрүнө» ал терең кайгырат, жүрөккө жакын кабыл алат, уятка калганына өкүнөт — бул эң башкысы. Тарбиялоо чеберчилиги — бул жаман кылык-жоруктарды болтурбай коюуну алдын алуу. Эмне менен алдын алууга болот? Баарынан мурда бала менен жекече аңгемелешүү керек.

## 83. Тарбиялануучу менен жекече аңгемелешүү чеберчилигине ээ болуңуз

Балалыккка баш багып, балдар өздөрүн кандай алып жүрөрү, бири-бирине, эне-атасына, андан сизге, педагогго кандай мамиле кылары жөнүндө ой жүгүртүп көрүңүз, ошондо сиздин алдыңызда бала өзүнүн ой-сезимин чечилип айтып, ички сырын төккүсү келип турганына ишенесиз.

Бирок сиз баланы тыюу, токтотуу өтүнүчү же талабы менен эч кимге эч качан кайрылбаган шартта гана ал сиздин алдыңызда өзүнүн ички сырын чын жүрөктөн ачып берет. Айталы, тарбиялануучуңузду жакшы болууга энеси жана атасы аргасыздандырат деп үмүттөнсөңүз, бул үмүтүңүз жөнүндө бала билсе же эмнеге таянып үмүттөнүп жатканыңызды ага атайын айтсаңыз, анда ишиңиз ойрон болду дей бериңиз: өзүн-өзү тарбиялоо турсун, сиздин класста нормалдуу тартип болбойт. Ата-энелерге кайрылуу, алар менен аңгемелешүү керек, бирок анын эң кымбат, сүйүктүү адамдарын мугалим коркуткуч кылып жатканы жөнүндө балага эч качан ой келүүгө тийиш эмес. Тарбиялоодо бала адамды мокочо катары карашына такыр жол бербөө керек. Баланы энесинен, атасынан, мугалимден коркпой, тескерисинче аларды сүйгүдөй кылып тарбиялаш

керек. Деги эле анын сүйүктүү адамдары болушу зарыл. Бала анын коркунучу менен абдыроосун тарата алган, соороткуп, өз күчүнө ишендирген, анын жеңил жаралануучу сезимине, баарынан мурда анын беделине орой, этиятсыз мамиледен коргоого жөндөмдүү адамды гана чындап сүйө алат.

Эгерде педагог баланын сүйүктүү адамы боло албаса, анда анын ишенимине, сыр жашырбас ачык-айрымдыгына, ак пейилдигине кантип үмүт кыларына таңым бар.

Балдардын датына кол шилтебеңиз деп кеңеш бергим келет. Балдардын бардык даттануусун ушак деп, ал эми бардык кичинекей даттануучуларды, менин бир тааныш мугалимим айткандай, «ыйлаак ушакчылар» деп эсептебеңиз. Бул мындай эмес. *Датты да уга билиңиз.* Дегеле баланы уга билүү — бул педагогикалык чоң чеберчилик. Бул чеберчилик жок жерде өзүн-өзү тарбиялоо жок жана мүмкүн эмес.

Тарбиялануучу өз көңүлү менен сизге келүүгө, сиздин алдыңызда ички дүйнөсүн ачып берүүгө жетише алыңыз. Баланын жүрөгүнө назик, аяр мамиле кылуу керектигин, назиктик жана этияттык менен гана аңгемеңиз аркылуу сиз баланы өзүн-өзү тарбиялоого козгой аларыңызды билип коюңуз. Эгерде мектепте мээрим жана өз ара ишеним өкүм сүрсө, тарбиялануучунун көңүлү маң болсо, анын жан дүйнөсүн жабыркаткан нерсени ажыратып түшүнө албаса, чындык кайда экенин, эмне кылуу керектигин билбей жатса, ал сизге келе тургандыгы эсиңизде болсун. Баланын толкунданган аңгемесинен мындай суроолорду сиз эшитпей калышыңыз мүмкүн экендиги эсиңизде болсун, бирок аларды сөз арасынан баамдай билишиңиз керек. Адам сизге ишенип айткан сырды сактай билиңиз — бул тарбиялоого да, өзүн-өзү тарбиялоого да тиешелүү педагогиканын жөпжөнөкөй эрежелеринин бири. Сизге ички дүйнөсүн ачуу менен, эң ыйык жана татаал нерсе жөнүндөгү жашыруун сырын айтып коюшу мүмкүн экенин эшитиңиз. Сиз андан чоң адамдар тезинен кийлигишүүнү талап кылган кесепеттүү жорук жөнүндө, тарбиялануучуларыңыздын ортосундагы өз ара мамиле жөнүндө угушуңуз мүмкүн. Мындай учурда чыдамкай болуңуз, кызуу кандуулукту акылга салып токтотууну, ошол эле убакта салкын кандуулугуңузду жылуу сезимдин жалыны менен жандандыра билиңиз. Сизге сырын айткан тарбиялануучу менен аңгемелешкенден кийин эч убакта аны жазалабаңыз — бул дайыма эсиңизде болсун. Жаш жанды өтө катуу жаралантуучу жазалардын бири — бул, анын жеке жүрөк сырын

коллективге жарыя кылуу экенин көңүлүңүзгө түйүп коюңуз.

Эгерде тарбиялануучунун башына кайгы, кыйынчылык, өкүнүч, ыза, адилетсиздик түшүп, апкаарып турса, ал кадырлаган жана сүйгөн, ишенген адамына өзүнүн ой-санаасын төгүүгө умтула турганын дагы бир ирет кайталап айтам. Бирок ар бир ак ниет жана сыпаа адам мындай учурларда өтө тартынчаак болушат. Тарбиялануучуңуздун көзүнөн анын жан дүйнөсүнүн назик кыймылын көрө билиңиз. Аны менен жалгыз калуу жолун табыңыз. Миңдеген сөздөрдүн арасынан бирден-бир асыл сөз табыңыз, ал сөз кылдаттык, акылдуулук, сылыктык менен тарбиялануучуңуз сырын ачып берүүгө түрткү бергидей болсун.

Эгерде адам сизге сырын айтса, бул тарбиялык ишиңиздин чоң ийгилиги. Бирок андан аркысы анын көңүлдөгүсүн сиз канчалык тапканыңызды тарбиялануучуңуз *кандайча көргөндүгүнө жана сезгендигине* байланыштуу.

Эгерде тарбиялануучу өзүнүн кубанычы жана кайгыкапасы менен мугалимге барбаса, эгерде ага тарбиялануучу ички сырын айтпаса, анда кандайдыр бир тарбия жөнүндө сөз кылуу деги эле күлкү келтирет,— ал бул жерде жок, жок жана да жок деп ырастоо менен, мунун чындыгы үчүн башымды да саяр элем. Сүйүктүү тарбиячысына тарбиялануучунун жүрөгүнүн ачылышы — бул сезимдердин жана ой-пикирдин өз ара асылданыш процесси. Жан дүйнөсүнүн жабыркашы жөнүндөгү ой-пикирин ортого салуу менен, адам баарынан мурда сезимди асылдандырат: жупуну сезимдер өтө назигирээк, көтөрүңкү сезимдер менен сүрүлүп чыгарылат. Мындай учурларда айтылгандай, адам *өзүн-өзү колго алат* — бул өзүн-өзү тарбиялоого кылдат дем берүү дегендикке жатат. Мына ошондуктан тарбиячы менен ишенимдүү маектешүүнү жеңилдетип, өзүн жакшы сезүүгө түрткү берет. Бөлүшкөн кубаныч — эки эсе кубаныч, кайгыны бөлүшүү — жарым кайгы. Өзүнүн ички дүйнөсүн ачып, ой-санаасын төгүп, адам өзүнүн абалын өзү өзгөртө, өзүнө-өзү таасир көрсөтө аларына ишенет.

Бизде, мектептерде кайгысын бөлүшпөй сактап жүрүшкөн айрым тарбиялануучулар али бар экендиги зээнди кейитет. Ал жүрөктү селейтип, көкүрөктү көңдөйлөтөт. Мен эгер кабагы бүркөө, түнт өспүрүмдү көрсөм жүрөгүм титирейт. Ал үчүн эң коркунучтуу кайгы — өзүн кем сезгендигинде: башкаларга билим жугат да, мага эмнегедир жукпайт, деги жолум болбоду, тагдыр мага ушуну жазган экен дешет. Бул кайгы күн санап топтолуп, жүрөктү мыжыгат, көкүрөктү зил басат. Өспүрүм кайгысын бөлүшкүсү

келет, бирок уялат да унчукпайт. Үйүндө да, мектепте да унчукпайт. Жаш досум, кээ бир тарбиялануучуңузду байкап көрүңүз да, аны майыштырган оордуктан кутулууга жардам бериңиз. Баарынан мурда ага кубаныч тартуулаңыз: алар өз ийгилигин билимге ээ болуудан көргүдөй жана ага сыймыктангыдай болсун...

Эгерде сиз тарбиялануучуңуз менен достошсоңуз, эгерде силерди өз ара ишеним баш коштурса, эгерде сиз тарбиялануучуңузга эч убакта жамандык, өкүнүч, оор кайгы алып келбесеңиз, анда сиз өзүн-өзү тарбиялоону үйрөтүүгө, моралдык укукка ээ болосуз, ошондо сиздин акыл-насаатыңыз турмуштук тажрыйбанын акылмандуулугу катары кабыл алынат.

Бирок ансыз өзүн-өзү тарбиялоо мүмкүн болбогон дагы бир шарт бар. Бул шарт, көркөмдөп айтканда, педагогдун эрки менен тарбиялануучунун эркинин ортосунда жатат, ал тарбияны жана өзүн-өзү тарбиялоону бир бүтүндүккө бириктирет Бул шарт — өзүнүн калыптанышын тарбиялануучунун сезе билиши: бул *кечээкиден ал бүгүн жакшы болуп калгандыгын,* анын жан дүйнөсүнө адамдык сулуулук киргендигин жана бул сулуулуктун байыр алышы көбүнесе өзүнө, эркине байланыштуу экенин *түшүнүшү* жана *башынан өткөрүшү* болуп саналат. Өзүнүн калыптанышын түшүнүп билүүдөгү эң сонун шерик — бул өзүн-өзү кадырлоо, өзүнүн кадыр-баркын сезүү. Тарбиялануучу өзүн сыйласа гана өзүн-өзү тарбиялай алат. Адам өзүн канчалык кадырласа, өзүңөрдү мындай тарбиялагыла деген сиздин адеп-наасатыңызга, сиздин үгүт-нускаңызга сергектик, сезимталдык ошончолук көп болот. Өзүн-өзү кадырлабаган жерде адам сиздин үгүт-насаатыңызга жана кеңешиңизге таптакыр кулак салбайт.

*Өзүн-өзү кадырлоо* эмнеге байланыштуу, ал кантип тарбияланат? Бул эң морт нерсе экендиги эсиңизде болсун, менин жаш досум. Ага өтө сак болуш керек. Күндүн кичинекей нуру чагылып турган тунук тамчыны силкпей туруп, гүлдү кесип аларда андагы мөлтүрөп турган тамчыга аяр мамиле кылгандай этият болушубуз керек. Өзүн-өзү кадырлоого тарбиялоо үчүн тарбиянын назик, кылдат каражаттары менен гана аракет кылуу керек. Өзүн-өзү кадырлоо орой, «күчтүү», «күч колдонуучу» каражаттарды колдонууну каалабайт. Өзүн-өзү кадырлоону мен балалык интеллигенттүүлүк деп атар элем. Бул — ойдун, эргүүнүн, ниеттин тазалыгына көбөйтүлгөн көңүл жумшактыгы. Бул жерде биз мектептеги эң кызык иш менен өтө көңүл буруууга татырлык, бирок, тилекке каршы, аз изилденилген бал-

дардын акыл эмгеги менен, тагыраак айтканда, эмоциялык жагдайда бул эмгектин көрүнүшү менен, интеллектуалдык сезимдер менен иши биз болот. Өзүн-өзү кадырлоо интеллектуалдык жаркын сезимдерден, таанып-билүү ыракатынан пайда болот. Бул интеллектуалдык жаркын сезимдерде балалык интеллигенттүүлүктүн булагы жатат. Эгерде окуу жан кейиткен сезимдер менен коштолсо, адам өзүнө-өзү кенебес, кайдыгер болуп калат — бул жерде өзүн-өзү тарбиялоо жөнүндө эч кандай сөз болушу мүмкүн эмес. *Тарбиячы* катары педагогдун эң маанилүү милдети — бул жаш жүрөктөгү интеллектуалдык жаркын сезимдердин отун коргоодо, анын өчүп калышына жол бербөөдө турат,— аны кайрадан күйгүзүү эң кыйын болот.

Ошентип, тарбиялануучуңуз өзүн-өзү ызааттайт, өзү жөнүндөгү сиздин ар бир сөзүңүздү кадырлайт,— демек, өзүн-өзү тарбиялоо үрөнүн себүүгө жер айдалды дей бериңиз; сиз эми ага өзүн кандай тарбиялоону үйрөтө аласыз, сиздин насыяттарыңыз кургак сөз болуп калбайт.

Өзүн-өзү тарбиялоонун: моралдык, эмгектик жана окуу, дене тарбия өңдүү бир топ түрлөрү бар. Алардын баары өз ара байланыштуу, анткени өзүн-өзү тарбиялоонун бүткүл процесси — бул акылдын жана жүрөктүн татаал ишинин биримдиги, сезимдердин жана ишенимдердин биримдиги.

## 84. Өзүн-өзү адептүүлүккө кантип тарбиялоо керек

Адептүүлүккө өзүн-өзү тарбиялоонун эң маанилүү түрткүсү — бул биз, жеке кишилер, адамдардын арасында жашап жатабыз деген ойго тарбиялануучуларды ишендирүү болуп саналат. Адамдар бизди саат сайын, мүнөт сайын көрүп турушат. Адамдар бизди көрүшпөсө да, бар экендигибизди сезишет. Биз тийип өткөн материалдык дүйнөдөгү ар бир нерсе өзүндө биздин изди сактап калат. Бирок биз көзгө түшөрлүк, кээде өчпөй турган изди баарлашкан адамдарыбызга калтырабыз. Чыныгы адамга ал жөнүндө башкалар кандай ойлоп, аны кандай баалап жатышканы баары бир эмес. Бирок эмне гана кылбайлы, кайда гана болбойлу,— эсиңизде болсун, бизге элдин кареги кадалып турат. Адам турмушундагы эң бузулган, эң жаман нерсе — бул адептик ыпластык. Көз алдыңызга келтирип көрүңүзчү: сулуу кыз саат бою таранып-сылануу менен алек — ал сүйкүмдүү болгусу келет, анткени чачынын тарамы алда кайдан көзүнө түшөт эмеспи. Ошенткени менен анын буттары кир, жуулбаган. Бирок ал буга кабагым-кашым дебейт,

анткени анын буттарын байпак жабат да. Адеп жагынан балиттик мына ушундай: эл көзүнчө сылаңкороз, өзүнчө калганда чочко,— бул былыкты элдик мораль ушундайча айыптайт.

Мораль маселелерине талапкеч, кыйкымчыл болууга үйрөтүңүз. Тарбиялануучуңузду өзүн-өзү көзөмөлдөөгө үйрөтүңүз. Бала мектепке барары менен эле минтип үйрөтүңүз: эгерде сен өз алдыңча бир нерсе жасасаң, ошол саамда дүйнөдөгү эң сүйүктүү адамың — энең сен жөнүндө эмнени ойлоорун билгин. Эгерде сен мени эч ким көрбөйт деп бир жаман иш жасасаң анда сен жаңылышасың. Сенин жаман жоругуң эненин жүрөгүн оорутат. Эгерде сен аны көрбөсөң да эне сени көрөт. Ал сенин жанында жок болсо да, ал сени менен. Сен үйгө келгенде ал көзүңөн эмне жаман иш кылганыңды көрүп турат. Мына ошондуктан өзүңдүн жаман жоругуң жөнүндө түз эле айтып бергениң жакшы. Ал эми жаман иш кылбаганың — андан жакшы. Сага энең дайыма көз чаптырып турары эсиңде болсун.

Бул насыятты баланын кабыл алышы анын рухий турмушунун бардык түзүлүшүнө байланыштуу экенин дагы бир кайталап айтуубуз керек. Баланын рухий дүйнөсүнүн мүнөздүү белгиси ак көңүлдүүлүк, боорукерлик, энесине үзүлүп түшкөн камкордук болушуна жетишүү керек. Бала өзүн-өзү тарбиялоо үчүн, анын абийири иш аракетинин сакчылыгында кыраакылык менен туруш үчүн зарыл нерсе болуп жан дүйнөнүн назиктиги саналат. Адептүүлүккө өзүн-өзү тарбиялоону биз жөнөкөй моралдык маданияттан баштайбыз. Тарбиялануучуңуз эки жакка алая көз чаптырып туруп, розаны үзүп алды — ушунун өзү наадандык. Ал ыйлап турган кичинекей баланын жанынан өтүп бара жатып: балакай, сага эмне жардам берсем экен,— деп сурабаса, бул андан жаман — териси калыңдык. Көп жыл ичинде биздин педагогикалык коллектив өзүн-өзү тарбиялоонун моралдык маданиятынын программасын иштеп чыкты. Бул программа тарбиялануучу башка адамдар менен адеп мамилелеринде өзүнүн алдына койгон бир катар талаптарды камтыйт. Ал талаптар мына булар:

1. Дүйнөдө эчтеке менен теңдештирбей жана салыштырбай турган нерселер болорун эсиңе тут. Бул — баарынан мурда сени багып-өстүргөн, сага өмүр берген биздин Советтик Мекен, туулган жер.

2. Сен адамдар арасында жашаганыңды унутпа. Сен өзүңдү-өзүң ойлогондой эмессиң, сен жөнүндө эл ойлогондойсуң. Эгерде сен өз деңгээлиңди зор деп ойлосоң, ал эми адамдар сенин деңгээлиңди пас десе, демек, сен пас адам-

сың, муну сен эрдик менен мойнуңа ала бил, өзүңдүн майдачылдыгыңды, пастыгыңды жеңе бил, чыныгы адам болууга жетиш.

3. Өзүнө-өзү жүзү каралык, адепсиздик, кара санатайлык кылбаган адам гана чыныгы адам. Өзүң жалгыз калганда — сенин кылык-жоруктарыңдын катуу талаптуу күбөсү дайыма сенин абийириң болсун. Бул күбө калыстыктан тайбасын, абдан бек болсун, айтканынан кайтпасын.

4. Адамдарга жакшылык кылуу менен, сен баа жеткис байлыкка ээ болосуң. Элдин жыргалчылыгы үчүн жашаган адам эң бай, эң бактылуу. Дүйнөдө байлыктын, сулуулуктун, улуулуктун бир гана ченеми бар — ал *адам*. Адамдын беделин көтөрүү менен, сен өзүңдү-өзүң көтөрөсүң. Адам туулуп жана өлө турганын, ал өлгөндөн кийин артында калган нерсе — ал адамдар үчүн жасаган жакшылык экенин эсиңе түйүп кой.

5. Адамдык сулуулуктун чокусу — бул аял. Кыз — бул сенин курбуң гана эмес. Ал — болочок эне. Анын сулуулугун коргоо, анын ден соолугун аёо — демек, бул бүткүл адам тукумунун сулуулугу жана улуулугу жөнүндө кам көрүү дегендикке жатат. Эгерде аялга жардам берүү үчүн өлүүгө да туура келсе — өлгүн, бирок адамдык эрдиктин түз жолунан кайра тартпа.

6. Адамда көп кемчиликтер орун алышы мүмкүн, алардан жыйырмасы — жакшылыкка-жамандыкка кайдыгерлик, жалкоолук, эки жүздүүлүк, кошоматчылык, көшөкөрлүк. өз ишеними жоктук, жалганчылыкка кыңк этпей макул болуу, өз каталарын көгөрүп моюнга албоо, кекирейүүчүлүк, келжиректик, жалганчылык, өзү менен өзү калгандагы жүзү каралык, бардыгы досуна каршы болгондо андан кечип кетүү, адамдагы жакшы башталмага ишенбөө, өң карамалык, табалоо, алсыз жана коргоосуз жанга ырайымсыздык кылуу, өз кардынын гана камын ойлоочулук жана соргоктук, сараңдык — эң коркунучтуу. Бул кемчиликтердин ар бири кичинекей үрөндөн башталып, укмуштуудай зор болуп өсүп кетерин эстеп кой. Баарыдан мурда өзүңдөгү кемчиликке келишпес бол. Башка адамдагы сени суктандырган нерсени жасоону үйрөн, ал эми башкалардагы сен жаман жана жек көргөн нерсени эч убакта жасаба. Өзүңдөгү сулуулукту сүй жана өзүңдөгү кемчиликти жек көр. Ириңдеген жара сенин ириңдеген жараң болсо да, ал дайым ириңдеген жара бойдон кала берерин бил. Өз жарасын өзүмчүл гана сүйөт.

7. Эгерде сен өзүңдөн кемчиликтин үрөнүн байкасаң,

өзүңдү өзүң аяба. Кемчиликтин тамырын жулгун: жалкоолукту эмгек менен, жакшылык-жамандыкка кайдыгерликти — боорукерлик, кошо түйшөлүү менен, эки жүздүүлүктү — туруктуулук менен, кошоматчылыкты — акыйкаттык менен, көшөкөрлүктү — бардыгы сага каршы чыкса да чындыкты коргоп калууга даяр тургандык менен ишенимиңдин жоктугун — ойлоруңдун көз карандысыздыгы менен, жалганчылыкка кыңк этпей макул болууну — күрөш менен, аны менен тайманбай кармашуу менен; өз каталарын көгөрүп моюнга албоону — өз катаңды эрдик менен моюнга алуу менен жана сенин катаң менен алпурушуп отуруп, чындыкты коргоп калгандын пикирдеши болууга даяр тургандык менен; кекирейүүчүлүктү — сыпаалык менен, зарылдыгы жок жерде өзүң жөнүндө бир да сөз сүйлөбөй коюуну билүү менен; чиренгендикти — жөнөкөйлүк менен, нарктуулук менен (аны Маркс баарынан жогору баалаган[16]) келжиректикти сөздү барктай билүү менен; калпычылыкты — калпычылыкка чыдабоо менен, бардыкка өтө тактык, тууралык менен, өзү менен өзү калгандагы жүзү каралыкты эң адилет сот алдында жооп берген сыяктуу баарынан мурда өзүнүн абийири алдында жооп бере билүү менен; бардыгы досуңа каршы чыкканда, андан кечип кетүүнү — досуңа мээленип жаткан окко өз жүрөгүн тосууга даяр тургандык менен; адамдагы жакшы башталмага ишенбөөчүлүктү — адамдык сулуулуктун улуулугуна жана күчүнө чексиз ишенгендик менен; өң карамалыкты — ачык-айкындык жана акыйкаттык менен; табалоону—аёо менен; алсыз жана коргонуусуз жанга ырайымсыздыкты — адамгерчилик менен; өз кардынын гана камын ойлоону жана соргоктукту — ток пейилдик менен; сараңдыкты — марттык менен.

8. Эгерде жамандыкты көргөндө көңүлүңдүн түпкүрүндө: мага кандайча тиешеси бар? — деген ой булт этсе, анда бул өз жанын сактоого аракеттенген айбандык сезим экенин билип кой. Сокур сезимдерди кубаттап, ага жетеленбе, аларды өзүңдөн кууп чык, өзүнүн жанын сактоого аракеттенген айбанчылыкка ырайымсыз бол.

Сен адам экениң эсиңде болсун. Эгерде сен жамандыкты бир жолу буйтап өтсөң, анда жамандыкты дайыма жандап өтүүгө көнүп каласың. Сен аянычтуу бир жанга айланасың.

9. Адам дүйнөсүндө көп эрдик бар, бирок адамкерчиликтин чокусу болгон бир эрдик бар — ал өз баркыңды сезүү.

Чындык үчүн болгон күрөштө жеңип чыкканда да, өз

каталыгыңды мойнуңа алууга аргасыз болгондо да башыңды бийик карма.

10. Дүйнөдө теңдешсиз, салыштыргыс нерселер бар. Бул — баарынан мурда сага өмүр, ысым жана адамдык бедел берген биздин Советтик Мекен, туулган жер. Эгерде сен кыйын, аргасыз абалда турсаң, эгерде сен апкаарып башың маң болсо, эгерде сен кандайча иштешти билбесең, анда мындай кырдаалда Мекен сенден эмнени талап кыларын ойло. Мекен кандай талап кылса, ошондой жаса.

Өзүн-өзү адептүүлүккө тарбиялоонун маңызы эмнеде?

Жакшы болууну каалоодон башка сезимталдыктан, зиректиктен башка — *адамды таанып-билүү* да өтө маанилүү. Курчап турган дүйнөнү таанып-билүү менен, адам бала кезинен тартып эле адамды — анын ой-пикирин, сезимин, жан дүйнөсүнүн эң назик жана татаал кыймылдарын, умтулуусун, толкундануусун таанып-билүүгө тийиш. Тарбиялоонун жана өзүн-өзү тарбиялоонун бирдиги — адам адамды таануу менен, өзүн тааныган жерде, өзүн-өзү сырт жактан карай билүүнү үйрөнгөн жерде башталат. Биздин педагогикалык чеберчиликтеги эң татаал нерселердин бири — бул, педагогдун адам жөнүндөгү аңгемеси. Кичинекей окуучулардын ар бир муунуна мен Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында душман жеринде өзүнүн көкүрөгү менен кичинекей кызды өлүмдөн калкалап калган эр жүрөк советтик жоокер жөнүндө айтып берем. Фашисттердин колуна түшүп, партизандык жашыруун сыр жөнүндө бир дагы сөз айтпаган, досторуна чыккынчылык кылбаган, мына ошол үчүн ырайымсыздык менен кыйноо көрүшкөн— душман жерге тирүүлөй көмгөн эки жердешибиз — жаш партизан баатырлар жөнүндө айтып берем. Николай Гастелло, Зоя Космодемьянская, Александр Матросов жөнүндө, дыйканчылыкта элүү, алтымыш, жетимиш жыл иштеген көрүнүктүү эмгекчилер жөнүндө айтып берем.

Адептүүлүктү таанып-билүү — акыл-эс жана жүрөгү менен таанып-билүү сулуулукка суктануу гана эмес, жамандыкка кыжырланууну да кучагына ала турганына мен бекем ишенем. Өлбөс-өчпөс дүйнөлүк адабий чыгармалардан мен даанышман сүрөткерлер адамдык кемчиликтерди чагылдырган образдарды алам. Яго жана Иудушка Головлёв, Гобсек жана Плюшкин жөнүндө айтып берүү менен, мен жаш жүрөктөрдө жамандыкка келишпестик сезимин козгоймун. Адамды дайыма, бир күн да токтолуп калбаган таанып-билүү — күндөлүк турмушта түзүлүүчү кырдаалдардын, өз ара мамилелердин адептүүлүк маанисин адам бала кезинен эле сезишине түрткү берет. Адам жөнүндө

жакшы ойдо болуу менен, бала жакшы ишке умтулат; жакшы кылык-жорук ага моралдык канааттануу, ырахат тартуулайт. Бул сезимдер өз кезегинде адамды басмырлагандын бардыгына чыдабас, жакшылык менен жамандыкка ого бетер сергек жана сезимтал кылат. Адам кичине кезинен эле өзүн көрсөтүшү, жамандык менен *күрөштө* өзүнүн тайбастыгын билдириши, жакшылыктын салтанатын сезиши, бул салтанатка өзүнүн катыштыгы бар экенин түшүнүшү жана башынан кечириши — өзүнүн салтанат кушу, кубанышы тарбия жана өзүн-өзү тарбиялоо үчүн өтө маанилүү.

Менин досум, өзүн-өзү тарбиялоого козгоо — адамдык жүрөктүн эң ыйык кылдарына — абийирине, беделине, асылдыгына тарбиячынын сөзүнүн эң кылдат тийип өтүшүн талап кыларын билип коюңуз. Бул тийип өтүүнү баланын жүрөгү талап кылган учурду түшүнө, сезе билиңиз. Бул учур кичинекей адамдын алдында эки жол ачылган кезден башталат: биринчи жол менен барса, жамандыкка моюн сунуп, кайдыгер болушу керек; экинчи жол менен барса, анда жамандыкка каршы күрөшкө чыгат. Чоң кишилерге турмуш кырдаалы анчалык татаал эмес болуп көрүнгөнү менен, ошол экинчи жол көбүнчө бала үчүн рухий зор чымыркануулуну, адептик чоң күч жумшоону талап кылат.

## 85. Эмгекте жана окууда өзүн-өзү кантип тарбиялоо керек

Бул үчүн баарынан мурда тарбиялануучунун мектепте жана үйдө курчап турган эмгек чөйрөсү зарыл. Сабакта да, үйдө да ишсиз отуруу өзүн-өзү эмгек менен тарбиялоо жөнүндөгү эң баалуу насыяттарды кур сөзгө айландырат.

Бардык жаштагылар үчүн бирдей баалуу жалпы акылнасыят бар. Алар биздин педагогикалык коллективде төмөнкү чындыктардан көрүнөт:

1. Адам эмгексиз бузулуп, кара ниет, өтө жаман жанга айлана тургандыгы эсиңде болсун.

2. Эккен жана өстүргөн буудайынын башы боюнча адамдын ким экени билинет деген акылман сөз бар элде. Сен өзүңдү эмгегиң менен көрсөтөсүң. Колуң менен өстүргөн дарак — бул сенсиң, сенин мээнеткечтигиң жана устаттыгың. Сенин жумушчу дептериң — бул дагы сенсиң, сенин эмгегиң, ата-энеңдин алдындагы сенин милдетиң.

3. Мектеп партасында отуруп окуу менен, сен турмушуң үчүн зарыл материалдык байлыктарды улуу муундардан карызга аласың. Энең жана атаң сага нан жана

кийим, китептерди жана көрсөтмө куралдарды сенин окушуң жана келечекте эмгектенүүгө даярданышың үчүн беришет. Сенин милдетиң — мүмкүн болушунча өндүрүмдүү эмгекти эртерээк баштоо, үй-бүлөгө жардам берүү, сага кийим, бут кийим, окуу китептерин сатып бериш үчүн иштеп акча табуу.

4. Эмгек жеңил иш эмес экендигин билгин. Эмгек жана оор деген сөздөрдүн уңгусу бар экени кокусунан эмес (орусча *труд* жана *трудно* дегенден — котормочу). Эмгек терсиз, чарчоосуз, дене жана рухий күчтөрдүн чымыркануусуз мүмкүн эмес. Эмгек оюн, тамаша, көңүл ачуу өңдүү кызыктуу боло албайт. Эмгек башкасы менен — адам өзүнүн акылын, колуң ишке салуу менен керектүү жана кооз нерселерди түзгөн — турмушту жана кооздукту жараткан, ал нерселерде өзүн ырастаган, көрсөткөн адам үчүн кызык. Адам жетимиш, сексен жыл жашайт, ал эми анын колдору менен тигилген жана өстүрүлгөн эмен жети жүз, миң жыл жашашы мүмкүн. Изиңди — эмгегиңди калтыр — сен ошондо бактылуу болосуң.

5. Эмгекти баштаганда эле анын аякташын көрө бил. Бир түрдүүлүктөн коркпогун, бүгүн да, эртең да, бир ай бою катары менен ошол эле бир жумушту жасай берериң сени чоочутпасын. Эмгек — бул бийик тоого чыккандай кеп: эгерде кыйын алсыраткан урчуктуу чыйырын басып өтпөсөң, анын жаркыраган чокусуна жете албайсың.

6. Эмгек адамды жетилтет жана кайраттуу кылат. Бир нече жылга болжолдолгон жумушту алты жашыңан башта. Он жашыңдан артка кылчайып карап, сен өз колдоруң менен иштегениңди — мурда эч нерсе эч качан өспөгөн жерде жемиш багын, түшүмдүү кыртыш түзгөндүгүңдү көргөндөй болуп жашагын. Колдоруң иштеп, тер, чарчоо, чор болуу эмне экенин билген кезде илимдин күчү, билимдин нуру сенин алдыңда кадимкидей ачылат.

7. Колдоруңдун чеберчилиги жана акыл-эстүүлүгүң эриш-аркак келген жерде иштеги кыйынчылыктарды жеңип чыгууну үйрөнгөнүңдө гана окуу сен үчүн эмгек болуп, билимге ээ болуу менен сен өзүңдү-өзүң башкара аласың. Ким иштеп жатып ой жүгүртө билсе, мына ошол гана ойдун, ишинин сырына жете алат. Ньютон же Эйнштейндей табигый шык менен туулган адам сейрек кездеше турганы эсиңде болсун. Эң жаман жагына — табият сени жакшы үлүштөн куру калтырганына божомол кыл. Жөндөмдүүлүгүңдү эмгек менен, чыгармачылык менен иштеп чыккын жана өстүргүн.

8. Баштаган ишиңди эч убакта таштап койбо, аны ая-

гына чыгар. Эгерде сен баштаган ишиңди таштап коюп, биринен экинчисине өтө берме адатка көнсөң, анда сен жалкоо жана наадан болуп каласың.

9. Чеберчиликтин чеги жок экендигин унутпа. Бир эле ишти он жолу кайталап жасоого болот, ар бир жолу өркүндөөнүн жаңы өрүнө көтөрүлөсүң. Өзүңү устаттыкка тарбияла, мурда жасаганыңа канааттанып калба. Жүздөгөн адистик бар, бардыгына эч качан ээ боло албайсың. Бир нерсеге гана ээ бол, болгондо өз ишиңдин таксыры болгудай бол.

Бул акыл-насааттар тарбиялануучулардын аң-сезимине белгилүү шарттарда гана жетет. Эгерде мектепте эмгек ыракатынын жагдайы түзүлбөсө, алар куру сөз болот да, тарбиялануучулар мешен сиз белгисиз тилде сүйлөшүп жаткансып, алар ал насааттарды түшүнүшпөйт дагы... Мектепте эмгек ыракаты өкүм сүрүүгө тийиш. Бул эмне деген нерсе? Эмгек ыракаты бул эмгекте өзүн-өзү көрсөтүү. Бул — адам өз колу жараткан нерсени таңдана жана суктана караган кездеги, андан өзүн-өзү тапкан, өзүнүн чымыркануусун, байкалбаган бир түрдүү эмгегин сезген кездеги татаал рухий абал болуп саналат. Эмгекти өзүн-өзү тарбиялоонун чөйрөсү кылыш үчүн (ал эми өзүн-өзү *эмгек менен тарбиялоосуз* деген эле өзүн тарбиялоо ойго келбеген нерсе) ар бир тарбиялануучу эмгектен ыракат таба билиши керек, ал үчүн эмгек чыгармачылык иш болуп калышына жетишүү зарыл. Адам өзүн эмгектен издеп баштайт, ал бир топ жылга созулуп отуруп, акыры ынтызарлыгын таап тынат.

Эмгек ыракаты, эмгектик чыгармачылык, өзүн-өзү издөө — мына мунун баары адам эмгектен өзүңчөлүгүн таба билгенде гана мүмкүн. Эмгекке өзүн-өзү тарбиялоо — бул картошканын түшүмүн жыюуга, металл сыныктарын чогултууга жөн гана чыгуу эмес. Бул өзүнө үңүп кирүү, акыл күчтөрү менен колу чеберчилигинин айкалышы, эстүүлүк менен максат коё билүү жана кыйынчылыктарды жеңүү. Эмгекке өзүн-өзү тарбиялоо — бул, чымыркангaн ой-пикирсиз, акылга салган чыгармачылыксыз, китепсиз, ынтызарлыктын калыптанышы башталган жөнөкөй мектеп программасынын чегинен чыгуусуз мүмкүн эмес экенин дагы бир жолу баса белгилейм. Кызыктуу сабактар болбосо, окуучу сабакта мугалимдин жалындуу сөзүнөн билим океанына сүзүү чакырыгын укпаса, ошол чакырыкты ээрчибесе, өзүн-өзү эмгекке тарбиялоо мүмкүн эмес. Мугалимдин өз тарбиялануучулары болбосо, илимди терең сүйүү менен мугалим тарбиялануучуларында өзүн калтыра албаса да өзүн-өзү эмгекке тарбиялоо мүмкүн эмес.

Эгерде мунун баары болсо, анда ар бир тарбиялануучуңузга ал бүгүн билгенден көбүрөөк билүүгө аны кызыктыра, шыктандыра, талаптандыра турган эмгек тапшырмасын бериңиз. Сиздин тарбиялануучуңуз, мисалы, кыртыштануу боюнча тажрыйбаларга кызыгат. Сиз кыртышта болуп жаткан татаал биохимиялык процесстер жөнүндө айтып берип жаткан кезде, көздөрүндө ышкы оту жалындап турганын байкайсыз. Сизде биологиялык кабинет, теплица бар. Тарбиялануучуңузга андан бир булуң бөлүп бериңиз, жансыз топуракты *жандуу* кыртышка айландырууга болоруна аны тажрыйба аркылуу кызыктырыңыз. Сиз бала менен бирге топуракка пайдалуу микроорганизмдерди кошуңуз, сиздин кеңеш боюнча тарбиялануучуңуз микроорганизмдердин тиричилиги үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. Ошентип өзүн-өзү тарбиялоо башталат: өспүрүм өзүнүн бурчун эми таштай албайт. Ал топурак салынган үкөк, лабораториялык айнек түтүк менен жана микроскоп менен, ага тиешелүү китептер менен түн жарымына чейин алпурушат. Эми ага эч кандай шыкактын кереги жок: ал кызыгып калды. Эми тек гана тарбиялануучуңуздун ишке кызыгуусу суубашына сак болуңуз. Ал үчүн ышкы отун тарбиячы эң кылдат, этият козгоп турушу, аны колдошу зарыл.

### 86. Акыл эмгегинде өзүн кантип тартипке тарбиялаш керек

Бул кеңешти биз VII класстан баштап жогорку класстын окуучуларына беребиз. Ал окуучунун рухий турмушунун эң маанилүү чөйрөсүнө — окууга, ой жүгүртүүгө, акыл милдеттерин чечүүгө тиешелүү. Бул кеңештердин натыйжалуулугу көп шарттарга жана өбөлгөлөргө байланыштуу, алардын арасында мектепте, баарынан мурда педагогикалык коллективде бай интеллектуалдык кызыкчылыктардын өкүм сүрүшү өтө маанилүү; сабактар көп кырдуу акыл турмушунун фонунда өткүдөй болсун, мугалим сабакта айтканына караганда жүз эсе көп билиши керек, ар бир окуучу акыл эмгегине кызыксын. Мунун баары болсо — демек, тарбиялануучулар акыл эмгегинде өзүн-өзү тартипке сала билүүгө тийиштүү акыл-насааттарга эң сергек болушат. Алардын ичинен өтө маанилүү деп эсептегендерибиз булар:

1. Эгерде сиз убакыттын жетишерлик болушун кааласаңыз күнүгө окуңуз. Күнүгө, жок эле дегенде, сиз кызыккан предметке (сиздин факультативге) байланыштуу илимий адабияттан эки барак окуңуз. Сиз окугандын бардыгы —

бул сиздин билимиңиздин интеллектуалдык фону болуп саналат. Бул фон канчалык бай болсо, окуу ошончолук жеңил. Сиз күнүгө канчалык көп окусаңыз, убактыңыздын резерви ошончолук көп болот. Анткени сиз окугандардын баарында сабактарда окуп үйрөнүлүп жаткан материал менен байланыштын миң түйүнү бар. Бул түйүндөрдү *эстин якорлору* деп атап коёлу. Алар милдеттүү билимди адамды курчап турган билим океанына тартат. Күндө өзүңүздү мажбурлаңыз. Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырбаңыз. Бүгүн колдон чыгарып жиберген нерсени, эртең эч качан ордуна келтире албайсыз.

2. Мугалимди уга билиңиз. Тогузунчу жана онунчу класста материал окуу китебинде бар же жогуна карабастан, маанилүү темалар боюнча лекцияны конспектилеңиз. Конспектилөө ойлонууга, өзүн-өзү билимин текшерүүгө үйрөтөт. Лекция учурунда эле конспекти жөнүндө ойлонуп, жазгандарынын үстүндө ар күнү, жок дегенде, жарым саат иштөөнү үйрөнүш керек. Мен конспектини эки рубрикага (бөлүккө) бөлүүгө кеңеш берем: биринчи жагына лекциянын кыскача баяндамасы, ал эми экинчи жагына — эмненин үстүндө ойлонуу керектиги жазылат. Бул жерге негизги, түйүндүү суроолорду жазыш керек. Бул — предмет боюнча билим үйүн кармап турган *уук-керege.* Илимий адабиятты күнүгө окууну мына ушул уук-керегедей суроолорго байланышта кароо менен, алардын үстүндө ар күнү ойлонуу керек. Эгерде сиз бул сунушту бардык предметтер боюнча кармай билсеңиз, сизде «кысталыш» күндөр болбойт. Экзаменге даярданганда бүт конспектини кайталап окуунун жана жаттоонун зарылчылыгы жок. Предметтин уук-керегеси өзүнчө эле бир программа, ошондон улам бүт материал эске түшө берет.

3. Жумушчу күнүңүздү эрте, саат алтыдан баштаңыз. Саат $5^{30}$ дан туруп, көнүгүү жасаңыз, нан менен бир стакан сүт ичиңиз да, ишти баштаңыз. Сабак алдындагы акыл эмгегине жумшалган бир жарым-эки саат бул алтын убакыт. Эртең менен эң татаал чыгармачылык иштерди аткарыңыз. Теориянын түйүндүү маселелеринин үстүндө ой жүгүртүңүз, оор макалаларды жакшылап окуп, реферат жазгыла. Эгерде алдыңызда акылга салып изилдөчү иш турса, аны эртең менен гана орундатыңыз. Сиз жарым түнгө чейин отурбайсыз. Өзүңүздүн күндөлүк режимиңизди он экиге чейин кеминде эки саат уктагандай кылып түзүңүз. Бул абдан дары уйку.

4. Өзүңүздүн акыл эмгегиңиздин системасын аныктай билиңиз. Сөз башкы жана экинчи катардагынын катнашы

жөнүндө бар жатат. Убакытты башкы нерсе экинчи катардагыны кийинкиге сүрүп таштагыдай бөлүштүрө билүү керек. Башкы ишти күнүгө аткаруу зарыл. Жөндөмүңүздүн, шыгыңыздын калыптанышы байланышкан эң маанилүү илимий проблемаларды аныктап алыңыз. Алар сиздин эртең мененки акыл эмгегиңизде биринчи орунда турууга тийиш. Илимий башкы проблемалар боюнча китептерди, илимий эмгектерди таап алыңыз, алардын үстүндө көпкө иштейсиз.

5. Өзүңүздө ички демилгени түзө билиңиз. Акыл эмгегиндеги көп нерселер өтө каалап иштегидей кызыктуу деле эмес. Көп учурда бирден бир кыймылдаткыч демилге *керек* деген гана сөз болот. Акыл эмгегин дал мына ушул кызыгы жок нерседен баштаңыз. Мына ушул суроолор боюнча теориянын кылдат нерсесине, *керек* деген сөз барабара каалайм деген сөзгө өтүп кеткиче кунт коё билиңиз. Эң кызыктуусун иштин аягына калтырыңыз.

6. Сизди китеп дүйнөсү курчап турат. Китеп жана журналдарды эң кылдат тандап окуңуз. Шыктуу жана ышкылуу адам баарын окугусу келет. Бирок анын баарына убакыт кайда. Окулчу китептердин чөйрөсүн чектөөнү, эмгек режимин буза тургандарын андан чыгарып салууну билиңиз. Ошол эле убакта күтүүсүз жаңы китепти окуу зарылдыгы ар убакта келе калышы мүмкүн. Бул үчүн убакыт резерви зарыл. Ал сабактарда жана конспектилөөдө акыл эмгегин билгичтик менен уюштурууда «кысталыш күндөрдү» болтурбай коюудан түзүлөт.

7. Өзүңүзгө өзүңүз жок деп айта билиңиз. Сизди көп иш курчап турат. Өздүк көркөм чыгармачылык ийрими да, спорттук секция да, бий кечелери да бар. Чечкиндүүлүк көрсөтө билиңиз: ишкердиктин бул түрлөрүнүн көбү азгырма, алар чоң зыян алып келиши мүмкүн. Көңүл ачуу да, эс алуу да керек, бирок эң башкыны унутууга жарабайт: сиз эмгекчисиз, мамлекет сизге көп акча жумшап жатат, биринчи орунда бий жана эс алуу эмес, эмгек туруу керек. Жогорку класстын окуучусуна эс алыш үчүн мен шахмат ойноону, көркөм адабият окууну кеңеш кылам. Тыптынч, кунт коюп ойнолгон шахмат оюну — нерв системасын сергитүүчү, ойду тартипке салуучу эң сонун каражат.

8. Убактыны майда-чүйдө нерсеге — куру келжирекке, эч бир ишсиз сайрандап өткөрүүгө кетирбеңиз. Мындай да болот: бир топ улан чогулушат да, «сөздүн сазайын окутушат». Бир саат өтөт, эч нерсе иштелбейт, бул сүйлөшүүдө акылдуу эч ой туулбайт, ал эми убакыт кайткыс болуп жо-

голот. Жолдошторуңуз менен болгон маекти өзүңүздүн рухий байлыгыңыздын булагы кыла билиңиз.

9. Өзүңүздүн акыл эмгегиңизди келечекте жеңилдетүүнү, башкача айтканда, келечекке убакыттын резервин түзүүнү үйрөнүңүз. Бул үчүн чөнтөк дептерге көнүш керек. Алар менде азыр 40ка жакын. Ар бири ачык, жандай салып тез өтүп кетүүчү ойлорду жазууга арналган (алардын башка бир келе калып, андан кийин эске түшпөй турган «адаты» болот). Буга мен окугандардан эң кызыктуу жерлерин жазып алам. Мунун баары келечекте керек болот, мунун баары акыл эмгегин жеңилдетет. Өзүңүздүн жазуу системаңызды түзүңүз. Китептерден калпып алгандарыңызды сактаңыз.

10. Ар бир иш үчүн акыл эмгегинин сарамжалдуу ыкмаларын издеңиз. Жаңылыгы жана үлгүсү жок нерседен качыңыз. Сиз иштей турган фактылардын, көрүнүштөрдүн, закон ченемдүүлүктөрдүн маанисин терең *ойлоп-түшүнүүгө* убактыңызды аябаңыз. Сиз канчалык терең ой жүгүртсөңүз, эсте мына ошончолук бекем калат. Баамдап түшүнмөйүнчө эсте сактап калууга аракеттенбеңиз — бул убакытты текке кетирүү болот. Сизге белгилүү нерсени кайталап окубастан, көз жүгүртүп чыгууну гана билиңиз. Али баамдап түшүнүлбөгөн нерсени үстүртөдөн көз жүгүртүүдөн сактаныңыз. Үстүртөн кылган мамилеңиз айрым фактыларга, көрүнүштөргө, закон ченемдүүлүктөргө кайрадан көп ирет кайрылууга аргасыз кылат.

11. Эгерде сизге бирөө тоскоол болсо, акыл эмгеги ийгиликтүү жүрбөйт. Акыл топтоп иштеген кездерде ар ким таптакыр өз алдынча болууга тийиш. Режим катуу сакталган окуу залында (Окуу бөлмөсүндө) иштөө баарынан жакшы.

12. Акыл эмгеги математикалык жана көркөм ой жүгүртүүлөрдүн кезектешип турушун талап кылат. Илимий адабиятты окууну кара сөз түрүндөгү адабияттарды окуу менен алмаштырып туруңуз.

13. Жаман адаттардан кутулуңуз (мисалы, ишти баштар алдында он беш мүнөт бекер отуруу; окугусу келбеген китепти эч кандай зарылчылыгы жок эле барактай берүү; ойгонуп алып төшөктө жата берүү жана башкалар).

14. Эртең деп айтуу — мээнеткечтиктин эң коркунучтуу душманы. Бүгүн орундатуу керек болгон жумуштун кандайдыр бир бөлүгүн эч убакта эртеңкиге калтырбаңыз. Эртеңки иштин бир бөлүгүн бүгүн орундатууну адат кылыңыз. Бул бүткүл эртеңки күнгө шаң берүүчү чыныгы ички демилге болот.

15. Акыл эмгегин эч качан токтотуп койбоңуз. Жайында колуңуздан китеп түшпөсүн. Ар бир күн силерди интеллектуалдык байлык менен байыткыдай болсун — келечектеги акыл эмгеги үчүн зарыл убакыттын булактарынын бири мына ушунда. Сиз канчалык көп билсеңиз — жаңы билимге ошончолук жеңил ээ болоруңуз эсиңизде болсун.

## 87. Дене тарбия менен өзүн-өзү кантип тарбиялоо керек

Дене тарбиясы, интеллектуалдык, эмоциялык, эстетикалык жана эмгек маданияты дайыма бирдикте жана өз ара көз карандылыкта болууга тийиш. Дене тарбия рухий турмуштун, интеллектуалдык байлыктын молдугунун жөнөкөй шарты болуп саналат. Аны менен бирге, дене тарбия адамдын башка жактарын да асылдандырат.

Биздин педагогикалык коллективдин ишинде дене тарбия жаатындагы тарбиянын жана өзүн-өзү тарбиялоонун биримдигинин идеясы ачык-айкын көрүнүп турат. Эгерде тарбиялануучулардын өздөрү кичине кезинен бизге жардамчы болбосо, биз таза денеде таза дух болот деп ниет кыла албайт элек.

Биздин бекем ишенимибиз боюнча, дене тарбиядагы тарбия жана өзүн-өзү тарбиялоонун биримдиги эң жаш кезден башталат жана ал элдик педагогиканын: кашыкты колго кармап, аны табактан оозго жеткирүүнү үйрөндүңбү, демек, эмгектен деген идеясына байланыштуу. Баланын ойлонуп иштешине жана иштеп ойлошуна жетишебиз. Мына ушул шартта гана адам дене тарбиянын маанисин түшүнө алат, өзүнүн күчкө толгонун сезет, таза духтун таза денеге көз карандылыгын тааныйт, рухий күчтөрүн, дене күчтөрүн чындоого багыттай алат. Балдар кичине кезинен иштеп көнбөсө, дене тарбия менен өзүн өзү тарбиялоо жөнүндөгү эч кандай акыл-насаат алардын акыл-эсине жана жүрөгүнө жетпейт. Бирок биздин балдар эмгекчил болгондуктан, алар биздин акыл-насаатты эң сергек, өтө кызыгуу менен кабыл алышат жана биз кеңеш бергендей жасашат. Дене тарбия менен өзүн да тарбиялоо боюнча биздин кеңештер мына булар:

1. Ден соолук — бул рухий турмуштун молдугу, кубаныч, акылдын тунуктугу. Сенин ден соолугуң — өз колуңда.

2. Ден соолуктун маанилүү булагы — бизди курчап турган жаратылыш: аба, күн, суу, жайкы аптап жана кышкы суук, көлөкөлүү токой жана гүлдөгөн беде талаасы. Жа-

ратылышта жаша жана эмгектен. Күн чыга электе тур. Жайында күн өтө эрте көтөрүлөт, бирок сен күндөн мурда турууга тийишсиң. Талаага жөнө, таза абадан дем ал, бети-колуңду шүүдүрүмгө жуу — бул жомоктогу кадимки жандуу суу. Гүлдөгөн жана дүмбүл дандын жыпар жытына толгон аба дарылык касиетке ээ. Ким бул абадан жай мезгилинде дем алса, өпкө оорусуна эч убакта чалдыкпайт.

3. Ар күнү уйкудан ойгонор менен, таңкы гимнастиканы жасоону өзүңө эреже кылып ал. Жайында короодо — чөптүн же жаңы самандын үстүнө жатып укта (жаңы гана басылган эгиндин саманына) — чөп жана жаңы саман бөлүп чыгарган фитонциддер сасык тумоодон сактайт.

4. Күн сайын эртең менен муздак ным сүлгүгө жышынууга өзүңдү мажбурла. Көлмөгө мүмкүн болушунча узакка дейре —күзгү суук башталганга чейин түш. Кыш күндөрү бутуңду (тизеге чейин) кар менен сүрт — ал тизеден таманга чейин ысыткыдай болсун. Бир нече мүнөткө жыңайлак карга чыгуудан коркпо — бул бутту жана бүт организмди чыйралтат.

5. Бир күн да күч эмгегисиз өтпөсүн, Эмгек денени жана жанды түзөлтөт. Адамдын көп жашоосу — дайыма, күндөлүк эмгекте. Ким бала кезден аябай карыганча эмгектенсе, ал күч-кубаттан тайбай, акыл-эси данектей болуп, кабылдоого ийкемдүү, эмоцияга бай бойдон жашап, өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин толук баалуу адам болуп кала берет.

6. Күнүгө үчтөн (кенже куракта) он километрге чейин баскын. Токой, шалбаа, талаа менен жүрүүнү адат кыл. Эгерде мектебиңе чейин эки-үч километр болсо, ал жол шалбааны аралап өтсө — бул сенин бактың. Жай мезгилинде гүлдөп жана бышып турган эгинди жана чөптөрдү (өзгөчө буудай, арпа, сулу, беде талаасын) аралап бир нече километр басууну адатка айландыр.

7. Жөнөкөйлүк, сыпаалык, токтоолук сенин парзың болуп калсын. Бала кезде таттууну көп жебе. Таза углеводдорду такыр жебегениң жакшы. Соргок болбо, ашыра жебе. Дасторкондон чала тоют бойдон тур.

### 88. Коллектив кандай шартта жеке адамдын тарбиячысы катары өз милдетин ийгиликтүү аткара алат

Мерчемдүү теориялык жалпылоолорго негизделген бул кеңеш практикалык иш үчүн өтө керектүү. Баарынан мур-

да багыттын олуттуу башталмасын билүү жана адамга таалим көрсөтүүнүн өз ара татаал көз карандылыгын түшүнүү маанилүү. Бул коллектив менен жеке адамдын эриш-аркак биримдигин түзүүнү көздөгөндө өзгөчө маанилүү.

Ошентип, коллективдин тарбиялоочу күчүнүн башаты эмнеде, коллектив кандай шарттарда жеке адамды тарбиялоо ролун ийгиликтүү, натыйжалуу аткара алат? Алды жакта бир катар кеңештердеги айтылгандарды жыйынтыктап, бул жерде төмөндөгүлөр эң маанилүү деп ойлойбуз:

1. Ар бир инсан төмөнкү чындыктарды түшүнүшү жана сезиши керек, катарында адам жашап жана эмгектенип жатканын (мен бул шартты адамды сезүү деп атар элем). анда кубаныч жана кайгы бар экенин, ага адамча мамиле кылуу, ушул саамда анын жан дүйнөсүн жана абалын түшүнүү жана сезүү зарыл. Ар бир адам акыл-эси жана жүрөгү менен адамдардын океанында туура багыт ала билбесе, коллектив жок жана болууга мүмкүн эмес, коллективдин ар бир мүчөсүнө урмат-сый, өзүн-өзү кадырлоо жок жана болбойт.

2. Ар бир адамдын өз каалоосун чектей билүү жөндөмдүүлүгү, башка адамдардын каалосун эсепке алып, өзүнүн кайсы бир каалоосунан баш тарта билүү. Көңүлдүн бул эң маанилүү сапаты сезимталдык сабактары, адамкерчилик сабактары менен тарбияланат (алар туурасында жогоруда сөз болду), ал сабактардын мааниси — адам башка адамдын рухий дүйнөсүн жүрөгү менен таанып, ага жардамга келгенинде, ага өзүнүн күч-кубатын бергенинде, башка адамда өзүн калтырганында. Башка адамдардын жыргалчылыгы үчүн өз каалоосун чектей билүү, адатта, эпке көнгөндүк деп аталган нерседен көрүнөт. Эгерде адамдарда бул жөндөмдүүлүк болбосо, турмуш тозокко айланып кетер эле. Ар бири өз мүдөөсүнүн артынан сая түшкөн жерде ал тозокко айланат.

3. Адамдын адептүүлүк, эмоциялык, интеллектуалдык, эстетикалык, чыгармачылык маданиятынын дайыма өсүшү. Коллектив качан рухий жактан дайыма өскөндө гана коллектив боло алат, мына ошонусу менен ал тарбиялык чоң күч. Ал эми бул кечээкиге караганда ар бири бүгүн акылдуураак, өсүңкүрөөк, мартыраак болгон жерде гана мүмкүн. Сөз коллективдин рухий жактан өзүн-өзү үзгүлтүксүз байышы жөнүндө, жаңы адамды жаратып жаткан скульпторлордун бири катары өзүнүн турпатын сомдоонун үстүндө — улам жаңы кылдат чиймелерди тартуу менен ажары-

на чыгып, өзү менен өзүнүн дайыма иштөөсү жөнүндө бара жатат.

4. Өз кадырына жете билүүнүн, инсандын өзүн-өзү кадырлоосунун бийик сезими. Ар биринин өзүн-өзү кадырлоо сезимин өнүктүрүү, коргоо, аёо менен, жан дүйнөнүн түйгусун жакшы сөзгө, кооздукка тарбиялоо менен, биз коллективдин тарбиялоочу күчүн жогорулатабыз. Адамдын рухий турмушунун бүтүндөй мезгили — 5—6 дан 9—10 жашка чейинки учурлары бар, бул кезди мен коллективдин турмушуна даярдоого тарбиялоо мезгили деп атар элем. Бул жылдары ойролук, кайдыгерлик, таш боордук таптакыр болтурбай турган нерсе — бул жаш жүрөктүн назик кылдарына сокку эмесни, андан кийин ал өгүздүн терисиндей катуу жана сезимсиз болуп калат. Бул жылдары жаш жүрөктүн сезим кылдарын кыраакылык менен коргоңуз, тарбиячы. Эгерде сиз жаш кезинде тарбиялануучуңуздун жүрөгүн моралдык жактан кенебес кылып таштасаңыз анда кийин, өспүрүм кезинде «жемелөө», жанына тийүү максаты менен жасаган педагогикалык айла-амалыңызга күлө турганын билиңиз. Адам бала кезде канча аз жазаланса, жакшы сөзгө ал канчалык сыпаа жооп кайтарса, анын абийиринин сакчысы болуп жүрөк ошончолук ишенимдүү, ал эми мындай адамдардан куралган коллектив ошончолук күчтүү болот.

5. Баланын, тарбиялануучунун жакшы болуу каалоосу, ал жөнүндө жакшы ойлоолор туудуруу үчүн болгон умтулуусу. Бул — коллективдин тарбиялык күчүнүн жандуу башаттарынын бири. Коллективдик ишкердигин шыктандырган адептик-мамилелердин, идеялардын байлыгы аны толуктап турат. Адам качан өзүнүн жолдошунан жакшы нерсени көргөндө, сыпаалыгына суктанганда, таңданганда ал да жакшы болгусу келет. Жогорку, асыл идея менен шыктанган коллективдүү эмгекте гана инсандын бүткүл рухий турпаты, анын башка адамдарга мамилеси байланыштуу болгон өзүн-өзү кадырлоо сезими башталат. Тарбиялоонун акылмандыгы жана чеберчилиги адамга адамдын көзүн ачууда, эмгектин жогорку максаты менен коллективди шыктандырууда жатат.

6. Баланын керт башынын бардык начар жактарын коллективге жар салууга жол берилбей тургандыгы, «жан дүйнөсүн матоого» болбой тургандыгы. Адам коллективден коркууга тийиш эмес, тескерисинче, коллектив андан жакшы нерсени көргөндүгүнө, ал жөнүндө жакшы ойлогонуна кубанышы керек. Инсандын үстүнөн болгон коллективдин бийлиги адамдык өтө кылдат мамилелерге негизделиши

тийиш. Ал бийлик качан коллектив адамдын жамандыгынан жакшы жагын бир кыйла көбүрөөк көргөндө гана күчүнө кирет.

7. Коллектив мүчөлөрүнүн кызыкчылыгынын, шыгынын, ишкердигинин көп түрдүүлүгү. Эгерде тарбиялануучулардын өз жүзү болбосо, анда коллектив жок. Ар биринин өзүнүн кайталангыс жүзү болгондо, ар бири эмнеси менендир жолдошторунун ортосундагы өз ара мамилени байыткaнда гана коллектив тарбиялык күчкө ээ болот.

8. Коллективдин коомдук активдүүлүгү. Инсан коомдук идеяны канчалык айкын туюндурса, ага болгон коллективдин тарбиялык күчү, анын бийлиги ошончолук аныкталат. Мектеп коллективи коомдук иштерге, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүгө жана чыңдоого, адамды көтөрмөлөөгө дайыма катышышы керек.

9. Коллективдин ичиндеги чарба мамилелери. Эгерде адам өзүнүн тажрыйбасында коллективге таандык байлык үчүн жоопкерчиликти таанып билбесе, анда милдеттүүлүк, жоопкерчилик, акыл-эстүүлүк менен баш ийүү, жеке жана коомдук кызыкчылыктарды айкалыштыруу жөнүндөгү сонун чындыктар жакшы каалоо бойдон гана кала берет. Коллективдеги уюштуруучулуктун өз ара көз карандылыктарынын адептик тажрыйбасы — жетекчилик, баш ийүү дал мына ушул жоопкерчиликтен баштала тургандыгына көп жылдык тажрыйба ишендирди.

10. Коллективде актив жана пассив дегенге бөлүүгө жол берилбейт, анда адам пассивдүүлүккө жана ишсиздикке дуушар болгонун гана эмес, анын тагдыры башкаларга баш ийүү болуп калганын да сезет. Коллектив мүчөсүнүн активдүүлүгү ал талап кыла жана башкара билгендиги менен гана аныкталбайт. Ал ар түрдүү болууга тийиш. Коллективдин *ар бир* мүчөсү өзүнүн активдүүлүгүн — шыгын, жөндөмүн, ышкысын абдан толук ачыла турган иште көрсөткүдөй болсун. Азыркы мектепте инсандын коомдук активдүүлүгү адамды ар тараптан өстүрүүсүз ойго келбей турган нерсе. Коллективде пассивдүү, өз жүзү жок, өзүн бир нерседен көрсөтө албаган бир да тарбиялануучу болбоо керек. Өзүнүн бирден бир активдүүлүгүн башкаруудан көрсөткөндөрдүн да кереги жок. Башкаруу укугу — чыгармачыл, жаратуучул эмгектин бул же тигил чөйрөсүндө шык, жөндөм, чеберчилик, үлгү менен шартталган активдүүлүктөн келип чыгууга тийиш. Мектеп коллективинде жетекчилик кылуу — бул баарынан мурда эмгекте үлгүлүү болуу дегендикке жатат.

11. Коллективдердин ар түрдүүлүгү. Коллективдин тар-

биялык күчү качан адам ар бири өз милдетин аткарган бир нече бирикмеге активдүү катышканда гана айкын ачылат. Ар башка кызыкчылыктардын, шыктардын, ишкердиктердин, өзүн-өзү издөө, өз шыгын, жөндөмүн, талантын, акыл-эстүүлүк менен өстүрүүнүн өз ара чиеленишинде гана коллектив менен инсан өз ара шай келет. Коллективдердин көп түрдүүлүгүсүз тарбиялануучулардын бардыгынын активдүү болушу мүмкүн эмес. Эгерде тарбиялануучулардын турмушу бир гана алгачкы коллективдин чегинен чыкпай калса, ал «күчтөн тайыйт», сөзсүз пассивдүүлүк пайда болот.

12. Адамга, өзгөчө кичинекей балага балдардын, өспүрүмдөрдүн, улан-кыздардын камкордугу. Ар бир инсан жан дүйнөсүнүн күчүн башка адамга жумшаганда, ага камкордук көргөндө гана коллектив ишкердүү тарбиялоочу күч болуп калат. Мындай камкордук көз караш, ишеним, турмуштук идеал калыптанып жаткан мезгилде өзгөчө тарбиялык чоң мааниге ээ.

13. Коллектив тарбиячысынын — педагогдун акылмандуулугу. Коллективди сөзсүз педагог жарататат, ал өзүнөн-өзү пайда боло калбайт жана чаржайыт жашай албайт. Акылдуу педагогсуз коллектив жок. Ошондуктан класс жетекчисиз класстар жөнүндөгү, коллективдин толук өз алдынчалыгы жөнүндөгү «жаңычыл» сунуштарга ишенүүгө болбойт. Дартты дарылоону оорулуунун өзүнө берип коюу мүмкүн болбогондой эле, бул дагы мүмкүн эмес. Педагог-тарбиячынын акылмандуулугу — бул тарбиялануучулары анын майда-чүйдө камкордугун жана үстүрт көзөмөлүн сезишпегенинде, педагогдун ой-пикирин балдары өзүлөрүнүн ой-пикири катары алып чыгып, ишке ашырышында жатат. Чыныгы устат-тарбиячыдан балдар өкүмдү эч убакта сезишпейт. Балдар чоңойгон сайын тарбиячыга талабы ошончолук күчөй берет. Педагог алардын коллективинин үлгүсү, идеалы, ар-намысы болууга тийиш экендигин өспүрүмдөр эң сонун түшүнүшөт. Мына ошондуктан өспүрүмдөрдүн, улан-кыздардын тарбиячысынан турмушту жана адамды өзгөчө терең билиши талап кылынат. Коллективдин тарбиячысы — бул коллективдин рухий жактан — адептүүлүк, интеллектуалдык, эмоциялык, эстетикалык жактан өсүшү эч убакта токтолуп калбагыдай күч болуп саналат. Бул өсүш чындык болуп калышы үчүн тарбиялануучулардын акыл-эсине жана жүрөгүнө педагогдун күн сайын тийип өтүп турушу, турмуштун жана адамдын рухий дүйнөсүнүн улам жаңы жана жаңы жактарын алардын алдында дайыма ачып көрсөтүшү зарыл.

## 89. Мектеп коллективинде талкуулоого боло турган жана болбой турган нерселер

Мектеп окуучуларынын мүнөзүнө, кылык-жоруктарына байланыштуу нерселердин бардыгын тең эле мектеп коллективинин талкуусуна алып чыгууга болбой тургандыгына мени тарбиялык иштин көп жылдык тажрыйбасы ишендирди. Коллективде талкууга алынбай тургандар:

а) үй-бүлөдөгү ачык же тымызын келишпестиктер, асыресе, ата-энелердин коомго каршы мамилелери, ата менен эненин ортосундагы талаш-тартыш, чыр-чатак, келишпестиктен улам баланын (өспүрүмдүн, уландын) жаман кылык-жоругу. Мындай учурда улан-кыздардын жаман жоругун талкууга алуу өзгөчө жол берилбей турган нерсе. Өзүнүн ошол жүрүм-туруму үй-бүлө турмушунан болуп жатканын алар эң сонун түшүнүшөт, ошондуктан бул турмуштун жаман жактарын ашкерелөө аларды кайгыга батырат;

б) эгерде уяткарыла турган жүрүм-турум же айрым терс кылык-жоруктун себеби — баланын ата же энеси өгөй болгондугуна байланыштуу көңүлү бузулгандыктан болсо. Эгерде баланын атасы же энеси жок болсо, ал ашкере тартип бузса да анын жүрүм-турумун коллективде кароонун кереги жок;

в) ата-энелеринин же чоң адамдардын, анын ичинде педагогдордун да кимдир бирөөнүн ойройлугуна, зомбулугуна каршы баланын наарazылык катары көрсөткөн жүрүм-туруму же айрым кылык-жоруктары. Бул чоң адамдардын беделин сактоодон улам гана маанилүү эмес, баланын өз кызыкчылыгынан да келип чыгат. Эгерде бала тартипсиздикти наарazы кылганга кыр көрсөтүү түрүндө жасаса, анда ал жоругун тескөөгө алууну ал адилетсиздик катары сезет;

г) балдардын (өспүрүмдөрдүн) педагогдун катасынан улам келип чыккан терс кылык-жоруктары. Окуучунун терс кылык-жоругун карап жаткан учурда мугалимдин: «Сөз мугалим жөнүндө эмес, сен жөнүндө болуп жатат, мугалим менен сенин ишиң жок»,— деп айтышы таптакыр ыксыз. Ошондой эле окуучунун катасын тескеп жатып, педагогдун катасын талкуулоо да жол берилбей турган нерсе;

д) окуучунун билимин баалоодо мугалим калыссыздыкты жиберүүдөн улам келип чыккан терс жоруктар. Башка көп учурлардагыдай эле, бул жерде биз баланын ызасын бетке кармап отурабыз. Ал болсо назик, чыргоолуу жарага канчалык көп беймаза болсоң, жараатты канчалык чу-

кусаң ал ошончолук ырбайт. Жараны, ызаны жөн-жайына койгон жакшы. Деги эле коллективдеги кайсы бир нерселер жөнүндө сөз козгоп кереги жок, анткени эмне жакшы жана эмне жаман экенин балдар аныктай биле албагандыктан эмес (кээде алар муну чоң адамдардан кем эмес ажырата билишет), тек гана жараны ого бетер ырбатуунун кереги жоктугунан болот. Көп учурда жаңы жараны, ызаны болтурбоого кам көрүү бир кыйла пайдалуураак.

е) окуучунун акылынын өсүшү нормадан тайып, же ал канча аракеттенсе да бул же тигил материалды өздөштүрүү колунан келбегендиктен улам окуудан артта калышы. Мугалим жалкоолук менен шалаакылыкты түшүнбөстүк менен билбегендиктен ар дайым ажырата билиши керек. Эгерде мугалим анте албаса — ал тарбиячы эмес. Коллектив алдында жалкоолук жана шалаакылык таптакыр башкача бир нерсе катары көрсөтүлсө, анын зыяндан, кайгыдан жана ызадан башка пайдасы жок.

ж) курбалдашы, улуу же кичүү досу менен окуучунун көзүнчө айтып берүүнү талап кылган жаман, туура эмес жүрүм-туруму. Мындай учурда ачыгын айттырып алууга түртүү — окуучу тарабынан чыккынчылык, досун ашкерелөө катары баамдалып, кайгыга батырат. Окуучулардын ортосундагы өз ара мамиле, бир карагандагыдай, жөнөкөй эмес. Абийир жана абийирсиздик жөнүндө балдарда өз түшүнүгү, өз ишеними бар, мына ошол түшүнүктү жана ишенимди кадырлоо керек.

з) себептери үй-бүлөдөгү өзгөчө мамилеге байланыштуу келип чыккан, бирок аларды балдардын билиши али эрте жана муну аларга түшүндүрүүнүн кереги жок болгон терс жоруктар. Мындай кылык-жоруктарды сылык жана байкатпай жылмалап, жок кыла билиш керек.

Элге жарыялоонун, эл алдында талкуулоонун, ачыкка чыгаруунун кереги болбогон дагы башка көп терс жүрүм-турум бар. Аларды жалпылоо кыйын, алар үчүн кандай бир жалпы ченемди, кандай бир бардыгын кучагына алуучу сынамды табуу кыйын.

Бул саптарды жазып жаткан күнү VI класста мына мындай бир окуя болду.

Юрко деген окуучу жөндөн жөн эле өзүнүн парталаш жолдошу Владимирди уятсыз деп коюптур. Биздин өспүрүмдөр бул сөздүн маанисин эң сонун түшүнүшөт. Минтип зекүүгө Юркодо эч бир себеп болбосо, Владимир ыза болуп калмак. Бирок ал, тескерисинче, уялып өзүн күнөөлүү сезди. Деги эмне болду? Юрко алысты көрө албайт. Анын

көз айнектери эң начар болучу: аны менен буюмду караганда, ал турган жеринде эмес, башка жерде болуп көрүнчү. Сүрөт сабагында Владимир Юркону тамашалагысы келип, анын алдына кутучадагы боёкту койгон, бала ишке алаксып, башын партадан албай тартып жатканда, аны бир нече сантиметр ордунан жылдырып коёт, Юрко болсо адашып, башка боёк менен тарта берет. Бул шакабаны сезип, Юрко ага ачууланган, анан үйүнө баратканда ыйлап жиберген. *Уятсыз* деген сөздү бүт класс укту, бирок Владимирдин жоругу жөнүндө эч ким билген жок, ал мага эки күндөн кийин белгилүү болду. Ал жөнүндө мен Юркодон эмес, күнөөсүн мойнуна алган Владимирден билдим. Юрко болсо үч күндөн кийин мага келип: Владимирдин жоругу жөнүндө эч кимге айтпаңыз,— деп өтүндү.

Биздин кыйын, кээде азаптуу ишибизде эң маанилүү эрежени орундатуубуз керек экенине көп жылдык ишим ишендирди: эгерде тарбиялануучулар өздөрүнүн татаал мамилелерин өздөрү түшүнүшө жана ажырата билишe алса, бүт коллектив менен тескөөнүн кереги жок.

Мугалим коллективде эмнени тескөөгө болот? — деп сурашы мүмкүн. Эч нерсени.

Тактап айтамын: эгерде сөз жорук-жосун жөнүндө бара жатса, аларды деги эле тескөөнүн, талкуулоонун кажети жок, анткени, биринчиден, чыныгы коммунисттик тарбия — терс кылык-жоруктарды деги эле болтурбоодо же болсо да, мүмкүн болушунча аз болушунда жатат; экинчиден, коллектив тарбиялоочу күч катары ар кандай кылык-жоруктарды текшерүү үчүн эмес, инсанга таасир көрсөтүү үчүн жашайт; үчүнчүдөн, коллектив ар кандай келишпөөчүлүктөрдү канчалык аз тескесе, тарбиялык чоң күчкө ошончолук ээ болот.

Коммунисттик тарбиянын дагы бир өтө маанилүү эрежеси бар: чыр-чатакты эң башталышында жымсалдап жоюу керек, жалынды тутантпай, аны өрткө айлантпай, ал тутана баштаганда эле өчүрө билиш керек.

«Сиз «чыр-чатаксыз» тарбиялоо жагында турасызбы»,— деген суроо туулушу мүмкүн. Ооба, мен балдарды (так эле *балдарды)* эч жакшылыкка алып келбей турган кайгы-капасыз жана жараатты ырбатуусуз, күчтүү чараларды колдонуусуз тарбиялоо жагында турам. «Чоң адамдардын» социологиясынан алынган түшүнүктү жана закон ченемдүүлүктү балдардын дүйнөсүнө алып келүүгө болбойт. Балдарды тарбиялоодогу кагып-силкүү, кагылышуу, ачуулануу объективдүү зарылчылык эмес. Туталанбай иштеген жакшы.

## 90. Коллективдин өз демилгелүүлүгү эмнеде

Өз демилгеге рухий турмуштун байлыгы көз каранды эмес, тескерисинче, коллективдин демилгелүүлүгү толук кандуу, бай рухий турмуштун натыйжасы болуп саналат. Адамды сезүү коллективде канчалык жогору болсо, ар ким өз жолдошуна рухий байлыкты канчалык көп тартууласа, адам адам алдында өзүнүн ички сулуулугун канчалык даана ачып берсе, элдин жыргалчылыгы үчүн биргелешкен эмгекте бул сулуулук канчалык толугураак таанылса — өзүнүн ар бир мүчөсүнүн тагдырына чындап кам көрүүгө, адамдардын өз ара мамилесине таасир көрсөтүүгө, алардын гумандуу болушуна жана алар коммунисттик жогорку принциптүүлүктү, талаптуулукту, «эмнени кааласам, ошону кыламын» деген өңдүү чийинден чыккандыкка жана ээнбаштыкка чыдабастыкты көрсөтүүгө коллектив мына ошончолук көп даярданган болот.

Менин жаш досум, коллективдин өз демилгелүүлүгүнүн негизги өз ара мамилелердин мына мындай нормалары болушуна умтулуңуз: коллективдин инсанга болгон ар бир талабы мына ошол убакта эле инсан жөнүндөгү, аны коргоо жөнүндөгү коллективдин камкордугу болуп калсын. Мен адамга болгон талап жана ал жөнүндөгү камкордук айкалышкан мектептеги коллективдик өз ара мамилелердин нормаларына кыскача токтолом.

1. Класс коллективинде (IV класстан баштап) үй тапшырмаларын орундатуу жана сабакка катышуу эсебин алып туруучу окуучу чейректе шайланылат. Ар бир окуучу сабакка келери менен тапшырманы орундатканы же орундатпаганы жөнүндө *мугалимдин жардамчысына* билдирет; эгерде орундатпаса — эмне үчүн жана эмнени орундата албаганын айтат. Мугалимдин жардамчысы үй тапшырмасын текшергендерин жыйынтыктайт жана аны окутуучуга билдирет (мисалы, үч окуучу маселенин шарттарын түшүнбөгөн, бирөө арифметикалык амалдарды чыгара албаган). Ар бир класста мугалимдин предмети боюнча кеңешчиси болот (алар бир нече болушу да мүмкүн). Ал — абдан сезимтал, адатта программадан алдыда жүргөн, сабакка эң жакшы жетишүүнү талап кылгандан да бир кыйла көбүрөөк билген окуучу. Үй тапшырмаларынын жыйынтыгын жардамчысынан угуп, мугалим кеңешчисине: мына бул окуучулар менен иш алып бар, тигини, муну түшүндүр, мына мындай практикалык жумушту орундат,— деп кайрылат. Зарыл учурда алар менен мугалим өзү иштешет. Кошумча окуу жана консультация сабак башталганга че-

йин гана жүргүзүлөт, сабактан кийин кошумча эч кандай окуу өткөрүлбөйт. Баары сабактан кийин түз эле үйлөрүнө кайтышат. Окуучуну кошумча сабакка эч ким алып калбайт. Кааласаң, кошумча окууга сабак алдында кел. Мектептин бүткүл ишине жуурулушкан өз ара ишенимдин дал мына ошол маанайы, окуу иши адамды урматтоого негизделгени аркылуу гана ар бири өзүнө талап коё билет. Жардамга муктаж окуучу эртең менен эрте кошумча окууга же консультацияга келбеген учур эч убакта болбойт.

2. Коллектив шайлаган окуучу коомдук пайдалуу эмгектин эсебин жүргүзөт. Бизде класстар мектептин окуу-тарбия участогунда же колхоздо кезектешип иштейт (керек болгон учурда, бирок сөзсүз түрдө жыл бою.)

Коомдук пайдалуу эмгектин уюштуруучу болгон окуучу ким кандай иштегенин учётко алып турат. Эгерде кимдир бирөө жөндүү себеп менен бүгүнкү ишти орундата албай турган болсо, ал коомдук пайдалуу эмгекти уюштуруучудан эртеңки же бүрсүгүнкү башка класска кошуп иштетүүнү өтүнөт. Ооруп калган учурда жумуш ден соолугу жакшыргандан кийин аткарылат. Кимдир бирөөнү эмгектен биротоло бошото турган эч кандай жөндүү себеп жок жана болууга мүмкүн эмес.

3. Экинчи класстан тартып ар бир класста класстын чарбасын (китепканачаны, көрсөтмө куралдарды, дептерлерди, сүрөт альбомдорду, боёкторду, классты тазалоочу шыпыргылар жана чүпүрөктөрдү, спорт залында дене тарбия сабактары үчүн бут кийимдерди, борду) тейлөөчү окуучу бар, ал ошондой эле класс боюнча дежурлуктун учётун жүргүзөт. Күнүгө экиден дежур шайланат. Алар жазуусу бар кызыл чүпүрөктү каруусуна байлап алышат. Дежурлардын милдети эң эле кеңири. Алар класска окуу башталардан 15 минута мурда келишет, нымдуу чүпүрөк менен досканы жана парталарды сүрүп ыгышат, босогого нымдуу килемчени төшөшөт — бир кыпын да класска кирүүгө тийиш эмес; чаң менен дем алууга жол берилбейт. Сабак бүткөндөн кийин досканы жана парталарды кайрадан ным чүпүрөк менен сүртүп ыгышат.

4. Класстык ар бир коллективде бир жылдык мөөнөт менен өз жолдошторунун ден соолугуна жооп берүүчү окуучу шайланат. Ал үйүндө өткөрүлүүчү таңкы зарядканы да эсепке алат. Ишемби күнү ден соолук үчүн жоопкер бир күн болсо да окуучулардын кимиси зарядка жасабай калгандыгын сурайт. Ал окуучулар менен класс жетекчиси кийин өзүн-өзү тарбиялоо жөнүндө аңгеме өткөрөт. Ден

соолук үчүн жоопкер ошондой эле өздөрүн сыркоо сезишкен окуучуларды каттап, бул жөнүндө мугалимге билдирет. Мугалим болсо оорулууларды врачка жөнөтөт.

5. Класстык ар бир коллективде (III класстан баштап) күндөлүк толтурууну көзөмөлдөөчү окуучу шайланат. Мугалим журналга койгон бааны алган бала өз күндөлүгүнө жазат. Күндөлүккө мугалим кол койбостон, күндөлүктөрдү көзөмөлдөөгө жоопкер кол коёт. Коллективдин бул ишкердигине биз өтө чоң маани беребиз: мында коллективде өкүм сүргөн ишеним көрүнүп турат. Эскерте кете турган нерсе: эгерде окуучу жетише албаса, ага эч кандай баа койбойбуз. Баа — бул эмгектин жакшы натыйжасын гана белгилөө; баа жок болсо — демек, ал али жакшы эмгектенбегендикти көрсөтөт. Бул күндөлүктөрдү көзөмөлдөөгө жоопкер менен класстын ортосундагы мамиледе терс көрүнүштөрдү болтурбайт: окуучу окуучунун күндөлүгүнө жаман деген бааны эч убакта жазбайт; окуучунун күндөлүгүндө, айталы, грамматика боюнча баалардын жоктугу ата-энелер үчүн тынчсыздандыруучу белги болуп саналат: уулунун (же кызынын) иши жайында эмес экендигин сезишет.

6. Ар бир чейрек жана окуу жылы аяктар алдында класс коллективи (IV дөн баштап) жүрүм-туруму боюнча окуучулардын кимисинин баасын төмөндөтүүнү чечишет. Окуучулар үчүн эң маанилүү бул маселе боюнча чечим чогулушта кабыл алынат, анда мугалимге (класс жетекчисине) окуучунун ар бириндей эле добуш укугу берилет. Мектепте дагы бир мындай эреже бар: эгерде мүнөздү баалоо боюнча класстык коллектив бир пикирге келбесе, маселе педагогикалык советке коюлат, анын чечими акыркы болуп саналат. Бирок бизде педагогикалык советтин чечимине муктаж болгон учур эч качан болгон эмес. Жүрүм-турум боюнча бааларды педагогикалык совет бекитпейт.

7. Комсомол комитети жана пионер дружинасынын совети материалдык байлыктарды — окуу-тажрыйба участкасынан, жемиш багынан жана бал челектен мектептин эсебине түшкөн акчаларды башкарат. Ар жылы бул эсепке 2 миң сомдон кем эмес акча түшөт. Комсомолдор жана пионерлер акчаны эмнеге жумшоону чечишет. Бул каражаттардан муктаждарга материалдык жардам көрсөтүлөт. Үй-бүлөсүн кандайдыр бир кырсык чалса, окуучу өз жолдошторуна кайрылат, алар ага жардам беришет. Бул каражаттардын эсебинен саякаттар өткөрүлөт, музыкалык аспаптар, бир тууган республикалардан келген конокторго белектер сатылып алынат.

Ички коллективдик, уюштуруучулук, материалдык-тиричилик боюнча өз демилгелүүлүктүн жөнөкөй мектеби мына ушундай. Ал — коллективдин өз демилгесине негизделген коомдук-саясий жана интеллектуалдык мамилелердин зарыл шарты болуп эсептелет. Өз демилгелүүлүк рухий, өзгөчө коомдук-саясий турмушта ачык көрүнүшүнө умтулабыз. Өспүрүмдөрдүн, улан-кыздардын социалдык жана моралдык жетилүүсү мына ушуга байланышат. Жогоруда айтылган предметтик ийримдер, калк үчүн илимий-табият билимдердин кечелери, ар башка курактагы коллективдер жөнүндөгүлөрдүн бардыгы — бул жандуу, чыгармачыл иштердик.

## 91. Сабактардагы идеялык тарбиянын мааниси эмнеде

Окуу-тарбия иштеринде мындай көз караш кеңири таралган: билим алуу менен, адам ошол аркылуу адеп жагынан тарбияланат, билимге ээ болуунун өзү адеп жактан өсүү процесси болуп саналат. Адептүүлүккө агартуучулук көз менен кароо көп мугалимдердин аң-сезимине мына ушунчалык терең сиңип калгандыктан, ал сенейген ишенимден баш тартуу алар үчүн өтө кыйын. Сабактардагы тарбияны алар окуучу билим алып жаткан соң өзүнөн өзү боло бере турган нерсе катары карашат. «Билим аркылуу тарбиялоо», «билим аркылуу мораль» деген ырастоолор бар, алардын негизинде ошол эле адептүүлүккө болгон агартуучулук ката көз караш жатат, иш жүзүндө ал камырабастыкты жана өзүн-өзү тынчытууну туудурат.

Билим алуу, табигый-илимий жана социологиялык закон ченемдүүлүктөрдү түшүнүү, жакшы жооптор жана ошондой эле жакшы баалар,— мунун баары али адептүүлүккө тарбиялоо дегендикке жатпай тургандыгына турмуш ишендирди. Билим ишенимге өсүп жеткен жерде тарбия башталат. Чындыкты билүү жан дүйнөнү козгоп, жүрөктү толкундаткан жерде, өзүн практикада далилдей, иштерде көрсөтө алчу аракеттерге шыктандырган, чындыктарды коргоо адам үчүн эмнеси менендир ыйык, кымбат болуп калган жерде ишенимдер жөнүндө сөз болушу мүмкүн. Билимди алышат, ишенимди урматташат. Бул же тигил ачык-айкын билимдин жоктугу — адамдын моралдык жактан тарбиясыздыгы деген кеп эмес. Ал эми билими болуп туруп, ишениминин жоктугу — адамдын адепсиздигин көрсөтөт.

Мен жаш педагогго: эгерде анык тарбиячы болгуңуз келсе, баарынан мурда билим менен ишенимдин ортосун-

дагы айырманы көрө билиңиз деп кеңеш берем. Ишеним үчүн негиз түзө билиңиз, өзүнүн кагышы менен адептүүлүктүн ысык каны болгон ишенимди туудурган нервди турмушка ойгото билиңиз.

Жаратылыш жана коом жөнүндөгү *фактыларды билүү* илимий, коомдук-саясий, адептик *идеялардын* калыптанышы үчүн негиз болуп саналары эсиңизде болсун. Фактыларды билүү менен ишенимдин ортосунда көпүрө — идея жатат. Билим идея аркылуу ишенимге айланат. Идея — бул жөн гана билим эмес. Идеяда «жан дүйнөнүн кичинекей бөлүкчөсү» — адам билген нерсеге анын жеке мамилеси жатат. Юлиус Фучиктин кайгылуу жана баатырдык өмүрүн жана күрөшүн эң майда-баратына чейин толук билүүгө болот, бирок фактыларды билүү — али идея эмес. Окуучу качан гана кыялында баатырдык жалындуу жактоочу болуп калганда идея туулат. Эгерде тарбиялануучуңуз баатыр менен ийиндеш турууга даяр болсо, баатыр коммунист өмүрүн кыйган иш үчүн өз өмүрүн берүүгө даяр турса, мына ушул учурда, тарбиячы, сиз идея туулду деп айта аласыз. Идея ачык-айрым фактыларды аңдап түшүнүүнүн негизинде түзүлгөн корутундулар, жалпылоолор адамдын окуяларга, кубулуштарга, фактыларга тике катыштыгы болгондо гана ачык эмоциялуу түскө өткөн менен мүнөздүү.

Фактыларды билүүдөн идеяга өтүп жаткан жерде ишеним жаралат. Педагогдун милдети — бул өткөөлдү ого бетер дааналап адам кайдыгер «билим керектегич» болбостон, чындык менен акыйкаттын салтанатына жанындай кызыккан инсан болушуна жетишүү болуп саналат.

Ар кандай эле илимий билимдер идеялык тарбия үчүн материал болуп калабы? Жок, бардыгы эле эмес. Идеялык жактан бейтарап калуучу билимдер бар (албетте, бул билимди берип жаткан сабактарда тарбия жок дегендикке жатпайт). Кыскартылган көбөйтүүлөрдүн формаларын окуп үйрөнүүдө илимий чындык капиталисттик коомдун мектебинде да, социалисттик коомдун мектебинде да адептүүлүккө бирдей мамиледе болот. Бирок ал түгүл табигый илимий циклдеги предметтери боюнча билимдердин кыйла бөлүгү жалындуу идеялык күрөштүн, ойлордун кагылышын кучагына алат. Илимий көп чындыктар чоң курмандыктар менен — көрүнүктүү ойчулдардын өмүрү менен жеңип алынган. Менин досум, бул чындыктарды окуп үйрөнүүгө өзгөчө көңүл коюуну кеңеш берем. Күн системасы жөнүндө айтып берүү менен, идеялары эскичиликке, наадандыкка, элди рухий жактан кулактандырууга каршы көтөрүлүштү

билдирген улуу ойчулдарга терең урмат көрсөтүү сезими менен өз сөзүңүздү жандандырыңыз. Күрөшчүл ойчулдардын образын ачык элестетип, жаш жүрөктөргө чындык дайыма революциячыл боло тургандыгы жөнүндөгү ойду уялаткыла.

Физика, химия, биология, математика сабактарында сиздин материалды баяндооңуз чындыкты жөн эле түшүндүрүү болбостон, чындык үчүн күрөштүн бийик демине шыктанган, илимдин тик аскасы боюнча жаш изилдөөчүлөрдүн саякатына дем берсин. Илимий-табигый циклдеги предметтерди (физика, химия, биология, математика, астрономияны) мындайча окутуңуз: илимий билимдерди аңдап түшүнүү, өздөштүрүү жаш акыл-эс жана жүрөк үчүн ички күрөш — схоластикага, наадандыкка каршы, адамды док урунууга үн дебестен ишенүүгө дуушар кылган, анын ойлошуна, изденишине тыюу салган диний ууга каршы акыл-эстин, жан дүйнөнүн күрөшү болсун. Адамдык ышкынын чындыкка, таанып-билүүгө кумардануу толкунунун майышпастыгы жана жоюлгустугу жөнүндөгү ой-пикир сиздин сабактарыңызда ачык-айкын көрүнүп турсун.

Жаңы ачылыштардын келечеги бар, илим али толук түшүндүрө элек белгисиз нерселердин келечеги бар илимий-табигый цикл боюнча программалардын бөлүмдөрүн окуп үйрөнүүгө терең ойчул педагог-тарбиячы өзгөчө көңүл коюу менен мамиле кылат. Мейкиндик менен убакыттын өз ара көз карандылыгы, материя менен кубаттын маңызы, жарыктын табияты, бөлүкчөлөр жана антибөлүкчөлөр, гравитация — бул түшүнүктөрдүн бардыгын терең ойчул тарбиячы акыл-эс салтанатынын идеясы менен жандандыра билет. Сабакта тарбиялануучунун алдында ачылган Ааламдын зор көрүнүшүнөн, учу-кыйыры жок убакыт жана мейкиндик дүйнөсүнөн ал өзүн эң нерсеге татыбас кыпын сыяктуу сезип кетишине жол бербөө керек.

Гуманитардык циклдеги предметтер боюнча сабактарда идеялык жагынан бейтарап материал жок жана болууга мүмкүн эмес. Эгерде сиз, менин досум, тарыхты окутсаңыз, сиздин тарбиялык милдетиңиз — сабакта сиздин алдыңызда кандай бир абстракттуу окуучу турбасын (мындай жаратылышта деги эле болбойт). Сиз алдыңызда ачык-айрым, жандуу, кайталангыс адамдарды — Коляны жана Нинаны, Валяны жана Сергейди... көрүүгө тийишсиз. Өзүнүн ой-санаасы, аракети жана ышкысы бар адамдар турсун. Бул өтө маанилүү, анткени идеянын жандуу канынын зырпылдап согушу жандуу адамдын жеке өзүнчөлүгү болгон жерде гана башталат. Идея адамдын ачык-айрым рухий

дүйнөсүндө, анын ойлорунда, кылык-жоруктарында, күрөшүндө гана жашайт. Тарбиялануучуларыңызга эмне жөнүндө гана айтпаңыз — Спартактын жетекчилиги менен кулдардын көтөрүлүшү, же орус императору Павелге каршы сарайдагы заговор, же экинчи дүйнөлүк согушту даярдоонун жашыруун сыры, же Сталинграддагы баатырдык салгылашуу жөнүндө айтасызбы — ар дайым ар бир өспүрүмдүн, уландын, кыздын рухий дүйнөсүнө кайрылыңыз. Сиздин алдыңызда Коля жана Нина, Валя жана Сергей турганын бир саамга да унутпаңыз. Идея алардын жүрөктөрүндө жана эстеринде гана жашайт — бул эсиңизде болсун, менин досум. Мына ошол үчүн сиз, гуманитардык циклдин окутуучусу, Коля жана Нина, Валя жана Сергей билимди кайдыгер гана керектөөчү болбостон, өздөрүн окуялардын жандуу катышуучусундай сезишине кам көрүңүз. Адам коомдун тарыхы — бул ар качан күрөштүн тарыхы. Эзүүчү коомдо — прогресстин реакция менен күрөшү, тапсыз социалисттик коомдо — адамдын табият күчтөрүнө ээ болуу үчүн, коммунизмди куруу үчүн күрөшү. Тарыхты окутуудагы педагогикалык чеберчиликтин сыры билим алган адамды күрөшчүл кылып тарбиялоодо жатат.

Сиздин баяныңызды угуу менен, өспүрүм, улан күрөшчү болуп калышына кантип жетишүү керек? Бул эки шартка байланыштуу. Ал эми бул шарттар сизге, педагог-тарбиячыга, педагогикалык коллективге, мектептин бүткүл рухий турмушуна, коомдук турмушка мектептин канчалык активдүү катышканына байланыштуу.

*Биринчи шарт* — мектепте, коллективдин турмушунда, окууда, коомдук пайдалуу эмгекте өкүм сүргөн учурдун маанайы. Адам учурдун маанисин түшүнгөндө жана сезгенде гана билим алуу менен, өзүнүн көз карашын аныктап, ар дайым прогрессчил алдыңкы тарапта боло алат. Жаш эс-акыл жана жаш жүрөк биздин убакыт эрдиктин заманы экенин, көз алдыбызда улуу иштер турмушка ашырылып жатканын түшүнгөндө жана сезгенде гана сабактарда идеялык тарбия мүмкүн. Учурдун көзү менен караганда гана тарыхый ар кандай окуянын маанисин туура көрө жана түшүнө билет. Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын акыл-эсине жана жүрөгүнө азыркы учурдун маанайын жеткирүү — мектептин эң кыйын милдеттеринин бири.

*Экинчи шарт* — мугалимдин идеяларынын жана инсанынын шайкештиги. Фактыларга идеялык маани берүү, фактыларды билүүдөн ишенимдерге өтүү,— мына мунун баары мугалимдин инсанысыз мүмкүн эмес. Идея китеп барактарда жашайт; барактары отко кызарган темирдей

ысык, күндөй жарык китептер бар. Мектепте өкүм сүргөн коммунисттик идеялуулук маанайы сиз, менин досум, ушул ысык барактарга канчалык көп жана кандай ой жана ниеттер менен тийип өткөнүңүзгө, бул тийип өтүүлөр сизди кандай жоруктарга, ишкердикке шыктандыра турганына байланыштуу. Идеяны өз тарбиялануучусунун акылэсине жана жүрөгүнө жеткирүү үчүн терең билимге гана ээ болуу мугалимге али аздык кылат. Билимдер жөнүндө ой жүгүртүү керек. Адамзаттын казынасынан сиз эмнени калпып алып, эмнени тарбиялануучулардын башына куюп жатканыңыз жөнүндө ойлошуңуз керек. Өз предметин терең билген ар бир эле мугалим билими жөнүндө ойлоонун баа жеткис ийкемине ээ боло албасына көзүм жетет. Билим жөнүндө ойлоо — бул, демек, ар бир чындык адам жүрөгүнүн кайсы булуңунан орун алып жатканын, жооп кайтаруучу кандай ой-пикирлерди, суроолорду, күнөм саноолорду ойготуп жаткандыгын билүү, алдын ала көрүү, божомолдоо дегендикке жатат. Билимдер жөнүндө ойлоо — бул демек өзүн өспүрүмдүн, уландын ордуна коюп, алардын көз карашын бөлүшүү дегендик. Билим жөнүндө ойлоно билген мугалим-тарбиячылардын окуучулары сейрек, баа жеткис сапатка ээ: окуу материалын кабылдоо менен алар материал жөнүндөгү ойдон өздөрү жөнүндөгү, өздөрүнүн тагдыры жөнүндөгү ойго өтүшүп, жалпылоого көнүгүшөт.

Окутуунун идеялуулугу — билимге чаңкатуучу маанилүү демилгелердин бири. Окуучу өзүнүн идеялык көз карашын канчалык ачык-айкын аныктаса, чындыкка адамдык умтулуштун жоюлбастыгына ал канчалык терең ишенсе, ал ошончолук көп билгиси келет. Сабактарда жүрөгү тынч албаган мектептерде өспүрүмдөр, улан-кыздар үчүн идея, китеп ажырагыс жан жолдошу болуп калат. Окуу, китеп үстүндө өз алдынча ой жүгүртүү — мунун баары эле кезегинде идеялуулуктун орошон булагы болуп саналат. Идеянын жана ишенимдин өзүнүн жаратылышы мына мындай: адам өзүнүн жеке эмгеги жана ой толгоолору, ой жүгүртүүлөрү менен тапкан нерсесине ишенет жана аны урматтайт. Эгерде тарбиялануучуларыңыздын билими коммунисттик ыкластуу ишенимге өтүшүн кааласаңыз — анда маанисине түшүнбөй жаттап алуудан жана жатка үйрөнүүдөн, даяр чындыктарды ой жүгүртпөстөн «ичине куюп алуудан» оттон корккондой коркуңуз. «Ишенимге азап менен жетүү керек, анын турмушка жарактуулугун текшериш керек, аны башкалардын ишенимине сүрүп көрүш керек... Адам өз ишениминен баш тарткандан көрөкчө өлгөнү ар-

тык»[17],— деген С. Г. Лазонун эң сонун сөздөрүнө ой жүгүртүңүз. Билим дал мына ошол башкалардын ишенимине «сүрткөндө» жакшы түшүнүлөт. Жаратылыш жана коом жөнүндөгү билимди талкууга алынбас чындыктардын суммасы катары эмес, күрөштүн, пикирлердин кагылышуусунун натыйжасы катары берүү керек. Бул күрөш, бул кагылышуу сабактан кийин — китеп окуганда да улана берсин. Тарбиялануучуларыңыз үчүн мындай китептерди таап бериңиз: аларда чындык даяр, дайыма күйүп туруучу от катары эмес, чындык үчүн күрөшкөн жана бул күрөштө жеңип чыккан жүрөктөрдүн оту менен тутандырылган жарык шам катары берилсин.

## 92. Мезгилдин духун өспүрүмдөр менен жаштардын акыл-эсине жана жүрөгүнө кантип жеткириш керек

Учурдун маанилүү идеясы: тынчтыктын тагдырын биздин өлкөдө коммунизмди куруу чечет. Дүйнөдө курч, келишпес идеологиялык, саясий күрөш болуп жатат. Капиталисттер акчага жалдашкан жүз миңдеген буржуазиялык идеологдор биздин өлкөнү ушактап, жүздөгөн радиостанциялардын толкундары мүнөт сайын миллиондогон жалган сөздөрдү бүркүп жатат — мунун баары биздин жаш муундарды рухий жактан бузуу, күрөш алып бара турган эч кандай идеялар жок жана болууга мүмкүн эмес деп аларды ишендирүү максатын көздөйт. Буржуазиялык «эркин» турмуштун үгүтчүлөрү жана коргоочулары биздин жаштарды идеялык турмуштун ишке ашырылбай тургандыгына, капиталисттик жана социалисттик коомдо да адамдын жогорку максаты кандайдыр бир «тез өтүп кетме бош идеялар эмес» материалдык жыргалчылык экендигине ишендирүүгө тымызын үмүт кылышат. Советтик жаштарды коммунисттик идеядан тайдыруу — буржуазиялык үгүт-насааттын түпкү максаты мына ушундай.

Бул максаты менен көп нерсени бүлүндүрүүчү мындай аракеттерге биз коммунисттик жогорку идеялуулукту каршы коюуга тийишпиз. Биздин улан-кыздар өлкөбүздө, айлана-тегерегинде алардын ата-энесинин, ага-эжелеринин колу менен, өздөрүнүн колу менен дүйнөдөгү эң сонун адилеттүүлүк — дүйнөдө жаңы, эң адилет, эң калыс коом — коммунизм курулуп жатканын түшүнүшү жана сезиши керек. Коммунизмдин адилеттүүлүгүн, улуулугун, сулуулугун сезүү — бул азыркы учурдун идеялык өзөгү болуп саналат, анын тегерегине жаштардын ой-пикири, үмүтү, умтулуусу айланып турууга тийиш. Бул сезимди козгоо жогору жак-

та сөз болгон коммунисттик эмгекке активдүү катышуусуз мүмкүн эмес. Бирок бул тарбия жумушунун бир гана жагы. Учурдун маанайын жаш акылга жана жүрөккө жеткирүү, улан-кыздардын жан дүйнөсүнө коммунисттик ишенимди бекемдөө — адам идеялардын күрөшүн башынан өткөрүп, бул күрөштүн маанисин акыл-эстүүлүк менен ажырата билип, өзүнүн көз карашын аныктаган эмгек менен ойдун айкалышында гана мүмкүн.

Жогорку (IX—X) класстарда өткөрүлүп жаткан саясий кабарларда идеялардын күрөшү жөнүндө ачык-айкын, көңүл толкуучу аңгеме болушуна умтулабыз. Жумасына бир жолу жогорку класстын бардык окуучулары чогулушат. Мектептин директору өлкөбүздүн ичиндеги жана чет элдердеги окуялар жөнүндө кыскача айтып берет. Саясий кабарларда буржуазиялык идеологдор биз жөнүндө айткандарга жана бул ушактарды биздин социалисттик чындык кандайча ашкерелеп жаткандыгын түшүндүрүүгө олуттуу орун берилет. Буржуазиялык идеологдордун айрым обу жок ырастоолору улан-кыздардын күлкүсүн келтирет. Ар бир жаңы аңгеме өткөрүлгөн сайын улан-кыздар чындык коммунисттик идеялар тарабында экенине улам көбүрөөк ишенет.

Биздин учур — бул адам рухунун улуулугу, сулуулугу. Бизде идеялар адамдын иштеринде, тагдырларында, мамилелеринде жашап жатат. Жогорку класстын окуучуларын жумасына бир жолу аңгемеге чогултуп, мен аларга, бир караганда жөнөкөй, анчалык деле байкалбас окуялар жөнүндө айтып берем, эгерде алардын маанисине тереңдеп түшүнсө, биздин коомдогу кадыресе турмушта жаштарга өрнөк болчу өмүрлөрү жылдыз сымал жаркыраган адамдардын замандашы болгон үчүн алардын жүрөгүн эргитип, сыймыкка бөлөйт.

Менин аңгемелеримдин бири — Епистиня Фёдоровна Степанова деген орус аялы жөнүндө. Ал тогуз уулду багып өстүргөн, биздин улуу Мекендин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн күрөштө тогузу тең курман болушкан. «Бардык энелерге жоокерлер келишти, мен алардын ар биринен уулдарым кайда?..— деп сурадым. Аларды түнү да күтөмүн, күнү да күтөмүн»,— деген эненин сөздөрүн бир да өспүрүм тынч алып уга албайт. Эненин бул сөздөрүн кайталоо менен, адам тукумунун бардык сулуулугун, улуулугун, акылмандуулугун чагылдырган аялдын сүрөтүн көрсөтүп, үрөйдү учурган кайгылуу бир фактыны жаш акыл-эстерге жана жүрөктөргө жеткирүүгө умтулам, ошондо: эненин сөздөрү согуштан келбей калгандардын кайгылуу

үнү болуп угулушуна, ар бир тарбиялануучум өзүнүн алдына: эненин ыйык көз жашы үчүн ким жооп берет? — деген суроону койгудай болушуна далалат кылам. Турмушка жаңы кадам койгондо ар бирин граждандык асыл сезимдер толкундаткыдай, ар бири Мекенинин душмандарын ого бетер жек көргүдөй болушсун.

Өз өмүрү менен совхоздун миңдеген гектар буудайын өрттөн сактап калышкан эр жүрөк эки тракторист жөнүндө айтып берүү менен мен өзүмдүн алдыма тарбиялык мындай максатты коём: баатырлар өрттөнүшкөн оттун жарыгынан ар бир өспүрүм, ар бир улан өзүнүн жүрөгүнүн эң терең булуң-бурчтарын көрүш керек. «Менин жаш достору, биздин коомдо адамдан кымбат нерсе жок экенин билесиңер. Эгерде адам жүрөк буйругу менен өмүрүн бир нерсе үчүн берсе, демек, силердин ар бириңердин өмүрүңөр менен салыштырбай жана теңдештирбей турган бир нерсе, асыл жана ыйык нерсе — Мекен бар».

Ар бир күн, ар бир жума жаңы, мына бул экөө сыяктуу биздин күжүрмөн мезгилдин жандуу тарыхынын ачык-айкын барактарын ачып жатат. Менин досум, жаштарга бул китепти ача билиңиз. Бул жалындуу китептин бир барагы да окулбай калбагыдай кылып ача билиңиз.

## 93. Изги адамды жагымдуу кыла билиңиз

Эгерде 17 жаштагылар ачык-айкындыкка тартылса, демек, биздин этиканын жана адептүүлүктүн эң жогорку принциптерин да ачык-айкын кылышыбыз керек. Педагогдордун айрымдары: биздин адеп принциптерибиз өзү деле ушунчалык сонун, ал кандайдыр бир өзгөчө формада берүүгө муктаж эмес, «коздоп жасалгалоону» талап кылбайт,— деп эсептешет. Бул андай эмес. Принцип канчалык жакшы болсо, бул принципти ачуучу иш аракет ошончолук ачык-айкын болууга тийиш. Чынчыл, адилет, эки жүздүүлүккө чыдабас жана келишпес бололу деп эле улам кайталай берсек, анда алар тарбиялануучулар үчүн тажатма, жекиген насааттарга айланып кетер эле — аларга эң пайдалуу, бирок жүрөк айланткан балыктын майындай мамиле кылышмак. Чынчылдык, адилеттик, алдоого келишпестик толкундатуучу, жагымдуу, кызыктыруучу иш-аракет болуп калышы керек (кашаа ичине белгилей кетели, иш-аракеттин жана ийгиликтин коюлушу, биримдиги — практикалык педагогиканын башкы проблемаларынын бири). Улан-кыздардын өз алдынча жумуш аткаруу убактысында көчүрүп албоосуна, окуу китебине кылчактап карабоосуна

(бул үчүн өздөрүнүн алдында өздөрү уялат) жетише алдык. Эгерде биз улам эле: өз күчүңөр менен иштесеңер — жакшы; көчүрүп алуу, бирөөнүн эмгегинен пайдалануу — жаман,— деп кайталай берсек, биздин жакшы акыл-насааттарыбыз жагымсыз наалымага айланып кеткен болор эле. Биз тарбиялануучуларды изгиликтин сулуулугун, жагымдуулугун ачып көрсөтүүчү иш аракетке шыктандырабыз. Кичине кезинен эле ар жылы жайкы каникул күндөрүндө биздин окуучулар бир нече күн ачык асман алдында Мектепте жашашат. Самандан же бутактардан жасалган алачыктарды биз ушундай деп атайбыз, анда жайкы ысыкта балдар жайланышат. Бул жерде өзүн-өзү тейлөө гана эмес, зарыл тамак-аштардын бардыгы менен да өздөрүн өздөрү камсыз кылышат. Ачык асман алдындагы мектепке келип киришер алдында балдар өздөрүнүн жашыруун жерине (бардык иште кыялкечтик керек эмеспи) азыктарын алып келишет, аларды кагаз баштыктарга жана калай идиштерине салып коюшат. Бул жерде эч бир эсепке алуу жок, эч ким жокто ар бири жашыруун жайга азыгын алып келип коёт. Эч ким көз будамайлоого барган жок — бул ойго келбей турган нерсе эле. Балдар бул жерде тартуулап жатышканын сезишти. Эгерде кимдир бирөө коллективге көз боёмочулук кылууга ниеттенсе, ага баары кубанычты уурдоого аракет жасагандай мамиле кылышмак.

Балалык жана өспүрүм кезде балдар өздөрүнүн материалдык байлыгына — коллективдүү китепканачаларга ээ болушат. Класс жоюлган кезде китепканача кенже жолдошторуна өткөрүп берилет. Айрым учурларда китепканача кенже мектеп окуучуларынын бирине сый кылып берилет. Бул окуя улан-кыздарды толкундатат, өмүр бою алардын эсинде калат.

Биздин улан-кыздар эмгектене албай, жалгыз жашагандарга кубаныч тартуулоого умтулушат. Жогорку класстын окуучулары ар бир жазда жалгыз жашашкан карыяларга бир нече гүлзар жасап беришет. Бул эмгек изги адамдардын кыялына чулганган. Бул күндөрү жаштардын оюнан: баарыбыз карыйбыз, баарыбызга кичи муундар кам көрүшөт,— деген сезим сызылып өтөт. Бул ой өспүрүм жана балакатка жеткен кезде да көңүлдө болсо, кандай дурус болор эле! Ал уланды моралдык бийиктикке алып чыгат, аны эр-азамат кылат. Ал кызды энелик улуу милдетке даярдайт. Карыларга кам көрүүнү билдирген романтикалык, жагымдуу эмгек — бул эң керектүү, эң асыл ишкердик болуп саналат. Менин досум, карыларга жан тартып турган балалык жан дүйнөнүн ыйык бурчуна тийип өтүү-

нүн бир да мүмкүнчүлүгүн колуңуздан чыгарбаңыз. Карыларга камкордук — бул адамды жан-дилден сүйүү. Карыларга кайдыгер мамиле кылуу коомдун мүдөөсүнө кайчы, анда таш боор адам өсүп чыгат.

### 94. Педагогдун бийлиги деген эмне, ал эмнеден көрүнүшү керек

Бул тарбиянын абдан кылдат жана абдан аз изилденген проблемаларынын бири. Адамдын адам үстүнөн болгон бийлигинин проблемасы. Улуулардын кичүүлөрдүн үстүнөн болгон бийлиги. Педагогдун карамагындагы тарбиялык каражаттардын ичинен абдан керектүү, абдан жалпы, бардыгын кучагына алуучу жана ошол эле убакта абдан курч жана коркунучтуу жагы бар каражат — бул балдардын үстүнөн болгон бийлик. Бул — өзүнчө бир кескич-аспап, аны менен эң кылдат, билинбеген операция жүргүзүүгө да, жараны ырбатып алууга да болот. Аспап коркунучтуу болгону менен керектүү дагы. Мугалимдин эркин жана чыдамдуулугун сынаган, эрдигин жана акылмандуулугун бекемдеген аспап ошол эле убакта тарбиялануучунун жан дүйнөсүн бузуп, көркүн кетирип салышы мүмкүн—баары бул аспапты *кандай* пайдаланганына, адамга кандай максат менен мамиле кылгандыгына байланыштуу. Балдардын үстүнөн болгон бийлик — бул педагог үчүн абдан кыйын сыноолордун бири экенине, анын педагогикалык маданиятынын чени жана көрсөткүчү боло турганына мен улам жыл өткөн сайын көбүрөөк ишене бердим.

Мектеп босогосун аттоо менен, Адамды жаратуунун асыл милдетине өз өмүрүңдү арноону чечүү менен, менин досум, чыргоолуктун, көңүлдүн олку-солкулугунун туткунуна түшүп калуу коркунучу тооруп келиши мүмкүн экендиги эсиңизде болсун. Жалындуу жүрөк жана салкын эс-акыл келип куюлуша турган дарыя болуңуз, шашылып, ойлонулбаган чечимдерге жол бербеңиз — бул педагогика чеберчиликтин соолбос булактарынын бири. Эгерде ал соолуп калса, педагогика боюнча китептен алган бардык билимиңиз күлгө айланат.

Эгерде бир адам экинчисине чексиз эле ишене берсе, ал кандайдыр өлчөмдө алсыз болуп калат. Мен өзүмдүн бүткүл педагогикалык турмушумда мына ушул чындыктын үстүндө ой жүгүртүп келдим. Жакшы педагогго бала чексиз ишенет. Бала мектеп босогосун аттап, сиздин тарбиялануучуңуз болуп калган соң, ал сизге чексиз ишенет, сиздин ар бир сөзүңүз ал үчүн — эң ардактуу, ал эми сиз ба-

ла үчүн — акылмандуулуктун, акыл-эстин, сыпаалыктын *эң бийик* үлгүсү болуп каласыз. *Ишенимди, демек — баланын алсыздыгын кадырлаңыз* — бул педагогикалык акылмандуулук сиз үчүн өзүн-өзү тарбиялоонун чени болуп калсын. Педагогикалык маданиятсыздык, наадандык — өзүнүн акылынын тайкылыгынан улам мугалим балалык алсыздыкты кичинекей балапанды кууп кирип, аны өз каалагандай мазактоочу торго айландырууга аракеттенген жерде башталат. Балалык алсыздыкты түшүнбөө — мугалимдин тайкылыгынын башкы себептеринин бири, ал барабара балдардын үстүнөн болгон бийлигин жоготот — анткени адамды тордогу балапандай кармап турууга болбойт эмеспи.

Сиз качан гана балалык чексиз ишенимди жана ушундан улам балалык алсыздыктын болбой койбой турганын түшүнүп, аны жүрөк менен сезип, баланын үстүнөн болгон бийликти мына ошол ишенимге жана алсыздыкка негиздеп жүргөнүңүздө гана насыятчы, тарбиячы болуу укугуна ээ болосуз. Бул жерде чексиз ишенүү деген эмне экенине терең ой жүгүртүп, жүрөк менен угуу жана түшүнүү керек. Сизге, педагогго караандай ишенип, өзүнө таандык бардык нерселерден бала эстүүлүк менен баш тартып жаткандыр; мунун бардыгын өзүнүн жеке эркиндигинен, ыракатынан, жыргалчылыгынан баш тартуу үчүн жасагандыр?

Жок, таптакыр андай эмес. Балалык ишеним канчалык чексиз болбосун, ал рухий байлыкка, жеке турмушунун көп кырдуулугуна — таасирлердин, ой-санаалардын, эстетикалык ыракаттардын молдугуна, адамдар менен баарлашуунун байлыгына умтулган жандын ишеничи. Бала турмуштук тажрыйбага ээ болгон улуу, акылман адамдардын бири анын жыргалчылыгына кам көрүшүн каалайт. Бул каалоону баа жеткис байлык катары сактаңыз. Ошенте алсаңыз баланын жүрөгүнө баруучу жол сиз үчүн ачык. Баланын жакшы болууну каалоосунун башаты, эгерде каалаcаңыз, сиз баланын досу жана насаатчысы болушуңузга анын умтулушун коргооңузда жатат.

Педагогго чексиз ишенүү менен, канчалык кыйын болсо да, ар кандай абалдан чыгуу жолун улуу досу сиздин таап бере турганыңызды бала жүрөгү менен сезет.

Тарбиячы менен балдардын ортосунда адамкерчиликтүү чыныгы, ак пейилдүү мамиле дайыма сакталып калсын үчүн тарбиячы балалык чексиз ишеничти кантип кадырлашы керек, кантип баланы сүйгөн акылман коргоочусу болуп калышы керек. Адамдын үстүнөн педагогдун бийлиги канчалык акыл-эстүү болууга тийиш — бала да сиздей эле

адам экенин бир саамга да унутпаңыз. Балалык ишеничти сактаңыз, анткени ал баланын педагогго болгон сүйүүсү — баланын үстүнөн болгон педагогдун акыл-эстүү бийлигинин түйүнү мына ушул жерде жатат. Баланы тарбиячыдан коргоону табууга болгон умтулушу мына ушул ишеничте кармалып турат. Бул балалык умтулушту баа жеткис кенч катары ардактаңыз. Бала сизге үмүт менен карап, сизге ишенип турган кезде — сиз чыныгы тарбиячысыз, насаатчысыз, сиз турмуштун окутуучусусуз, сиз беделсиз, турмуштук акылмандуулуктун жандуу көрүнүшүсүз, сиз дос жана жолдошсуз. Булар эң борпоң экени, алар жеңил эле урап кетери эсиңде болсун. Эгерде сиз аларды уратып салсаңыз, анда тарбиячы катары сиздин ишиңиздин бүткөнү. Сиз анда көзөмөлчү боло аласыз, бирок тарбиячы боло албайсыз.

## 95. Балалык ишеничти кантип сактоо керек

Тарбиялоонун бул эң кылдат чөйрөсүндөгү башкы нерсе — бул балалык дүйнөнү терең түшүнүү, тагыраак айтканда, жүрөк менен сезүү, балалыкты *сезүү болуп саналат.*

Балалык, баланын дүйнөсү — бул өзгөчө дүйнө. Балдар жакшылык жана жамандык жөнүндө, жакшы жана жаман жөнүндө өз көз карашы менен жашайт, аларда кооздук жөнүндө өз сынамы бар, алар ал түгүл убакытты да өзүлөрүнчө өлчөшөт: бала кезде күн — жылдай, ал эми жыл — учу-кыйыры жоктой сезилет. Балалык деп аталган бул укмуштуу дворецке кирүү үчүн сиз жаңыча кубулуп, кандайдыр бала боло калышыңыз керек. Мына ушул шартта гана сизге кишинин — баланын үстүнөн болучу акыл-эстүү бийликке жол ачылат.

Менин досум, мен балалык дүйнөнү идеялаштырып жаткандай ойлобоңуз. Биз, чоң адамдар, өзүбүздүн балдарыбызда калтыргандардан балалык түзүлүп жаткандыгына ишенгенимден айтып отурам. Анткени бала — бир кезде чынар терек болуучу назик бүчүр, ошон үчүн балалык өзүнө өзгөчө кадырлоону талап кылат. Педагогдун бийлигинин акыл-эстүүлүгү — бул эң мурда бардыгын *түшүнүү* боюнча анын чексиз жөндөмдүүлүгү. Бул жерде эч кандай чектөөлөр болууга тийиш эмес. Бала атайын жамандык жасагысы келбей турганы эсиңизде болсун. Педагогикалык наадандык — бул бала атайылап жасап жаткан кылык-жоруктар катары тарбиячынын ага айып коюшунан башталат. «Жамандыктын тамырын кыя чабууга» умтулуп, тарбиячы тамырдын *бардыгын* үзө чабат да, балалыктын жандуу бүчүрлөрүн солутуп таштайт. Бала атайын жасабаган нерсени

атайылап жамандык кылдың, жалкоосуң, шалаакысың деп бекер жеринен күнөөлөсө, бала аны чоң адилетсиздик катары кабыл алып, аны мугалимден четтетет, ага болгон ишеними жоголот. Сизге болгон балалык ишеничти майтарсаңыз, сиз баланы кежирдик менен коргоно баштоого, атайылап эле укпай коюуга, бардыгын сиздин талапка каршы жасоого түртөсүз. Мунун баары бала сизге ишенбей калганда пайда болору эсиңизде болсун.

Ар түрдүү балалык олдоксон кылык-жоруктарга педагогикалык өтө акыл эстүүлүк менен мамиле кылыңыз, анткени аларды атайылап жасабайт, ал эми көбүнчө унутчаактыктан, билбестиктен же жаңылыштыктан болот. Мындай учурларда балалык жорукту ачыкка салып талкуулабаңыз. Бул жорук жөнүндө өзүңүз гана билиңиз. Сизде бардыгын түшүнө жана биле турган чоң, акылман бийлик бар эмеспи. Эмне үчүн биринчи класстын окуучусу жолдошунун кооз кутучадагы түр калемин алып, аларды ары-бери ойдолотуп туруп, аларды чөнтөгүнө салганын сиз түшүнүүгө тийишсиз. Чуу көтөрбөңүз, бул уурулук эмес. Эмне үчүн балдар коңгуроо болору менен класска чуркашпай «дагы кичине, дагы бир аз» көк майсаңга ойногусу келгенин; эмне үчүн Федя маселенин шартын укпай, демин ичине катып класска учуп кирген аарыны тиктегенин, эмне үчүн Оксанка бардыгы окуп жатканды окубастан, соргуч кагазга сүрөт тартып отурганын; эмне үчүн токойго саякат жасаганда тынчы жок үч окуучу — Миколка, Пилипко жана Петрик атайылап эле классташтарынан бөлүнүп, жашырынып калышканын... түшүнүшүңүз керек.

Эмне үчүн, эмне үчүн, эмне үчүн... — жүз жолу «эмне үчүн» жана жүз жолу келишпестик. Мугалим менен баланын ортосундагы келишпестик педагогикалык сабатсыздыктын эң жаман көрүнүштөрүнүн бири. Бул көрүнүш тарбиячыга аталык, энелик мээрим, педагогикалык чоң бийлик жетишпеген жерде *балалык* жоруктар менен, ой-жан көз караштар менен иши болуп жатканын түшүнбөгөн жерде пайда болот; деги эле баланы чоң кишиге салыштырууга болбойт, чоң кишини жана баланы өлчөп көрө турган бирдиктүү чен жок.

Кичинекей Дмитрик эсимде. Бул III класста болгон эле. Грамматика сабагы болуп жатканын элестетип көрүңүз. Сиз досканын жанында эрежени түшүндүрүп жатасыз, бардыгы угушуп, мисалдарды жазышууда. Дмитрик да жазып жаткансыйт, бирок бул балага көңүлүңүз бушайман. Анын көздөрү жандуу мончоктордой ойноктоп, ал азыр өзүнүн партасынын үстүндөгү бир нерсе менен алагды, анын

грамматика менен негедир иши жок. Акырын балага басып барасыз. Анын алдынан кичине ачылган ширеңкенин кутусун көрөсүз, анда бир нерсе кыймылдагансыйт; Дмитрик ага бүтүндөй берилген, анын көзү жана ою кутучада. Байкап көрсөңүз кутучада мурда көрбөгөн, араа сыяктуу бир мүйүзү бар коңуз жүрөт, ал мүйүзү менен өзүнүн түрмөсүнүн эшигин кесип жатат. Бирок кесе албайт.

Албетте, каарды төгүп, баланын көзүнөн жаш агызып, кечирим суратууга (ал эми өзүңдүн нервиңди бузууга) болор эле, бирок мындан эмне чыгат? Сиз жетише турган бир гана нерсе — бул убакытты текке кетирүү, коңуз бүткүл класс үчүн көңүл ачуунун себеби болуп калат, балдар Дмитриктин ишине суктанышат да, сиздин каарданганыңызга күлүшөт.

Мына ушул көз ирмемде: балакай, сенин көңүлүңдө эмне болуп жатат? Эмне үчүн сен коңузду жарым саатка мындай алып коюп, грамматикалык эрежени түшүнүүгө өзүңдү баш ийдире албадың? — деген ой сизге тынчтык бербесин. Сиз кутучаны алып, аны жаап, чөнтөгүңүзгө салып, Дмитриктин башын сылап, эрежени дагы бир жолу түшүндүрөсүз, бала жаза баштайт; анын түшүнгөндүгүн көрөсүз: бир көзү менен бир мүйүздүү коңузду карап, экинчи көзү менен досканы тиктеп, канткен менен да, баланын башында бир нерсе калды.

Сабактан кийин Дмитрик сиздин столго келип, башын ылдый салып унчукпайт. Узун кирпиктерине далдаланган кара мончоктору дагы эле жалжылдайт. Канткен менен да, көздөрү ойноктогонун ал сизден жашыра албайт. Коңузду Дмитрикке кайтарып берип: мындай таңгаларлык жанды ал кайдан тапканын, түрмөнүн эшигин таарууга коңузду кантип мажбурлаганын, ал андан ары коңузду эмне кыларын айтып берүүнү сурайсыз. Дмитрик чын көңүлү менен айтып берет, ал сизди колдон алып, бадалды көздөй жетелейт, анын сөзү боюнча, ал жерден мындай коңуздар жарыкка чыгышып, үч жылда бир учушат.

Бул өңдүү аңгемелерден кийин, адатта, тарбиячынын мындайча кыйыткан сөзү угулат: мындай учурларда ал өзүнүн педагогикалык акылмандуулугунун бийиктигинен төмөн түшүп, балага ак көңүл болгусу келүү менен балдардын кызыкчылык дүйнөсүнө ырайым кылып жатат. Балдар мындай ырайымга чыдашпайт. Чыныгы тарбия педагог бийиктиктен жерге түшүп келген жайда эмес, Балалыктын кылдат чындыктарына көтөрүлө билген жерде болот. Ошондуктан төмөн түшпөстөн жогору көтөрүлүү керек. Бала менен тил чайнап сүйлөшпөстөн, «балалыктын чек-

телген» кызыкчылыктарына ылайыкташпастан (эгерде биз өзүбүз баланын кызыкчылыктарын чектебесек мындай чектелүүлөр жок), акылман насыятчы болуш керек.

Адам үстүнөн адамдын, ал эми андан бетер баланын үстүнөн чоң кишинин үстөмдүгүнүн акылмандуулугу — бул чоң чыгармачылык, балдардын ой-санаасынын дүйнөсүнө чындап терең кирүү, бул баланын тилин түшүнө билүү, өзүндө балалыктын тамчысын сактоо жана ошол эле убакта өсүү деңгээли боюнча бала менен бир катарда турбоо болуп саналат. Мен бир мугалим — чоң киши, үй-бүлөнүн атасы мугалимдер бөлмөсүнө баланы — бешинчи класстын окуучусун алып келип: «Кана, айтчы, эмне үчүн сен сабактарда дайыма эле күлүп отурасың? Качанкыга чейин мындай болот? Пионер өзүн ушундай алып жүрүүгө укугу барбы? — деп суракка алганын көргөнүмдө мага балалык оюнга мугалим кошулуп кеткендей, бирок мунун оюн экенин түшүнбөй жаткандай сезилди. Бала унчукпайт. Ал эч нерсе айтып да бере албайт. Эгерде бешинчи класстын окуучусу күтүлбөгөн жерден мугалимге суроо коюлган духта жооп берсе, анда деги эле таңгаларлык иш болор эле. Окуучу эмне үчүн күлгөндүгүн көбүнчө өзү билбейт, мугалим болсо муну билбей коё албайт. *Бала бул же тигил жорукту эмне үчүн жасаганын билбей коюуга мугалимге укук берилген эмес.* Өз ара түшүнбөстүк келип чыккан учур болот: тарбиячы баланы түшүнбөйт, бала тарбиячыны түшүнбөйт, аларды карап, кээде булар ар башка тилде сүйлөшүп жатышабы деп ойлойсуң.

Бала, ал эми өспүрүм андан бетер бир нерсе менен «өзүн көрсөткүсү», бир нерсе менен өзүнүн эркин, акыл-эсин, баамдагычтыгын, ойлоп тапкычтыгын ырастагысы келери эсиңизде болсун. Сиздин жардамыңыз менен дүйнөнү тааныган жан бара-бара адам болуп чыга келет. Калыптануунун бул кыйын учурунда педагог өзгөчө этият бийлик кылышы керек: улуулардын эрки жеңил эле зомбулукка, кээде жазалоого өтүп кетиши мүмкүн. Баланы басмырлабастан жана мизин майтарбастан, кайра аны көтөрмөлөөгө жана колдоого алуу, рухий ички күчтөрүнөн ажыратпай туруп өз кадыр-нарк сезишин бекемдөө аркылуу баланын үстүнөн болгон бийлигин ишке ашырыш керек, мына ушул шартта гана сиздин бийлигиңиз *акыл-эстүү* боло алат. Эгерде бала эмненидир «мындай» кыла албаса, ага «күч», «эрк» колдонуп таасир этпеңиз. Сиздин адамкерчиликтүү татаал өнөрканаңызга столду муштоонун жана кыйкырыктын үнү дуулдап кирип келишине жол бербеңиз. Чыйрак, күлкүчү, дайыма тынчы жок, тентек балага караганда, ын-

дыны өчкөн, аргасы түгөнгөн, көздөрү муңдуу жана нуру өчкөн, жүүнү бош жана бактысыз баланын келечеги сизди кызыктырбасын — бул начар келечек. Бийик жыргал катары адамдык сыймыкты, баланын жеке сыймыгына кол тийбестикти сактаңыз; бардык нерсе жөнүндө өзүнүн оюбар тентек бала — сиздин бактыңыз, тарбиячы; ал эми өз ой-пикири сиздин «күчтүү» каражаттарыңыз менен башынан сүрүп чыгарылган, ал ар дайым сизге кыңк этпестен жана сөз кайтарбастан баш ийген эрки жок, көлөкө сыяктуу тарбиялануучу — бул сиздин бактысыздыгыңыз. Суу жукпас тентек жана «чыр» бала кези келгенде боорукер, ак көңүл адам катары өзүн көрсөтө алат, ал эми эрки жок, кыңк этпестен баш ийген тарбиялануучу көп учурда кайдыгер болуп, өз жыргалы үчүн ага жакын адамынын башынан аттап кете берет. Баланын эркин майтаруучу «күч» жана «эрк» каражаттарынын таасирин көрсөтүү аны таш боор кылат.

### 96. Баланын жан дүйнөсүн китеп, акыл-эс, ишеним менен башкарыңыз

Менде акылдуу, бирок өз билгенинен кайтпаган Юра деген тарбиялануучу болду. Кичинекей эле желге теңселген жаш камыштын назик сабагындай сезгичтик Юрада бар эле: ал чындык менен жалгандыкты, адилет менен абийирсиздикти тез баамдачу.

Мен Ойлор Бөлмөсүнө алыскы өлкөлөр жөнүндө, жаратылыштын кубулуштары жөнүндө бир топ китеп алып келдим. Деңиз терендиктери жөнүндөгү китептин ачык түстүү, кооз мукабасын көргөндө Юранын көздөрү жалжылдап кетти. Ал окуп келүүгө сурады, мен китепти бергенде, ал: «Муну окуп бүткөнүмдө, дагы бересизби?» — деп толкунданyу менен өтүндү.

«Албетте, маа десең күнүгө бирден китеп оку»,— деп жооп бердим.

Мен байкоосуздан апыртып койдум: алыскы өлкөлөр, деңиз терендиктери, тропикалык токойлор жана арктикалык жымжырттыктар, укмуштуу окуялар жөнүндөгү мендеги китептер ал кезде күнүгө берүүгө жетпейт эле. Юра болсо бир күндөн кийин эле китепти алып келип, жаңысын сурады. Бир топ жума байкалбай өттү. Бирок Юраны кызыктырган китептер текчемде анчалык көп эмес эле. Менин тынчымды алган күн да келди: бир жумадан кийин кантем? Бала, бешинчи класстын окуучусу Юра, мендеги китептердин запасы күтпөгөн жерден түгөнүп калат деп ой-

лобойт дагы да. Мен аны алдаганымды түшүнсө эмне болот? Кеп биздин достуктун бузулушунда эле жатпайт. Кеп мындан кийин өзүмдүн кичинекей бөлмөмдө кичинекей баланын ишенчээк көзүн көрбөй каларымда, «сизде китеп дагы көппү?» — деген суроону укпай кала турганымда гана эмес (коңшу бөлмөдө ал кезде чакан китепканам бар эле, аны көрүп менден көңүлү кайтып калбасын деп, аны караоого Юрага уруксат эткен эмесмин). Иш — дүйнөдө бирден бир кайталангыс мүнөзгө ээ болгон: сөзү ишинин эң майда-баратына чейин эки ача болбогон, адамдарга мына ушунчалык тартылган, өз оюнан кайтпаган бул баланын жан дүйнөсүнүн үстүнөн болгон бийликти менин жоготуп коюшумда эле,— менин буга көзүм жеткен.

Мына эми алыскы өз айылымдан Харьков, Полтава, Киев шаарларына саякатка жөнөр күн да келди. Мен эки айлык эмгек акымды чыгымдадым, бирок үйгө кубанычтуу кайттым. Китеп таңгактарын араң көтөрүп келдим. Юрага көрүнгөндөн корктум.

Юра үч жылы — VII классты бүткөнгө чейин окуду (анда мектеп жети жылдык болучу), мен бул үч жыл ичинде кызыктуу кандай китепти ага окуп келүүгө берүү керектигин күнүгө ойлоп жүрдүм. Бала окуган китептин мазмуну жөнүндө гана ойлобой тургандыгын сездим. Бул китептерди кимдер окугандыгы жөнүндөгү ой менен ал китептерди барактап отургансыйт. Ой жүгүрткүч, талапкер ал ошол жылдары менин сотум болду. Окулган китептин мааниси терең болгон сайын, биздин маегибиз кызыктуу болгон сайын ал мага ошончолук көп тартылды, аңгеме учурлары мага ошончолук чоң кубаныч тартуулап турду.

Бул үч жыл мен үчүн кадимки сыноо болду. Ошол учурдан баштап мага ар жылы Юра сыяктуу акылы зирек жана жан дүйнөсү сергек бир топ тарбиялануучу келди. Эгерде китеп болбосо, мен алардын эркин бийлей албайт элем. Бул китептерден балдардын жана жаштардын кызыгуусу учкундай тутанды. Мен тарбиялануучуларымдын сак көзөмөлүндө калдым. Эгерде менин китептер дүйнөсүнө болгон активдүү турмушум бир эле күнгө токтоп калса, анда мен тарбиялануучуларымдын жан дүйнөсүнүн үстүнөн болгон бийлигимди жоготуп коёр элем. Мен аларга керексиз болуп калмакмын, анткени мен аларга эч нерсе бере албайт элем. Ал эми жаңылап эч нерсе бере албаган мугалим тарбиялануучулар үчүн бир кокуй күзөтчү болуп калат, ага күчүнүн жетишинче чыдашат, бирок кадырлашпайт.

Кымбаттуу досум, сизге: тарбиялануучуларыңыздын

*акыл-эсин бийлеп алыңыз,*— деп кеңеш бергим келет. Тарбиялануучуңуздун ой-пикирин баш ийдирүүгө караганда анын эркин баш ийдирүүдөн күчтүү каражат жок. Бирок ой-пикирдин үстүнөн китептер дүйнөсүндө сизде качан бай, көңүлдүү турмуш болгондо гана өкүм сүрө аласыз. Эң сергек, кайталангыс жекеликке ээ болушкан, оюнан кайтпаган, «козголоңчу» тоң моюндар иш билги мамиле кылганда китепкөй болуп калышат. Аларды китептер жана акылэс менен багындырыңыз.

## 97. Тарбиялык ишти кандайча пландаштырыш керек

Адат болуп калган эски ык-жобонун бул жерде эч кандай кажети жок. Түздөн-түз тарбиялык жумуштан мугалимди алагды кылгандын, көрсөтмөлүүлүк үчүн ар кандай жазуулардын бардыгы таптакыр керексиз. Бирок тарбия жумушун пландаштыруу — ишкердиктин мындай түрүнө таандык эмес. Бул — тарбиялык жумуштун ажырагыс бөлүгү. Пландаштыруусуз мен толук баалуу тарбияны, өзгөчө анын көңүлдө кармалышы кыйын деп эсептеген составдуу бөлүктөрүн көз алдыма келтире албайм.

Тарбялык ишти пландаштыруу — бул баарынан мурда тарбиянын идеалы жөнүндө элестетүү. Устаканасына алынып келинген «мрамор таштан» эмне жасаларын тарбиячы элестетип алууга тийиш. Тарбиялык иштин мазмунун түшүнүү жана пландаштыруунун зарылчылыгы — бул: аны көз алдыга келтирүүнүн канчалык ачык болгондугуна байланыштуу.

Сиз биринчи класс менен иш баштайсыз (кээде сиздин тарбиялык ишиңиз мектеп жашына чейинки балдар менен башталат). Балдарды сиз III класска чейин окутасыз, бирок тарбиялык иштин жолун аягына чейин — орто мектепти бүткөнгө чейин, өз алдынча эмгектенүүнүн биринчи кадамдарына чейин, тарбиялануучунун толук жетилишине чейин, эне жана ата болгонго чейин көз алдыңызга элестетүүгө тийишсиз. Сиздин тарбиялануучуңуз ачык-айрымшыктуу жана акылы жетик, боорукер, алтын колдуу адам болуп калышы үчүн (мектепте гана эмес, аны бүткөндөн кийин да), андан аркы 10—15 жыл үчүн зарыл болуучу ишкердиктин планын түзүңүз. Баарынан мурда тарбиялануучуларыңыз мектептеги он жылы ичинде окуп чыгууга тийиш болгон дүйнөлүк маданияттын алтын казынасына кирген китептердин тизмесин түзүп чыгыңыз. Биз ошондой эле китептердин «резервдик» тизмесин түзүп чыгабыз, алар мектепти бүтүп чыккандан кийинки өз алдынча иштеген

мезгилде окуганга керек болот. Тарбияланyичулар мектепти бүтүп чыккандан кийин да биздин тарбиялануучулар бойдон калышына, алар окууга тийиш болгон китептерди окуп чыгышына кантип жетишүүбүз керек,— бул жөнүндө бир китеп жазса да аздык кылар эле, анткени — бул ушунчалык чоң жана маанилүү маселе.

Андан ары: мектеп босогосун аттаган күндөн тартып жетилгенге чейин сиздин тарбиялануучуңуз өз колу менен эне-атасы үчүн, адамдар үчүн эмнелерди жасоого тийиш, чыныгы адам болушу үчүн эмгек, урмат, кадыр-барк, достук, кишиге камкордук деген эмне экенин билүүгө тийиштигин ойлоп жана жазып алыңыз. Андан кийин граждандык тарбиянын биринчи мектебинен өтүш үчүн сиздин тарбиялануучуңуз катыша турган коомдук пайдалуу эмгектин тизмесин түзүңүз. Бул пункттун жанына өспүрүм, улан жана кыз үчүн идеал болуп калуучу көрүнүктүү адамдар жөнүндөгү китептердин тизмесин жазып коюуңузду кеңеш кылар элем. Эгерде коомдук пайдалуу эмгек болбосо, бул китептерди окуу эч бир пайда келтирбейт.

Андан ары, мектеп тарбиялап жаткан адамдын идеалы жөнүндө жалпы элес алгандан кийин, тарбиялануучулар менен өзүнүн бүткүл ишине тийиштүү ачык-айкын, майда-чүйдөсүнө чейин белгиленген планды, мисалы, башталгыч класстардын мугалими — 3 жылга, IX—X класстардын класс жетекчиси класс менен иштеген бүт мезгилге түзүшү керек. Бул жерде мен өзгөчө көңүлдү балалык жана өспүрүм кезге бөлүүнү кеңеш кылам. 9—10 жашар бала, 13—14 жашар өспүрүм артына кылчайып карап, өзүнүн колу менен ал эмне жасаганын көрүүгө тийиш. Ал колдун эмгектен чор болушун, мээнет менен табылган акы, чарчоо жана дем алуу, кыйынчылык деген эмне экенин билгидей болсун.

Мектептик тарбиянын бардык жылдарында эсептелген жалпы план, бир тарбиячынын өзүнүн тарбиялануучулары менен иш алып баруу мезгилине эсептелген ачык-айрым план — бул эки план тең кандайдыр бир өлчөмдө тарбиячы умтулган идеал болуп эсептелет. Идеалдын негизинде чектелген мезгилге ачык-айрым эмгектик тарбияны пландаштырыш керек. Силерге ылайыктуу мезгилге карап: же бир жумагабы, же бир айгабы пландаштыргыла; бүт чейрекке түзсө да жаман эмес. Тарбиялоо — бул жандуу, кыймылда, дайыма өзгөрүп туруучу иш экенин жана тарбиялануучуңуз ар качан калыптануу абалында болорун дайыма эске тутууга тийишсиз. Тарбиялык иштин кыска мөөнөткө пландаштырылышы дайыма, күнүгө текшерүү, идеалга же-

тишүү үчүн ар күнү иштелип жаткан ишти салыштыруу сыяктуудай болуп саналат.

План баарынан мурда турмуш менен аныкталат. Сиздин тарбиялануучуңуз мектеп босогосун аттаганда эле анын өзүнчөлүгү кандайча калыптанарын али сиз билбейсиз. Инсан иш аракетте, эмгекте, күндөлүк өз ара мамилелерде өсүп жетилет. Ошентип, турмуштун өзү кадам сайын эмне кылышты: коллектив кандай китепти окуурун, тарбиялануучуларды кандай эмгекке тартууну, Ваня жана Коля тийиштүү китептерди окуп чыгышы үчүн алар менен эмне жөнүндө аңгемелешүүнү пландаштыруу тууралында айтып берет.

Тарбия планы окуучулардын көп кырдуу ишкердигин, ошондой эле ата-энелер менен иштешүүнү кучагына алат. Эгерде ишкердиктин ар бир түрүнүн адептик мааниси, максаты терең ойлонулган болсо, план тарбиячыга пайда алып келери калетсиз. Пландаштыруунун да, практикалык жумуштун да зарыл белгиси болуп мурда жетишилгенди улантуу жана өнүгүшүн камсыз кылуу саналат. Тарбиянын сыры — дайыма кайталап иштеп жаткан нерсенин улам кайталанып жатканына тарбиялануучулардын шектенбегенинде. Мисалы, адамкерчиликти, сезимталдыкты, боорукердикти, ак көңүлдүктү тарбиялоо — тарбиялануучулардын адамдар үчүн дайыма бир нерсе иштеп, бирок бир түрдүү иштерди жасабоосун талап кылат. Бир жумага же бир айга ачык-айрым планды кантип түзүүнү автор көрсөтө алса жакшы болор эле деши мүмкүн окурман. Мен бул иштен атайылап эле качамын. Тажрыйбаны берүү — бул идеяны берүү, тажрыйбаны кабыл алуу — бул идеянын негизиндеги жеке чыгармачылык.

## 98. Коллектив менен тарбиялык аңгемени кандайча өткөрүү керек

Тарбиялык ар бир аңгеменин өзүнүн максаты болот. Кээде тарбиялануучулардын бардыгына тиешелүү жалпы максат коюлат. Кээде аңгеме бүткүл коллективге таасир көрсөтүү үчүн, ал эми айрым тарбиялануучуга өзгөчө таасир көрсөтүү үчүн өткөрүлөт.

Коллективдин рухий турмушуна, айрым тарбиялануучулардын ой-пикирине, сезимине, жүрүм-турумуна ой жүгүртүү менен, тарбиялык аңгеменин мазмунун белгилөө менен, сиздин таасир көрсөтүүңүздүн башкы каражаты — сөз экендигин эч убакта унутууга тийиш эмессиз, сиз тарбиялануучуларыңыздын акыл-эсине жана жүрөгүнө сөз

менен жетесиз. Ал эми сөз кубаттуу да, курч да, жалындуу да жана начар, кубатсыз, алсыз да болушу мүмкүн,— баары сиздин аңгемеңиздин өтө маанилүү белгилерине — жандуулугуна, шыктандыргычтыгына байланыштуу. Ишенимди иштеп чыгуу да, шыктанууга өзүн-өзү тарбиялоо үчүн балдарды, өспүрүмдөрдү, улан-кыздарды козгоо да — бул тарбиянын асылынын асылы. Сиз тарбиялануучуга өз сөзүңүздө айтып жаткандарыңыздын маанисин гана эмес, көркөмдөп айтканда, өзүңүздүн жан дүйнөңүздүн бир бөлүкчөсүн бере тургандыгыңыз эсиңизде болсун.

Сиздин тарбиялык аңгемеңиздин шыктандыргычтыгы, жандандыргычтыгы — бул баарыдан мурда сиз айтып жаткандарыңызга терең ишенүү, аны сиз бүт жан-дилиңиз менен коргоо. Шыктануу качан гана сиз бир нерсени коргоп, бир нерсе үчүн күрөшкөндө пайда болот.

Сиз, мисалы, өзүңүздүн коллективде бир нече жолу кайдыгерликти байкап калдыңыз. Геннадий ооруп калды, эки күнү үйүндө жатты, бирок ага барып эч ким ал-жайын сураган жок. Ар бири кимдир бирөө баргандыр деп үмүттөндү. Викторлун чоң энеси ооруканада жатат, эки жуманын ичинде ал чоң энесине бир эле жолу барды, ал эми оорукана болсо абдан эле жакын жерде эле. Бул фактылар сизди тынчсыздандырды. Сиз тарбиялык аңгемеге даярданасыз. Бирок бул фактылар жөнүндө айтпайсыз. Адептүүлүк сотунун күчү деп аталган тарбиянын жана өзүн-өзү тарбиялоонун өтө маанилүү закон ченемдүүлүгү бар (өз кылык-жоругуна адеп жактан баа берүү — бул чынында адеп соту), бул — тарбиячы же күнөкөрдүн өзү сотпу — мына ошого байланыштуу. Эгерде күнөкөр өкүмдү гана укса, мугалимдин сөзүнүн педагогикалык таасири бир кыйла төмөндөйт. Адам өзүнө-өзү сот болушу керек. Жаман жорук жасаган тарбиялануучум мен эске сала электе эле ал жөнүндө өзү ойлоп, өкүнгөндө гана аңгеменин тарбиялык кылдаттыгын көрө алам.

Ал эми бул үчүн тарбиялык аңгеменин дагы бир эң маанилүү эрежесин сактоо зарыл: сиздин сөздөрдүн идеясын өзүндө камтыган ачык-айкын фактыны турмуштан, адамдардын өз ара мамилесинен табуу зарыл. Сиздин тарбиялык аңгемеңиздин күчү — Виктордун жан дүйнөсүнө, Геннадийдин жанындагыларда жашап жаткандардын жан дүйнөсүнө идея жол тапкандыгында. Бул фактынын ачык-айкындыгына сөзүңүздүн шыктандыруучу, жандандыруучу мааниси көз каранды: сөзүңүз сонун көтөрүңкү идеядан башат алса гана жандын бөлүкчөсү адамдан адамга берилет. Тарбиялык аңгеме үчүн сизди таң калтыра турган

фактыны алыңыз. Мындай фактылардын бири мына бул. Биздин областтын айылдарынын биринде согуштан кийин тез эле жаш тракторист оор жарадар болду. Төрт жылы согушуп, майып болбоду, ал эми үйүнө келип, трактордун рулуна отуруп, минага урунду. Жаш тракторист мүңкүрөнүп калды. Эгерде ак ниет, кайраттуу аялы, сүйгүнчүктүү эне болбосо, ал адам бутуна балким тура албайт эле. Буттары, сол колу жок адам кайрадан аягы менен туруп, протез менен басканды үйрөнүп, кайрадан трактордун рулуна отурду. Эрдиги, бекемдиги, өтө жаман кайгыга моюн сунбастыгы, ишенимге бектиги — бул жүрөк солкулдаткан фактыны укканыбызда мына бул белгилер бизди абдан жандандырды. Өзүңүздүн бул жандануунузду тарбиялануучуларыңызга бересиз.

Тарбиялоо — бул адамды өзүн-өзү ойлоого мажбурлоо. Сизди таңдандырган факты жөнүндө айтып берүү менен, сиз эмне үчүндүр жүрөгү унутулуп, адамга кайдыгерликтин үрөнү өсө баштаган Виктор менен Николайга, Александр менен Юрийге тике кайрыласыз. Сиздин алдыңызда кандайдыр бир абстракттуу окуучу эмес, мындай жаратылышта болбойт, Виктор жана Николай, Александр жана Юрий турат. Алар азыр эмнени ойлоп турганын билесиз. Сиз сөзүңүздү баарыдан мурда ошолорго багыттайсыз. Сиз сыяктуу эле алар да адамдык ишенимдин жана берилгендиктин фактысы таңдандырышына, катуу таасир этишине, ал фактыдан улам өспүрүмдөр кыялы менен идеяга өтүшүнө умтуласыз. Ой жүгүртүүнүн предмети идея болгон жерде гана адам өзү жөнүндө ойлой баштайт.

Бирок бул учурда: өзүндүн турмушуң, өзүң жөнүндө гана ойло деп тарбиялануучуларга айтууга болбойт... Чакырык ой жүгүртүүнүн логикасынын өзүндө болуш керек. Өзү жөнүндөгү ой гана жаш жүрөктө эргүүнү козгойт — сиздин эргүүңүз өспүрүмдөргө берилет. Ой жүгүртүү чыгармачылык учурдагы адамдык күчтөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн жогорулашы эргүү деп аталат. Адамды акыл-эс жана жүрөк менен таануу — бул чыныгы чыгармачылык болуп эсептелет. Бул жогорулаш аң-сезимдин ачыктыгы, ой-пикирлердин, образдардын, умтулуштардын агымы менен мүнөздөлөт. Өзүнүн тарбиялык аңгемеси менен акыры курчап турган дүйнө жөнүндөгү жана баарыдан мурда өзү жөнүндөгү жеке ой-пикирлерди пайда кылуу керек. Алиги сөз болгон факты жөнүндө тарбиялануучу унутуп коюшу мүмкүн, бирок тарбиялык аңгемеден калган таасирленүүнүн изи — эгерде ал чыныгы тарбиялык мааниде болсо — ал эч убакта унутулбайт. Тарбиялануу-

чуларды асыл идея менен сиз канчалык көбүрөөк жандандыра алсаңыз, жогоркудай учурда адамдын адамга берилгендигинин идеясы менен, сезгичтик, ак көңүлдүк идеясы менен жандандырган болсоңуз — өзүн-өзү тарбиялоого, өзүн-өзү талдап кароого өз тарбиялануучуларыңызды мына ошончолук козгой аласыз. Сиз бир саамга Виктор менен тиктеше калдыңыз (сиз атайын издеп тиктебестен, ал кокусунан болууга тийиш). Көздөрүнүн майда-барат белгилерине чейин сизге тааныш өспүрүмдөн сиз эки сезимди: өзүнө-өзү сынай караганды жана бушаймандыкты байкайсыз. Демек — бул, сиздин сөздөрүңүз ага жеткендигин билдирет. Көңүлдүн татаал ишкердиги, акыл-эстин жана жүрөктүн татаал иши башталат. Мейли, өспүрүм сизден бушайман болуп кетсин — ушундай болгону дурус. Бир топ күн сиздин аңгемелериңиздин таасиринде жүрсүн, сиз тутандырган идеянын ачык нуру менен ал жүрөгүнүн булуң-бурчтарында башкалардын көзүнөн *эмнени* аябай жашырып жатканын көргүдөй болсун.

Аңгеме — бул шарттуу гана наам. Чынында бул аңгеме деле эмес: окуучулар педагогдун сөзүн угуп жатышат. Кана эмесе, ага кымбат адамдын жаны үчүн он жыл бою күрөшкөн аял жөнүндө эмне ойлогонуңду айтып берчи? — деген суроолор менен аларды козгойм деп эч ойлобоңуз. Тилекке каршы, айрым тарбиячылар кээде ушундай да кылышат. Аңгеменин мындай аякталышы жетишилген нерсенин бардыгын бузат. Тарбия — бул окуганын же педагогдун түшүндүргөнүн кайталап айтып берүү эмес. Тарбиялык чеберчилик баарыдан мурда мына мында жатат: адам жакшы болгусу келсин, бул үчүн ал өзү кандай экенин түшүнүүгө жана сезүүгө тийиш.

Кээде мындай да болот: өспүрүмдөрдүн (же уландардын) кимдир бирөөсү шоктук кылып койду, тарбиячы өзүнүн аңгемесин мына ушул фактыга түзөт: андан баштап, баарын ошондон чубап чыгат. Менин бир тааныш мугалимим айткандай,— «фактыны ары-бери калчайт». Бир караганда бул кызыктуудай көрүнөт — жакшылап «сөгүүгө», «үрөйүн учурууга» болот. Бирок муну эмне менен салыштыруубуз керек? Сиздин кемселиңиз өтө чаң болуп кеткен дейли, аны чаңдан тазалаш үчүн таяк алып, аны менен далыга ургулап киргенин элестетип көрүңүз. Мындан пайда бар, кемсел чаңдан тазаланылат, бирок мындай «тазалоого» ким макул болсун. Канткен менен да, кемселди чечип алып тазалаган жакшы эмеспи... Тарбиялоо жазалоо болууга тийиш эмес, жазалоого айлантуунун кереги жок. Тарбияны чеберчиликтин идеялына жакындатыңыз.

Коллектив менен болгон тарбиялык аңгеменин маанисин сиз жамандыкты талкуулуга салуудан гана көрсөңүз — анда сизде эч кандай тарбия болбойт. Сиз деген коллектив менен сүйлөшүп жатасыз, ал эми жамандык, кемчилик бүткүл коллективге таандык эмес, Адамдын кемчилигин чукуу менен, чоң кылдаттыкты жана сылыктыкты талап кылууну унутуп койгон тарбиячы мына ушул жерде көп ката кетирет, ал эми биздин ишибиз балдар, өспүрүмдөр, жаштыктын башталышы менен — эң борпоң, назик нерсе... менен болуп жаткандыгын ого бетер этият сезишибиз керек. Кемчиликти колду бир шилтөө менен эле жулуп алууга, ысыган темирдей ачуу сөздү бир айтуу менен эле жок кылып салууга аракеттенүүнүн кажети жок. Кемчилиги бар адамга коллективдин кырсык чалгандай мамиле кыларын, эгерде сиз коллективди жардамга чакыруу менен, ушул убакытка чейин кемчиликтен кутулбаган балага бардыгынын кыжырын келтирүү менен максатыңызга жетем деп ойлосоңуз, анда сиз жаңыларыңыз эсиңизде болсун. Коллектив кыжырданбай эле кырсыкка чалган адамга коллективдүү болушарын көрөсүз. Бул закон ченемдүү нерсе. Ошондуктан чыйканды өзөгү менен бир паста жулуп алууга аракеттенбеңиз — кан токтобогон жарага айланат. Тарбия — бул эң кылдат медицина, ал ысыктарды жана сыздоокторду дарылоону жана толук айыктырууну көздөйт, ал эми аларды жулуп таштоону туура көрбөйт. Сиздин тарбиялык аңгемеңизден адам эч убакта жаралаnып жолго түшүүгө тийиш эмес. Бул коллективдин үрөйүн учурат, бирок сиз каалагандай эмес, таптакыр башкача үрөйүн учурат.

Коллектив менен тарбиялык аңгемени өткөрүп, моралдык кемчиликке коллектив кайгы, балээ катары карай тургандыгына божомол кылыңыз (тууратраак айтканда, муну эсепке алыңыз). Ал гана эмес, кырсык чалганга тилектештикти тереңдетүүгө умтулуңуз. Коллективдүү бул сезимди өз жолдошуңдун адептик жактан сулуу, кемчиликтерден таза болушун каалоого чейин жеткириңиз.

### 99. Жалкоолук менен кантип күрөшүү керек

Бул суроо кокусунан насааттын эң акыркысынын алдына коюлган жок. Жалкоолор болбосун үчүн алды жактагы токсон сегиз насааттын бардыгында сөз болгондордун бардыгын мыктап аткарышыбыз керек. Жалкоолукту айыктыруу оңой эмес. Анын алдын алуу да оңой эмес, бирок жалкоолукту айыктыруунун натыйжасында алынган мээ-

неткечтикке караганда жалкоолукту алдын алуу менен мээнеткеч кылууга жетишүү миң ирет баалуу. Мына ошондуктан, жаш досум, адегенде жалкоолуктун алдын алуу жагын айкындап алалы. Ал үчүн анын башатын билүүбүз керек.

Жалкоолук бекерчиликтен жана убакытты бошко өткөрүүчүлүктөн туулат. Кичинекей кездеги каалоосу улуулардын камкордугу менен канааттандырылган бала жалкоо болуп, ага болсо буйрук берүү жана кежирленүү жагы гана калат. Жалкоолук — бардыгы жеңил-желпи табылып, адам кыйынчылыкты билбеген жерде жаралат. Кадыресе баланын жалкоого айланышына балалыктын бейкам, муктажсыз жашашы себеп болот, мындай балада балалык түбөлүккө берилгендей ой туулат. Ушундай учурда күндөрдүн биринде ата-эне: бул кандайча болуп кетти, балабыз чоңойгонун да байкабай калыппыз? — дешет. Кечээ эле караңгы түшкөндө короого чыккандан коркчу эле, бүгүн болсо кыздар менен сейилдеп, түн жарымына чейин жүрөт... дешет өкүнүп. Жалкоолук — бул беймарал толкундун үстүндө калкып жүргөн көбүк. Бул көрүнүш жан дүйнөгө өтө тиешелүү, анын тамыры жандын ишсиздигине калкаланып жатат. Жүрөгүнө эч нерсени жакын кабыл албаган адам жалкоо болуп калат.

Жалкоолук — бул көбүнчө өзүн кадырлабагандын кесепети: эл ал жөнүндө эмне ойлоорлугу ага баары бир.

Жалкоолор — булар, адатта башкалар тарабынан түзүлгөн байлыкты дайыма ысыраптоочулар, бирок алар керектеп жатышкан жыргалчылыктын молдугу, көркөмдөп айтканда,— алар минип отурушкан моюн,— бул алардын рухий турмушунун байлыгы деген кеп эмес. Жалкоолор — булар рухий жактан тайкы, жакыр адамдар. Жалкоолуктун негизги тамырларынын бири — бул көңдөйлүк, рухий кызыкчылыктардын жардылыгы. Жалкоолор баарынан мурда өкүндүрөт, айтмакчы, жалкоолукту таптакыр айыктыруунун чечкиндүү каражаттарынын бири — бул тилекке каршы жалкоо болуп калган адам өзүнө-өзү көз жүгүртүп карашы, өзүнүн бактысыздыгын көрүшү, аны жүрөгү менен сезиши болуп саналат. Сөз балалык жалкоолук жөнүндө бара жатканын унутууга жарабайт.

Жалкоолуктун алдын алуунун маанилүү шарты — бул бекерчиликти жана убакытты курулай өткөрүүнү болтурбоо. Адамдын рухий турмушунда ал эч нерсе жаратпаган мезгил болбоо керек. Балдардын жайкы эс алышын чоңдор бекерчилик катары түшүнүп, бекерчиликке жана сайрандоого атайын шарт түзүшү — бул теңирден тескери иш.

Эс алуу ишкердиктин мүнөзүн өзгөртүү менен активдүү болууга тийиш. Абасы думуктурган шаардан балдарды айылга алып барыш керек, алар бул жерде талаа менен шалбаадагы алы жеткен иш менен алпурушуп, өздөрүнүн күчүн чыңагыдай болушсун.

Жалкоолуктун алдын алуунун кубаттуу каражаты — бул каалоону чектөө. Адам бала кезинен тартып эле өзүнүн тажрыйбасында: болбойт, керек, мүмкүн,— деген түшүнүктөрдүн маанисин таанып-билгидей болсун. Бала кичине кезинен эле өзүн-өзү тейлөөгө үйрөнүшүнө ата-энелер менен бирдикте жетишүүбүз керек.

Дене жана рухий күчтөрдүн белгилүү даражада чымырканышы менен кыйынчылыктарды жеңүүнү адам кичине кезинен эле башынан өткөргүдөй болсун. Дене жана эрк күчтөрүнүн кошулушу — мээнеткеч, ишкер, эрки күчтүү адамды тарбиялайт.

Эгерде ата-энелери баладан эртеңки чоң адамды көрүшсө, аны бойго жеткен адам катары элестетип: эгерде эр жеткенде да жалкоо, шалакы, кыйынчылыктардан коркco, анда ал бул дүйнөдө кантип жашайт? — деп ойлошсо, анда жалкоолук жан дүйнөгө аралап кирбейт. Жалкоолуктун алдын алуунун кубаттуу каражаты — бул *чоң кишиникиндей* камкордук. Эгерде өспүрүм кезден эле адам жеке тажрыйбасында адамдык турмуштун маанилүү элементин — кийимге, бут кийимге, тамак-ашка каражатты өз колу менен иштеп табууну билишпесе, анда мээнеткечтикке тарбиялоо жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес.

Жалкоолук — бул кара күчтүн бекерчилиги гана эмес, ойдун да жалкоолугу. Ойдун жалкоолугу — ой-пикир даяр бойдон берилгенде жана аны табыш үчүн эч кандай күч жумшабаганда адамдын жан-дилин ээлеп алат. Башкалардын колу менен түзүлгөн материалдык байлыктарды ой жүгүртүүсүз эле керектөө иштөөнү каалабагандыкты туудурган сыяктуу эле ой-пикирлерди «чайнап» жана даяр түрдө «аларды оозго салуу» да ойлорду туудурат. Билим алууга мажбурлоо — демек, бул ойдун илээндилигин алдын алуу дегендикке жатат.

Жалкоолукту болтурбай коюучу жол — бул рухий керектөөлөрдүн байлыгында жатат. Ал Балалык, өзгөчө өспүрүм кезде адам өзүнүн жан дүйнөсүн эмгек кубанычына, китепке, башка адам менен баарлашууга жаратууга, чыгармачылыкка болгон керектөөлөргө тарбиялаган шартта гана жалкоолуктун *уусуна каршы* нерсени ала алат. Инсандын маанилүү рухий байлыктары катары керектөөлөрдү активдүү тарбиялоо — педагогикалык теория-

нын жана практиканын эң кызыктуу проблемаларынын бири.

Ал эми адам эчак жалкоо болуп калса, анда эмне кылыш керек? — деп сурайсыз сиз. Мына, бешинчи класстагы Стёпанын энеси мектепке келип: «Мен аны кантем? Үйгө келип, китепти таштап, тамактанат да, кечке чейин ойноп жүрөт»,— деп колун жаят.

Мындай учурларда эмне кылыш керек?

Баланы сакташ керек. Биз энеге мындай деп кеңеш беребиз: «Ырас сиз кичинекей жалкоону өстүрүп алган соң, аны кайра тарбиялоодо туруктуулукту көрсөтүңүз. эки саат бою сабак даярдоого мажбурлаңыз. Ага көнгөн соң — орундаткан эмгектин кубанычын өзү сезет.

Кыйкырыксыз, жазалоосуз мажбурлаңыз: сиз ага жамандык эмес, жакшылык кылып жатпайсызбы. Сабактарды орундаткандан кийин ал эки саат кол эмгегин жасасын. Төшөктөн аны саат беште тургузуңуз. Мен үй-бүлө үчүн таңкы тамакты даярдап жатам — демек, эмгектенип жатам, сен сабактарынды даярдан — демек, сен да эмгектен. Мунун баарын кыйкырбай, уулуңуз жалкоо экенин эске салбай жасаңыз. Ал саат бештен туруп, саат жетиге чейин иштеген күндөн тартып ал жалкоо эмес. Мээнеткечтиги үчүн аны мактап коюңуз.

Мындай жөнөкөй чаралар адамды кайра тарбиялабай койгон учур болгон эмес. Жалкоону кайра тарбиялоо жолундагы бирден-бир тоскоолдук — бул ата-энелердин жалкоолугу болушу мүмкүн.

Жалкоону үй-бүлөдө кайра тарбиялоо жөнүндө мен бекер айткан жокмун. Жалкоолук баарынан мурда үй-бүлөдө туулат жана ал жерде тамыры жулунат. Эгерде үй-бүлөдө мээнеткечтик өкүм сүрбөсө, анда мектеп өзүнүн күч-аракети менен оң натыйжага жетише албайт. Жалкоолук кайдан пайда болот? — деген суроону биз ата-энелер мектебинин бардык бөлүмдөрүндө изилдейбиз. Кенже жана жогорку класстын окуучуларынын мүнөзүн, эмгегин, окуусун, өз ара мамилесин психологиялык-педагогикалык жактан талдайбыз. Жалкоолуктун алдын алуу — мектеп менен үй-бүлөнүн аракеттеринин кошулушунун маанилүү түйүндөрүнүн бири.

### 100. Акыркы насаат — жашыруун түрдө

Бул китепте мен берген насааттын бардыгын сиз, педагог гана билишиңиз керек, ал эми тарбиялануучуларыңыз сөзсүз билиши кажет эмес. Окуучулардын педагогикалык

иштен кабардар болушу, педагогикалык «маалыматтуулугу», адатта, пайда эмес, зыян келтирет. Педагогикалык таасирдин чоң натыйжа берүүчү шарттарынын бири — бул таасир көрсөтүү атайын жасалганын көрсөтпөө. Башкача айтканда, мугалим тарбиялап жатканын окуучу билбегени дурус. Тарбиялоо ниети достук, мажбурлаган эркин мамиле менен жаап-жашырылып турушу керек.

Эмне үчүн адам аны тарбиялап жатканын билбөөгө, сезбөөгө тийиш? Анткени чыныгы тарбия — бул өзүн-өзү тарбиялоо. Тарбиялоочу менен тарбиялануучулардын ортосунда: жаш акыл-эске жана жүрөккө кайрылган ар бир сөз рухий күчтөрдү козгогудай, өзүн-өзү таанып-билүүгө жана өзүн-өзү жетилтүүгө багытталган акыл-эс менен жүрөктүн ички жумушун жандандыргыдай мамиле түзүшүбүз керек. Эгерде адам аны тарбиялап жатканын ар бир кадам сайын сезсе жана түшүнсө, өзүн-өзү таанып-билүү жана өзүн-өзү жетилтүү жөндөмдүүлүгү мокойт. Ошондо анда: менин кандай болуу керектигимди жана эмне кылуу керектигимди чоң кишилер ойлоп жатат. Менин ишим — кеңештер менен көрсөтмөлөрдү гана угуу деген ой туулат.

Атайын педагогикалык «чыпкадан» өткөрүлүп жатканын окуучуларга көрсөтпөө тарбиячы үчүн кандай маанилүү[18] экендиги жөнүндө советтик көрүнүктүү педагог А. С. Макаренко бир нече жолу айткан. Мен бүткүл өмүрүмдө өзүмдүн мугалимимдин кеңешинен таалим алдым жана өзүнүн тарбиялык оюн байкатпай ишке ашыруу — педагогикалык чеберчиликтин эң маанилүү элементтеринин бири экенине көзүм жетти.

Балдарды тарбиялоо, балдарга болгон сүйүү жана ызаат, аларга коюлган талап жана алар менен достук — мына мунун баары сиздин рухий турмушуңуздун бирденбир маңызы болушу зарыл, менин жаш досум.

## ЭСКЕРТҮҮЛӨР

1. Д. И. Писаревдин «Погибшие и погибающие» деген макаласынан үзүндү келтирилген (караңыз: Писарев Д. И. Избр. пед. соч. М., Изд-во АПН РСФСР, 1951, с. 338).

2. Караңыз: Кунанбаев А. Назидание. — В кн.: Собр. соч. М., Гослитиздат, 1954, с. 387.

3. В. А. Сухомлинскийдин бул жобосу «Эмиль, или о воспитании» деген чыгармасынан алынган. Эмилдин тарбиялануучусундагы умтулуш жөнүндөгү Жан-Жак Руссонун «көздөрү манжаларынын учунда эле»

деген ырастоосу менен үндөшүп кетет (Руссо Ж. Ж. Эмиль, или о воспитании. М., 1896, с. 157).

4. К. Д. Ушинский окуучулар үчүн «Родное слово» деп аталган китебинде: «Бирок да бала, мындайча айтканда деги эле формалар боёктор, добуштар сезимдер менен ойлойт, эгерде кимде-ким балалык табиятты башкача ойлоого мажбурлагысы келсе, ал ага бекер жана зыяндуу күч көрсөткөн болор эле»,— деп жазган (Ушинский К. Д. Собр. соч. М., Изд-во АПН РСФСР, 1949, т. 6, с. 266).

5. И. П. Павлов адамдык ой жүгүртүүнүн башка түрлөрү жөнүндө айтуу менен мындай деп жазган: «Сигналдык эки системанын аркасында жана байыртан өнөкөт болуп келаткан ар түрдүү образдардын натыйжасында адамдар массасы сүрөткер, ойчул жана ортозар болуп бөлүнүп кетишкенин белгилеп айтуубуз керек» (Павлов И. П. Полн. собр. соч. 2-е изд. М. Л., Изд-во АПН СССР, 1951, т. 3. кн. 2. с. 346).

6. В. А. Сухомлинский, сыягы бул жерде Г. С. Сковороданын адамдын өзүндө калкаланып жаткан «чаржайыт», түбөлүк жана бардыгын кучагына алуучу себеп жөнүндөгү сөзүн пайдаланган болуу керек. Караңыз: Сковорода Твори. В 2-х т. К., Изд-во АН УРСР, 1961, т. 1, с. 259.

7. Үзүндү кыскартылган түрдө келтирилген. Ал толук мындайча: «ошентип, аялдар адамдык турмуштун чаң-тополоңунда өзүнүн жогорку милдетин түшүнгүдөй болушсун. Адамды бешигинде алпечтеп, анын балалык ойнун түзүп, анын оозун былдыроого жана биринчи сөздөрдү сүйлөөгө үйрөтүп, коомдун башкы зергери болуп жатышканын түшүнүшсүн. Жербай алардын колу менен салынып жатат (Пирогов Н. И. Избр. пед. соч. М., Изд-во АПН РСФСР, 1952, с. 83).

8. К. Маркс «1844-жылдагы экономикалык-философиялык кол жазмаларында «коммунисттик коомго мүнөздөмө берип, асыресе коммунизм гуманизм менен айкалышып турганын белгилеп, минтип жазган: «Саясий-экономикалык *байлыктын* жана саясий-экономикалык *жакырчылыктын* ордуна *бай адам* жана *адамдык* бай керектөө орун алып жаткандыгын көрөбүз. *Бай* адам — ошол эле убакта адамдык турмуштун толук көрүнүшүнө *муктаж болгон* адам, анда анын өзүнүн ишке ашырылышы ички зарылчылык катары, *муктаждык* катары чыккан адам. Адамдын *байлыгы* гана эмес, анын *жардылыгы* да социализм убактысында бирдей эле өлчөмдө *адамдык* жана мына ошондуктан коомдук улуу байлыкты керектөө сезимине адамды аргасыздандырган бошоң байланыш болуп калат» (Маркс К., Энгельс Ф. Из ранних произведений. М. Госполитиздат, 1956, с. 596).

9. К. Д. Ушинскийдин «Три элемента школы» деп аталган макаласынан алынган (Ушинский К. Д. Собр. соч. М., Изд-во АПН РСФСР, 1948. т. I, с. 63—64).

10. Караңыз: Луначарский А. В. Что такое образование? — В кн.: А. В. Луначарский о народном образовании. М., Изд-во АПН РСФСР, 1958 с. 61.

11. Маркс «Капиталдын» I томунда эмгек процессинде дене жана интеллектуалдык күчтөрдүн оюну жөнүндө жазган, анда мына мындай саптар бар: «Иш аткарышкан органдардын чымыркануударынан башка иштин жүрүшүнүн бардык учурунда көңүлгө төп келген максатка ылайыктуу эрк зарыл, өзүнүн мазмуну жана аткаруу жолу аз кызыктырган эмгекте бул андан бетер зарыл, демек, дене жана интеллектуалдык күчтөрдүн оюну катары жумушчуну эмгек аз ырахаттантат» (Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 2-е изд., т. 23, с. 189).

12. Караңыз: Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 2-е изд., т. 23, с. 62.

13. Караңыз: Белинский В. Г. Взгляд на русскую литературу 1847 года. — В кн.: Избр. статьи. М., «Детская литература», 1973, с. 207.

14. В. А. Сухомлинский, Ф. М. Достоевскийдин «Братья Карамазовы» деген романынан кыскача үзүндү келтирип жатат, анда мындайча жазылган: «Бул сыноону, өзүн азапка дуушар кылуучу турмуштун бул коркунучтуу мектебин көпкө созулган сыноодон кийин **өзүн-өзү жеңет, өзүнө-өзү ээ болот** (биз сыздык — В. С.) деген үмүттө өз ыктыяры менен кабыл алат, бул бүткүл өмүрдүн моюн сунушу, эчак жетишилген эркиндик аркылуу, башкача айтканда, бүткүл өмүрүн жашап, ал эми **өзүн өзүнөн (**биз сыздык — В. С.) таба албагандардын тагдырынан өз тарабынан болгон эркиндик аркылуу кутулууга акыры барып жетише алганга дейре болот» (Достоевский Ф. М. Братья Карамазовы. М. — Л. Гослитиздат. 1970, с. 32.).

15. «Круг чтения. Избранные, собранные и расположенные на каждый день Львом Толстым мысли многих писателей об истине, жизни и поведении. 1904—1908, том первый», деп аталган жыйнактагы Л. Н. Толстой айткандар жөнүндө сөз бара жатат, алардын бири толук түрдө мындайча угулат: «Жакшылап ойло, ой-пикирлер да жакшы жоруктарда жетилет» (Толстой Л. Н. Полн. собр. соч. М., Гослитиздат. 1957, т. 41, с. 559).

16. Бул жерде автор 1865-жылы 1-апрелде К. Маркс жогору баалаган мүнөз белгиси жөнүндөгү анкеталык суроого берген жообун көңүлгө алып олтурат (караңыз: Маркс К., Энгельс Ф. Соч., 2-е изд. т. 31, с. 491).

17. 1915-жылы С. Г. Лазонун өз бир туугандарынын бирине жазган катынан үзүндү келтирилген, анда мындай деп айтылган: «...качан адамда түшүнүлгөн ишеним пайда болгондо, анда көрүнүктүү орунду китептер ээлейт, бирок алар ишенимдерди түзбөйт. Ишеним — бул кандайдыр бир баалуураак, маанилүүрөөк нерсе, бирок мен аны билимге караганда кыйыныраак деп айтпайм. Ошол гана биздин инсаныбыздын өз бетинчелигин жана бүтүндүгүн түзөт. Ишеним окуунун жана курчап турган турмуш менен өз ара аракеттин татаал натыйжасы катары пайда болот. Ишенимге азап менен жетүү керек, анын турмушка жөндөмдүүлүгүн текшерип керек, аны башкалардын ишенимине сүртүп көрүш керек... Адам өз ишениминен баш тарткандан көрөкчө өлгөнү артык» (С. Лазо. Дневники и письма. Владивосток. Приморское книжное издательство, 1959, с. 94—95).

18. А. С. Макаренконун «Методика организации воспитательного процесса» деген эмгегиндеги көрсөтмө көңүлгө алынып жатат, анда мындай деп айтылган: «Тарбиячы төмөнкүнү ар дайым жакшы билүүгө тийиш: балдар мекемесинде аларды окутуп жана тарбиялап жатышкандыгын бардык тарбиялануучулар түшүнгөнү менен, алар педагогикалык атайын «чыпкадан» өтүп жатканын сүйө беришпейт, анан калса ар бир эскертүүгө насияттык маани берүү менен, тарбиянын пайдасы жөнүндө алар менен чеги жок сүйлөшө бергенди андан бетер сүйүшпөйт.

Ошондуктан тарбиячынын педагогикалык көз карашынын маңызы тарбиялануучулардан жашыруун болууга жана биринчи планга чыгууга тийиш эмес. Тарбиялануучулар менен ченеми жок эле атайын аңгемелеше берүүнүн артынан сая түшкөн тарбиячы тарбиялануучуларды жадатат да, көбүнчө каршылыкка дуушар болот» (Макаренко А. С. Собр. соч. М., Изд-во АПН РСФСР, 1951, т. 5, с. 93).

# МАЗМУНУ

## I БӨЛҮМ

### Баш сөз ордуна


1. Мугалимдин эмгекке ынтызарлыгы деген эмне? Ал кантип калыптанат . . . 4
2. Мугалимдин ден соолугу жана жан дүйнөсүнүн молдугу жөнүндө. Эмгек ыракаты туурасында бир-эки ооз сөз . . . 9
3. Күнүмдүк иште нервди кантип жабырактпай коюуга болот? . . 13
4. Боорукер болуңуз! . . . 17
5. Абстракттуу окуучу жок жана ал болбой турганы эсиңерде болсун . . . 21
6. Суткада 24 гана саат болсо, убакытты кайдан алабыз . . . 25
7. Мугалимдин убактысы жана окутуу этаптарынын өз ара көз карандылыгы . . . 27
8. Окуучунун эсинде билимдердин сакталып калышы жөнүндө . . 29
9. «Окутуунун эки программасы», окуучунун ой жүгүртүүсүнүн өсүшү . . . 32
10. «Жугумсуз» окуучулар менен иштешүү жөнүндө . . . 34
11. Билим — бул максат да, каражат да . . . 37
12. Билим казуу жөнүндө . . . 39
13. Окуучуларды фактылардан абстракттуу чындыктарга кантип алып барыш керек . . . 42
14. Материалды алгач үйрөнүү . . . 44
15. Жаңы материалды ойлоп түшүнүү — сабактын бир этабы . . 46
16. Үй тапшырманы текшерүүнү кантип натыйжалуу акыл эмгеги кылууга болот . . . 49
17. Баалар салмактуу болууга тийиш . . . 51
18. Окуунун энеси өгөй эне болбоо керек . . . 53
19. Дептер текшергенди кантебиз . . . 55
20. Предметти үйрөнүүдө окуучулардын активдүү ишинин мазмуну 56
21. Баамчылдыкка, көрөгөчтүккө үйрөтүңүз . . . 58
22. Окуу аркылуу билимди кантип өнүктүрүүгө болот . . . 60
23. Окуу — «жугумсуз» окуучуларды зиректикке тарбиялоонун маанилүү каражаты . . . 61
24. Билүү ыктары менен билимдин ортосундагы дал келбестикке жол бербеңиз . . . 62
25. Кызыгуунун сыры эмнеде . . . 66
26. Тарбиялануучулардын оюу жана жүрөгү үчүн күрөшүңүз . . 68
27. Граждандык бедел жөнүндөгү ой менен сезимди кантип айкалыштырууга болот . . . 72
28. Билим жана коомдук турмушка катышуу . . . 74
29. Окуучулардын эмгегин жыл мезгилдерине кантип бөлүштүрүү керек . . . 75
30. Тарбиялануучунун интеллектуалдык турмушу жөнүндө . . . 78
31. Ашыкча жүк болбос үчүн бош убакыт зарыл . . . 80
32. Баланы бош убактысын пайдаланууга үйрөтүңүз . . . 82
33. Ар бир окуучуну кызыгуу очогуна алып келиңиз . . . 84
34. Эмгекке кызыктыруу менен тарбиялаңыз . . . 86
35. Окуучулардын зээндүү болушуна кантип жетишүү керек . . 89
36. Сабакты көрсөтмөлүү куралдар менен өткөрүү — таанып-билүү чыйыры жана бул чыйырды жарык кылуучу нур . . . 91
37. Мектепте жаңы иштей баштаган мугалимге кеңеш . . . 95

38. Биринчи класс менен иштөөгө даярданып жаткан мугалимге кеңеш . . . . . . . . . . . . . . . 99
39. Мектепке чейинки мезгилдерде балдардын ой жүгүртүүсүн кантип изилдөөгө болот . . . . . . . . . . . . 101
40. Балдардын ой жүгүртүүсүн жана акылын кантип өстүрүүгө болот . . . . . . . . . . . . . . . . 103
41. Эсте тутуп калууну кантип тарбиялоо керек . . . . . . 104
42. Өспүрүмдөрдүн, улан-кыздардын эсин аягыла, ошол эле убакта өстүргүлө . . . . . . . . . . . . . . 105
43. Балдарды сүрөт тартканды сүйүүгө тарбиялаңыз . . . . 107
44. Балдарды тез жазууга кантип үйрөтүү керек . . . . . 109
45. Балдарды оң жана сол колу менен иштөөгө үйрөтүңүз . . . 110
46. Чоң мектепте иштөөчү мугалимге кеңеш . . . . . . . 111
47. Бир комплекттүү мектептин мугалимине кеңеш . . . . . 113
48. Мугалим кандай пландарды жазыш керек . . . . . . 115
49. Мугалимдин күндөлүгү туурасында кеңештер . . . . . 117
50. Өз балаңызды тарбиялоо жөнүндө . . . . . . . . . 119

## II БӨЛҮМ

51. Баланы ким жана эмне тарбиялайт? Тарбиялоодо сизден, педагогдон жана да башка тарбиячылардан эмне байланышат . . 121
52. Атасын жана энесин, өз балдарын мектептик, үй-бүлөлүк тарбиялоого кантип даярдоо керек . . . . . . . . . 124
53. Тарбиячынын сөзү тарбиялануучунун жүрөгүнө жетсин үчүн эмне кылуу керек . . . . . . . . . . . . . . . 129
54. Тарбиячы катары атанын жана эненин бирдиктүү аракетине кантип жетишүүгө болот . . . . . . . . . 132
55. Сезимдерди тарбиялоо мектеби кандайча болуу керек . . . . 136
56. Балдар жакшы окууну каалашы үчүн эмне кылуу керек . . 139
57. Бала чоңойгон сайын ата-эне менен тарбия ишин кандайча тереңдетүүгө болот . . . . . . . . . . . . 141
58. Үй-бүлө менен бирдикте балдардын эмгегине кантип жетекчилик кылыш керек . . . . . . . . . . . . . . 143
59. Жүрөктү эмгек менен кантип кубантууга, адамкерчиликти кантип тарбиялоого болот . . . . . . . . . . . . 145
60. Болочок эне жана атаны ата-энеси менен бирдикте кантип тарбиялаш керек . . . . . . . . . . . . . . . 146
61. Аял затын — кызды, энени кадырлоону кантип тарбиялаш керек 148
62. Тарбиячы катары педагог кандай сапаттарга ээ болуш керек . 150
63. Коллектив тарбия куралы. Коллектив кандайча түзүлөт, ал эмнеге таянат . . . . . . . . . . . . . . . 153
64. Коллектив канткенде инсандын ар тараптан өсүшүнүн каражаты болуп калат . . . . . . . . . . . . . . 157
65. Баш ийүү жана башкаруу ыгына кантип тарбиялоо керек. Жогорку талапкечтикке кантип тарбиялоого болот . . . . . 160
66. Жаш ленинчилерди кантип тарбиялаш керек. Пионер уюмунун турмушунда мугалимдин ролу . . . . . . . . . 161
67. Коммунисттик партиянын идеясын жаш ленинчилердин акыл-эсине жана жүрөгүнө кантип жеткирүү керек . . . . . 164
68. Көкүрөктөгү улуу Лениндин сүрөтү түшүрүлгөн кызыл комсомол билети улан-кыздардын жүрөгүн түрсүлдөтүп, комсомолдук наамды ардакташына кантип жетишүү керек . . . . 167
69. Комсомолецтердин ар бири дайыма жакшы болууга умтулуш үчүн кандай тарбиялаш керек . . . . . . . . . 171

70. Моралдык жактан дайыма өсүп-өнүгүүгө адамды кантип козгош керек . . . . . . . . . . . . . . 172
71. Турмушубузга жана күрөшүбүзгө жаш жүрөктүн кайдыгер болбошуна кантип жетишебиз . . . . . . . . . 173
72. Комсомолецтин рухий турмушун социалисттик Мекен жөнүндөгү ойго кантип толтуруш керек . . . . . . . . 177
73. Жаштар рухий жактан кандайча жетилет . . . . . . . 178
74. Кыйынчылыктан коркпоңуз, мейли кыйын болсун — ансыз жаштарды идеялык тарбиялоого болбойт . . . . . . . 181
75. Жаштык эргүүнүн тазалыгын сактаңыз . . . . . . . 182
76. Комсомолецтерди коомдук кызыкчылык менен жашоого кантип үйрөтүү керек . . . . . . . . . . . . 183
77. Мектеп коллективинин ичинде эмгек мамилелерин кантип түзүү керек . . . . . . . . . . . . . . . . 186
78. Ар башка курактуу коллективдерди жайдак жерге курууга болбойт . . . . . . . . . . . . . . . . 188
79. Тарбиялануучуңуз тарбиячы да болушуна кам көрүңүз . . 189
80. Улан-кыздар жалгыздыкты буйтап өтпөгүдөй коллективди тарбиялаңыз . . . . . . . . . . . . . . . 190
81. Тарбиялануучуңузду куру сөздөн куткарыңыз . . . . . 192
82. Тарбиялануучуңузду өзүн-өзү тарбиялоого кантип үйрөтүш керек . . . . . . . . . . . . . . . . 193
83. Тарбиялануучу менен жекече аңгемелешүү чеберчилигине ээ болуңуз . . . . . . . . . . . . . . . . 196
84. Өзүн-өзү адептүүлүккө кантип тарбиялоо керек . . . . . 200
85. Эмгекте жана окууда өзүн-өзү кантип тарбиялоо керек . . . 205
86. Акыл эмгегинде өзүн кантип тартипке тарбиялаш керек . . 208
87. Дене тарбия менен өзүн-өзү кантип тарбиялоо керек . . . 212
88. Коллектив кандай шартта жеке адамдын тарбиячысы катары өз милдетин ийгиликтүү аткара алат . . . . . . . 213
89. Мектеп коллективинде талкуулоого боло турган жана болбой турган нерселер . . . . . . . . . . . . . 218
90. Коллективдин ишкердиги эмнеде . . . . . . . . 221
91. Сабактардагы идеялык тарбиянын мааниси эмнеде . . . . 224
92. Учурдун маанайын өспүрүмдөр менен жаштардын акыл-эсине жана жүрөгүнө кантип жеткириш керек . . . . . . . 229
93. Изги адамды жагымдуу кыла билиңиз . . . . . . . 231
94. Педагогдун бийлиги деген эмне, ал эмнеден көрүнүшү керек . 233
95. Балалык ишенични кантип сактоо керек . . . . . . 235
96. Баланын жан дүйнөсүн китеп, акыл-эс, ишеним менен башкарыңыз . . . . . . . . . . . . . . . . 239
97. Тарбиялык ишти кандайча пландаштырыш керек . . . . . 241
98. Коллектив менен тарбиялык аңгемени кандайча өткөрүү керек 243
99. Жалкоолук менен кантип күрөшүү керек . . . . . . . 247
100. Акыркы насаат — жашыруун түрдө . . . . . . . . 250
Эскертүүлөр . . . . . . . . . . . . . . . . 252

65 т.

*Виталий Александрович Сухомлинский*

**СТО СОВЕТОВ УЧИТЕЛЮ**

**Издание второе**

*(на киргизском языке)*

Издательство «Мектеп»

Которгон *Д. Айтмамбетов.* Редактору *М. Баялиев.* Көркөм редактору *И. Васильев.* Техн. редактору *В. Комарова.* Корректору *Р. Бектурова.*

ИБ № 3981

Терүүгө 13. 08. 86 берилди. Басууга 21. 12. 86. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108$^{1}/_{32}$. Адабий арибы. Жогорку ыкма менен басылды. 8,0 физ. басма табак. 13,44 шарттуу басма табак. 15,07 учёттук басма табак. 13,86 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 10000. Заказ № 255. Баасы 65 т.

«Мектеп» басмасы.
720036, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитетинин Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы
Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигулин көчөсү, 102.